КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ГУМАНИТАРДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИНСТИТУТУ
ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ КАФЕДРАСЫ

Кол жазма укугунда

УДК: 81-11:81.362(575.2)(043.3)

Кайымова Парида Мурзакамиловна

САЛЫШТЫРУУ ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАК КАТАРЫ

10.02.01 – кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

д и с с е р т а ц и я

Илимий жетекчи - филология
илимдеринин доктору,
профессор **К.З. Зулпукаров**

Кызыл-Кыя – 2021

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 4

I бап. САЛЫШТЫРУУ КАТЕГОРИЯСЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ ЖАЛПЫ СЕРЕП 11

1.1. Функционалдык лингвистика жалпы, түрк жана кыргыз тил илиминде.....12

1.2. Функционалдык грамматиканын түрлөрү жөнүндө.....17

1.3. Салыштыруунун функционалдык-семантикалык алкак катары изилдениши.....21

1.4. Салыштыруунун философиялык, логикалык, көркөм адабий жана тилдик касиеттери.....35

Биринчи баптан алынган тыянактар 53

II бап. САЛЫШТЫРУУНУ ТУЮНТУУНУН ТИЛДИК-СЕМАНТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА ЫК-МЕТОДДОРУ 57

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана ык-методдору.....58

2.2. Функционалдык-грамматикалык принцип жөнүндө.....62

2.3. Функционалдык-семантикалык талааны (ФСТ) уюштуруунун синтетикалык жолдору.....65

2.4. Салыштырууну туюнтуунун аналитикалык ыкмалары 80

2.5. Салыштыруу синтаксистик түрмөктөрдө.....90

2.6. Салыштыруунун татаал сүйлөмдөр аркылуу берилиши.....96

2.7. Макал-лакаптардагы салыштыруулар.....109

Экинчи баптан алынган тыянактар.....124

III бап. ЗУУРА СООРОНБАЕВАНЫН “ЧООЧУН КИШИ” РОМАНЫНДАГЫ САЛЫШТЫРУУ КАРАЖАТТАРЫНЫН ИДЕЯ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ОБРАЗ ТҮЗҮҮЧҮ КЫЗМАТЫН ИЛИКТӨӨНҮН НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАРЫ 130

3.1. Романдагы салыштыруу, окшоштуруу, теңдөө маанилеринин берилишинин семантика-грамматикалык жолдору.....134

3.2. Романдагы салыштыруу каражаттарынын идея берүүчү жана образ түзүүчү орду.....160
3.3. Романдагы салыштыруу ыкмаларынын колдонуу жыштыгы 167
3.4. Романдагы салыштыруу каражаттарын изилдөөдөн алынган натыйжалар.....170
Үчүнчү баптан алынган тыянактар.....172
Корутунду.....174
Пайдаланылган адабияттар.....180
Тиркеме

Киришүү

Салыштыруу – көп кырдуу, көп аспектилүү түшүнүк. Салыштыруу термини полисемантикалык касиетке ээ, аны “окшоштуруу”, “жандаштыруу”, “теңдештирүү”, “барабар”, же тескерисинче, “карама-каршы коюу”, “айырмалоо”, “чоңураак”, “кичирээк” ж.б. маанилеринде түшүнүүгө болот. Салыштыруу үчүн кеминде эки зат, түшүнүк, кырдаал, окуя ж.б. алынып, алардын белгилери өз ара салыштырылат. Экинчи бир жакын, тектеш, окшош түшүнүккө катар коюу менен гана биринчи түшүнүктүн мааниси, сыпаты, өлчөмү, ажары, баасы ж.б. белгилери даана ачылат. Мындай логикалык-тилдик каражат салыштыруу деп аталат.

Салыштыруу түрдүү илимдердин универсалдуу түшүнүгү болуп эсептелет, көп аспектилүү көрүнүш катары бир топ илимий тармактардын кызыгуусун жаратат, аларда натыйжалуу колдонулат. Мисалы, математика, логика, психология, философия, лингвистика илимдери. Ар бир илим салыштыруу көрүнүшүн изилдөө менен, көп аспектилүү түшүнүктүн өзүнө зарыл жактарын анализдөөгө, изилдөөгө далалат кылат. Мисалы, психологияда “салыштыруу - реалдуу дүйнөнүн касиеттери жана андагы мамилелер, объекттер жөнүндө кошумча билим алууга жардам берүүчү ойлонуунун логикалык аспектиси” [Розенталь Д., 446] катары таанып билүү көз карашынан каралат.

Философияда “Салыштыруу – предметтердин окшоштугун жана айырмачылыгын анализдөө негизиндеги таанып-билүү операциясы. Салыштыруу болмуштун жана аң-сезимдин мазмунун баалап, классификациялоо менен, предметтердин сандык жана сапаттык мүнөздөмөсүн чагылдырат, иреттештирет” [Фролов И., 455] деп аныкталат.

Адабият таанууда салыштыруу деген терминдин айланасында: “Салыштыруу – бир нече көрүнүш же түшүнүк өз ара катар коюу аркылуу түшүндүрүлгөн троптун түрү. Бир көрүнүштүн маанисин экинчи көрүнүшкө өткөрүү менен бул эки көрүнүш жаңы түшүнүккө ээ болбойт, ар бири өз алдынча элестүү маанилерди берет” [Абдушукурова Ж., 17; Ашурова Д., 12; Квятковский А., 58; Сапарбаев А., 1975, 33-б.; Шериев Ж., 2004, 58-б. ж.б.] деген маанидеги

түшүндүрмө берилет, салыштыруунун көбүрөөк көркөм тарабы жана жаңы көркөм маанини түзүүчү тилдик бирдик катары маниге ээ экендигине басым жасалат. Ошондой эле салыштыруунун жардамында эки түшүнүк өз ара бири-биринин маанисин ачыгыраак конкреттештирет.

Ал эми орус тилиндеги лингвистикалык терминдердин сөздүгү салыштырууга тилдик өңүттөн төмөнкүдөй баа берет (кыргыз тилинин лингвистикалык сөздүктөрүндө берилген эмес): “Салыштыруу – сын атоочтордун жана тактоочтордун даража грамматикалык категориясында, ошондой эле лексика жана фразеологияда чагылдырылуучу теңдик-тең эместик түшүнүгү, сапаттын көп же аз даражасы” [Ахманова О., 450].

Бул аныктама – салыштырууну тилдик көрүнүш катары сыпаттоодогу бир топ ынанымдуу пикир. Бирок муну төмөнкү себептерге байланыштуу толук кандуу эреже катары карай албайбыз:

1. Салыштыруу конструкциясынын элементтери ар дайым эле бири-бирине дал келе бербейт. Алар түрдүү нерселердин окшоштугу менен бирге эле айырмачылыгын, ал эле эмес карама-каршылыгын да түшүндүрө алат.

2. Теңдик-теңдик эмес түшүнүгү бардык эле көрүнүштөрдүн ортосунда боло бериши мүмкүн.

3. Салыштыруу мааниси жогоруда аталган сын атоочтун, тактоочтун салыштырма даражасы жана лексика-фразеологиялык бирдиктер аркылуу гана эмес, башка да бирдиктер: айрым жөндөмө мүчөлөр (салыштырма), кызматчы сөздөр, татаал сүйлөмдөр, макал-лакаптар жана башкалардан да көрүнөт.

4. Ошондой эле көпчүлүк изилдөөчүлөр бир ооздон салыштыруу маанисин туюнтуу сын атоочтун жана тактоочтун салыштырма даражасы аркылуу ишке ашарын көрсөткөнүн белгиледик. Бирок бул тилдик бирдик өз алдынча колдонууда салыштыруу маанисин айкын бере албайт, ал башка бир сөз менен айкашуу, сүйлөм тизмегинде келүү аркылуу гана айкын салыштыруу маанисине ээ болот. Мисалы: ***жылуураак*** *– эненин мээриминен* ***жылуураак*** *- Дүйнөдө эненин мээриминен* ***жылуураак*** *мээрим табылбайт* (З.С.). ***Эртерээк*** *– жылдагыдан* ***эртерээк*** *– Быйыл алма терим жылдагыдан* ***эртерээк*** *башталды.*

Биринчи сүйлөмдө эне мээрими башка мээримдер менен, экинчиде быйылкы терим менен демейдеги теримдин убакыттагы айырмасы салыштырылды.

5. Аныктамада келтирилгендей, сапаттын аз же көп деңгээлинен сырткары өтө көп белгилер салыштырылат. Сыпат сөздөрүндө гана эмес, айрым сан атоочтор, этиштерде да салыштырылуучу белгилер бар.

Ошондуктан, биздин оюбузча, тилдик салыштыруу түшүнүгүнүн аныктамасы тактоону, толуктоону талап кылат. Жогоруда келтирилген эрежелерден көрүнгөндөй, салыштыруу түшүнүгү – түрдүү тармактарга тиешелүү түшүнүк. Түркүн илимдердин тармактары салыштырууну өзүнүн объектисине ылайык аныкташат, изилдешет.

Салыштыруу – адамдын ойлоосунун негизи гана эмес, адамзатын жана дүйнөнү таанып-билүү ыкмасы, тилди жаңы сөздөр жана конструкциялар менен байытуучу чыгармачыл күч, адабий көркөмдүүлүктү жана образ түзүүдө колдонулуучу көркөм, продуктивдүү ыкма.

Бул тилдик бирдик коммуникативдик функцияны да аткара алат: ал угармандын же кептик партнёрдун көңүлүн буруу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Тилдеги салыштыруунун дагы бир негизги кызматы – анын тилдик бирдиктердин семантикалык потенциалын жогорулатуусу.

Теманын актуалдуулугун, тил илими үчүн зарылдыгын төмөнкү жагдайлар түзөт:

1) кыргыз тил илиминде функционалдык-семантикалык талаанын толук жана ар тараптуу иликтенбегендиги;

2) салыштыруунун тилдик көрүнүш катары аныкталбагандыгы;

3) салыштыруу фунционалдык-семантикалык талаасын уюштуруунун тилдик каражаттарынын жыштыгы жана колдонулушунун арбындыгы;

4) салыштыруу каражаттарынын атайын талданбагандыгы, биримдигинин каралбагандыгы;

5) кыргыз тил илиминде салыштыруунун функционалдык-семантикалык өңүттөн грамматиканын кыргыз тил илиминде изилденбегендиги ж.б.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Иштин негизги максаты болуп лингвистикалык салыштыруу категориясынын маани-маңызын, жасалыш жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын кыргыз тилинин фактыларында изилдөө саналат. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

1) салыштыруу категориясынын мазмунун, маңызын түрдүү илим тармактарынын объектилеринин негизинде чечмелөө аркылуу аны лингвистикалык көрүнүш катары изилдөө, илимдин башка тармактарындагы салыштыруу категориясынан анын тилдик функциясын айырмалап көрсөтүү;

2) дүйнөлүк жана кыргыз тил илиминдеги салыштыруу категориясынын изилдениш тарыхына сереп жүргүзүү менен иштин башкы багытын жана өбөлгөлөрүн аныктоо;

3) кыргыз тилиндеги салыштыруу категориясын изилдөөнүн зарылдыгын, бул түшүнүктүн функционалдык-семантикалык категория катары азыркы кыргыз тилиндеги ордун аныктоо;

4) салыштыруу түшүнүгүн түзүүчү тилдик каражаттарды функционалдык-семантикалык деңгээлде классификациялоо;

5) тилдеги салыштыруу маанисин жасоонун жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын иликтөө;

6) салыштыруу маанисин туюнтуунун каражаттарын аныктоо, тизмелөө жана сыпаттоо;

7) тилдеги салыштыруу категориясынын толук жана так аныктамасын иштеп чыгып сунуштоо;

8) тилдик салыштыруу каражаттарынын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн З. Сооронбаеванын «Чоочун киши» романынын негизинде иликтөө.

Иштин натыйжаларынын илимий жаңылыгы. 1) Салыштыруу категориясынын функционалдык-семантикалык маани-маңызы даана белгиленип, анын толук аныктамасы иштелип чыкты; салыштыруу системасы бир бүтүндүк катары топтоштурулду; 2) изилдөөдө салттуу грамматикада кетирилген айрым так эместиктерге аныктоолор сунушталды; 3) салыштырууну уюштуруудагы метафоранын кызматы толук аныкталып

көрсөтүлдү; 4) салыштыруу функционалдык-семантикалык алкак катары мүнөздөлдү; 5) *-дай/-дей..., -ча* мүчөлөрүнүн өтө өнүмдүүлүгү тастыкталып, салыштыруу каражаттарынын түрдүү түзүлүштөгү морфологиялык-синтаксистик каражаттарда берилиши сыпатталды, салыштыруунун айрым каражаттарынын этимологиясы ачыкталып берилди; 6) З. Сооронбаеванын «Чоочун киши» романында салыштыруунун көркөм каражат катары колдонулушу, түрлөнүшү серептелди, жыштыгы жана мазмуну ачыкталды – мунун өзү иштин жаңы натыйжалары.

Иштин теориялык жана практикалык баалуулугу. Диссертациялык эмгек кыргыз тил илиминде лексикология, семасиология, морфология, синтаксис, этимология, этнолингвистика багыттары боюнча илимий ишин жүргүзүүгө илимий теориялык жана практикалык өбөлгө боло алат. Изилдөөдөн алынган маалымат-материалдарды жана жоболорду, табылгаларды кыргыз тилинин грамматикасын, сөз жасоодо, сөздөрдүн семантикалык маанисин, кыргыз фольклорун (элдик ырлар, макал-лакап, табышмактар ж.б.) изилдөөдө колдонсо болот. Изилдөө материалдарын билим берүү мекемелеринде азыркы кыргыз тилинин лексикологиясы, сөз жасоо, морфология, синтаксиси, кыргыз фольклору боюнча сабактарды, атайын курстарды өтүүдө, бул багытта илимий иштерди жүргүзүүдө жана эмгектерди жазууда пайдаланганга жарайт деп ишенебиз.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1. Салыштыруу категориясы кыргыз тил илиминде функционалдык-семантикалык талаа катары изилдениши керек. Анын аныктамасы тактоону, толуктоону, атайын изилдөөнү талап кылат.

2. Салыштырууну уюштурууда метафоранын кызматы чоң жана баалуу.

3. Салыштырууну туюнкан тилдик каражаттарды мааниси жана түзүлүшү боюнча классификациялоого болот.

4.Салыштырууну жалпы морфологиялык, синтаксистик, дериватологиялык, лексикалык ошондой эле лексика-синтаксистик, каражаттар уюштурат.

5. Кыргыз тилинде салыштыруу функционалдык-семантикалык талааны уюштуруунун эң өнүмдүү каражаттары – *-дай, -ча* мүчөлөрү. Бул аффикстерди сөз өзгөртүүчү мүчөлөр катары кароого болот.

6. Салыштыруу жазуучу З. Сооронбаеванын «Чоочун киши» романында көркөмдүк жана мазмун жаратуучу каражат катары кылдат колдонулган.

Автордун жекече салымы. Диссертациялык изилдөөдө салыштыруу категориясынын түрдүү илим тармактарында изилденишине обзор жасап, лингвистикалык салыштыруунун изилдөө объектисин аныктап, ага тилдик өңүттөн аныктама түзүү; салыштыруу маанисин классификациялоосу, салыштыруу семантикасынын берилиш каражаттарын жана ыкмаларын аныктап, анын структуралык моделдерин түзүү; кыргыз тилинин грамматикасында салыштыруу категориясынын колдонулушунун негизделиши, З. Сооронбаеванын «Чоочун киши» романын талдоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылды.

Изилдөөнүн апробацияланышы жана колдонулушу диссертацияны жазуу процессинде ишке ашты. Диссертациянын негизги жоболору жана изилдөөнүн натыйжалары Ата Мекендеги жана чет элдик илимий конференцияларда доклад жана билдирүү түрүндө талкууланган, илимий журнал, жыйнактарда жалпы 14 макала жарыяланган.

Иштин көлөмү жана түзүмү. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 179 бет, колдонулган адабияттардын саны – 191.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, максаттары жана милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу жоболор, изилдөөчүнүн тил илимине кошкон жекече салымы, изилдөөнүн апробацияланышы жана колдонулушу туурасында маалыматтар берилет.

Биринчи бапта салыштыруу категориясын изилдөөлөргө жалпы сереп салынат. Т.а., салыштыруунун философиялык, логикалык, көркөм адабий жана тилдик касиеттери анализденет. Функционалдык-семантикалык алкактын чет элдик, жалпы түркологиялык жана кыргыз лингвистикасында изилдениши

жөнүндө хронологиялык маалыматтар келтирилет. Салыштыруу категориясы тилдик-семантикалык планда изилдөөчү тарабынан классификацияланат.

Экинчи бапта изилдөөнүн объектиси, предмети; изилдөөнүн ыкмалары, илимий изилдөөнүн талдоо материалдары, диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык негиздери, изилдөөнүн материалдары, б.а., салыштыруу семантикасын туюнтуунун синтетикалык жана аналитикалык ыкмалары; синтаксистик түрмөктөр, татаал сүйлөмдүн айрым түрлөрү, макал-лакаптар аркылуу берилиш жолдору иликтенип, аларды изилдөөнүн ык-методдору сунуш кылынат. Салыштыруу маанисинин берилишинин бир канча синтаксистик моделдери схема түрүндө берилет.

Үчүнчү бапта жогорудагы тилдик салыштыруу категориясын иликтөөлөрдүн натыйжалары Зуура Сооронбаеванын “Чоочун киши” романынын мисалында текшерилет. Романдагы салыштыруу каражаттарынын идея берүүчү жана образ түзүүчү кызматтары; салыштыруу, окшоштуруу, теңдөө маанилеринин берилишинин семантика-грамматикалык жолдору; романдагы салыштыруу ыкмаларынын колдонуу жыштыгы көрсөтүлгөн баптагы иликтөөнүн негизин түзөт.

Корутундуда диссертациялык изилдөөдө алынган маселелер боюнча илимий жыйынтыктар келтирилет.

Акырында колдонулган илимий адабияттардын тизмеси, тиркеме берилген.

I бап. САЛЫШТЫРУУ КАТЕГОРИЯСЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ ЖАЛПЫ СЕРЕП

Орус элинде “Баары салыштырууда таанылат” деген элдик накыл кеп бар. Анткени адамзатынын бардык таанып-билүү ишмердүүлүктөрү салыштыруу менен байланышкан.

А.В. Трегубчак салыштыруу терминине төмөнкүчө аныктама берүү керек дейт: “Сравнение – лингвистическая единица, представляющая собой сопоставления двух предметов, предпологающих наличие общего признака, с целью выяснения их сходства или различия, а так же устанавливающая изменение интенсивности признака предмета и степени этого изменения, выражаемая средствами различных уровней языка (словообразовательным, лексическим, морфологическим, синтаксическим, фразеологическим)”. [Трегубчак А., 11]. Бул аныктамадан көрүнгөндөй, салыштыруу таанып-билүүнүн, илимдин түрдүү тармактарына тиешелүү, заттардын, кубулуштардын ар бирине мүнөздүү белгилерди башкаларга карата аныктоодо колдонулуучу каражат. **Салыштыруу – бир гана адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн негизи эмес, дүйнөнү жана адамды таануунун ыгы, ошондой эле тилди жаңы сөздөр жана структуралар менен байытуучу чыгармачыл күч, адабий көркөмдүүлүктү жана образ түзүүчү ачык, өтө көп колдонулган өнүмдүү, көркөм ыкма.** Бул тилдик бирдик пикир алмашуунун катышуучуларынын көңүл буруусун, кызыгуусун, ж.б. арттыруучу коммуникациялык функцияны да аткаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Белгилүү объекттерге коммуниканттардын көңүлүн топтоочу, алардын маанилүү касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн зарыл көз караш менен кароого жардам берүүчү, салыштырууну дагы кеңири түрдө кайсы учурларда колдонууга боло тургандыгын тастыктоочу абдан күчтүү образ. Ошондой эле, салыштыруу – баалоочу да каражат.

Бирок кыргыз филологиясында салыштыруу түшүнүгү көркөм адабияттык деңгээлде гана белгилүү даражада изилденип, тил илиминде изилдөө объектисине айлана элек.

Бул бөлүмдө салыштыруу терминининмааниси ар тараптуу ачылып берилет. Салыштыруу түшүнүгүнүн дүйнөлүк лингвистикада, орус тил, түркология, кыргыз лингвистикасында изилдениш тарыхы жөнүндө сөз болот, ошондой эле анын тилдик, адабий, философиялык, логикалык касиеттери аныкталып көрсөтүлөт. Бул түшүнүктүн орус тилиндеги адабий, логикалык, айрым учурда тилдик планда классификацияларына обзор жасалып, аларды функционалдык-семантикалык алкакта классификациялоого аракеттер жасалат.

1.1. Функционалдык-семантикалык лингвистика жалпы, түрк жана кыргыз тил илиминде

Биздин эмгек функционалдык лингвистиканын жоболоруна негизделет [Звегинцев В., 123-140; Бюлер К., 34-38; Попова Т., 201; Пражский лингвистеский кружок, 311; Бондарко А., 1971, 187-б.; Дербишева З., 2003, 146-б.].

Функционалдык лингвистика – тил илиминдеги фундаменталдык ири тармак. Ал салыштырмалуу жаш дисциплина, анткени структуралык лингвистикадан бөлүнүп чыккан. Функционалдык лингвистиканын негизги бөтөнчөлүгү болуп анын тилди пикир алмашуунун негизги каражаты катары аныктоосу саналат. Ушул бөтөнчөлүгү аны лингвистикалык структурализмдин башка тармактарынын – дескриптивдик лингвистика менен (Л. Блумфилд, З. Харрис, Ю.А. Найда, Дж.Х. Гринберг, Ч.Ф. Хоккет, Л.В. Гарвин ж.б.) менен глоссематикадан (Л. Ельмслев, В. Брёндаль, Х.Й. Ульдалль, Х.К. Сёренсен, Х. Педерсен ж.б.) айырмалап турат [Мурат А., 127 -176; Булыгина Т., 49-95].

Азыркы учурда функционалдык лингвистикага изилдөөлөргө жетиштүү деңгээлде изиилдөө иштери жүргүзүлбөй келет.

Функционалдык лингвистиканын фундаментин И.А. Бодуэн де Куртенэ (Россия, Польша), Ф.де Соссюр (Щвейцария), О. Есперсен сыяктуу окумуштуу-тилчилердин идеялары түзөт.

Функционалдык лингвистиканын негизги принциби – телеологиялык

принцип. Бул принципти орус лингвисттери Р.О. Якобсон, Н.С. Трубецкой, С.О. Карцевскийлер иштеп чыгышкан. Алар «Прага лингвистикалык ийриминин тезистери» (1929-ж.) деген программа даярдап, Чехияда өзүнчө тилчилердин тобун уюштурган. Бул үчөө Орусиядагы 1917-жылкы төңкөрүштөн чыгып кеткен эмигрант-лингвисттер болучу. Бул ийримге В. Матезиус (төрага), Б. Трнка, Б. Гавранек, И. Вахек, В. Скаличка, П. Трост ж.б. тилчилер кирген [Пражский лингвистический кружок, 311; Попова Т., 201]. Телеологиялык жобо тилди маалымат берүүнүн максаттуу системасы катары аныктаган. Р.О. Якобсондун эмгектеринде пикир алмашуунун негизги кызматы кеп аракетинин башкы компоненттери катары белгиленет – сүйлөөчү (маалымат жөнөтүүчү – адресант), угуучу (маалымат арналган тарап, адресат), контакт (эки тараптын алакасы), ситуация (жагдай, кырдаал, шарт), код (маалымат туюнтуучу, сактоочу, таркатуучу белгилер системасы) жана билдирүү (маалыматты чыгаруу, жөнөтүү). Бул идея прагмалингвистиканын өнүгүшүнө да зор өбөлгө болгон.

Функционалдык лингвистика фонологиянын түптөлүшүнө, фонема терминин илимге киришине, фонемалардын маани айырмалоочу кызматын аныктоого ири салым кошту (Н.С. Трубецкой, Р.О. Якобсон).

Австриялык илимпоз К. Бюлер да тилдин үч кызматын белгилөө зарылдыгын далилдеген да, анын экспрессивдик, апеллятивдик жана презентативдик функцияларынын маани-маңызын ачып берген [Бюлер, 566]. Тилдеги эки тараптуу (белгилөөчү + белгиленүүчүсү бар) жана бир тараптуу (белгиленүүчүсү жок) каражаттарын жиктөө А. Мартине тарабынан аткарылган. Функционалдык лингвистиканын мектебинин өкүлдөрү (А. Мартине жана анын жолдоочулары) тилдин коммуникациялык функциясы жана грамматикасына басым жасашат.

Прага лингвистикалык мектебинин өкүлдөрү (Ф. Данеш, М. Докулил, П. Сгалл жана башкалар) сүйлөөчүнүн тил системасы менен тил каражаттарын белгилүү бир кырдаалда колдонушунун өз ара байланышына көңүл бурушат.

ГДРдин бир катар лингвисттеринин (В. Шмидт, Г. Хельбиг, В. Бок, В. Гладров, Р. Леча ж.б.) пикиринде функционалдык лингвистикада “функция” түшүнүгү грамматикалык жактан маанилүү ролду ойнойт. Чындыгында эле, бул тармакта тилдин коомдук, пикир алышуучулук кызматы аныкталат.

Тилдин табияты жана анын деңгээлдери боюнча функционалдык көз-карашты ырааттуу жүзөгө ашырууга умтулган функционалдыкк лингвистиканын өзгөчө багыты Голландияда да өнүгүп келе жатат (С. Дик, К. де Гроот жана башкалар).

Функционалдык лингвистиканын бөтөнчөлүктөрүнө тилдик белгилер системасынын ишке ашуусу катары аныкталышы, бул системалардын коллектив үчүн милдеттүүлүгү жана атайын мыйзамдар аркылуу иреттелиши; белги катары чын дүйнөнүн тилдик коррелятын атоосу; функционалдык-стилистикалык катмарлардын изилдениши, тилдик фактыларды синхрондук планда иликтөөнү диахрондук изилдөөлөр менен чаташтырбоонун далилдениши, лингвистикалык методдордун пайдаланылышы сыяктуу бир нече жагдайлар түзөт [Звегинцев В., 121-122].

Функционалдык лингвистика кийин тил илиминде өтө таркалган агым катары кабыл алынат. Анын талапкерлери Женевада (А. Фрей, Г. Гёдель ж.б.), Лондондо (Дж.Р. Фёрс, М. Халидей ж.б.), Москвада (В.Г. Гак, Ю.С. Маслов, А.В. Бондарко, Г.А. Золотова, Н.А. Слюсарева ж.б.) ж.б. борборлордо пайда болуп, тилдин коомдогу кызматын, тилдик каражаттардын пикир алмашуудагы ролун тереңдеп таанууга ийгиликтүү аракеттер жүрөт [Попова Т., 54-183].

Айрыкча СССРде, кийин Россияда функционалдык өңүт тилчилердин көңүлүнүн чордонунан орун алат. Функционалдык стилдерди изилдөө, функционалдык стилистиканы түптөө, функционалдык диалектологияны негиздөө, тилди функционалдык алкакта стратификациялоо, тилдин функционалдык түрлөрүн жиктөө, функционалдык типологиянын пайдубалын орнотуу сыяктуу көп багыттуу изденүүлөр, табылгалар ушул өлкөдө жүргүзүлдү. Маселен, функционалдык грамматиканын проблемалары В.Г. Адмонн, А.В.Бондарко, В.Г. Гак, Н.А. Слюсарева, Н. Ю. Шведова, М.А.

Шелякия ж.б. эмгектеринде изиленсе, функционалдык-синтаксистик. концепциялар Г.А. Золотова, Д.Н. Шмелев, Н.А. Слюсареванын чыгармаларында теориялык түрдө өнүктүрүлдү; функционалдык аспектология түшүнүгү Ю.С. Маслов, А.В. Бондарко, Т.В. Булыгина, М. Я., М.А. Шелякина, А.М. Ломов, Д.М. Насилова жана башкаларда иликтенди; ал эми грамматика менен лексиканын өз ара аракетин функционалдык-семантикалык талаа теориясын колдонуу менен иликтөө М. М.Гухман, Е. В. Гулыги, Е. И. Шенделс, В. М. Павловаларга мүнөздүү.

Функционалдык лингвистиканын идеялары, жоболору биздин республикадагы изилдөөлөрдө да системалык түрдө колдонула баштады. Функционалдык жана структуралык лингвистика С.Ж. Мусаевдин [Мусаев С.., 2010, 157-161; 166-177], функционалдык дериватология Г.С. Зенков [Зенков Г., 105] менен М.Ж. Тагаевдин [Тагаев М., 202], функционалдык морфология В.Д. Скирдовдун [Скирдов В., 46-57], К.З. Зулпукаров менен [Зулпукаров К., 1994, 317-б.], З.К. Дербишеванын [Дербишева З., 2003, 146], функционалдык стилистика Т.Аширбаевдин [Аширбаев Т., 2015] эмгектеринде теориялык өңүттө өнүктүрүлдү.

Бул жерде З.К. Дербишеванын өзгөчө салымын белгилөөгө болот. Анткени бул илимпоз функционалдык лингвистика, функционалдык стилистика, функционалдык грамматика, функционалдык синтаксис, тексттин интерпретациясына функционалдык мамиле ж.б. негизги багыттары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп келет. Ошондой эле кыргыз-орус салыштырма морфологиясынын функционалдык категорияларын кенен талдоого алып чыкты жана ал бул тармакты семасиологиянын алкагында караган биринчи лингвист эле. Окумуштуу семантикалык категорияларды жиктеп, конкреттүү мисалдар менен тастыктап чыккан. Бул категориялар бүткүл тилдерге мүнөздүү жана универсалдык мүнөздө жашайт. Семантикалык категориялар тилдин пикир алмашууну уюштуруучу кызматы менен аныкталат.

Окумуштуу аталган изилдөө чөйрөсүндөгү мындай категорияларды жана категориялык кырдаалдардагы объективдештирүүчү негизги түшүнүктү –

функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ) термини менен туюнтуп, орус окумуштуусу А.В. Бондарконун концепциясын өнүктүрөт. Мындан сырткары функционалдык-семантикалык талаанын структурасын сапат талаасы, бириктирилген жалпы сапаттык белги аспектисинде сүрөттөйт. ФСТнын перифериялык элементтери эсептелген предикативдүү жана атрибутивдүү - эки ядролук борборду; бул талаалардын элементтеринин байланышын, ошондой эле компарактивдүүлүктүн мисалында ар кандай топтордун элементтеринин бири-бирине өтүү мүмкүнчүлүгүн аныктап көрсөтөт.

Семасиологиялык өңүттөгү көптөгөн изилдөөлөргө таянып (Ю.С. Степанов, В.Н. Ярцева, А.В. Бондарко ж.б.), З.К. Дербишева кыргыз-орус салыштырма морфологиясынын чегинде төмөнкүдөй категорияларды ажыратат:

1. Предикативдик функциядагы ФСТ:
   а) аспектуалдуулук;
   б) темпоралдуулук;
   в) убакыттагы локалдуулук;
   г) таксис;
   д) модалдуулук;
   е) персоналдуулук;
   ж) мамилелик (залогдук).
2. Субъекттик-объекттик функциядагы ФСТ:
   а) субъекттүүлүк;
   б) объекттүүлүк;
   в) аныктык / анык эместик.
3. Сандык-сапаттык функциядагы ФСТ:
   а) сапаттуулук (адъективдүүлүк);
   б) сандуулук (квантитативдүүлүк);
   в) салыштыруучулук (компаративдүүлүк);
   г) таандуулук (посессивдүүлүк).
4. Шарттуулук кызматындагы ФСТ:
   а) орундук (локативдик);

б) себептик;

в) шарттык, натыйжалык, карама-каршылык;

г) өлчөмдүк ж.б. [Дербишева З., 9-10].

Бул ФСТ өзүнчө категориялык кызмат аткарат. Алардын ар бири структуралык түзүмгө ээ. Баарынын курамында өзөк (ядро, борбор) жана жакабел (чекебел, периферия) ажыратылат. Жакабел да, өз кезегинде, ичинен жакынкы жана четки алкактарды жиктеп турат.

Өзөктү (борборду) түзгөн семантикалык көрсөткүчтөргө төмөнкүлөрдү ктргизет:

1) аны дайыма туруктуу туюнткан атайын каражаттардын комплекси жана мазмуну;

2) көптөгөн дифференциялоочу семантикалык белгилердин жыйындысы болгон бүтүн уюшкан система;

3) бул белгилердин милдеттүүлүгү [Дербишева З., 2003, 10-б.].

Чындыгында, бул талаалар универсалдуу, бардык тилдерде кездешет. Кайсы бир ФСТ өзөгү жок да боло алышы мүмкүн. Өзөк менен жакабелде семантикалык жүк түрдүүчө болот. Талааларды лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук, комбинациялык ж.б. каражаттар уюштурат, аларды система, подсистема терминдери менен сыпаттоого болот.

1.2. Функционалдык грамматиканын түрлөрү жөнүндө

Функционалдык грамматика – тилдин универсалдуу категорияларын изилдөөгө негизделген функционалдык лингвистиканын негизги багыты. Бул тилдин структуралык бирдиктеринин функцияларын жана ал бирдиктердин айлана-чөйрөнүн көп деңгээлдүү элементтеринде пайдалануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөгө жана сүрөттөөгө багытталган грамматика. Функционалдык грамматика (ФГ) тилдин ар кандай деңгээлдерине байланыштуу (сөз жасоочулук, лексика-семантикалык, грамматикалык), бирок аларды семантикалык функцияларын уюштуруучу каражаттары менен бир тутумда карайт.

Белгилей кетүүчү нерсе, функционалдык грамматикада изилдөөнүн объектиси – бул салттуу түшүнүктөгү (морфологиясы жана синтаксиси) грамматиканын өзүнүн фактылары гана эмес, тилдин башка деңгээлдеринин бирдиктери (лексика жана сөз жасоо) да болуп эсептелет.

Функционалдык грамматикага интенсивдүүлүк, локалдуулук, утурумдук, салыштырмалуулук ж.б. мүнөздүү, ФГ – тилдин структуралык бирдиктеринин функцияларын жана алардын иштөө мыйзамдарын изилдөө объектисине ээ болгон грамматиканын бир түрү, тилдин жалпы функционалдык моделине кирет.

ФГнын предмети грамматикалык, практикалык мүнөзгө ээ, анын функциясы – айлана-чөйрөнүн элементтери менен өз ара байланышта ишке аша турган тилдин структурасы, лексика жана контекст, сөздүн маанисин жеткирүүгө кызмат кылган тилдик каражаттардын иштөө тутумун аныктоо.

Тилдик каражаттардын функцияларын сыпаттоодо төмөнкүдөй эки түрдүү пикир орун алып келет: 1) ФГны ар кандай тилдик каражаттар аркылуу жүзөгө ашырууга болот, экинчи жагынан, бир эле түрдүү каражаттар ар кандай функцияларды аткара алат (С.О. Карцевский “асимметриялык дуализм” принциби); 2) тилдик маанилердин ар түрдүүлүгүн, экинчи жагынан, формалдуу каражаттардын ар түрдүүлүгүн эске алуу зарылдыгы; 3) сүйлөөчүнүн жана угуучунун ой жүгүртүүсүн жана сүйлөө иш-аракетин моделдөө үчүн эки ыкманын тең маанилүүлүгү; атап айтканда, сүйлөөчүнүн кебинин актуалдуулугу эске алынат.

ФГ грамматиканын башка түрлөрү менен тыгыз байланышта: грамматикалык типология (С. Д. Кацнелсон, А. А. Холодович, В. С. Храковский, В. П. Недялков ж.б.), контрасттык грамматика (В. Н. Ярцеванын ж.б. чыгармалары), семантикалык грамматика (Н. Д. Арутюнова, Т. В. Булыгина, Е. С. Кубрякова, Э. В. Падучева, О. Н. Селиверстова, Ю. С. Степанов, Н. Ю. Шведова ж.б. чыгармалары), текттин грамматикасы жана психолингвистиканын аспектилери.

Функционалдык грамматика (ФГ) – бул лингвистикалык фактыларды «мазмундан – турпатка», «тилди пайдалануучудан – текстке карай» изилдөөнү талап кылган тармак.

Бул грамматика биринчи планга сүйлөөчү менен угуучуну, жазуучу менен окуучуну, б.а., тилди пайдалануучуларды коюучу грамматикалык теориялардын жыйындысы. Анын изилдөө объектиси болуп, тилдеги семантикалык категориялар, алардын түрлөрү, топтоштурулуусу, уюштурулуу жолдору эсептелинет.

Учурда ФГ өз курамында бир нече теориялык жактан маанилүү агымдарды, салааларды, концепцияларды ажыратат:

1) активдүү грамматика;
2) семантикалык борборлоштурулуучу грамматика;
3) функционалдык морфология;
4) функционалдык синтаксис;
5) функционалдык дериватология [Попова Т., 54-187].

Активдүү грамматика тилдик фактыларды «мааниден – турпатка карай» анализдейт. Анын теориялык негизин О. Есперсен, Ф. Брюно, Л.В. Щерба, И.И. Мещанинов, И. Хоккет, Б.Ю. Норман, Ю.Н. Караулов ж.б. илимпоздор иштеп чыккан. Кээде «сүйлөөчүнүн грамматикасын» «угуучунун грамматикасына» каршы коюшат. Угуучунун грамматикасы пассивдүү деп аныкташат [Попова Т., 55]. Активдүү грамматика сүйлөөчү менен жазуучунун позициясын (каражаттарды тандоо, иргөө, колдонуу, пикир берүүнү аткаруу, жөндөө, башкаруу) чагылдырат. Ал динамиканы талап кылат.

Семантиканы борборлоштуруучу грамматика бир нече кичи багыттарды кучагына алат да, ага когнитивдик грамматика, жөндөмөлөр грамматикасы, лексикалашкан грамматика жана идеографиялык грамматика кирет [Попова Т., 77]. Когнитивдик грамматика тилдик фактыларды билип таануу, түшүнүү, эс тутум, ойлоо ж.б. процесстер менен тыгыз байланышта иликтейт (Р. Жекендорфф, Ж. Лакофф, Ч. Филлмор, У. Чейф, Е.С. Кубрякова ж.б.). Жөндөмөлөр грамматикасы – семантикалык теория. Анда жөндөмөлөрдү

уюштуруучу каражаттар көңүлгө алынбайт. Жөндөлүш жок тилдерде деле (мисалы, кытай тилинде) субъект, объект, орун, курал ж.б. маанилерди билгизүүчү «жөндөмөлөр» ажыратылат (Ч. Филлмор, А. Тедоров-Балан, В. Дорошевский, И. Леков, Ю.Г. Панкрац ж.б) [Зулпукаров К., 2016, 79-90; Попова Т., 77-78].

Лексикализацияланган грамматика тилдик материалдарды синкреттик түрдө изилдейт, мында грамматика лексикалык каражаттар аркылуу, лексика-грамматикалык категориялар аркылуу талданат (Н. Хомский, Р. Хадсон, С. Старостин, Ю.Н. Караулов ж.б.). Бул багыт салттуу грамматикага айрым кошумчаларды кийирет, бирок аны алмаштыра албайт [Зулпукаров К., 2016, 30-45; Попова Т., 83-87]. Идеографиялык грамматика тилдик фактыларга мазмун берүүчү, маани туюнтуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сыпаттоо жүргүзөт (В.А. Белошапкова, И.Т. Милославский ж.б.) [Попова Т., 5].

Функционалдык морфология мектеби Санкт-Петербург шаарында (Россия) негизделген. Анын башатында окумуштуу А.В. Бондарко турат, тарапкерлери көп (Т.М. Николаева, М.Я. Гловинская, М.А. Шелякин, А.М. Ломов, З.К. Дербишева ж.б.) [Большой энциклопедический словарь, 566]. Бул багытта ФСТ категориясы үстөмдүк кылат.

Функционалдык синтаксис өз ичине бир нече кичи салааларды ажыратат: 1) коммуникативдик синтаксис (Г.А. Золотова, Н.К. Онипенко, М.Ю. Сидорова ж.б.); 2) функционалдык-коммуникативдик синтаксис (М.В. Всеволодова, Б.Т. Борчиева ж.б.); 3) семантикалык синтаксис Т.В. Шмелева, Ж.Э. Элчиев ж.б.). Алар да сүйлөмдүн пикир алышуудагы кызматын кенен ачып берет.

Функционалдык сөз жасоо – таркалган кичине тармак. Дериватология– функционалдык талаалар өңүтүндө каралат, деривациялык-семантикалык мейкиндик талданат (Е.С. Кубрякова, Г.С. Зенков, Е.А.Земская, Л.И. Катлинская, М.Ж. Тагаев ж.б.). Функционалдык көз караштын алкагында Г.С. Зенков сөз жасоонун бирдиктери катары **суффиксема, дериватема**

түшүнүктөрүн, М.Ж. Тагаев **номинатема** түшүнүгүн киргизген [Попова Т., 150; Зенков Г., 27-29; Тагаев М., 89-90].

Ошентип тил илиминде функционалдык аспект орчундуу маниге ээ экендигин айтууга болот. Биз да изилдөөбүздү ушул салаанын жетишкендиктерин көңүлгө тутуп аткарабыз.

ФГ тилдин функционалдык моделинде өтө орчундуу маниге ээ, бирок бул лингвистикадагы кенен тармак болгон функционалдык багыттын бир элементи гана. Башкача айтканда, ФГ – дагы изилдөөнү талап кылчу тармак.

1.3. Салыштыруунун функционалдык-семантикалык алкак катары изилдениши

Салыштыруу байыркы мезгилден бери эле философторду жана адабиятчыларды, тилчилерди кызыктырып келген. Салыштыруу туурасында алгач кептин фигурасы катары гректерде жана римдиктерде сөз болуп, андан кийин орус окумуштуулары кошумчалап, образдуулук теориясы жаатындагы бай изилдөө тарыхына ээ болду (М.В. Ломоносов, Ф.И. Буслаев, А.А. Потебня). Адабий салыштырууда, биринчиден, ал гипербола менен, экинчиден, метафора менен жакын түшүнүк катары каралган. **Салыштыруу категориясы баалуулук, эмоционалдуулук, экспрессивдүүлүк жана интенсивдүүлүк категориялары менен да байланыштуу**. Салыштыруу категориясында каралуучу окшоштук жана айырмалуулук мамилелери Ф.де Соссюр жана Казань лингвистикалык мектебинин өкүлдөрү (И.А. Бодуэн де К., В.А. Богородицкий, Н.А. Широкова, В.И. Кодухов, Н.А. Андромонова ж.б.) тарабынан бир топ алдыга жылган.

Салыштыруу теориясын учурда антропологиялык, антропборбордук парадигма жаатында изилдөө да орун алып келүүдө. Бул көз караш боюнча жаратылыштын, аң-сезимдин чокусунда маселенин жөнү, пикир алмашуунун борборунда, чокусунда тилди алып жүрүүчү жана колдонуучу адам экендиги ырасталат.

Антропоцентризм XX-XXI кылымдарда чет элдик изилдөөлөрдө жетектөөчү багыттардын бири болуп эсептелген. Орус тил таануусунда да антропоцентризм бир топ мурда эле кабыл алынган. И.А. Бодуэн де Куртенэ антрофоника илимин белгилеп бөлүп көрсөткөн [Караңыз: Бодуэн де Куртенэ, 354]. Бул принцип жөнүндө сөз Н.Д. Арутюнова, А. Вежбицкая, Ю.Н. Караулов, В.А. Маслова, М.Ж. Тагаевдердин эмгектеринде да орун алган.

Акыркы мезгилдерде антропоцентризм принцибинен сырткары лингвистика илими салыштырма түрмөк формасындагы синтаксистик бирдиктерди изилдөөдөгү функционалдык-семантикалык теориясына да кайрылат.

Салыштыруу жөнөкөй мамилелердин тибин гана ачып берүүгө жардам бербестен, предметтердин окшош жана башкача экендиги боюнча суроого жооп берүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ. Салыштыруунун пайда болушу предметтердин окшоштугу, дал келүүчүлүгү, жакындыгы, карама-каршылыгы жана терс мааниси менен байланыштуу. Мына ушуларга карап индивиддерде түшүнүктөргө карата ар түрдүү ассоциациялар пайда болот.

Логикалык, философиялык багыт боюнча В.И. Бартондун “Развитие сравнения в процессе познания” (1970), “Сравнение как средство познания” (1978), “Логика” (2001); У.А. Жаркованын “Синтаксис сравнения. Логико-лингвистический подход” (2004); М.И. Морозованын “Логика и синтаксис сравнения” (1977) ж.б. изилдөө эмгектерин атоого болот.

Европа тилдериндеги салыштыруулардын типологиялык жактан изилдениши да ар тараптуу жүргүзүлгөн. Маселен, немец тили боюнча: М. Арынов “Сравнительные конструкции с wiev b glei ch в современном немецком языке” (1972); Е.А. Левина “Сравнения в немецких радиотекстах: семантика, структура, функции” (2006); Е.В. Новикова “Эталоны сравнения в немецкой языковой картины мира” (2006); И.З. Искандерова “Семантико-структурная характеристика сравнительных конструкций современного немецкого языка” (1982); ж.б.; англис тили боюнча: Х.М. Гурбанов “Придаточные сравнительные предложения в современном английском языке” (1988); Я.Г. Биренбаум

“Образные сравнительные обороты в современном английском языке” (1966) [Биренбаум Я., 131-139] ж.б.; француз тили, адабияты боюнча: Н.Н. Макаренко “Индивидуальные образные сравнения во французском языке: на материале художественной прозы второй половины XX века” (2001); Ю.М. Анохина “Способы выражения сравнений в языках разной грамматической структурой (на материале русского и французского языков)” (2008) ж.б. Көрүнүп тургандай, аталган изилдөөлөрдө салыштыруу категориясынын тилдик семантикалык, публицистикалык, синтаксистик, структуралык, тилдик каражат катары ж.б. өңүттөрдө изилденгенин көрүүгө болот.

XX кылымдын экинчи жарымында орус илимий адабиятында салыштыруу педагогикалык (окутуу процессинде салыштырууну колдонуу), психологиялык (салыштыруу структурасынын психофизиологиялык негизи), лингвистикалык (салыштырууну туюнтуунун тилдик формасы), адабият таанымдык (салыштыруу кыймыл-аракетти чагылдыруунун көркөм-образдык формасы катары), логика-гносеолгиялык (салыштыруу кыймыл-аракетти чагылдыруунун формасы жана таанып-билүүнүн каражаты катары) аспектилеринде каралган.

Салыштыруу маанисин тилдик көрүнүш катары изилдөөдөгү фундаменталдык жана тармактык изилдөөлөр: номинативдик, синтаксистик, морфологиялык жана сөз жасоо аспектилерине арналган көптөгөн орус окумуштууларынын арасында А.А. Потебня, А.А. Шахматов, Н.Д. Арутюнова, В.В. Виноградов, А. Вежбицкая, Л.М. Васильев, А. Лебедева, В.М. Огольцев, В.Н. Телия, Ю.Ю. Ушакова жана башкалар бар [Мурзина Н., 3]. XX кылымдын 30-жылдарынан тарта эле орус тил илиминде салыштыруу мааниси боюнча бир топ багытта изилдөөлөр жүргүзүлүп, бул боюнча кандидаттык диссертациялар корголгон, илимий эмгектер жарык көргөн. Алардын айрымдары төмөнкүлөр: Н.А. Широкова “Синтаксические конструкции, вводимые сравнительными союзами, в составе простого и сложного предложений” (Саратов, 1968); Ж.А. Абдушукурова “Сравнение как средство художественной выразительности” (адабий салыштыруу негизинде) (1969); И.В. Шенько “Синтаксис и семантика образного сравнения” (1972); В.И.Черемисина

“Сложные сравнительные конструкции русского языка” (1976); В.В. Павлова “Сравнительные конструкции в структуре сложного предложения” (1994); О.П. Разумова “Градуальность признака и оценка в образных сравнениях (орус жана англис тилинин материалында)” (1997); С.Б. Абсаматов “Структурно-семантические особенности синтаксических единиц со значением сравнения” (1997); И.В. Левит “Сложные сравнительные синтаксические конструкции как элемент функционально-семантического поля сравнения” (2005); Д.И. Яхина “Образные средства в современной русской разговорной речи: на материале метафор и сравнений” (2007); М.В. Прогорелова “Принцип сравнения и его использования в русской синтаксической системе” (2013) ж.б. кандидаттык диссертациялар жана В.С. Никулин (1937), Э.С. Воинова (1963), В.И. Черемисина (1971, 1973, 1976), М.И. Лосев (1976) жана башкалардын илимий эмгектери. Ошондой эле салыштырууну чагылдыруунун каражаттары боюнча Е.Т. Черкасова, предикативдүү салыштырууларды А.П. Сазонов, Р.С. Иткина; салыштырма түрмөктөрдү Н.С. Дмитриева, А.Г. Руднев, Н.А. Широкова, Ж.А. Киселева [Караңыз: Левит И., 4] ж.б. изилдешкен. Орус тил илиминде салыштырма түрмөктөрдү изилдөөдөгү маанилүү эмгек катары М.И. Черемисинанын 1971-жылы чыккан “Сравнительные конструкции русского языка” деген эмгегин көрсөтүүгө болот.

Алынган маалыматтар заманбап тил илиминде салыштыруу категориясын структуралык, грамматикалык-лексикалык талаа теориясын (функционалдык-семантикалык аспект) колдонуу менен изилдөөнү талап кылат. Эгерде салттык грамматика тилдик фактыларды “формадан маниге карай” багытында сыпаттап жана анализдесе, функционалдык грамматика тилдик материалдарды анализдөөдө “мааниден формага карай” (тилдик каражаттардын кызматынан аны реализациялоо каражаттарына өтүү) багытындагы доминанттык ролду сунуш кылат.

Салыштырууну изилдөө тарыхын окумуштуу И.В. Левит бир нече мезгилдерге бөлүп караган.

Биринчи мезгил Н.И. Греч, А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаев ж.б. окумуштуулардын ысымдары менен байланышкан. Алар багыныңкы сүйлөмдөгү багындыргыч байламталарды салыштыруунун негизги белгилери катары карашат. Бирок А.Х. Востоков буга чейин мындай конструкцияларды сүйлөм мүчөлөрүнө жакын [Востоков А., 350] деп эсептеген.

Экинчи мезгилдеги изилдөөлөр деп, Д.Н. Овсянико-Куликовский, А.А. Шахматов, А.М. Пешковскийлердин эмгектерин көрсөтөт. Алар салыштыруу каражаттары катары жогорудагы багыныңкы байламталардан сырткары баяндоочтук формаларын да эсептешет.

Үчүнчү мезгилде салыштырма түрмөктөрдү изилдөөдө айкындооч мүчөлөр катары каралган тутумунда багыныңкы байламталар катышкан конструкцияларга кызыгуу күчөйт (А.Г. Руднев, Н.А. Широкова).

Акыркы төртүнчү мезгилде салыштырма байламталар катышкан түрмөктөр жөнүндөгү заманбап окуу түзүлөт. Бул мезгилде окумуштуулардын ортосунда бир түрдүү пикир болбосо да, салыштыруу маанисин түрдүү конструкциялар аркылуу берүүгө боло тургандыгын, алардын синтаксистик функциясынын да окшош болбой тургандыгын көрсөтүшкөндүгүн баса белгилөөгө болот. Бул изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө өздөрүнө мүнөздүү салыштыруунун синтаксистик моделдери бар. Орус тил илиминде салыштыруу конструкцияларына карата да бир топ изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

Салыштыруунун тилдик теориясы, жогорудан көрүнгөндөй, орус тил илиминде көп тараптуу жана бир топ жеткиликтүү изилденгенин байкоого болот.

Салыштыруу – түрк тилдеринде да аз изилденген, изилдөө ишмердүүлүгүн терең жүргүзө турган категория. Салыштырууну изилдөө ыкмалары сөздү аныктоо, сөз түркүмдөрү жөнүндөгү маселе, кызматчы сөздөрдүн пайда болушу сыяктуу маанилүү проблемалар менен байланыштуу.

Түрк тилдери боюнча салыштыруу туюнтуунун ыкмалары тилдик планда төмөнкү окумуштуулар тарабынан изилденген: Э.В. Кыржинакова “Способы выражения сравнения в хакасском языке” (2010); Э.В. Мурзина “Функционально-семантическое поле сравнения в языке прессы Республики

Татарстан” (2010); Ю.И. Васильев “Способы выражения сравнения в якутском языке” (1981) ж.б. Ошондой эле, түрк тилдеринде да салыштыруу категориясын функционалдык-семантикалык талаа катары изилдөө аракеттери бар.

Кыргыз тилинде салыштыруу теориясына адабий планда кайрылуулар көбүрөөк. С. Бегалиев “Манас” эпосунун поэтикасынын проблемалары”, (1967); А. Сапарбаев “Манас” эпосундагы метафоралар” (1975), Ы. Жантөшева “Салыштыруу К. Жантөшевдин чыгармачылыгындагы сүрөттөөчү көркөм ыкма” (1981) деген салыштырууга байланышы бар темаларда адабияттык көркөм каражат катарында кандидаттык диссертацияларды коргошсо, “салыштыруу” терминине Ж. Шериев, А. Муратов (2001, 2003, 2004), Б. Үкүева (2005) ж.б.лар адабият теориясынын негизинде аныктамаларды беришкен.

Ал эми азыркы кыргыз тил илиминде салыштырууну изилдөө иши жокко эсе. Бул Ж. Элчиевдин “Сүйлөмдүн келки маанилери, типтери жана түрлөрү” [Элчиев Ж., 2015, 266-275] деген монографиясынан; Г.Б. Урусованын «Татаал сүйлөмдүн түгөйлөрү туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн стилдик каражаттары» (2013) аталышындагы кандидаттык диссертациясынан айрым маалыматтарды, С.Б. Оторбаеванын “Э. Ибраевдин чыгармаларындагы салыштыруулардын морфологиялык жол менен жасалышы” (2010) деген аталыштагы илимий макаласын, ошондой эле К.С.Момуналиевдин “Кыргыз жана араб тилиндеги салыштыруулардын лингвостилистикалык табияты” (2008) монографиясынан гана табууга мүмкүн болду. Ошондой эле Ж. Бакашованын да “Чыңгыз Айтматовдун повесттериндеги салыштыруу менен метафора” (Бишкек, 1997, 101) деген монографиясы бар. Демек, салыштырууну тилдик планда изилдөө кыргыз тилчи илимпоздордун көңүл чордонунда болууга тийиш.

Эми салыштырууну классификациялоо маселесине токтолобуз. Тил илиминде, өзгөчө орус тил илиминде, салыштыруу маселеси боюнча бир топ изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен, аларды бөлүштүрүү, классификациялоодо азырга чейин бирдиктүү пикир жок. Орус лингвистикасында салыштырууну классификациялоонун көптөгөн варианттары жолугат. Мисалы, окумуштуу Д.Н.

Фельдмане салыштырууларды тилдик көрүнүш катары кептеги функциясы, өзгөчөлүктөрү боюнча 5 негизги белгилерине карап классификациялайт.

А. Автордугу боюнча алар **индивидуалдык жана салттык** болуп экиге ажыратылат. Индивидуалдуу салыштыруу автордун өзү тарабынан чыгарылып, кепке чоң эмоционалдуу көркөмдүүлүк берет. Мындан айырмаланып салттуу салыштыруулар сөздүк составда бар, салыштыруу образы жаңыдан түзүлбөйт, бардык тилдик коллективдерде конкреттүү маанисинде кеңири колдонулат.

Б. Көлөмү боюнча: **кыска, кеңири, жайылма** болуп үчкө жиктелет. Алар модулдун жана эталондун компоненттеринин көлөмү боюнча аныкталат. Кыска салыштырууда модуль же эталон мааниси кенен түшүндүрүлбөгөн бир гана сөздөн турган белгинин же түшүнүктүн аталышы болот. Кыска салыштыруу кырдаалды сүрөттөө түрүндө да болушу мүмкүн, ал эми, тескерисинче, эталон же модуль салыштырмалуу кенен, ырааттуу түшүндүрүлсө, кенен салыштыруу деп аталат. Жайылма салыштыруулар өзүнө салыштырма конструкцияларды же салыштырма багыныңкы, багынычсыз сүйлөмдөрдү камтыйт.

В. Логикалык катышы боюнча чын (жандуу) жана курулай (жалган) элестетилген салыштыруулар болуп бөлүнөт. Курулай салыштырууда тигил же бул түшүнүк, тигил же бул кырдаалдар өзү менен өзү салыштырылат. Азыркы тилдерде бул – өтө сейрек кездешүүчү көрүнүш. Алар фольклордо кенен учурайт. Салыштыруулардын негизги көпчүлүк бөлүгү бир белгиси боюнча салыштырылган чын салыштыруулардан турат.

Г. Негизги функциялары боюнча объективдүү жана субъективдүү салыштырууларга бөлүнөт. Объективдүү салыштыруу реалдуу фактыларга нагыз баа берүү үчүн кызмат кылат. Субъективдүү салыштыруунун негизги функциясы адресанттын жекече экспрессивдүү баасы болуп эсептелет. Ал адресатка эмоционалдуу таасир этет. Бирок реалдуу фактыны объективдүү түшүндүрүүнүн негизги функциясы салыштырууда субъективдүү баалоо учуру да кездешкендиктен экөөнүн чегин так ажыратуу кыйын болуп калат.

Д. Салыштыруу базасынын бар же жок экендигине карай: оң жана терс (положительный и отрицательный) салыштырууларга бөлүнөт. Бул

салыштырууларда лексикалык каражаттарга оң же терс маанисинде салыштырылат [Фельдмане Д., 7-25].

Д.Н. Фельдмане бардык салыштыруулар бир эле учурда түрдүү классификациялык группаларга да тиешелүү болушат дейт.

И.З. Искандерова салыштырууну башка позициядан классификациялайт. Бул автор үчүн салыштырып жаткан кубулуштардын маани-маңызы баалуу көрүнөт. Ал салыштыруунун төмөнкү семантикалык типтерин бөлүп көрсөтөт да: **предметтерди салыштыруу, кыймыл-аракетти салыштыруу жана сапаттык салыштыруу** [Искандерова И., 200], алардын таркалгандыгын белгилейт.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдө **образдуу жана логикалык салыштыруу** деп бөлүштүрүү кездешет, бирок алар мында түрдүү терминдерди колдонушат: Я.Г. Биренбаум аларды **образдуу жана предметтик-логикалык** деп атаса, Д.У. Ашурова **көркөм жана логикалык**, а Д.Н. Фельдмане **субъективдүү жана объективдүү** деп атайт. Э.В. Кыржинакова болсо образдуу салыштырууну туруктуу даражалары боюнча **салттык жана сейрек колдонулуучу** салыштырууларга бөлөт. Булар болсо өз учурунда **реалдуу жана гипотетикалык** болушу мүмкүн дейт [Кыржинакова Э., 15]. Бул окумуштуулардын пикиринде салыштырууларды бөлүштүрүү боюнча жалпылык болгону менен, алар өз классификацияларында түрдүү аспектилерге басым жасашат.

Я.Г. Биренбаум салыштыруунун структуралык өзгөчөлүгүнө көп көңүл бөлсө, Д.У. Ашурова салыштыруу компоненттеринин байланыш мүнөзүнө басым жасайт, а И.З. Искандерова болсо алардын семантикасына негизги көңүлдү бурат.

Ал эми Х.М. Гурбанов салыштыруу түшүнүгүнө тилдик көркөм каражат катары карайт, аны даражалары, эталондун жана теманын татаалдыгы боюнча классификациялайт, **предметтик жана кырдаалдык** салыштыруу деген түрлөргө бөлүштүрөт. Предметтик салыштыруулар деп предметтерди, көрүнүштөрдү алардын иш-аракетин жана сапатын салыштырууну айтабыз.

Кырдаалдык салыштыруу болсо жагдайларды, шарттарды салыштыруу, башкача айтканда, предметтер, көрүнүштөр жана алардын өз ара байланышындагы сапатын, кыймыл-аракеттерин салыштыруу болуп эсептелет. Бул эки түрдүн ортосундагы маанилик бөтөнчөлүк түрдүү деңгээлдеги тилдик бирдиктер аркылуу чагылышынан көрүнөт. Предметтик салыштыруулардын компонеттери лексикалык деңгээлдеги тилдик бирдиктер болушат. Ал эми кырдаалдык салыштыруунун бирдиктери катары сөз айкаштары жана сүйлөмдөр эсептелет. Х.М. Гурбанов: "Кырдаалдык салыштыруу бул – нерсени, түшүнүктү образдуу чагылдыруу" [Гурбанов Х., 3-15], – деп белгилейт.

А. Квятковский адабий-көркөм салыштырууну терс, образдуу, белгисиз салыштыруу деп үчкө бөлөт [Квятковский А., 189, 281-282], ал эми формасы боюнча: "форма сравнения при посредстве творительного падежа" жана "форма сравнения при помощи родительного падежа" [Квятковский А., 280- 281] деп экиге бөлөт. Бирок орус жана кыргыз тилдеринде жөндөмөлөр бири-бирине дал келбейт да, бул формаларды кыргызча түрдүүчө берүүгө болот. Биринчисин орусча куралдык жөндөмөсүнүн жардамы менен жасалган салыштыруу формасы, экинчисин илик жөндөмөнүн жардамы менен жасалган салыштыруу формалары деп кароого болчудай.

Өз учурунда В.Назарян кырдаалдык салыштыруунун ичинен **образдуу жана логикалык** салыштырууну [Назарян В., 97] бөлүп көрсөтөт. Тилчи М.И. Черемисина лингвистикалык аспектиден **жөнөкөй жана татаал** салыштырууларды ажыратат. Жөнөкөй салыштырууга аффикстер аркылуу салыштыруу, татаал салыштырууга сөздөрдүн айкашы аркылуу салыштыруу мааниси киргизилери менен түшүндүрөт [Черемисина М.И., 12-13]. Мына ушундайча салыштырууга байланышкан көптөгөн чечиле элек маселелер, түрдүү ыкмаларда классификациялоо жумуштары бар.

Кыргыз тилинде салыштыруу маанисин классификациялоо өтө эле солгун. Окумуштуу А. Сапарбаев салыштырууга байланышы бар метафораларды өз ара **жалпы элдик жана индивидуалдык метафоралар** [Сапарбаев А., 1975, 40-б.] деп бөлүштүргөн. Ал жалпы элдик метафоралар катары элдик оозеки

чыгармаларда, өзгөчө эпостордо көп колдонулуучу салттык метафораларды, ал эми индивидуалдык метафоралар деп жеке автор тарабынан элестүү окшоштурулуп айтылган метафораларды эсептейт.

Кыргыз филологиясында Ж. Шериевдин салыштыруу маанисине карата берген аныктамасына ынанууга болот. Тилчи Ж. Элчиев да бул жаатта Ж. Шериевдин пикирине басым жасап, салыштыруу маанисин классификациялоодо да аны негизге тутат. Башкача айтканда, жогоруда белгиленгендей, профессор Ж. Шериев салыштыруу 4 негизги элементтин катышынан турарын көрсөткөн: 1) окшогон нерсе, 2) окшотулган нерсе, 3) окшош белги, 4) окшоштукка кошумча каражаттар [Шериев Ж., Муратов А., 2003, 81-б.].

Мына ушундай көз карашка таянып, Ж. Элчиев кыргыз тилиндеги салыштыруу маанисин: **а) айкын салыштыруу, б) солгун салыштыруу** деп экиге бөлөт. Ошондой эле, салыштыруу маанисинин айкын же солгун берилиши бул маанини пайда кылуучу активдүү каражат катары кызмат өтөгөн -*дай* мүчөсүнүн зат атооч же этиш сөзгө жалганып келишине да байланыштуу болот дейт [Элчиев Ж., 2012, 268-б.]. Тактап айтканда, ал сүйлөмдө жогорудагы көрсөткүчтөрдүн баары катышса, айкын салыштыруу, ал эми коюлган талаптардын кайсы бири сакталбаган болсо, солгун салыштыруу деп карайт.

Маселен, *Жакшы кыз* – ***жайкы таңдай***

Үйдүн куту.

Аңкыган ***гүлбуракта*й** –

Кыздын жыты (Барпы) деген саптарда окшогон зат – *жакшы кыз, кыздын жыты*; окшотулган нерсе – *жайкы таң, гүлбурак*; окшош белгилери – сапаты боюнча; салыштыруу каражаты -*дай, -тай* мүчөлөрү. Демек, бул салыштыруу айкын салыштырууга толук мисал болот.

Эр жигиттин жакшысы

Каалгалуу ***коргондой***.

Кадыр канат ***болгондой***,

Казынасы ***толгондой*** (Барпы). Бул саптарда жогорудагыдай функцияны аткара алган жок.

Ж. Элчиев салыштыруу маанисин анын туюнтуу деңгээлине ылайык айкын салыштыруу, солгун салыштыруу деп карагандай эле окшогон жана окшотулган нерселердин кайсыл өзгөчөлүктөрү боюнча салыштырылгандыгына ылайык: **а) сапаттык салыштыруу, б) көлөмдүк салыштыруу** деп да эки түргө ажыратып карайт [Элчиев Ж., 2012, 269-б.]. Анткени кептик фактылардан салыштырылган нерселер менен түшүнүктөрдүн, негизинен, ушул эки өзгөчөлүк боюнча салыштырылганы көрүнөт. Тилчи сапаттык салыштырууга салыштырылган нерсе-түшүнүктөрдүн сапаты, өңү, даамы, пайдалуу, пайдасыздыгы ж.б. белгилери, ал эми көлөмдүк салыштырууда ал нерселердин чоң же кичинелиги боюнча салыштырууну негиз тутканы байкалат. Бирок көлөмдүк салыштырууда окшоштурулган нерсе апыртылып берилгенин кошумчалай кетүүгө болот.

Мисалы, *Калык ырдап турганда,*

Кара жамгыр төккөндөй,

Өркөчтөнүп күркүрөп,

Өзөндөн ***кыян өткөндөй*** (Н.Б.) деген ырда сапаттык салыштыруу берилет.

Карызмын сага. Өзүңдө -

Калган жок акым ***кенедей*** (Б.С.), – деген саптардагы белгиленген сөз өтө кичирейтилип салыштырылып, көлөмдүк салыштырууга мисал болмокчу.

Ошондой эле окумуштуу Э. Абдулдаев да автордун өзүнө жеке мүнөздүү метафоралык ыкманы автордук метафора [Абдулдаев Э., 155] деп атайт.

К.С.Момуналиевдин салыштырууну бөлүштүрүүсү өзгөчөлүккө ээ, ал араб тилинин стилистикалык жоболоруна таянып, бир нече өңүттөн карап төмөнкүчө классификациялайт:

1. Салыштыруунун жактарын жалпы түзүлүшү боюнча:

а) жөнөкөй жактуу салыштыруу: толук жана контексттик жөнөкөй жактуу;

б) татаал жактуу салыштыруу: тизмектелген жана ширешкен татаал жактуу салыштыруу (метонимиялык);

в) көп жактуу же ача жактуу салыштыруу: контрасттык жана градациялык [Момуналиев К., 35] салыштырууларга;

2) салыштыруунун негиздеринин катышына карай:

а) каражатынын катышына карай: эркин салыштыруу жана кескин салыштыруу;

б) орток белгинин катышына карай: кеңири, корутунду, жетик салыштыруулар;

3) араб окумуштууларынын пикирине таянып, салыштыруунун негиздеринин түрлөрүнө карата**:** образдуу жана жөнөкөй [Момуналиев К., 101]; салыштыруунун өзгөчө формаларын: тетири, кыйыр, метафоралык салыштырууларга [Момуналиев К., 101-107] бөлүштүрүүнү туура көрөт. Ал кыргыз тили менен араб тилиндеги салыштырууларда окшоштук, жалпылык бар экендигин [Момуналиев К., 7] белгилейт.

Биз кыргыз тилиндеги салыштыруу маанисин төмөнкүдөй критерийлер боюнча классификациялоону сунуш кылабыз:

1) **максаты боюнча 3кө ажыратабыз:**

а) заттын же түшүнүктүн, кырдаалдын артыкчылыгын же кемчилигин көрсөтүү. Мында бир түшүнүктөгү белгинин, сапаттын, сандын, көлөмдүн ж.б. аз же көп экендиги, артык же кем, кичине же чоң экендиги, оош-кыйышы, басымдуулугу ж.б. салыштырыла көрсөтүлөт. Мисалы, *азыраак, көбүрөөк, мага караганда улуу, баарынан билимдүү, жезге салыштырганда жалтырак, темирден бекем* ж.б.;

б) затты, түшүнүктү, кыймыл-аракетти же кырдаалды окшоштуруу, теңдөө, барабар коюу максатындагы салыштырууда эки заттын же түшүнүктүн жалпы белгилерин окшоштуруу, салыштыруу мааниси туюлат. Маселен, *атасына окшош, жашы тең, бою барабар, аракетчендигине эч ким тең келбейт, башкага ыраа көрбөйм* ж.б.;

в) курулай же, чын эмес салыштырууда кыймыл-аракет жасалмалуу же чын эмес, ишке ашпаган экинчи кыймыл менен салыштырылат: *алдагансыйт, карашкансыйт, уктамыш боло калды, билмексен, көрмөксөн* ж.б.;

2) мазмуну боюнча 10го бөлөбүз:

а) предметке же жансыз затка салыштыруу: *сүттөй ак, айнектей таза, чечилбес түйүндөй*;

б) адамга салыштыруу: *адамча сүйлөйт, досторчо кол алышты, бир туугандай ынак, атадан артык, Жаңылдай, душмандан коркунучтуу*;

г) кыймыл-аракетке салыштыруу: *килем төшөп койгондой, айран төгүп койгондой, башка чапкандай*;

д) жаратылышка салыштыруу: *асмандай бийик, ак чач тоолор, ак шөкүлөчөн зоолор, күндөй мээримдүү, жамгырдай төгүү, эки тамчыдай*;

е)түшүнүккө, окуяга салыштыруу: *майрамдай, түйүндүү маселе сыяктуу*;

ж) өсүмдүккө салыштыруу: *гүлдөй назик, бою теректей, жаандан кийинки козу карындай, чытырман токой*;

з) жаныбарга, кушка салыштыруу: *убакыт зымырык куштай учат, жолборс жүрөк, кабылан, шер, жылан, коёндун бөжөгүндөй*;

и) орунга, турак-жайга салыштыруу: *куду кинодогу сымал, конокто отургансып, Мекенден артык жер жок, үйдөй*;

к) психологиялык абал-кырдаалды салыштыруу: *бүт аалам аңтар-теңтер болгондой, колунан жула качкансып, үмүтү жалп этип өчкөндөй болду, бүткөн бою дүр эткенсиди*;

л) образдуу салыштыруу. Салыштыруунун жогоруда келтирилген түрлөрүндө образдуулуктун болушу шарт эмес. Бул түрү көркөм чыгармаларда кездешет да, ой элестүү, көркөм, образдуу айтылат.

Мисалы, *Бир-бирине жөлөнүп*

Эрмектешип жаткандай,

Көккө барып баскандай;

Чексиз асман кара көк

Көк сыр менен жапкандай (А.Т.);

3) салыштырууну **формасы боюнча оң жана терс салыштыруулар** деп бөлүүгө болот. Ой, көрүнүш, адам же заттын өзгөчө, артык белгилери салыштырылып көрсөтүлсө оң салыштыруу дейбиз:

Азуулардай аскалуу

Төр магдырайт тойгондой.

Таң тамылжып, көк күзү

Жылмайгандай көрүндү (А.Т.).

Терс салыштырууда сапат, сыпат же белги терс, жагымсыз, жийиркеничтүү, керексиз мааниде салыштырылат:

Мазардай *түргө салды эр баштары,*

Омолгон шум кара жер оңбосун да!..(К.Т.)

Жогорудагы ыр саптарынын биринчисин окуганда окурманда табиятка карата жылуу мамилеси, сүйүү сезими ойгонуп, көңүлү көтөрүлсө, экинчисинде *мазардай* деген сөз өкүнүүнү, кыжырдануну пайда кылат.

Ошол келген Кочкунун,

Муруту өтөккө чыккан ***чалкандай****,*

Канжасынын кирин көр

Балдар көөлөп жеген ***талкандай*** (“Манас”).

“Манаста” Кочку – ырайымсыз душман. Ошон үчүн анын муруту да чалкандай тик сайылып турат. Чалкан тийген жерди чагып алган сымал, жадагалса, Кочкунун муруту да кимдир бирөөнү сайып алгысы келип тургандай. Ал эми анын булганч адам экендиги, ошондой эле ички түшүнүгүнүн да ыплас, арамдыгы канжасынын кир көрүнүшү аркылуу элестетилип жатат. Албетте, мындай салыштыруулар да терс, кишини иренжитерлик мааниде келгени менен, көркөм табылга катары сөздүн таасирдүүлүгүн, жугумдуулугун арттырат.

Салыштыруу маанисинин берилишинин **грамматикалык каражаттары же түзүлүшү боюнча жөнөкөй салыштыруу жана татаал салыштыруу** деп бөлүштүрүүгө болот. Эгерде салыштыруу мааниси синтетикалык жол менен берилсе, жөнөкөй салыштыруу деп атайбыз. Мындай каражаттарга

салыштыруучу *-дай, -ча, -чалык, -чылап, -часынан, -мыш, -сыйт, -сыра, -ыраак, -гыч, -омук, -ыш* ж.б. мүчөлөрү кирет. Ал эми аналитикалык ыкманын негизинде салыштырууну татаал салыштыруу деп кароого болот. Мындай салыштырууга сөз айкаштары, фразеологизмдер, синтаксистик татаал түрмөктөр, татаал сүйлөмдөр, макал-лакаптар аркылуу салыштырууну мисал келтиребиз.

1.4. Салыштыруунун философиялык, логикалык, көркөм адабий жана тилдик касиеттери

Бизди курчап турган чөйрөнү өздөштүрүү кеңири таралган таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн бир ыкмасы болгон салыштыруу менен тыгыз байланышта. Бул категория философияда да, логикада да, лингвистикада да окуп-үйрөнүлөт.

Салыштыруу тил менен акыл-эстин биримдиги аркылуу чагылат. Салыштыруу түшүнүгү 3 аспектиде каралат: гносеологиялык – таанып-билүү процесси жана кабыл алуу; логикалык – тилдик структуралардын түзүлүшүнүн логикалык модели; лингвистикалык – тилдик структуралык деңгээлде. А.А. Потебня: “Таанып-билүү – салыштыруу процесси” [Потебня А., 26],– деп белгилегендей, салыштыруучу конструкциялар тилде өзгөчө орунду ээлейт. Салыштыруу – бардык эле тилдерде таанып-билүү процессине таасирин тийгизүүчү ойлоо ишмердүүлүгү жана кептин касиети.

Салыштыруу көп аспектилүү көрүнүш катары түрдүү илимий тармактардын кызыгуусун жаратат. Бул кызыгуу дагы эле солгундаган жок. Салыштыруу философиялык ойлордун тарыхында да каралып келет. Философтор биринчи кезекте салыштыруудан таанып-билүүнүн бир топ жөнөкөй, ошол эле учурда эффективдүү куралдарын көрө билишкен:

1) салыштыруу аркылуу жекелик, өзгөчөлүктү жана жалпылыкты таанып-билүүгө болот;

2) өзгөрмөлүүлүк, заттардын өнүгүшү жана көрүнүшү салыштыруунун каражаттары аркылуу таанылат; эч кандай кыймыл салыштыруусуз таанылбайт, кабыл алынбайт;

3) салыштыруу – көп кырдуу көрүнүш, окуялардын себебин таанып-билүүгө да кызмат кылат;

4) салыштыруунун жардамы менен предметтердин жана көрүнүш-окуялардын систематизациясы жүргүзүлөт, бардык классификациялоо маселелери да салыштыруунун негизинде аткарылат;

5) салыштыруунун катышуусу менен объективдүү кыймылдуулукту кыйыр түрдө таанып билүү жыйынтыкталат.

Каралып жаткан маселелердин бардык негизги учурлары Аристотелдин эмгектеринде эле берилген. Ал адамдын таанып билүү ишмердүүлүгү жупташкан түшүнүктөрдү же бир объектини экинчи объекти менен айырмалап көрүү менен гана калыптанат деген жыйынтыкка келген. Аристотелден кийин бир топ анын жолун улантуучу изилдөөчүлөрдү да бул маселе кызыктырган, бирок алардын эмгектеринде Аристотелден айырмаланган жаңылык дээрлик байкалган эмес [Ушинский К., 88; Гальперин И., 167; Фельдмане Д., 25 ж.б.].

Окурмандарды, кызыгуучулардын көңүлүн өзгөчө К.Д. Ушинскийдин ой жүгүртүүнүн салыштыруу ишмердүүлүгүнүн баскычтары жөнүндөгү оюу бурат: “Биринчи баскычта предметтер бири-бири менен өз ара салыштырылат; экинчисинде эки предметти салыштырууда аларга караганда тааныш болгон үчүнчү предмет салыштыруучу каражат катары кызмат кылат; үчүнчү баскычта бир нече предметтердеги окшоштук, жакындык анализденет” [Ушинский К., 88]. Мындан К.Д. Ушинскийдин, биринчиден, салыштыруу ишмердүүлүгүн логикалык ой жүгүртүү менен кыйыр түрдө байланыштырат, экинчиден, ал салыштырууда эки башка предметтерди теңештирүүдө ойдун татаал ишмердүүлүгүн карап чыккан.

«Салыштыруу» деген терминге адабий, тилдик, философиялык, логикалык ж.б. өңүттөрдө аздыр-көптүр баа берилип келет. Салыштыруу – кептин ар кандай эле түрлөрүндө колдонула берүүчү троптун жөнөкөй түрү. Кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын көрө билип салыштырабыз. Салыштыруу

түшүнүгүн сөздүктөрдө ар түрдүүчө чечмелешет. С.И. Ожеговдун редакциясы астында жарык көргөн “Түшүндүрмө сөздүктө” (Толковый словарь) салыштыруу (салыштыруу) терминине төмөнкүчө түшүндүрмө берилет: “Салыштыруу: 1. Поставить рядом, сопоставить для установления сходства или различия. 2. Образно уподобить, приравнять” [Ожегов С., 749]. Ал эми И.Т. Фроловдун “Философиялык сөздүгүндө” “Сравнение сопоставление объектов с целью выявления черт сходства или черт различия между ними (или то и другое вместе) – является важной предпосылкой процесса познания, обобщения. Сравнение играет большую роль в умозаключениях по аналогии. Суждения, выражающие результат сравнения, служат цели раскрытия содержания понятий о сравниваемых объектах, в этом отношении сравнение используется в качестве приема, дополняющего, а иногда заменяющего определение” катары белгиленет [Фролов И., 455].

Ал эми мындан мурунураак жарыкка чыккан “Философиялык сөздүктө” (бул сөздүктүн да редактору И.Т. Фролов) салыштыруу терминине төмөнкүчө аныктама берилет: “Салыштыруу – бул объектилердин окшош жана айырмалуу сапаттарын аныктоо максатындагы (же өзүн, же башка объектилер менен) салыштыруу, баарлашуунун зарыл болгон белгиси болуп саналат. Бул окшоштук боюнча ой жүгүртүүдө чоң роль ойнойт, натыйжаны көрсөтө турган пикир. Салыштыруу салыштырылып жаткан объектилер жөнүндөгү түшүнүктөрдү ачык берүүгө кызмат кылат. Ошондуктан салыштыруу аныктоочуну толуктоочу, кээ бир учурда алмаштыруучу усул катарында пайдаланылат» [Философский словарь, 349].

Философ-окумуштуу П.В. Чесноков болсо төмөнкүдөй мааниде аныктама келтирет: “Сравнение – познавательная операция лежащая в основе суждения о сходстве или различии предметов. Сравнение выявляет количественные и качественные характеристики предметов, упорядочивает, классифицируя и оценивая, содержания бытия и познания” [Чесноков П., 1971, 130-б.]. Бул аныктама жогорудагыга салыштырмалуу тереңирээк түшүндүрмө берет. Философиялык аныктамаларда салыштыруу адам тарабынан айлана-чөйрөнү

таанып-билүү процессинин бир формасы экендиги көрүнөт. “Бардыгы салыштыруудан көрүнөт” деген логикалык-методологиялык позиция салыштыруу түшүнүгүн камтыган тилдик бирдиктердин классификациясы үчүн негиз болот жана алардын түзүлүшүн, семантикасын анализдөөгө жаңыча жакындашууга мүмкүнчүлүк берет. Салыштыруу лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, стилистикалык ж.б. сыяктуу түрдүү лингвистикалык деңгээлдерде учурайт. Салыштыруу дегенде, 3 структуралык бөлүктү түшүнөбүз: эмне салыштырылып жатат, эмне менен салыштырылып жатат, эмненин негизинде салыштырылат (салыштыруунун модулу аныкталат). Бул 3 бөлүктөн турган структура эксплициттүү же имплициттүү экендиги салыштыруу түшүнүгүн философиялык деңгээлде терең талдоо менен бекемделген.

Аристотелдин мезгилинен эле салыштырууга негизделген метафораны кыскартылган, иштелген, жашыруун салыштыруу катары эсептешкен [Зверева Е., 66]. Бирок салыштыруу кеңейтилген метафора гана болуп эсептелбестен, таанып-билүүнүн да негизи болот. Салыштыруунун негизги белгиси – предметтерди салыштыруу, түшүнүктөрдү түзүү. Салыштыруу сандык жана сапаттык мүнөздө болушу мүмкүн, ошондой эле морфологиялык жана синтаксистик деңгээлдерде да салыштырылып жүрөт.

Семантиканын негизги тиби салыштыруу болуп эсептелет. Салыштыруу бир гана лингвистикалык категория болуп эсептелбейт. Ал – эң ириде, логиканы изилдөөнүн предмети, курчап турган чөйрөнү өздөштүрүүнүн, анын түзүлүш механизмдерин адекваттуу изилдөөнүн, логика-лингвистикалык мамилелеринин байланыштарын иликтөөнүн зарыл ыкмасы.

К.Д. Ушинский салыштыруунун гносеологиялык функциясын баса белгилеп: “Салыштыруу – бардык түшүнүктөрдүн жана ой жүгүртүүлөрдүн негизи. Биз дүйнөдө салыштыруунун жардамысыз ойду толук түшүнө албайбыз. Предметтерди түшүнүүнүн башка жаратылышы жок болгондуктан, биз ар дайым салыштырууга басым жасайбыз” [Ушинский К., 112], – дейт.

Адабият таанууда салыштыруу боюнча төмөнкүчө ой жүгүртүлөт: “...бир көрүнүш менен экинчи көрүнүш салыштырылуу аркылуу түшүндүрүлгөн

троптун түрү. Сөздүн өтмө мааниси аркылуу бул көрүнүштөр жаңы түшүнүк жасашпайт, алар өз алдынча түшүнүктөр катары кабыл алынат, эсте сакталат” [Суходолова Г., 371-372]. Көрүнүп тургандай, адабиятта жаңы маанидеги тилдик бирдиктерди пайда кылышы маанилүү маселе катары эсептелет.

А.А. Потебня сөздөрдү өтмө мааниде колдонуунун негизи салыштыруу экендигин белгилеп, бул тууралуу төмөнкүдөй оюн айтат: “Маселен, *туз* деген сөздү айтсак, атүгүл анын түсү, даамы ж.б. жөнүндө айтса да, ал анчалык түшүнүктүү болбойт. А *туздуу* (ачуу) *кеп* десек, сөздүн мааниси ачык түшүнүктүү болмок” [Потебня А., 244]. Салыштыруу конструкциялары бардык эле тилдерде маанилүү ролго ээ. Андай конструкциялар көркөм чыгармаларда өтө көп кездешет.

Салыштыруу, өзгөчө, көркөм адабиятта өтө активдүү колдонулат. Алар кептин көрктүүлүгүн арттырып, образдуулугун уюштурат, аны уккулуктуу кылат; чыгарманын мазмунун конкреттештирип, так предметтер аркылуу берилгендиктен, элестүү, даана кабыл алууга жардам берет.

Кыргыз эли – байыртадан эле уйкаштыкка, кыябы менен сүйлөгөн чечендикке, кепке-сөзгө, анын маңызына жана көркөмдүүлүгүнө маани берип келген, б.а., сөз баккан эл. Көркөм кепти жаратуу үчүн эл көркөм сөз каражаттарынан пайдаланган. Бул өнөр кийинки муундарга да мурас катары өтүп келет.

Салыштыруу адабиятта кептин көрктүүлүгүн арттыруучу каражат катары өзгөчө орунга ээ, көркөм чыгармаларда ал эстетикалык таасирдүү касиетке эгедер болот. Мисалы, *Жайнагүл артын кылчак-кылчак карап, трассада* ***көпөлөктөй*** *учуп бараткан кызын көрүп,* ***буту үзүлгөнчө*** *жүгүрүп баратты* (З.С.). Автордук ой-туюмда каарман өз кызынын чуркап баратышын көпөлөк учкандай сезип, өзү да ага жетүүгө тездеп жүгүрүшү салыштыруулар аркылуу берилген.

Салыштырууда абстракттуу кубулуш конкреттүү, так предметтер аркылуу берилет жана анын элестөөчүлүк таасири күчтүү чыгат. Мындай көркөм сүрөттөө образга жандуу элес киргизет [Шериев Ж., Муратов А., 2003, 81-б.].

Өзгөчө, салыштыруу – көркөм адабий өңүттөн алып караганда, стилистика менен поэтиканын орток категориясы. Бул учурда деле сүрөттөлүп жаткан нерсе кандайдыр бир жалпы белгиси, касиети окшош башка нерсеге, турмуштагы көрүнүш, кубулуштарга же жан-жаныбарларга салыштырылат.

Салыштыруу деген – эки же андан артык затты, окуяны, көрүнүштү, кубулушту ж.б. сырткы белгилери, мүнөзү, түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү, сан-өлчөмдөрү боюнча салыштыра көрсөтүү. Салыштырууда образдын өзү сакталат да, ар дайым мүнөздүк көрүнүшү, келбети жана сыпаты сүрөттөлөт. Салыштыруу мааниси ар кандай формада, бир нече каражаттардын жардамы менен туюндурулат. Салыштыруу көркөм чыгармаларда заттын, кыймыл-аракеттин, жаратылыштын, окуянын ж.б. сырткы көрүнүшүн, кээде психологиялык абал-кырдаалды сүрөттөө формасында болот. Сүрөттөлүп жаткан окуя-кубулуш, көрүнүштүн мазмунун даана ачып берүү үчүн көркөм сүрөткер тилдин ар кыл көркөм сөз каражаттарынан пайдаланат. Көркөм адабияттагы салыштыруу, айрыкча, фольклордук чыгармаларда көп кездешерин байкоого болот. Маселен, эпостордогу баатырлардын образдары арстан, жолборс, шер, буудан, бүркүт, көк жал, кабыланга салыштырылса, терс образдагы баатырлар дөө, каман, аюу, ажыдаарга теңештирилет. Эпостордо каармандардын образдары жаныбарларга салыштырылышы салттуу формула болуп калган. *Көзү көлдүн* ***быткылдай****, кышкы кирген* ***буурадай****, too* ***бүркүттөй*** *күркүрөп, майлаган* ***буудай*** *жүздөнүп, күүгүм* ***туман*** *көздөнүп* сыяктуу салыштыруулар*; көздөн* ***жалын*** *шыркырап, оозунан* ***түтүн*** *буркурап,* ***жолборс*** *жүрөк,* ***таш*** *билек* ж.б. метафоралар; *жан* ***казандай*** *башы бар, жаткан* ***иттей*** *кашы бар,* ***каалгадай*** *кашка тиш* деген гиперболалар; ***чыканактай*** *Эр Агыш,* ***томуктай*** *болгон тоосу жок,* ***коргошундай*** *Манасты* ***корголдой*** *кылып көтөрүп* дагы башка литоталар каармандын кыймыл-аракетин, күчүн – образын ачып берүүдө жардамчы каражат катары колдонулат.

Маселен, Манастын образын чагылдыруу үчүн:

Асман менен жериңдин

Тирөөсүнөн ***бүткөндөй****.*

Айың менен Күнүңдүн

Бир өзүнөн ***бүткөндөй****.*

Алды калың кара жер

Жерлигинен ***түткөндөй***

деген салыштыруу саптары келтирилет. Мында күчөтүлүп, апыртылып, гиперболаштырып салыштыруунун эпкиндери үстөмдүк кылат. Ал эми аялдардын сарамжалдуулугу, акылынын тунуктугу, сулуулугу, сымбаттуулугу, терисинин аппактыгы, күйөөсүнүн жакын жардамчысы экендиги ж.б. *ак куу, Күн, Ай, сүт, кар* ж.б. сыяктуу эпитеттер аркылуу берилет:

Адамдан башка байкалып,

Ак сымаптай *чайкалып,*

Коргошундай *көлкүлдөп,*

Тунук суудай *мөлтүлдөп* (“Семетей”) деген саптар Айчүрөктүн көз талдырган сулуу келбетин көз алдыбызга тарта коёт. Терс каармандар адамдын турпатына же оң каармандарга карама-каршы келген мүнөздө угуучунун сезимин козгоо менен ошол каарманга карата антипатия туудуруучу боёктор аркылуу сүрөттөлөт.

Эми Жолой алкынып,

Төбө чачы сүксөйүп*,*

Жеп ийчүдөй үксөйүп*,*

Качырган ***каман*** *төштөнүп,*

Алуучу ***аюу*** *көздөнүп,*

Мурунунун таноосу

Сеңирдүү ***тоонун баткалдай****,*

Бир бетине Жолойдун

Он эки шибээ, кырк манжуу

Ордо атышып жаткандай*.*

Бир көзүнө карасаң,

Бакалуу көл буткулдай,

Кашы ***өрттөнгөн токойдой****,*

Калбайыңкы эрини

Жылкычы кийген чокойдой (“Манас”).

Бул саптарда Жолойдун сырткы көрүнүшү *төбө чачы сүксөйүп, качырган каман, алуучу аюуга;* мурунунун таноосу *сеңирдүү тоонун баткалга*, көзү *бакалуу көл-буткулга*, кашы *өрттөнгөн токойго,* эрини *жылыкычы кийген чокойго* салыштырылса, бетинин чоңдугу *он эки шибээ, кырк манжуу ордо атышкандай* делип, ал эми кыймылы *жеп ийчүдөй* деп сүрөттөлүп, окурмандын көз алдына итиркейди келтире турган, өңү серт, мүчөсү олдоксон терс каармандын кебетеси ачык тартыла калат.

Баатырдык эпостордо салыштыруунун бардык түрлөрү пайдаланылат. Анда бул же тигил нерсени экинчи бир нерсеге окшоштурганда, сөзсүз, өзүлөрүнө тааныш, өзүлөрүнө жакын турган предметтер, көрүнүштөр менен салыштырылат.

Тилдин өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттарын адабият таанууда троп деп аташат. Илимде тропту жөнөкөй жана татаал деп шарттуу түрдө экиге бөлүп карайт. Жөнөкөй тропко эпитет менен салыштыруу кирет. Татаал тропко өтмө-каймана маанидеги башка көркөм сөз каражаттары метонимия, метафора, ирония, гипербола, литота, синекдоха ж.б. кирет [Шериев Ж., Муратов А., 2004, 57-б.]. Жөнөкөй троптун бир түрү эсептелген салыштырууда бир көрүнүш экинчи көрүнүш менен салыштырылат да, биринчи көрүнүштүн маңызы даана ачылып берилет.

Мисалы: *Ала десем* ***куладай***

Арка чачың ***буладай****,*

Буладай *сенин чачыңды*

Кандай пенде сылады ай? (Элдик ыр “Келинжан”)

Бул ырда келиндин чачы булага салыштырылып жатат.

Салыштыруу сырткы келбетти, көрүнүштү гана мүнөздөбөстөн, кыймыл-аракетти сүрөттөө түрүндө да кездешет:

Чапма кунан жонундай,

Кылтылдайсың*, келинжан.*

Ак чабактай кылаңдап,

Сууга ойнодуң, келинжан (Элдик ыр). Мында *кылтылдайсың, кылаңдап* деген кыймылды туюнтуучу элестүү сөздөр сырткы турпаты боюнча *чапма кунан жонуна, ак чабакка* салыштырылат.

Салыштыруу форма жагынан оң жана терс болот (Шери уулу Ж., 58).

Мисалы: *Кызыкем* ***ак тикендин бүрүндөй,***

Ак камгактын гүлүндөй.

Көк тикендин бүрүндөй,

Көк камгактын гүлүндөй (Элдик ыр).

Мында кара шрифт менен белгиленген салыштыруу маанидеги сөздөр оң салыштырууга мисал болот.

Эчтекеге эби жок.

Отко түшкөн тайгандай.

Суук болот сөздөрү

Найза менен сайгандай (Элдик ыр).

Ал эми бул саптардагы белгиленген сөздөрдө адамдын кебете-кешпири жана заар сөздөрү отко күйгөн тайганга, найзанын сайылышына салыштырылды.

Көркөм чыгармалардагы салыштыруу өтө көп учурда ушул -*дай* мүчөсү аркылуу каржыланат. Деген менен, кээде салыштыруу маанисиндеги сөздөр бул каражаттын жардамысыз, уңгу формасында же жак, таандык формаларында да туруп калат:

Көйнөгүң жибек ***ак була***

Өңүң сонун ***ак куба***.

Себетке салган ***кыргыйсың,***

*Сеңселе өскөн ш****ыргыйсың*** (Элдик ыр).

Той түшүп кыргыз жергеси,

Түздөрүм – жайган ***дасторкон,***

Тоолорум тиккен ***өргөөсү*** (С.Э.).

Келтирилген мисалдардагы сөздөр *ак буладай, ак кубадай,кыргыйдайсың, шыргыйдайсың, дасторкондой, өргөөсүндөй* деген салыштыруу маанисиндеги сөздөр менен эле тең даражада колдонулду. Аларда салыштыруу мүчөсү жок, атооч жөндөмөсүндө туруп эле баяндоочтук кызматта салыштырууну уюштурду.

Көркөм чыгармалардагы салыштыруу маанисин туюнтуу ыкмалары дагы арбын. Маселен, *Шекерди көр, сөзүн көр,*

Чолпонду көр, көзүн көр.

Алкымын көр, Айды көр...

Кара жерге кан тамса,

Кардан аппак этин көр,

Кар үстүнө кан тамса,

Канды көр да, бетин көр... деген "Семетей" эпосунан келтирилген мисалдарда сөздөрдүн семантикалык мааниси жана *да* байламтасынын жардамы менен Айчүрөктүн сөзүнүн орундуулугу, сулуулугу, терисинин актыгы башка заттарга: *шекерге, чолпонго, Айга, Күнгө, канга* салыштырыла сүрөттөлөт.

Айдаган жакка баспаган,

Айбанга чалыш *жан экен...*

Чуркаарыма бутум жок,

Жыланга чалыш *мен элем,*

Шыйпанарга куйрук жок,

Куланга чалыш *мен элем* ("Эр Төштүк"). Мында болсо *чалыш* сөзү *окшош*, *сымал* деген сөздөргө синоним катары колдонулуп жатат.

Ал эми *Денемди кирпик ийнең тепчип өтүп,*

Уулады, магдыратты канча жолу (Ж.М.) деген ыр саптарында кирпик ийнеге жарыша колдонулуп салыштырылды ж.б.

Көркөм адабияттагы троптун башка түрлөрүндө да салыштыруу, окшоштуруу, кейиптештирүү маанилери камтылат. Алардын айрымдарына токтолобуз.

Эпитет – сүрөттөлүп жаткан бул же тигил көрүнүштүн башкы белгисин же мүнөздүн өзгөчө касиетин бөлүп көрсөтөт да, чыгармага эмоционалдык, көркөмдүк кудурет берет. Эпитет көбүнчө мүнөздүн башкы белгисин ажыратып көрсөтүү менен грамматикалык аныктооч катары кызмат кылат [Шериев Ж., Муратов А., 2004, 57-б.]. Эпитеттердин туруктуу жана өзгөрүлмөлүү түрлөрү болот. Туруктуу эпитеттердин айрымдары каармандардын образын, күчүн айбанаттарга салыштырып көрсөтөт (*Шер Манас, Кабылан Манас* ж.б.).

Метафора – нерсе же көрүнүштөрдүн ортосундагы ар кандай белги, касиет, сапат, кыймыл-аракеттик жана функционалдык окшоштуктардын негизинде көркөм ой жүгүртүүнүн катышынан пайда болгон, кепте образдуулукту жана сөз маанилеринин өнүгүшүн шарттоочу өтмө маани [Сапарбаев А., 2015].

Метафора туурасында А. Жалиловдун берген аныктамасынан бир топ так түшүнүк алууга болот: эки же андан ашык нерселер, кубулуштар формасындагы, өңү-түсүндөгү, сапатындагы, кызматындагы, кыймыл-аракетинин мүнөзүндөгү ж.б. окшоштуктарына карай бир эле сөз аркылуу туюнтулса, метафора деп аталат [Жалилов А., 171].

Метафора оозеки жана жазма кепте эң эле көп учурайт, алар өзүлөрүнүн табияты, уюшулуш, жасалыш негиздери боюнча салыштырууга окшош. Ошондуктан метафораны адабият теориясы боюнча адабияттарда “жашыруун салыштыруу”, “кыскартылган салыштыруу” же, тескерисинче, салыштырууну “кеңейтилген метафора” деп да атап жүрүшөт. Метафоранын лингвистикалык табиятын терең ачып берүү үчүн анын салыштыруу менен болгон жалпылык жана айырмачылыктарына атайы токтоло кетүү абзел. Нерселер көптөгөн оң жана терс касиеттердин бирдигинен турат. Мына ушул бир заттагы же кубулуштагы болгон көптөгөн касиет-белгилер башка бир зат же кубулуштун белги-касиеттери менен айрым жалпылыктарды түзүшөт. Мына ушул жалпылыктардын негизинде бир нерсе экинчи бир нерсенин ордуна колдонулат же алардын ортосундагы орток белгилердин натыйжасында бир нерсе экинчи бир нерсеге салыштырылат. Окшоштуктардын тилде реализацияланыш өзгөчөлүктөрүнө ылайык биринчисин метафора, экинчисин салыштыруу деп

аташат. Мисалы: 1. *Качырганы* ***жолборстой****, Кайсаганы* ***албарстай****. 2. Касташкан жоонун* ***жолборсу****, Касташкан адам жолдошу* («Манас»). Мисалдардан көрүнүп тургандай, биринчисинде элдик баатырдын эр жүрөктүүлүгү жолборско салыштырылса, экинчисинде ошол эле маани (эр жүрөктүүлүк) өтмө маани, тактап айтканда *жолборс* деген сөз аркылуу берилген. Ошентип, жолборс менен адамдын ортосун байланыштырган жалпы касиет – эр жүрөктүүлүк. Бул касиет экөөнө бирдей тиешелүү. Демек, салыштыруунун да, метафоранын да материалдык жагы заттардын же кубулуштардын ортосундагы белги, касиеттердин жалпылыгы, окшоштугу болуп саналат. Бул жагынан алганда, салыштыруу менен метафоранын башка көркөм каражаттарга караганда жакындыгы, тектештиги бар. Буга айрым метафоралар менен салыштыруулардын колдонулушу да айкын күбө:

Каруусу кеткен тулпардай

Арып келдим, Токтогул.

Туйгун элем *кагынган*

Тулпар элем *абылган* (Т.). Бул жерде метафоранын салыштыруудан болгон айырмасы салыштырууну уюштуруучу грамматикалык каражаттан (*-дай*) ажырап, өтмө мааниде гана колдонулуп калгандыгында. Болбосо, айтылуучу ойдун жалпылыгында, салыштырылуучу нерселердин бирдейлигинде, салыштырууга алынган касиет, белгинин окшоштугунда айырма жок. Бирок буга карап салыштыруулар метафоранын базасында түзүлөт же, тескерисинче, салыштыруу өз ичине метафораны да камтыйт деген бүтүмгө келүү туура эмес. Анткени метафора менен салыштыруу бардык учурда эле биринин ордун экинчиси алмаштыра албайт.

Мисалы***, Жумшак тил, жылуу сөз*** *угуп,*

Энеке, сенден көөнүм ток (Т.). Белгиленген метафораларды *жумшактай тил* же *жылуудай сөз* деп салыштырууга айлантууга болбойт. Тескерисинче, *ал өлүктөй уктады* деген салыштыруу *ал өлүп уктады* болуп айтылбайт. Кыскасы, метафора менен салыштыруу жасалыш жолдору, тилде аткарган кызматтары боюнча өз ара айырмаланат.

Биринчиден, метафорада образ жана предмет бир эле сөздө берилет да, ал түз жана өтмө маниге ээ болот. Мындайда сөздүн түз мааниси образды, өтмө мааниси предметти билдирет. Ал эми салыштыруу үч элементтен: 1) салыштырылуучу (объект), 2) салыштыруучу (субъект), 3) белгиден турат. Ошондуктан салыштыруунун элементтери бир бүтүн контекстти түзөт жана андагы айтылуучу ой толук түшүнүлөт *(көмүрдөй кара чач*). Метафорада контекстсиз жеке өз алдынча турганда түз маанидеги сөз катары сезилет (*көмүр кара ат минип*).

Экинчиден, грамматикалык жактан метафоралаштыруу сөздүн формалдык өзгөрүшүнө алып келбейт. Ал эми салыштыруу кыргыз тилинде *-дай, -ча, -чылап* деген мүчөлөр жана *сыяктуу, сыңары, шекилдүү, кейиптенген, өңдөнгөн, окшош* деген сыяктуу жардамчы сөздөр аркылуу жасалат.

Үчүнчүдөн, метафора – стилистикалык гана эмес, семантикалык да көрүнүш. Ал – сөз маанилеринин кеңейишин жана өзгөрүшүн шарттоочу тилдин эң активдүү да, ийкемдүү да куралы. Салыштырууга болсо, негизинен, кийинки касиет мүнөздүү эмес.

Төртүнчүдөн, салыштырууда салыштырылып жаткан нерселердин белги-касиеттери көбүрөөк эске алынса, метафорага шарттуулук, субъективдүүлүк да мүнөздүү.

Бул тууралуу Ж. Шериев да “Салыштырууда белгилери бар бир нерсе башка бир нерселерге салыштырылып, ал экөөнүн тең касиеттери бирдей даражага ээ болуп турса, метафорада биринчи нерсе такыр жоголуп, анын экинчи нерсеге өткөн белгиси гана калат” [Шериев Ж., Муратов А., 2003, 71-б.] дейт.

Мисалы: *Билген жанга бул* ***шыралга, олжо*** *эле*

Дүрт эттирип отту жагып дилине

Ыплас кир*, толгон* ***акыр-чикирден***

Тазалансын дегени эле тирүүңдө (Э.Э.). Мында акын Э.Эрматов ооруну пендеге Кудай тарабынан берилген *шыралга, олжо* эле деп кейиптештирип көрсөткөн. Ал эми пенденин жан-дүйнөсүндөгү каралык, күнөөлөрдү *ыплас кир, акыр-чикир* катары ырга салат.

Табышмактарды түзүүдө эң чоң роль метафорага таандык. Метафора – нерселердин, кубулуштардын сапаты, абалы, формасынын сырткы окшоштугунан келип чыккан лингвоадабияттык каражат. Тил илиминде метафоралар семантикалык каражат катары каралса, адабиятта көркөм ыкма иретинде нерсени элестүү, образдуу туюндурат. Ошентип, табышмактар – метафора, анын түпкүрүндө метафораныкындай эле айтылбаган нерсени башка бир нерсеге салыштыруу жатат деп айтууга негиз бар, – дейт Т. Баястанова [Баястанова Т., 77]. Бул нерседен улам метафора менен салыштыруунун дагы эки айырмасын баамдоого болот:

1) салыштыруу көбүнчө макал-лакаптарга мүнөздүү болсо, метафора табышмактарды түзүүдө чоң орду бар;

2) метафора семантикалык каражат болсо, салыштыруу мааниси көбүнчө грамматикалык каражаттардын жардамында берилет.

Гипербола менен литота да салыштыруунун бир түрүнө кирет. Өтө апыртып салыштыруу гиперболаны түзсө, кичирейтип салыштыруу литота эсептелет [Шери уулу Ж., 73]. Гипербола көбүнчө элдик оозеки чыгармаларда арбын кездешет: ***Жети батман буудай жеп,***

Дан жыттанган чоң Жолой.

Жетимиш алпты бир союп,

Кан жыттанган чоң Жолой.

Калбайып оозу бирикпейт,

Кандалчынын кабындай.

Биринде*ген *муруту

Айбалтанын сабындай («Эр Төштүк»). Мында Жолойдун демейдеги адамга мүнөздүү болбогон сапаттары белгиленет. Жөн адам мындай көлөмдөгү чийки данды, мындай сандагы алптарды эптей албайт. Анын кебете-кешпири да (оозу, муруту) гиперболаштырылып сыпатталат.

Гипербола азыркы адабиятта да колдонулат. Айрым мисалдарга кайрылалы:

Кыжыры кайнап кетип кээ жерлерде

Чамынган арыстандай *жулкунабы...*

Биздерди жалгыз ***кайсап жиберчүдөй***

Жалындап ***оттой кайнап эки көзү*** (Ж.Т.). Ырда автор Рейн дарыясынын толкунун *чамынып, жулкунган арыстанга*, туткунга түшкөн орус аскеринин гитлерчилерге жинденген абалын *эки көзүнүн кызарып оттой кайнап,* бардык немец солдаттарын *жалгыз кайсап жиберчүдөй деп* салыштыруу аркылуу ойду апыртып сүрөттөйт.

Литота, жогоруда белгиленгендей – гиперболанын каршысын түзгөн троп, т.а., сүрөттөлүп жаткан нерсе, көрүнүш кичирейтилип берилет. Ушул аркылуу көркөм сезим өзгөчө эмоционалдык күчкө ээ болот, таасир этүүчүлүк кудурети күчөйт [Шериев Ж., Муратов А., 2004, 74-б.]:

Менин каным калды ***бир кашык,***

Этим калды ***көк жашык*** (“Эр Төштүк”). Контекстте зат өтө кичирейтилип көрсөтүлгөн. Кишиде орто эсеп менен 5 литрге жакын кан болсо, бир аш кашыкка 10 грамга жакын кан батары белгилүү. Эр Төштүктөй баатыр үчүн мындай өлчөмдөгү кан менен басып-туруп жүрүү чындыкка такыр коошпойт. Ал эми фольклордук чыгармаларда кездешчү *бир кашык кан* жана *этим калды көк жашык* айтымы аркылуу Эр Төштүктүн учурда өтө алсыз, арык, шайы жок экени образдуу, элестүү берилет. Литота профессионалдык адабиятта деле колдонулуп жүрөт:

Созулуп жаткан Соңкөлүм,

Соолбос ***алтын чөйчөгүм*** (Б.С.) деген ыр саптарында созулуп жаткан кенен Соң-Көл кичинекей чөйчөккө салыштырылып – литоталаштырылып жатат.

Көркөм текстте антитеза да салыштыруу кызматын аткарат. Стилдик бул ыкма көркөм адабияттын бардык эле түрлөрүндө кездешет, айрыкча ал ыр түрүндөгү чыгармаларда арбын колдонулат. Сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн маани-маңызын карама-каршы көрүнүшкө салыштыруу аркылуу көркөмдүк сапат күчөтүлөт [Шери уулу Ж., 78]:

Келериңде, дүнүйө,

Мөмөлүү дарак шактайсың.

Кетериңде дүнүйө,

Суу жетпеген кактайсың (Т.). Бул үзүндүдө эки түрдүү антитеза кызмат кылат. Ырдын (“Дүнүйө”) баш-аягын *кетериңде-келериңде* контрасты бириктирип турат. Ал – тексттин өзөгү. Ошого карап жашоодогу карама-карщылыктар белгиленет: дүнүйөнүн келиши – жакшы кубулуштар (кенен жашоо, куунак өмүр, ден соолук ж.б.), дүнүйөнүн кетиши терс көрүнүштөр (кембагалдык, жетишпестик, кайгы-капа, ооруу-сыркоо ж.б.). Келип-кетүү бул үзүндүдө *мөмөлүү дарак шактайсың жана суу жетпеген кактайсың* предикативдик оппозициялык түрмөктөр аркылуу берилет. Бул эки түрмөк карама-каршы мазмунда. Бул контрасттык салыштырууну *-тай* аффикси окшоштуруу аркылуу күчөтүп турат. Мындай антитеза менен салыштыруу кошо берилет. Көрсөтүлгөндөй, мындай карама-каршы салыштыруу нагыз жана контексттик антонимдердин жардамы менен жүзөгө ашырылат.

Аллегория көркөм сөздө көрүнүштөрдү каймана сүрөттөө, образдарды өтмө мааниде берүүдө кенен колдонулат. Түшүнүктөрдү, ойлорду кыйытып, каймана мааниде берүү тамсилдерге, сатиралык куйкум сөздөргө мүнөздүү. Дүйнөлүк көркөм сөз өнөрүндө ар бир эл жашоо-тиричилигине, тарыхына, шартына ылайык ар түрдүү кыйытма ыкмаларды пайдаланышат [Шериев Ж., Муратов А., 2004, 15-б.].

Каймана айтуу фольклордук чыгармаларда да кеңири колдонулат. Тамсилдердин каармандары көбүнчө жаныбарлар аркылуу туюнтулуп, аларды сүрөттөгөн сөздөр адамдардын образдарына ылайыкталып колдонулат, аларга жакын сүрөттөлөт, адамдагы терс сапаттарды окурманга таасирдүү көрсөтүү үчүн алардын образдары жан-жаныбарларга салыштыруу аркылуу берилет. Көпчүлүк тамсилдерде эшек – аңкоо адамга, булбул – чечен же ырчыга, түлкү – куу, айлакер, ийнелик – жалкоо, кой – жоош, карышкыр – күчтүү, зөөкүр; коён болсо коркок, жүрөгү жок адамдарга салыштырылат.

Параллелизм – эки же андан артык предметти, көрүнүштү катар коюу менен поэтикалык мазмунду ачып берүү жолу. Мында форма менен предмет конкреттештирилет. Параллелизм ыкмасы оозеки чыгармаларда, поэзияда,

макал-ылакапта жана төкмө акындардын ырларында кездешет [Шериев Ж., Муратов А., 2004, 68-б.)].

Мисалы: *Дайранын көркү кемеде,*

Баланын көөнү энеде.

Акыл айтсаң тыңшабайт,

Акмактын көөнү жемеде (Т.). Ырдын биринчи, экинчи, төртүнчү саптарындагы ойлордун мазмуну, сүйлөмдөрдүн морфологиялык-синтаксистик окшош түзүлүшү өз ара параллелдүү түрдө салыштырылып жатат. Параллелизм макалдарда өзгөчө көп пайдаланылат:

Көп тү- күр-сө, көл бол -о-т,

Көл тол-ку-са, сел бол -о-т. Мында уңгуга уңгу, мүчөгө мүчө жандашып, шарттуу багыныңкы сүйлөмгө ошондой түзүлүштөгү фраза, баш сүйлөмгө баш сүйлөм жандаш келип, тыбыштык кайталоолор *(кө-кө, т-т, с-с, л-л, о- о,т-т)*, сөз кайталоосу *(бол-бол)* тексттин көркөмдүгүн, бүтүндүгүн, таасирдүүлүгүн уюштуруп турат.

Салыштыруу, демек – көркөм кепте кеңири колдонулуучу көркөм сөз каражаты, негизинен, стилистика менен поэтиканын категориясы. Ал – элдик оозеки чыгармалардын көбүнчө поэзия жанрында эң эле көп колдонулган, образ түзүүнүн, чыгарманын көрктүүлүгүн, элестүүлүгүн арттыруучу көркөм сөз каражаты. Салыштыруунун жогоруда биз келтиргендерден сырткары да бир топ мүмкүнчүлүктөрү, ыкмалары бар. Азыркы адабиятта ыр түрүндө гана эмес, прозалык чыгармаларда да салыштыруу көркөм сөз каражаты катары кеңири, ыктуу колдонулат. Бирок оозеки адабият менен жазма адабияттык салыштырууларда аздыр-көптүр айырмачылыктар байкалат. Тагыраак айтканда, эпостордо каармандар элдин анимисттик, тотемдик, диний түшүнүктөрүнө байланыштуу *алп кара куш, дөө, кабылан, ак куу, албарсты* сыяктуу жаныбарларга салыштырылса, реалисттик адабиятта *гүл, тоо, көл, төө, чагылган, акак* ж.б. ар түрдүү заттарга окшоштурулат.

Биз жогоруда салыштырууга кенен токтолуу менен, бул жөнүндө Д.У. Ашурова: “... салыштырууну лингвистикалык планда изилдөө абдан аз бойдон

калып отурат. Көптөгөн эмгектерде салыштыруу лингвистикалык планда каралбастан, аны кыскача мүнөздөп жазуу менен гана чектелишет”,– деп айткан пикирди эсепке алдык [Ашурова Д., 29]. Эми салыштыруунун лингвистикалык маани-маңызына токтололу.

Орус лингвистикасындагы салыштыруунун стилдик ыкмасына негиздүү аныктама берген окумуштуу катары И.Р. Гальперинди эсептөөгө болот: “Эки түшүнүк, негизинен, эки түрдүү көрүнүштүн классына кирет жана алар өз ара кайсы бир белгилери боюнча салыштырылат. Салыштыруунун стилдик ыкмасынын негизги шарты көп белгилеринин арасынан кандайдыр бир белгиси жакын же окшош болуусу керек. Көбүнчө салыштыруу салыштырылып жаткан эки предметке да мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө эмес, биринде бар болуп, экинчисинде жок болгон айырмачылыкка карата жүргүзүлөт” [Гальперин И., 167].

Кыргыз тилинде да салыштыруу түшүнүгү эки зат же түшүнүктү айырмалоо, артыкчылыгын же кемчилигин белгилөө, катар коюп салыштырып көрүү ж.б. маанилеринде колдонулат.

Кыргыз тилинин сөздүгүндө салыштыруунун 2 мааниси көрсөтүлөт:

1) эки нерсенин ортосундагы айырмаларын, мүнөздүү белгилерин, кайсынысы кандай экенин ж.б. аныктоо, көрсөтүү;

2) жарыштырып сынап көрүү [Кыргыз тилинин сөздүгү, 1069].

Бирок буга байланыштуу тил илиминде сын атоочтун жана тактоочтун салыштырма даражалары, салыштырма багынычсыз татаал сүйлөм, салыштырма багыныңкы татаал сүйлөм, салыштырма бөлүкчө, салыштырма байламта, салыштырма чакчыл түрмөк деген гана терминдер колдонулат. Аларды кыргыз лингвистикасында бириктирип, жалпылоочу негизде талдоо колго алына элек. Биздин изилдөөдө салыштырууну уюштуруучу тилдик каражаттарды грамматиканын түрдүү бөлүктөрүндө, ар кыл аталышта, бири-бирине байланыштырбай, жалпылыктары көңүлгө алынбай каралгандыгын эсепке алып, **аларды синтездөөчү функционалдык-семантикалык алкактын чегинде сыпаттоо** максат катары кабыл алынды.

Биринчи баптан алынган тыянактар

Биринчи баптан төмөнкүдөй тыянактарды алууга болот:

1. Бир заттын, көрүнүштүн, кыймылдын, мүнөздүн ж.б. сапатын элестүү ачып көрсөтүү үчүн аны өзүнө окшогон башка нерсеге, көрүнүшкө, кыймылга, мүнөзгө ж.б. салыштыруу аракети көркөм адабиятта, элдик оозеки чыгармачылыкта, дискурста көп кездешет. Сүрөттөөнүн бул түрүн салыштыруу деген термин менен атайбыз. Салыштыруу аркылуу сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн сырткы түрү көзгө даана элестелет, так түшүнүп, тез кабыл алып, анын ички маңызын ачып билүүгө жакшы өбөлгө түзүлөт.

2. Салыштыруу – троптун таркалган түрү. Салыштыруу теориясы боюнча алгач гректерде жана римдиктерде сөз болуп, андан кийин орус окумуштуулары тарабынан изилденип, бай изилдөө тарыхына ээ болду. Салыштыруу илимде гносеологиялык, логикалык, философиялык, адабий жана лингвистикалык категория катары каралат. Бул түшүнүк философиялык-логикалык өңүттө (Аристотель, И.А. Бодуэн де Куртенэ, Ф. де Соссюр, В. Богородицкий, Н.А. Широкова, В.И. Кодухов, В.И. Бартон, И.Т. Фролов ж.б.); образдуулук теориясы жаатында же көркөм адабияттык каражат катары (М.В. Ломоносов, Ф.И. Буслаев, А.А. Потебня, Н.Н. Макаренко ж.б.); тилдик көрүнүш катары (А.А.Шахматов А. Лебедева, Ю.Ю.Ушакова, В.Н. Телия, Н.А. Андромонова, Н.Д. Арутюнова, А.Вежбицкая, Ю.Н. Караулов, В.В. Виноградов, Ф.Ф. Фортунатов, В.М. Огольцев) изилдөөлөр бар. Орус тил илиминде салыштыруу маанисин туюндуруучу салыштырма түрмөк катары изилдөө да бир топ алгылыктуу жүргөн (В.И. Черемисина, И. Шенько, Н.А. Широкова, И.В. Левит, Н.С. Дмитриева, А.Г. Руднев, Ж.А.Киселева, И.К. Кучеренко ж.б.).

3. “Салыштыруу” түшүнүгү менен катар «теңештирүү», «окшоштуруу» сыяктуу сөздөр да колдонулуп жүрөт. Салыштыруу терминин ачыктоо үчүн алар менен айырмалоого туура келет. Салыштырууда сүйлөөчү өз оюн же сапаттык, же көлөмдүк, же маанилик жакындыгы, окшоштугу бар нерсе менен нерсени,

түшүнүк менен түшүнүктү бирин экинчисине салыштыруу аркылуу образдуу, көркөм маалымдаса, теңештирүүдө эки башка нерсе, түшүнүктү маанилик, функционалдык жакындыктары боюнча теңдештирип, бир катарга коюлат.

4. Орус тили илиминдеги салыштырууну изилдөө тарыхын И.В. Левит 4 мезгилге бөлүп карайт: 1-мезгил Н.И. Греч, А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаев ж.б. изилдөөчүлөрдүн ысмы менен байланышкан; 2-мезгилде Д.Н. Овсянико-Куликовский, А.А. Шахматов, А.М. Пешковскийлердин эмгектерин көрсөтөт, 3-мезгилде тутумунда багыныңкы байламталар жана салыштырма түрмөктөр катышкан сүйлөмдөрдү изилдөө күч алганын белгилесе (А.Г. Руднев, Н.А. Широкова), 4-мезгилде салыштыруунун дагы башка моделдеринин изилдөө иштерине кызыгуу күчөгөндүгүн белгилейт.

5. Чет тилдери боюнча тилдик салыштырууну классификациялоо боюнча окумуштуулар Д.Н. Фельдмане, И.З. Искандерова, Я.Г. Биренбаум, Д.У. Ашурова, Х.М. Гурбанов, В. Назарян ж.б. пикирлери бар. Алар салыштырууну кептеги функциясы, өзгөчөлүгү, логикалык катышы, көлөмү, түзүлүшү ж.б. критерийлери боюнча бөлүштүрүшөт; көрүнүп тургандай, бирдиктүү пикир жок. Ал эми азыркы кыргыз тил илиминде бул маселе атайын изилдөө объектисине алына элек. Айрым адабияттарда гана аздыр-көптүр сөз болот (А. Сапарбаев, Ж. Шериев, Ж. Элчиев, К.С. Момуналиев, Т. Нуруев, Б. Үкүева ж.б.).

6. Салыштыруу түшүнүгү – метафорага жакын түшүнүк. Ошондуктан метафораны адабият теориясында “жашыруун салыштыруу”, “кыскартылган салыштыруу” же, тескерисинче, салыштырууну “кеңейтилген метафора” деп да атап жүрүшөт. Экөө салыштырылган образдуу маанини бериши, адабий чыгармаларда көп колдонулушу боюнча окшош болгону менен биринин ордун экинчиси алмаштыра албайт. Ал бөтөнчөлүк: салыштырууда эки предмет же түшүнүк жарыша салыштырылып, өзүнө тиешелүү грамматикалык каражаттары болсо, метафора ал каражаттардан ажырап, өзүнө жакын түшүнүктүн ордуна колдонулуп, өтмө мааниде гана келгендигинде. Кыргыз филологиясында салыштырууга караганда метафора бир топ жеткиликтүү изилденген.

7. Кыргыз тилиндеги салыштыруунун өнүмдүү каражаты болгон *-дай* мүчөсү Евразия тилдик уясындагы бир катар тилдерде колдонулуучу *dang* (тең) баба уңгусунун азыркы учурдагы рефлекси болушу мүмкүн. Бул пикирибиз бир топ мисалдар менен жөндөлдү.

8. Орус, айрым кыргыз тил илиминдеги пикирлерди окуп-изилдеп чыгуу менен, тилдик салыштыруунун төмөнкүдөй классификациясын сунуштайбыз:

I. Максаты боюнча:

1) заттын же түшүнүктүн, кырдаалдын артыкчылыгын же кемчилигин көрсөтүү (мында бир түшүнүктөгү белгинин, сапаттын, сандын, көлөмдүн ж.б. аз же көп экендиги, артык же кем, кичине же чоң экендиги, оош-кыйышы, басымдуулугу ж.б. салыштырыла көрсөтүлөт);

2) затты, түшүнүктү, кыймыл-аракетти же кырдаалды окшоштуруу, теңдөө, барабар коюу максатындагы салыштыруу (эки заттын же түшүнүктүн жалпы белгилерин окшоштуруу, салыштыруу мааниси туюлат);

3) курулай же, чын эмес салыштыруу (мындай салыштырууда кыймыл-аракет жасалмалуу же чын эмес, ишке ашпаган экинчи кыймыл менен салыштырылат).

II. Мазмуну боюнча:

1) предметке же жансыз затка салыштыруу,

2) адамга салыштыруу,

3) кыймыл-аракетке салыштыруу,

4)жаратылышка салыштыруу,

5) түшүнүккө, окуяга салыштыруу,

6) өсүмдүккө салыштыруу,

7) жаныбарга, кушка салыштыруу,

8) орунга, турак-жайга салыштыруу,

9) психологиялык абал-кырдаалды салыштыруу,

10) образдуу салыштыруу.

III. **Формасы боюнча:**

1) оң салыштыруу (ой, көрүнүш, адам же заттын өзгөчө, артык белгилери салыштырылып көрсөтүлсө оң салыштыруу дейбиз);

2) терс салыштыруу (мында сапат, сыпат же белги терс, жагымсыз, жийиркеничтүү, керексиз мааниде салыштырылат).

IV. Салыштыруу маанисинин берилишинин грамматикалык каражаттары же түзүлүшү боюнча:

1) жөнөкөй салыштыруу (эгерде салыштыруу мааниси синтетикалык жол менен берилсе – жөнөкөй салыштыруу деп атайбыз. Мындай каражаттарга салыштыруучу *-дай, -ча, -чалык, -чылап, -часынан, -мыш, -сыйт, -сыра, -ыраак, -гыч, -омук, -ыш* ж.б. мүчөлөрү кирет);

2) татаал салыштыруу (аналитикалык ыкманын негизинде салыштырууну татаал салыштыруу деп кароого болот). Мындай салыштырууга сөз айкаштары, фразеологизмдер, синтаксистик татаал түрмөктөр, татаал сүйлөмдөр, макал-лакаптар аркылуу салыштырууларды мисал келтиребиз.

Салыштыруунун мындан башка да түрлөрү болушу мүмкүн. Анткени салыштыруу – өтө көп кырдуу, көп маанилүү, кепте жыш колдонулуучу түшүнүк.

II бап. САЛЫШТЫРУУНУ ТУЮНТУУНУН ТИЛДИК-СЕМАНТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА ЫК-МЕТОДДОРУ

Салыштырууну лексикалык, семантикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттар уюштурат. Мындай каражаттарды жалпылап аныктоо – ушул бөлүктүн негизги милдети. Лексикалык каражаттарга *тең, окшош, барабар, чоң, кичине* ж.б. сөздөр кирет. Алар эки затты, аракетти, сапатты же кубулушту окшоштуруу же айырмалоо үчүн колдонулат. Салыштыруунун семантикалык тараптан берилишин түрдүү троптор – метафора, метонимия, гипербола, синекдоха, литота ж.б. ыкмалар уюштурат. Маселен, элдик ырда *Кызарып бышкан алмасың...* деген сап бар. Бул жерде персонажды адамды кызыктырган (өң-түсү менен, жагымдуулугу менен, жетилгендиги менен) сапаттарга ээ мөмө-жемишке теңөө бар. Бул мисалда метафора салыштырууну уюштуруп турат, салыштырылып турган заттын аты предикаттык кызматта. Ал баяндооч катары сүйлөмдүн борборун түзүп турат.

Ал эми морфологиялык өңүттө алганда, салыштырууну уюштуруучу көптөгөн аффикстер жөнүндө сөз болот. Мындай сөз өзгөртүүчү мүчөлөр бир кыйла: 1) окшоштуруу аффикси *-дай, -дей, -дой, -дөй/ -тай, -тей, -той, -төй* алломорфтору аркылуу колдонулат; 2) теңдештирүү мүчөсү *-ча, -че, -чо, -чө* варианттарында ишке ашат; 3) окшошууга аракеттенүү аффикси *-сы, -си, -су, -сү* алломорфторунун жардамы менен берилет. Башка аффикстер да бар.

Синтаксистик каражаттарга келсек, анда бул ыкманын түрлөрү да көп. Буларга 1) зат атооч+ жандооч (*адам+катары/ сыяктуу/ сыңары*...), 2) зат атооч + сын атооч (адамга окшош/ тең.., адам+кебетелүү/ келбеттүү/ сүлпөттүү/ сымбаттуу.., адамдан + акылдуу/ чоң... ж.б.), 3) зат атооч этиш (*малга+окшошуу/ теңелүү.., малды+ тууроо* ж.б.), 4) татаал сүйлөмдүн бөлүктөрү ж.б.

Изилдөөнүн бул бөлүмүндө салыштыруу ФСТнын негизги каражаттары кенен талданат. Салыштыруу маанисин уюштуруунун каржаттары көпчүлүк учурда «Чоочун киши» романынан алынган сүйлөмдөр менен далилденген үчүн,

текстте автордун аты көрсөтүлбөдү. Башка учурларда авторлордун теги кыскартылып берилди.

2.1. Изилдөөнүн материалдары жана ык-методдору

Салыштыруу – ири, көп таркалган функционалдык-семантикалык талаа. Аны жаратуучу тилдик каражаттар арбын, көп түрлүү. Аны сөздүн семантикасындагы “жылыштар”, өтмө маанилер (метафоралык, литоталык, синекдохалык, гиперболалык ж.б. троптор аркылуу), кошумча морфемалар (мүчөлөр), жардамчы сөздөр, ири семантикалык блоктор, сөз айкаштары, сүйлөмдөр уюштурат.

Элдик ырга кайрылалы: *Кызарып бышкан алмасың, кол жеткис бийик жайдасың... // Агарып бышкан алмасың, ал жеткис бийик жайдасың...* Мында эки строфанын параллелдикти, көркөмдүк жандаштыкты түзгөн эки сабы келтирилди. Буларда эки тарап бар: ырдоочу тарап (автор) жана ыр арналган тарап (адресат). Авторду адресант десек да болот. Адресат – сүйүүнүн, жактыруунун объектиси. Адресант аны бышкан алмага салыштырат. Бышкан алма – даамдуу, көрктүү, жагымдуу жемиш. Анын аталышы предикаттык кызматта туруп, сүйлөмдүн борборун ээлеп турат. Сөз өзгөртүүчү *-сың* мүчөсү заттык маанисине кыйыр катышты. Бирок бул мүчөсүз зат колдонулбайт. Салыштыруу мааниси заттын семантикасынын чегинде берилет. Демек, салыштырууну мында атооч жөндөмөдөгү зат берип жатат. Ал эми мындай маани *Ал чочко эле* сүйлөмүндө бар. Адресат мүнөзү же кебетеси боюнча доңузга окшотулат. Бул мисалдардын негизинде салыштырууну төрт элементтин катышынан куралган грамматикалык-семантикалык кубулуш катары карайбыз: 1) окшогон нерсе, 2) окшотулган нерсе, 3) окшош белги, 4) окшоштукка кошумча каражаттар. Мындай каражаттар вербалдык (*-дай, -ча* мүчөлөрү, *сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер, куду, өңдүү* деген кошумча кызматчы сөздөр) жана вербалдык эмес (ымдоо, жаңсоо, тууроо ж.б.) түрдө болот.

Ошентип, **изилдөөнүн материалы** катары тилдеги салыштыруу талаасы жана аны уюштуруучу каражаттары тандалып алынды. Бул теманын өзүнчө

чеги, көлөмү, түзүлүшү бар. Ал көп катмарлуу, көп деңгээлдүү, функционалдык-семантикалык система. Бул системанын чегинде борбордук– жакабел көрсөткүчтөрү, жыш колдонулган каражаттар – сейрек учураган каражаттар, жалпы түзүлүштөгү – өзгөчө түзүлүштөгү фактылар талданат.

Изилдөөнүн **объектиси** катары тилдеги салыштыруу функционалдык-семантикалык талаа, салыштыруу категориясынын тилдик каражаттары, ал эми **предмети** катары З.Сооронбаеванын «Чоочун киши» (I, II китеп) романындагы салыштыруу семантикалык категориясын туюнтуучу тилдик-көркөмдүк каражаттар тандалып алынды.

Илимий изилдөөнүн талдоо материалдары. Алынган теориялык маалыматтар, илимий жоболор, пикирлер белгилүү жазуучу Зуура Сооронбаеванын “Чоочун киши” романынан алынган мисалдар аркылуу сыпатталды. Чыгармадагы темага байланыштуу тилдик бирдиктердин көп колдонулушу илимий ишти аткарууга мыкты материал боло алды, андан алынган фактылар теманын үстүндө иштөөгө чоң өбөлгө болду.

Салыштыруу семантикасында жогоруда айтылгандай, негизги 4 элемент же каражат өзгөчө маниге ээ.

Диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык базасын Никулин В.С. (1937), Батманов И.А. (1940), Аскарова М. (1960), Воинова Э.С. (1963), Биренбаум Я.Г. (1966), Широкова Н.А. (1968), Абдушукурова Ж.А. (1969), Ашурова Д. (1970), Арынов М. (1972), Шенько И.В. (1972), Черемисина В.И. (1973, 1976), Лосев М.И. (1976), Бартон В.И. (1978), Арутюнова Н.Д. (1979), Искандерова И.З. (1982), Гурбанов Х.М. (1988), Вежбицкая А. (1990), Павлова В.В. (1994), Разумова О.П. (1997), Абсаматов С.Б. (1997), Макаренко Н.Н. (2001), Жаркова У.А. (2004), Трегубчак А.В. (2008), Кыржинакова Э.В. (2010), Мурзина Н.Ю. (2010), Левит И.В. (2005), Левина Е.А. (2006), Новикова Е.В. (2006), Яхина Д.И. (2007), Анохина Ю.М. (2008), Прогорелова М.В. (2013); ата мекендик же кыргыз окумуштууларынан Сартбаев К. (1957), Орузбаева Б.Ө. (1964, 1983, 1994, 2000), Жакыпов Ы. (1965), Закиров С. (1772), Сапарбаев А. (1975, 1997), Гапаров С. (1979, 1999), Сейдакматов К.

(1987), Зулпукаров К. (1994, 2016), Ибрагимов С. (2000, 2010), Аширбаев Т. (2000), Шериев Ж. (2004), Маразыков Т.С. (2005), Баястанова Т. (2005) , Жапаров А. (2007), Мусаев С.Ж. (2009, 2010); Иманов А. (2009), Жалилов А. (2010), Элчиев Ж. (2012), Муратов А.Ж. (2013), Нуруев Т. (2015), Абдувалиев И. (2015) ж.б. эмгектеринде чагылган лингвистикалык салыштыруу категориясы бонча илимий маалыматтар түздү.

Ишти аткарууда бир нече ыкмаларга, метод-усулдарга кайрылдык. Өзүнчө жаңы метод иштелип колдонулбады. Иштин биринчи этабында негизги усулдар катары **эмпирикалык процедуралар, ыкмалар** кызмат кылды:

1) проблема тууралуу толук түшүнүктү калыптандырыш үчүн түрдүү справочниктерге, сөздүктөргө (түшүндүрмө, эки тилдик, энциклопедиялык ж.б.) кайрылдык; ошондуктан алгачкы ыкманы **лексикографиялаштыруу** деп атоого болот;

2) түрдүү илимий макалалардан, монографиялык эмгектерден, окуу-методикалык басылмалардан “салыштыруу” терминин аныктамаларын жыйнап, жалпылаштырууга аракет жүрдү; ошондой эле бул термин туюнткан фактыларды оозеки кептен, жалпы маалымат каражаттардан, көркөм адабияттан топтодук; демек, кийинки метод катары материал **топтоо, саноо** ыкмалары иштетилди;

3) жыйналган материал иреттелип, өзүнчө айкын болгон критерийлердин негизинде топтоштурулду; ошондуктан иштин бир кыйла бөлүгү **системалаштыруу**, иреттеп топтоштуруу усулуна негизделип аткарылды;

4) колдонулуучу фактылар көп учурда чечмелөөнү, түшүндүрүүнү талап кылат, ошондуктан биздин эмгекте **интерпретациялоо** методу да негизги натыйжаларды алууга өбөлгө болду;

5) кээде, албетте, башка тилдеги мисалдарга да кайрылууга туура келди; айрыкча, орус лингвистикасында салыштыруу категориясы терең, кенен изилденген; андагы мисалдарды, табылгаларды кыргызчалатуу **котормо** усулуна кайрылууга мажбурлады;

6) салыштыруулар өтө таркалган лингвостилистикалык каражат катары пикир алмашуунун түркүн чөйрөлөрүндө колдонулат; алардын иштөө, пайдалануу жагдайлары, сфералары көп кырдуу, кенен болуп, текстте, контекстте түрдүү маани-маңызга өзгөрүлүп турушу тыкыр жүргүзүлгөн байкоону, атайын каттоону талап кылат; ошондуктан иштин мазмунун, бүтүндүгүн камсыз кылууда **байкоо жүргүзүү** ыкмасы орчундуу мааниге ээ болду;

7) салыштыруу каражаттарын функционалдык-семантикалык толук аныкташ үчүн биз **трансформациялоо** методуна кайрылдык; мунун чегинде салыштырылып жаткан эки заттын, сапаттын же процесстин окшоштугун, бөтөнчөлүгүн берүүчү тилдик каражаттардын ортосундагы өзгөрүүлөрдү уюштуруучу ыкмалар (субституция/бирин башкага алмаштыруу, инверсия/ орун алмаштыруу, түшүрүп коюу, кошуп/кийирип коюу ж.б.) иштетилди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, алга жылуусунда болжолдуу натыйжаларга жетүү аракетинде бул усулдар жетишсиздигин көрсөттү, максат-милдеттерге толук жетүү үчүн биз бир нече **теориялык усулдарды** пайдаландык.

Жыйналган фактыларды түрлөө, топтоштуруу, чечмелөө аларды бир бүтүндүктүн өз ара семантикалык байланыштагы элементтери катары аныктоону талап кылгандыктан, биз **системалык методго** басым жасадык. Семантикасы жалпы болгон тилдик каражаттар структуралык-маанилик жактан бир кылка эмес, бир түрдүү боло албайт. Алардын окшоштуктарын да, бөтөнчөлүктөрүн да аныктоо **салыштыруу методу**на кайрылууга мажбурлады. Салыштырууну уюштуруучу тилдик фактылардын маани-маңызын толук ачыш үчүн биз **сыпаттоо усулу**н колдондук. Мунун алкагында ар бир факты өзүнчө мүнөздөмөгө ээ болду.

Кээде тилдик каражаттардын өз ара алакасын чийме, шарттуу белгилер аркылуу туюнтууга туура келди. Ошентип, **формалдаштыруу, моделдештирүү ыкмасы** да биздин изилдөөгө өбөлгө түздү.

Фактылардын талданышы, бөлүштүрүлүшү, айрым-айрым сыпатталышы **анализдөө**нү, алардын өз ара биримдигинин, бүтүндүгүнүн, жалпыланышынын

аныкталышы **синтездөө**нү талап кылды. Иштин айрым конкреттүү фактылардан жалпылыкка карай жүрүшү **индуктивдик метод**ду, жалпы көрсөткүчтөрдөн айрым кубулуштарга карай жүрүшү **дедуктивдик метод**ду колдонууга алып келди.

Окшоштуктарды табуу, бирдей көрсөткүчтөрдү аныктоо аналогияга негизделди. Талдоонун, системалаштыруунун, салыштыруунун, сыпаттоонун негизинде тыянак чыгаруу, жалпы жоболорду белгилөө, корутундулоо **жалпылоо методу**на негизделди.

Аталган ык-методдор диалектикалык методологияга таянат. Ошондуктан биз изилденүүчү объекттин элементтерин, түрлөрүн, байланыштарын, бүтүндүгүн, парадигматикалык-синтагматикалык биримдиктерин өз ара тыгыз алакада, синхрониялык-диахрониялык карым-катышта кароого умтулабыз.

2.2. Функционалдык-грамматикалык принцип жөнүндө

Функционалдык грамматикада тил түзүлүшүндөгү бирдиктердин кызматы, маани-маңызы биринчи планга коюлат. Тилдик бирдиктер түзүлүшү боюнча түрлүү деңгээлдерге кирип туруп да, туюнткан семантикасына, мазмунуна карап чогуу, бирге иликтенет. Эгер салттуу грамматикада изилдөө “тилдик сүлпөттөн (формадан) – кызматка (функцияга) карай” принциби аркылуу жүргүзүлсө, функционалдык грамматикада, тескерисинче, “кызматтан (функциядан) тилдик сүлпөткө (формага) карай” өңүтүндө аткарылат.

Бул грамматиканын дагы бир бөтөнчөлүгү – анда грамматикалык бирдиктердин, лексиканын жана контексттин өз ара карым-катыш мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачууга багытталышы, бул багытка артыкчылык бериши. Функционалдык грамматика, албетте, формалдык грамматиканы алмаштыра албайт, болгону муну толуктайт жана анда каралбаган семантикалык алкактарды жиктеп, топтоштуруп, жалпылап, сыпаттап берет. Анткени грамматикалык түзүлүштө анын система-структуралык касиеттери орчундуу маниге ээ. Ошондуктан функционалдык аспект грамматикада үстөмдүк кыла албайт.

Функционалдык грамматика тилдик функционалдык моделдин бир тарабы гана. Бул модель көлөмдүү, көп аспектилүү, ири түзүмгө ээ. Анын чегинде тилдик каражаттардын пикир билгизүүгө катышуусу, маалымат берүүнү жүзөгө ашыруусу, кепте белгилүү кызматты түздөн-түз аткаруусу, пикир алмашууга таасир көрсөтүүсү эсепке алынат. Эң башкысы – пикир алышууга катышкан тараптардын (сүйлөөчү менен угуучунун, жазуучу менен окуучунун) максаттарын ишке ашырууга негиз болуусу. Демек, функционалдык модель тилдин коомдогу кызматын башкарат, пикир алмашууну жөндөйт. Функционалдык грамматика болсо бул моделдин зарыл элементи катары кызмат аткарат.

Грамматикалык анализ эки багытта жүзөгө ашышы белгилүү: биринчиси – “каражаттардан функцияга карай” багыты, экинчиси – “функциядан каражаттарга карай” багыты. Бул багыттар – “каражат -функция” же “форма-функция” биримдигинин эки өңүтү. Мындай эки өңүттү көңүлгө тутуу учурдагы лингвистика үчүн баалуу. Изилдөөнү эки өңүттө жүргүзүү зарылдыгы бир нече жүйөөлөр менен түшүндүрүлөт.

Биринчиден, тилге асимметриялык дуализм кубулушу (С.О. Карцевский) мүнөздүү [Зверева Е., 123-140; Прогорелова М., 17, 137-138]. Анткени бир эле маанини бир нече форма (каражат) бере алат, бир эле каражат бир нече маанини туюнта алат. Мында симметрия жок. Бул – универсалдык мыйзам, ал бардык тилдердин түзүлүшүн шарттайт.

Экинчиден, грамматика үчүн тилдик маанилердин көп түрдүүлүгүн да, тилдик каражаттардын көп түрдүүлүгүн да эсепке алуу зарыл.

Үчүнчүдөн, ой үчүн да, кеп үчүн да, сүйлөөчү үчүн да, угуучу үчүн да эки өңүт бирдей керек. Сүйлөөчү пикир билгизиш үчүн ой казынасындагы маанилик блоктордон, түзүмдөрдөн зарыл каражаттарды издеп, таап колдонот, угуучу кабыл алынган каражаттарды өз ой-туюмундагы маанилерге шайкеш түшүнүү жүргүзөт. Сүйлөөчүнүн аракети “мааниден – каражатка”, угуучунун аракети “каражаттан – мааниге” карай умтулат. Демек, функционалдык грамматика пикир билгизүү, пикир алмашуу процесстери менен тыгыз байланышта. Ал – ой

казынасынын түзүмдөрүнүн “тышталуусу”, материалдашуусу, тилдик каражаттарга өтүп калыптануусу менен, ошол эле учурда тилдик турпаттагы белгилердин аң-сезимге, ойго, ой-туюмга өтүү процесстерин чагылдырууга катышкан грамматикалык багыт.

Салыштыруу өзүнчө талаа катары төмөнкүдөй касиеттери менен белгиленет:

1. Салыштыруу эки заттын, процесстин, кубулуштун, сапаттын “окшош окшош эмес”, “бирдей – бирдей эмес”, “тектеш – тектеш эмес”, “көлөмдөш-көлөмдөш эмес” ж.б. сыпаттоочу критерийлердин негизинде аныкталчу касиеттерин ачыктайт.

2. Салыштыруу аксиологиялык маңызга ээ. Анда салыштырылып жаткан кубулуштар бааланат, алардын артыкчылыгы же кемчилдиги, бир кылкалыгы же ар түрдүүлүгү, окшоштугу же контрасттуулугу ж.б. көрсөткүчтөрү белгиленет.

3. Салыштыруу – бул түрдүү деңгээлдеги, көлөмдөгү, сапаттагы, тилдик каражаттар аркылуу туюнтулуучу категория. Аны аткарган кызматы боюнча жалпы морфологиялык, синтаксистик, семантикалык ж.б каражаттар уюштурат.

4. Салыштырууну уюштуруучу тилдик каражаттар өзүнчө функционалдык-семантикалык топту түзүшөт. Локативдик топту морфологиялык (мисалы, *жер-де* таб. жөнд.), дериватологиялык же синтаксистик (буерде, *бул жерде* = аныктооч+аныкталгыч), фразеологиялык (*жердин жети түбүндө* “өтө алыста”) ж.б. каражаттар түзгөндөй эле, компаративдик топ да бир нече деңгээлдердин катышуусу менен жаралат. Алардын биримдигин келтирилген каражаттар гана түзбөстөн, аларды бириктирген, кызматын жакындаткан, биримдигин күчөткөн чөйрө (контекст) да чоң маниге ээ. Караңыз: *Ал жерде* (*=буерде/ бул жерде, жердин жети түбүндө) эле*. Сүйлөм бир аз жасалма көрүнөт. Аны өзгөртүп берүүгө деле болот. Мында *Ал...эле* кемтик сүйлөмү аталган топтук биримдигине чөйрө боло алды.

Салыштырууну уюштуруучу формалар да өзүнчө жалпы контексттер аркылуу топтолуша алат.

5. Салыштыруу категориясы – инварианттык мазмун, туруктуу жалпы маани. Ал өз курамына варианттарды конкреттүү, чектүү, кичи маанилерди киргизип турат. Варианттык маанилер жалпы инвариантка баш иет. Мисалы, “эки зат түсү боюнча бири экинчисине окшойт”, “эки зат бирдей бөлүктөрдөн турат”, “эки аракет бирдей мөөнөттө аяктайт”, “коноктордун үчөө картаң, калгандары жаш”, “бир үн жагымдуу, экинчиси анчейин эмес” ж.б. маанилер конкреттүү жагдайда салыштыруу каражаттары менен берилсе, алар варианттар катары кызмат кылат да, "салыштыруу" константалык маанисинин курамына кошулат.

6. ФСТ (функционалдык-семантикалык талаа) кош сапатка ээ – анда объективдүү да, субъективдүү да башталыш бар. Анын объективдүүлүгү тилдердин мыйзамына ылайык аларды пайдалануучулардын таламдарына жараша пайда болуп, пикир алмашууда эркин колдонулушунда жатат, ал эми субъективдүүлүгү изилдөөчүлөрдүн позициясына, кызыкчылыгына, даярдыгына, тажрыйбасына ж.б. өзгөчөлүктөрү менен шартталуусунда турат. Эгер, мисалы, салыштыруу категориясы тилде же тилдерде объективдүү, изилдөөчүлөргө көз карандысыз, өзүнчө пайда болуп колдонулса, изилдөөчүлөр аны түрдүүчө, түрдүү алкактарда изилдешет, түрдүү рубрикалардын алдында беришет, түрдүү сөз түркүмдөрүнө кошушат, түрдүү деңгээлдерде талдашат, түрдүү терминдер менен туюндурушат.

2.3. Функционалдык-семантикалык талааны (ФСТ) уюштуруунун синтетикалык жолдору

Күнүмдүк байланыш-катнашта салыштыруунун негизинде дайыма субъективдүү баалоо жатат, ошондуктан салыштыруунун өтө көп түрдүү, бири-бирине окшобогон каражаттары бар.

Салыштыруу, демек, сөздүн ички маанисинин өзгөрүлүүсү менен морфологиялык каражаттарды кабыл алып, сөз формасынын жаңы маанини кабыл алуусу жана көмөкчү же толук маанилүү сөздөрдүн жалгануусу менен уюштуруулучу функционалдык-семантикалык талаа катары каралат.

Салыштыруу маанисиндеги тилдик каражаттар көбүнчө туунду формаларда кезигет. Алар бир кыл эмес. ФСТнын түзүлүшү татаал, ал, негизинен, жогоруда аталган төрт элементтин катышынан: 1) окшогон нерсе, 2) окшотулган нерсе, 3) окшош белги, 4) окшоштукка кошумча каражаттар куралат. Мына ушул төрт элементтин болушу ФСТны түзүүнүн негизи болуп саналат. Буларсыз салыштыруу уюшпайт. Мисалы, *Чын эле, уулдарыбыз бири-бирине* ***коёндой окшош*** *экен.* Мында 1) окшогон нерсе – жаныбар, коён; 2) окшотулган нерсе – адамдар, эки уул: Асан менен Үсөн; 3) окшош белгилери – кебете-кешпири, дене түзүлүшү; 4) окшоштукту белгилөөчү материалдык каражат – *-дай* мүчөсү.

Кээде салыштыруу мааниси сөздөрдүн мүчө уланбаган баштапкы формасы аркылуу да (атайын каражаты жок эле) туюндурулат: *Жайнагүлдүн Толкунбекке болгон ажайып сүйүүсү эрди-катындын өмүрүн бири-бирине байланыштырып турган* ***алтын көпүрө*** *болду.* Бул жерде *алтын көпүрө* окшотулган нерсенин аты катары материалдык каражаттарды кабыл ала алат. Анын ордуна *алтын көпүрөдөй/ алтын көпүрө сыяктуу* ж.б. формаларды коюуга болот. Салыштырууда жогорудагыдай 4 элемент катышпаса, логикалык салыштыруу катары өзгөчөлөнөт. Синтетикалык формалуу ФСТнын каражаттары негиз сөзгө бир нече мүчөлөрдүн уланышы менен жасалат.

Кыргыз тилинде салыштыруу функционалдык-семантикалык талааны (ФСТ) туюндуруунун өнүмдүү каражаты – *-дай/-дей/-дой/-дөй/-тай/-тей/-той/ -төй* морфемалары. Бул куранды – эң байыркы тилдердин уңгусунан таркалган *теңҗ /деңҗ/ тег/ дек/ тей/ дей* рефлекстеринин бирөө. Ал атооч сөздөрдүн бардыгына жалганып, салыштырма жөндөмөнү жаратуучу мүчө. Бул мүчө жалганган сөздөр төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Аныкталгычтагы сапаттык белгинин кандайдыр башка затка окшоштук касиетин билгизет: *балдай таттуу, калемпирдей ачуу, булактай тунук, суудай таза* ж.б.
2. Аныкталгычтын форма, көлөм, чоңдук белгилерин кандайдыр башка

затка окшоштук болгон касиетин билдирет: *мончоктой жаш, кенедей акыл, карышкырдай сүр, аюудай айбат, кылдай ичке* ж.б.

3. Кыймыл-аракеттин аткарылышына, жүрүшүнө окшош белгилерди, касиетти, билгизет: *оттой күйөт, балыктай сүзөт, чоң кишидей сүйлөйт, кишидей бас* ж.б.

4. Аныкталгыч болуп келген сын атоочтогу касиеттин молдугун, арбындыгын, күчтүүлүгүн, көптүгүн билдирет: *сүттөй ак, темирдей катуу, үйдөй чоң* ж.б.

Сөз болуп жаткан -*дай* мүчөсү сөздүн курамында жалаң гана конкреттүү заттарды билдирүүчү уңгу сөздөрдөн кийин (*асмандай, сүттөй, суудай*), туунду сөздөрдөн кийин (*күндөгүдөй, суучулдай*), атоочтукту уюштуруучу форма жасоочу мүчөлөрдөн кийин (*тапкандай, ыйлап жиберчүдөй, болордой, кайтпастай*), сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдөн кийин (*бактыбыздай, айтканыңардай, жытындай, оюндагысындай*) орун алат.

Тилибизде уңгу-мүчөгө жиктелбей калган туунду сөздөрдүн курамынан да -*дай* мүчөсүн жолуктурууга болот: *кандай (‹кан//кай* сурама ат атоочторго -*дай* мүчөсү жалганып жасалган); *бирдей* «окшош» маанисиндеги атооч сөз, (‹бир – «жалгыз»+ -*дай*; *каран-дай чай, суу* «сүт кошулбаган», «накта» ж.б. *‹кара* + -*н* + -*дай*); *жагдай* «абал, кырдаал» (*жак* «сторона» > өтмө мааниде: «бир нерсе, көз караш ж.б. жактоочу, колдоочу» + -*дай*). *Кандай* сөзүнүн уңгусу өз алдынча колдонулбайт, *канча, кантип* сөздөрүнүн курамында гана учурайт.

Кыргыз тили боюнча окуу китептеринде К. Тыныстановдон баштап [Тыныстанов К., 31-34] -*дай* мүчөсү тиешелүү ордунда баяндалып келет. Кийинки изилдөөлөрдө да ага жетиштүү көңүл бурулган [Кыргыз тилинин жазм.грамматикасы,126-177; Ожегов С., 152, 156, 287].

Байыркы түрк тилинде -*дай* «тег», «сыяктуу», «окшош» деген маанидеги бүтүн сөз болгон. Ал кийин аффикс болуп, уңгуга ширелишип кеткен. Бул мүчө көбүнчө зат атооч сөздөргө жалганып, катыштык сын атоочторду жасайт: *муштумдай, шөкүлөдөй, тукабадай* ж.б. Биз бул жерде салттуу терминди колдонобуз.

Ал мүчө ат атоочтордон да сын атооч жасай алат: *сиздей, мындай, өзүндөй* ж.б.. Кепте *бул+-дай* курамынан түзүлгөн *мындай*; *ушул+-дай* курамынан түзүлгөн *ушундай*; *тигил+-дей* морфемаларынан түзүлгөн *тигиндей* ж.б. сөздөрү орундук маанини туюндуруп, тактооч болуп да колдонулат, муну атооч уңгулуу сын атооч менен чаташтырбоо керек: *-Келгиле, кудагый-куда, капырай кайда жүрөсүңөр, жогору өткүлө* ***мындай***. Бул өзгөчөлүктү контексттен аныктоого болот. *Ошол* шилтеме ат атоочуна уланып, салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламталык милдет да аткарат. Бул учурда *кандай* сөзү менен бирге колдонулат: *Асан менен Үсөн, Жаннат – үчөө силерге кандай керек болсо, абышка экөөбүзгө сен али* ***ошондой*** *эле наристе көрүнөсүң*. Мында эки ат атооч жупташып, сүйлөмдөрдү бириктирүүчү кызмат кылышат. Лексикалашып кеткен ат атооч уңгулуу *бүтүндөй* сөзүндө да салыштыруу мааниси байкалбайт.

Тилибизде *-дай* мүчөсү менен жасалган айрым сын атоочтордун ичинен өтмө мааниде колдонулгандары да бар. Мисалы, *Тообо, ушул экөө* ***чыбыктай*** *болгон Жакиндин ичине кантип батты экен дейм да.* ***Кенедей*** *немени ителеп жумшаба деп, атаң ортого түшөт да турат*. Мисалдардагы *чыбыктай* деген сөз каарман Жакиндин (Жайнагүл) ичке, арык сымбатын өтмө мааниде сүрөттөсө, Жанаттын кичинекейлиги өтмө мааниде *кенедей* деген аныктооч сөз менен салыштырыла көрсөтүлдү. Буга мындан башка да *кыпындай, кымындай, кумурскадай, бакандай, дөөдөй* ж.б. сөздөрдү келтирүүгө болот.

Бул мүчө сан атоочторго уланган учурда салыштыруу эмес, чамалоо, болжолдоо маанисин билдирип калат: *ондой, элүүдөй, он чакырымдай* ж.б.. *Бир* деген сан атоочко жалганган менен, сандык семантикасынан («бирдей») алыстап кеткен. Эскерте кетчү жагдай: чамалоо маанисин *-дай* мүчөсү уланган *он, жыйырма, жүз, миң, он миң* сыяктуу онго эселүү сандар гана билдиришет, бул мүчө *5тей, 157дей, 219дай* ж.б. түрүндө келбейт.

Салыштыруу маанисиндеги *-дай* мүчөсү жалганган *-ган* формасындагы атоочтукка жатыш жөндөмөдөгү *жогору* деген тактоочтун жана атооч жөндөмөдөгү айрым зат атоочтун же жактама ат атоочтун айкашып айтылышы

менен: *жогоруда айтылгандай, жогоруда көрсөтүлгөндөй, эл айткандай, Зарыл айткандай* [Аз.кырг. адабий тили, 2009, 326-б.] сыяктуу киринди сөздөр жасалат.

Ошентип, азыркы кыргыз тилинде салыштыруучу -*дай* мүчөсүнүн атооч сөздөргө жалгануу мүмкүнчүлүгү кеңири, бирок колдонулушу бир калыпта эмес. Айрымдары белгилүү бир туруктуу сөз айкаштарында гана айтылса, кээ бирлери өзүнүн алгачкы маанисин жоготуп, сөз өзгөртүүчүлүк касиетке ээ болгон, бир катары азыркы кезде жеке колдонулбаган сөздөргө жалганат.

Көптөгөн туруктуу сөз айкалыштары салыштыруучу -*дай* мүчөсү катышкан сөздөрдөн турат: *сүткө тийген күчүктөй, буту күйгөн тооктой, оозун араандай ачуу, союп каптагандай, ботодой боздоо* ж.б. Бул фразеологизмдердин курамына салыштыруу формасы күчөтмө маани берип турат.

Жогоркудай туруктуу сөз айкалышында айтылып жүрүп көнүмүшкө айланган тизмектердин айрымдарында аныктала турган сөздүн өзү түшүп калып, -*дай* мүчөсү менен бүткөн салыштыруунун өзү калып же андай кыскартуу болбой (толук айтылган түрү кыргыз тилинде жарыш) колдонула берет: *чөөдөй сары – чөөдөй, таштай катуу – таштай, көөдөй кара- көөдөй, октой түз – октой, көздөй жакын – көздөй, жылгындай жаш – жылгындай* ж.б.

Ушул сыяктуу баскычты басып өтүп, азыр жалаң эле салыштыруу түрүндө айтылып, өтмө мааниде колдонулуп калган сөздөр кыргыз тилинде учурайт: *жардай, күүдөй, кочкордой, кыпындай, чүкөдөй, тырмактай, бармактай, чычаладай, мистей* ж.б. Бул сөздөр салыштыруу формасында болгон менен, башка маани берет. Алсак, *кыпындай, чүкөдөй, муштумдай, бармактай, биттей, чычкандай, томуктай* деген сөздөрдүн үңгулары ар башка болгон менен «кичинекей» деген маанини туюнтушу аркылуу баары бир топко биригет. Ал эми *жардай, күүдөй, күптөй, кочкордой, тоодой, үзүктөй* деген сөздөр «чоң, зор» деген маанини билдирет.

Бир топ сөздөрдө салыштыруучу -*дай* мүчөсү даана көрүнүп турган менен, ал сөздөрдүн үңгусу өзүнчө колдонулбайт: *алданемедей, акыйдай, дырдай, манектей, чайыттай, манаттай, мыйдай болуу, чечкедей, чүштөдөй* ж.б.

[Сейдакматов К., 68]. Бул мисалдардын ичинен айрымдарынын түпкү маанисин аныктоого болот. Алсак, *кындырдай* сөзү “кичинекей” деген маанини берет. Ал араб тилинде *киндир* түрүндө айтылып, “чыпалакты” туюндурат. Мына ушул “чыпалак” деген маанидеги сөзгө *-дай* мүчөсү жалгануудан *кындырдай* сөзү келип чыгат. Ал эми *дулай* сөзүн К.К. Юдахин мындайча которгон: 1) зимняя обувь, изготовляемая из войлока или овчины; 2) нарыв, опухоль (чаще от пуг – на ногах овчей птицы) [Юдахин К., 200]. Мына ушундан “дулайдай болуп шишиди” деген сөз айкашы жаралган. Ал эми *чүштөдөй* деген салыштырууда *чүштө* сөзү мурда “жука кездеме” деген маанини берген [Кырг.тилинин түшүндүрө сөздүгү, 709]. Азыр бул эки сөз тең архаизмге айланган. Ошондуктан, *чүштө* же ал туюнткан маанилер колдонуудан чыгып, унутулуп бара жатат. Бирок, *дулайдай, чүштөдөй* деген салыштыруулар активдүү колдонула берүүдө.

Айрым элестүү этиштерге салыштыруучу *-дай* мүчөсү уланат. Алардын кээ бирлери этиштен кийин жалганат: *үксүдөй болгон, саксыйдай болгон, томуйдай болуп, көкчыйдай болуу, ырбыйдай болуп* ж.б.

Кээде бул мүчө ат атоочторго уланып, маалымдоо, тактоо маанисин (*өзгө өздөй*), этиш сөздөргө уланып, божомолдоо маанисин (*Боз туман каптаптыр, жакында көз ачырбачудай*) да туюндурат.

Бул *-дай* мүчөсү көпчүлүк сөз түркүмүндөгү сөздөргө жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок ар дайым эле салыштыруу маанисин пайда кыла бербейт. Маселен, ***Ала айгырдай*** *ат минип,*

Кыл куйругун чарт түйүп, – деген сүйлөмдө салыштыруу мааниси берилген жок [Элчиев Ж., 2012, 271-б.]. Мында ал мүчө саптардагы муун боюнча барабардыкты камсыз кылуу үчүн колдонулду.

Жогоруда айтылган *-дай* мүчөсү катышкан салыштыруулар кыргыз тили боюнча түзүлгөн эки тилдүү же котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдө чагылдырылбай келүүдө. Мындай салыштыруулардын сөздүктөрдө берилиши зарыл деп эсептейбиз, анткени алар кыргыз тилинин өзгөчөлүгүн билдирет. Ошону менен бирге салыштыруучу *-дай* мүчөсүнүн башка маани берип калган түрлөрү да өзүнчө сөз катары сөздүктөрдө, реестирде берилүү менен бирге

грамматикалык изилдөөлөрдө да атайын көңүл бурулушу керек. Кыскасы, азырынча салыштыручу *-дай* мүчөсүнүн грамматикалык жактан талданышы, изилдениши талаптагыдай эмес [Сейдакматов К., 69]. Ошондой эле бул мүчөнүн кайсы түргө кирери да талаш бойдон калууда. Айрым окумуштуулар муну сөз жасоочу мүчө катары карашса [Классикалык эмгектер, 132, 92, 15, 1 ж.б.], айрымдары сөз өзгөртүүчү мүчө деп эсептешет [Сейлакматов К., 71 ж.б.]. Бул маселе да тактоону талап кылат.

К.С. Момуналиев салыштыруу каражаттары салыштыруунун жактарын грамматикалык жактан байланыштыруу менен гана чектелбестен, маанилик жагынан да алардын ортосундагы катышка өз таасирин тийгизип, аны өзгөртүүгө учуратып турат, б.а., айрым учурда окшогон жагы менен окшотулган жактын ортосундагы катыштын баштапкы абалын өзгөртүп, аларды бирдей, тең кылып, же болбосо окшогон жагын окшотулган жагынан да жогору кылып көрсөтүшү мүмкүн. Андыктан салыштыруунун жай, аныктама, күчөтмө даража категорияларын бөлүп көрсөтөт да, биз сөз кылып жаткан *-дай* мүчөсүн жай даражаны уюштуруучу каражат деп эсептейт [Момуналиев К., 111].

Ал эми К. Зулпукаров *-дай* мүчөсү уңгу сөздөргө уланганда өзүнүн лексикалык маанисин өзгөртпөйт дейт. Мисалы, *Бою Андрейдей бар эле* деген сүйлөмдө белгиленген сөз өзүнүн лексикалык маанисин сактайт. Мында *-дай* мүчөсү сөз өзгөртүүчүлүк функцияны аткарып жатканын белгилеп, аны салыштырма жөндөмө термини (сравнительный падеж) менен атап, *-дай* мүчөсүн салыштырма жөндөмөнү жасоочу каражат деп эсептейт [Зулпукаров К., 1994, 202-б.].

Биз *-дай* мүчөсүн көмөкчү морфема катары карадык. Бул көз карашты бардык эле тилчи-илимпоздор колдобойт. Көп түркологдор аны **салыштырма жөндөмө**нүн көрсөткүчү катары карашат (В.В. Радлов, Е.Д. Поливанов, В.М. Насилов, Н.П. Дыренкова, К.К. Сартбаев, Г.И. Рамстедт, В. Котвич, М.З. Закиев, Э.Р. Тенишев, Е.И. Убрятова, А.М. Щербак, Г.Г. Фисакова, К.С. Кадыраджиева, К.З. Зулпукаров, К.Т. Турдуев ж.б.) [Зулпукаров К., 1994, 183-184, 247-248]. Бул пикир менен эсептешпей коюуга болбойт, анткени аталган

изилдөөчүлөрдүн ою бир кыйла жүйөлүү, негиздүү. Бул концепциянын мотивациялары орчундуу: 1) бул мүчө өтө кенен колдонулат да, жыштыгы, ийкемдүүлүгү боюнча башка жөндөмөлөрдөн айырмаланбайт; 2) анын морфологиялык контексти бар; ал сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө жалганат, өзүнөн кийин да мындай морфемалардын айкалышына жол берет (*үйдөгүдөй, чалдардай, баламдай, ошондойбу* ж.б.); 3) дайыма басым менен айтылат, өзүнө басым кабыл алат; 4) сингармонизмге баш ийип алломорфторго жиктелиши, уңгудагы акыркы үндүү-үнсүзгө карап өзгөрүшү да аны морфологиялык каражат катары аныктайт; 5) анын сын атооч болушу күмөндүү; мисалы, *Кандай аял тууду экен* ***Лениндей*** *уулду*! (Токтогул) сүйлөмүндө белгиленген сөз аныктоочтук милдеттеги эле энчилүү зат, аны сын атоочко өткөзүү туура болбойт; ал сөздү энчилүү сын атооч деп атай албайбыз; 6) бул мисалда *Ленин* сөзүнүн лексикалык мааниси өзгөрүлбөгөн, аны баш тамгасыз жазууга болбойт; 7) салыштырма мүчөлүү сөздөр түптөлгөн, даяр лексемалар эмес, ошондуктан лексикографтар аларды сөздүктөргө өз алдынча сөз катары киргизишпейт; алар салыштырма жөндөмөдөгү сөз формалары; 8) алар сөзгө эркин жалгана алышат; ал эми сөз жасоочу мүчөлөр чектүү, алардын жалгашуу потенциалы тар; 9) бул мүчө зат менен заттын, зат менен аракеттин, зат менен сындын катышын, алакасын көрсөтөт, ошондуктан ал табыш же барыш жөндөмөнүн көрсөткүчтөрүнө карама-каршы коюлбай, окшошуп кетет; 10) жөндөлүштүн нейтралдык жана жактык-таандык түрлөрү бул мүчө колдонулган сөз курамында да бар (*баладай – баласындай / баламдай.., үйдөй–үйүңдөй / үйүндөй* ж.б., салыштырыңыз: *баланы – балаңы/балаңды/баласын* ж.б.); 11) бардык жөндөмөлөрдөй эле салыштырма формалуу сөздөр атооч жөндөмө менен синонимдеш боло алат *(көчө жылуу – көчөдө жылуу; ат минип – атты/ атка минип, мурунку эле бойдон – мурункудай эле бойдон* ж.б.); 12) аталган аффикс башка көмөкчү сөздөр менен маанилеш боло алат: *Сени* ***баламдай (балам сыяктуу/балам катары)*** *көрчүмүн*. Ошондуктан аталган мүчө жалгашкан сөздөрдү биз шарттуу түрдө гана салтка ылайык сын атоочтор деп белгилейбиз.

Бардык тектеш түрк тилдеринде *-дай* курандысынын колдонулуу алкагы өтө кенен. Анын этимологиясына кайрылалы. Бул мүчөнүн, Ж. Дени болжогондой, *тең/дең* «количество, равный, одинаковый» сөзүнөн келип чыккандыгы жөнүндөгү пикирге кошулууга анча негиз жок [Орузбаева Б., 2000, 287-б.]. Анын байыркы *-даг< -тег* – «сыяктуу, окшош» жандоочунан *-дай* мүчөсүнө айлангандыгы жөнүндөгү пикир ишенимдүүрөөк [Гулямов А., 46-47]. Бул мүчөнү Э.В. Севортян атоочтук курандылардын курамына киргизген да эмес [Караңыз: Оторбаева С., 307]. Анын себеби – бул мүчөнү форма жасоочулук функцияны аткарат деп эсептейт. Ошондой эле Б. Орузбаева да *-дай* мүчөсүн сөз жасоочу же форма жасоочу мүчө экендигин так ажыратып көрсөтпөйт [Орузбаева Б., 2000, 307-б.]. Ал куман тилдеринде *-лай//-лей: отлай* «как огонь», кумыкча *арывдай* «подобно красивой», *бизлей* «подобно нам») *‹-так// <-лак* мүчөлөрү менен тектеш [Уметалиева Б., 134]; татарча бул форма *-лай// -лөй* түрүндө: *шушы-лай – ушундай*; *тере-лөй – тирүүлөй* [Ганиев Ф., 203] түрүндө колдонулат.

Ошентип, кыргыз тилиндеги салыштыруунун морфологиялык каражаттары теги боюнча син-тибет тилдер уясындагы тилдердин фактылары менен этимологиялык жактан шайкештигин айтууга болот. Ал эми түрк, монгол ж.б. тилдердеги тектештик формалары бул жоромолду кененирээк тастыктай алат [Зулпукаров К., 1994, 62-67].

Өзбек тилинде салыштыруу маанисин билдирген *-дай* мүчөсү *-дай/ дак/ -дек, -ча –чалик / -часига; -гинча -гунча* формасында туюндурулат. Ошондой эле салыштыруу маанилери *-ган-дан кура/-дан кура, шундай...ки, гуё, худди, ухшаш, сингари, сари, кандай, шундай, ушандай* [Аскарова М., 48] ж.б. формаларында берилет.

К. Зулпукаров бул мүчөнү кытайча *dai* «окшош, бирдей, катары, ыктымал, дээрлик, жакын» сөзү менен салыштырат [Зулпукаров К., 2016, 66-б.].

Кыргыз тилинде сын атоочторго даража категориясы мүнөздүү экендиги белгилүү. Даражанын бир түрү болгон салыштырма даражага карата төмөнкүдөй аныктама берилип жүрөт: «...заттагы кандайдыр бир белги кадыресе нормадагы

белгиге караганда айырмалуу экендигин билгизет да, бир заттагы белги экинчи бир затта көп же аздыгы, күчтүү же начар экендиги боюнча салыштырылат» [Азыркы кыргыз адабий тили, 326]. Салыштырма даражаны уюштуруучу каражаттар катары -*ыраак*, чыгыштын -*дан* мүчөсү, *караганда, салыштырганда* жандоочтору эсептелет. Бирок анткен менен, биз сөз кылып жаткан -*дай* мүчөсү да эки заттын белгилерин салыштыруу функциясын аткарып жатат. Бул аффиксти салыштырма даражаны уюштуруучу каражат катары карасак, муну катыштык сын атоочту уюштуруучу мүчө катары эмес, форма жасоочу мүчө катары кароого туура келет. Анткени тилдик адабияттарда катыштык сын атоочтордун даража категориясы боюнча өзгөрбөстүгү жөнүндө пикир айтылып келет.

Ошентип, салыштыруу маанисин уюштуруунун өнүмдүү каражаты болгон -*дай* мүчөсүнүн айланасындагы ушуга окшогон ар түрдүү маселелерди бир пикирге келтирүү керек.

Салыштырма -*ча* мүчөсү кыргыз тилинде гана эмес, түрк тилдеринин системасына кирген бир катар тилдерде да тактоочту жасоочу өнүмдүү мүчө болуп саналат жана ар бир тилдин фонетикалык законуна ылайык -*ча, -че,* -*чо, -чө, -ша, -ше* ж.б. варианттар түрүндө кездешет. Тарыхый пайда болушу жагынан бул *чак* деген сөз менен байланышат. Тилдеги -*ча/-че/-чо/-чө* мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор кандайдыр бир нерсенин кыймыл-аракетин экинчи бир нерсенин кыймыл-аракетине окшоштурат [Азыркы кыргыз адабий тили, 370; 94, 275]. Тактап айтканда, бул мүчө зат атооч, кээде ат атооч сөздөргө да уланып, этиш сөздөр менен айкашып келет. Ал кайсы бир заттын кыймыл-аракети негиз аркылуу туюндурулган нерсенин кыймыл-аракетине окшошорун билдирет. Мисалы, *түрмөгө түшкөн аргасыз адамча* (зат атоочко уланды), *аш жетпеген немече* (ат атооч - *неме*), *уйча* (*оонап*) (*уй* - зат атооч*)*. Кыргыз тилинде -*ча* мүчөсү салыштырууну, теңдөөнү, окшоштурууну билдирүү функциясы жагынан жогорудагы -*дай* курандысына синонимдик катышта келет: *адамча – адамдай, немече – немедей*.

Албетте, эгер *-дай* жана *-ча* мүчөлөрү синонимдеш, маанилеш болсо, сүйлөмдөгү орду, кызматы бирдей болсо, алардын морфологиялык касиеттери да бирдей болот. Салттык морфологияда биринчисин сын атоочтун, экинчисин тактоочтун көрсөткүчү катары баалоо айрым суроолорду туудурат. Мисалы, *адамча сүйлөйт, итче үрөт* сөз айкаштарында биринчи компоненттер тактооч болсо, *адамдай сүйлөйт, иттей үрөт* сөз айкаштары да тактооч болуусу керек эмеспи. Себеби алар кыймыл-аракеттин сапатын көрсөтүп жатат. Ошондой эле *Бою Андрейдей/Андрейче бар* сүйлөмүндө болсо ортодогу сөздөр сын атоочко да, тактоочко да коошпойт. Өтө таркалган *орусча-кыргызча сөздүк* сөз айкашынын биринчи бөлүгүндөгү кош сөздү тактооч деп айтуу өтө кыйын, туура да эмес. Мындай пикирге эч эле негиз жок. Тактооч аныктооч болмок беле. Биз ошондуктан *-ча* мүчөсүн салыштырма жөндөмөнү шөкөттөөчү аффикс катары караган тилчилердин оюн ортого салып кетүүнү туура көрүп турабыз (В.В. Радлов, В.Л. Гордлевский, В. Котвич, Н.П. Дыренкова, К.К. Сартбаев, Е.И. Убрятова, О. Прицак, К.Х. Менгес, Э.Р. Тенишев, Г.И. Рамстедт, А.М. Щербак, В.И. Рассадин, М.И. Боргояков, Г.Г. Фисакова, К.З. Зулпукаров ж.б.) [Зулпукаров К., 1994, 202-203; 247-248]. Жогоруда *-дай/-дей* мүчөсүнүн кызматы тууралуу, жөндөмөлүк касиеттери жөнүндө айтылган жүйөөлөр, ойлор бул мүчөгө да тиешелүү боло алат. Орус тилиндеги алты жөндөмөнү кыргыз тилине тикеден-тике которуу көп деле ынанымдуу эмес. Окумуштуулар *-ча/ -че...* аффикси жалганган сөз формаларын салыштырма жөндөмө (В.В. Радлов, В. Котвич, Н.П. Дыренкова, Е.И. Убрятова ж.б.), релятивдик, катыштык жөндөмө (О. Прицак, К.К. Сартбаев, Э.Р. Тенишев ж.б.), теңдештирме жөндөмө (Г.И. Рамстедт, В.И. Рассадин), жандаштыруучу салыштырма жөндөмө (М.И. Боргояков, Г.Г. Фисакова) деп түрдүүчө аташканы менен алардын маани-маңызы бирдей эле.

Бул курандынын чамалама атоочторду жасоо жөндөмдүүлүгү ат атоочтордон (*менче <мен+ -ча* – «мага окшош», «мендей» маанисинде; *сенче <сен+-ча* «сага окшош, сендей» маанисинде ж.б.), сан атоочтордон (*жыйырмача* «жыйырма чамалуу») жана тууроо, окшоштуруу семантикасын жасоосу зат

атоочтордон (*балача, кушча, кишиче* ж.б.) байкалат. Мүчөнүн мындай функциясын өз мезгилинде М. Кашгари да белгилеген: *ол мениңче, бу аныңча* [Классикалык эмгектер, 2017, 205-б.].

Ушул эле аффикс кепте -*ча-сы-нан* постпозициядагы 3-жактагы таандык+ чыгыш жөндөмө мүчөлөрү менен бирге татаал комплексте да кездешет: *жаш балачасынан («жаш балага окшоп» ыйлады), мышыкчасынан («мышыкка окшоп» уурданып кирип келди)*, бул учурда да салыштыруу мааниси берилет. Демек, -*ча* мүчөсү үч морфемалуу форманын алдыңкы бөлүгүн ээлей алат.

Көмөкчү морфема -*ча* эки заттын ортосундагы белгини гана эмес убакыт, мөөнөттү да салыштыруу касиетине ээ: *эки саатча* деген айкаш «эки саатта»/ «эки саатка чамалуу»/ «эки сааттай убакыт» маанилерин туюндуруп турат.

Түрк тилдериндеги көп жөндөмөлүүлүк теориясын жактоочу К. Зулпукаров -*ча* мүчөсүн салыштырма жөндөмө мүчөсү катары эсептейт [Зулпукаров К., 1994, 202-204].

Жогорудагы -*ча* мүчөсүнө -*лык* мүчөсү биригип татаал -*чалык* мүчөсү уюушулат, бул мүчө да зат атооч, ат атооч, атоочтук этиштерге жалганып, эки заттын белгилеринин өлчөмүн салыштыруу кызматын аркалайт: *торгойчолук, мынчалык, сүйгөнчөлүк* ж.б. мисалдардагы *торгойчолук* деген сөз «торгойдой», «торгойго тең»; *мынчалык* жалпы маанидеги өлчөмдүк салыштырууну; *сүйгөнчөлүк* «сүйгөндөй», «сүйгөнгө тең» маанилерин билдирип турат.

Кепте сөз жасоочу -*лык* мүчөсү уланган зат атооч сөздөр айрым учурда -*чалык* мүчөсү менен маанилеш функцияны аткарып, сөзгө салыштыруу маанисин киргизип калган учурлары кездешип калат: *бир бороондук (бир бороончолук, бир бороонго туруштук бере алгыдай), жети жүз жашка* ***татырлык*** *(жети жүз жашка татый тургандай, жети жүз жашка тең* маанисинде).

Сөз жасоого -*ча* мүчөсүнө маанилеш семантикада катышкан -*чылап* мүчөсү уланган сөз да салыштыруу, окшоштуруу маанисинде келет: *менчилеп* «мага окшоп», *сизчилеп* «сизге окшоп» семантикаларында.

Көпчүлүк учурда -*сы* мүчөсү да чакчылдын -*й*, андан кийин этиштин жак мүчөлөрүнүн биригүүсүнөн жасалган -*сыйт,* -*сыйм,* -*сыйсың// -сыйсыз* мүчөлөрүнүн курамында келип, шартты жана андан башка бир нерсеге окшошууну, самоону да билдирүү маанисиндеги сөздөрдү жасап, бир кыйла сөздөрдүн курамынан жиктелип ажыратылып, айрым сөздөрдүн уңгулары менен ажыралгыс бирдикте сенек түзүлүштөргө да айланып калган [Оторбаева С., 323]. Мисалы, *Зыйнат Толкунбектин фамилиясын берүүнү самап турса да, «Жаман катын чыккан жерин* ***төркүнсүйт****» болуп, кеткен эрине айтып, сүйүнчүлөгөндөн намыс кылып турду*. Бул сүйлөмдө -*сыйт* мүчөсү окшоштуруу, ошол абалга окшоп көрүнүү, жасалмалуулук маанисин берүү менен, *болуп* чакчылы менен биргеликте багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун уюштуруп, баш сүйлөм менен да салыштырыла коюлду. Аталган мүчө уланган сөздөр жакты эле эмес, чакты да көрсөтө алат: *сезгенсийм***,** *кусалуу жүрөгүн толтуруп койгонсуду.* Мындай сөздөр демейде сүйлөмдүн аягында келип, тыянактуу интонация менен аяктайт, биринчиси – I жак, учур чакты туюндурду; экинчиси – III жак, өткөн чакта турат. Өткөн чакта бул мүчө -*сы*+-*ды* + жекелик жана көптүк сан сандардагы жак мүчөлөр формасында өзгөрөт: *макул болгонсуду/ макул болгонсудуң/ макул болгонсушту* ж.б.

Аталган -*сы* мүчөсүнө чакчылдын -*ып* формасы уланып да заттын кыймыл-аракетинин аткарылуу мүмкүнчүлүгү жок же аз кыймыл-аракетине салыштырылат: *Жайнагүл суз, Толкунбек бөтөн үй, бөтөн бирөөнүкүнө* ***келгенсип*** *(келген****ге окшоп****) басмырт.*

Мындай -*сып* формалуу этиштер көбүнчө татаал түзүлүштө келип, окшоштуруу, салыштыруу семантикасынан сырткары күчөтүү, шылдыңдоо, өтмө маанисин да камтыйт: *Тим эле Зыйнат менен Жайнагүлдүн ичине* ***кирип чыккансып*** *сүйлөйсүң да.* Мисалга тартылган сөз реалдуу эмес «кирип чыккандай», «кирип чыкканга окшоп» маанилеринде катышты.

Ушул эле -*сы* мүчөсүнөн кийин атоочтуктун -*ган*, этиштин терс формасын уюштуруучу -*бай* мүчөлөрү да уланып келе берет: *Экөөнүн жүрөгү бири менен*

бири үн алышып ***жаткансыган*** *бир күч аралашты да кетти.* ***От ала келгенсибей*** *ошентсеңер шашпай*.

Салыштыруу маанисин билдирген -*дай* жана -*сы* -*п* мүчөлөрү уланган сөздөр сүйлөмдө катарлашып келиши да ыктымал: *Менин көзүмө курсагыңда бирдеме* ***бардай болгонсуп*** *турат.* Бул жерде морфологиялык-семантикалык плеоназм ишке ашкан. Мындай учур кепте сейрек колдонулуп, берилген эки сөздө тең параллелдүү божомолдоп салыштыруу мааниси бар.

Бул мүчө кепте -*сыра* формасында да учурайт: *уйкусура* - «уктаганга окшо» маанисинде. Бирок -*сыра* мүчөсү атооч сөздөргө уланышы менен бөтөнчөлөнөт.

Сейрек болсо да аз өнүмдүү мүчө -*ырка* мүчөсү да окшоштуруу маанисин берет. Тагыраак айтанда, бул мүчө бир гана *түш* (сон) сөзүнө уланып, *түш+ -ырка= түшүркө* болуп, өтмө мааниде “түш көргөнгө окшо”, түшүркөбө- “түш көргөнгө окшобо” маанилерин берет. Ушул эле мүчө *ташырка, чоочурка, сонурка, санаарка, жабырка, таңырка* ж.б. сөздөрүнүн курамында келгенде, салыштыруу маанисин жасабайт.

Салыштырма -*ыраак* мүчөсү уланып келген сын атооч же тактооч сөздөр аркылуу да бир заттагы белги экинчи бир заттагы белги менен салыштырылып, экинчисиндеги белги биринчисине караганда бир аз көп же азыраак экендигин түшүндүрүп калат: *Үсөндү* ***мурдараак*** *билгенде эмне*. Белгиленген сөз «азыркы убакка чейин» маанисинде. Өзбек тилинин грамматикасында бул мүчө басаңдатуучу (азайтирма) даражанын мүчөсү катары каралат [Караңыз: Нуруев Т., 2006, 59-б.]. Салыштырма -*ыраак* мүчөсүнө кээде тактоочтун -*лата* мүчөсү жакындашып кетет. Маселен, *улуулата* деген сөздө да «жашына/ улуулугуна карап» мааниси камтылат: *Устукан улуулата тартылат*. – «Тиеше жашына карап берилет».

Ушул мүчөгө толук эмес синоним катары колдонулган тактоочту жасоочу -*лап* мүчөсү да кыймыл-аракеттин өлчөмүнүн баштапкы формасына караганда басымдуураак, көбүрөөк экенин туюндурат. Мисалы, *Ысыгы көтөрүлүп, башы* ***катуулап*** *ооруп чыкты*. Бирок салыштыруу маанисин берүүчү бул морфема кепте сейрек колдонулат.

Сын атоочтун басаңдатма даражасы аркылуу да заттын нормалдуу белгисине салыштырмалуу ага жетпеген, азыраак сын-сыпатка, касиетке же белгиге ээ экендиги көрсөтүлөт. Бул туурасында Т. Аширбаев: «Бул даражанын кептеги милдети сын атоочтук белгини так берүү болуп саналат» [Аширбаев Т., 2001, 33-б], – дейт. *Тулку жумуру келип, канаты кууш, узун (жазылганда 425 см.ге жетет), өңү* ***бозомук****, салмагы 8 кг. чейин* (КСЭ). К.Дыйкановдун мына ушундай *-гылтым (кызгылтым), -омук (бозомук), -ылжым (көгүлжүм), -гыч (саргыч)* мүчөлүү сын атоочторду салыштырма сын деп эсептегени да пикирибизге далил болмокчу. Тактап айтканда, К. Дыйканов сын аточтун даражаларын: жай, салыштырма, күчөтмө сын [Дыйканов К., 241] деп 3кө бөлүп карайт.

Колдонулуу алкагы чектелүү *-мыш* мүчөсү да өзү уланып келген этиш сөздү «кыймыл-аракеттин аткарылышына ниеттенүү, жасаган сыяктанып көрүнүү» семантикасына өткөрөт: *сүйлөмүш* - «ойноп сүйлөгөнгө окшоп, ойноп сүйлөгөн сыяктуу»; *тыйымыш* – «тыйганга окшош, тыйган сыяктуу» салыштыруу маанилеринде колдонулат. Бул мүчөнүн келип чыгышы «имиш» сөзүнө байланыштуу болушу да мүмкүн: *Гүлайым жеңе, Толкунбек келет* ***имиш*** («келет окшойт»). Салыштыруу семантикасындагы *-мыш/ -ымыш/ -имиш* мүчөсү *турмуш, алтымыш, жетимиш, кылмыш, болмуш* сыяктуу сөздөрдүн курамындагы *-мыш* аффикси менен омонимдик катышта.

Ушуга эле окшош *-максан* мүчөсү да жасалмалуулук, кыймыл-аркетти окшоштуруу маанисинде колдонулат: *укмаксан, билмексен, көрмөксөн* ж.б.

Окшо этишине сөз жасоочу *-ыш*, атоочтуктун *-ган*, чакчылдын *-ып*, же *-ыш+-ган* формалуу сын атооч, атоочтук, чакчыл этиштер да синтетикалык ык аркылуу салыштыруу маанисин пайда кылышат. Мисалы, *окшошкон* сөзү “өз ара бири-бирине окшош” маанисин туюнтат.

Атоочтукту уюштуруучу *-гыс* мүчөсү да заттардын ортосундагы тең келбөөчүлүктү, артыкчылыкты туюндуруу касиетине ээ: *Кудайдын бир күнү бар* ***миң жылга бергис***. Мисалда бир күндүн миң жылга тең келбей турган артыкчылыгы, баалуулугу айтылып жатат.

Сейрек болсо да зат атоочтон этиш жасаган *-лан (-ла+ -ын)* куранды мүчөсү аркылуу айрым салыштыруулар уюшулуп, алар портреттик мүнөздөгү адамдын өң-келбетинин сүрөттөлүшүндө колдонулат:

*Майлаган буудай жүз**дөн**гөн,*

*Күүгүм туман көз**дөн**гөн.* “Манас” эпосунан алынган бул саптарда Манастын жүзү – *майлаган буудайга*, көзү – *күүгүмдөгү туманга* салыштырылып берилген. Демек, *-лан* мүчөсү “окшогон” сөзү менен маанилеш.

Ошентип, салыштырууну кыргыз тилинде көптөгөн мүчөлөр, булардын комплекстери уюштуруп, анын синтетикалык формаларын жаратарлыгын көрдүк.

2.4. Салыштырууну туюнтуунун аналитикалык ыкмалары

Морфологиялык жол менен жасалган салыштыруулар – салыштыруу маанисинин синтетикалык жол менен жасалышы; ал эми эки же андан артык сөздөрдүн тизмеги аркылуу жасалган түрү аналитикалык жол аркылуу жасалган салыштыруулар болот. Мындай бөтөнчөлүктөрдү так аныктоо үчүн булардын ар бирине өзүнчө токтолууга туура келет. Бул парагафтагы изилдөө ишибиздин изилдөө объектиси салыштыруунун аналитикалык ыкмасы болмокчу.

Аналитика термини гректин *analitions* (аналитикалык) жана *analuois* (ажыратуу, бөлүштүрүү) деген сөздөрүнөн алынып, “элементардык принциптердин башталышын изилдөө” деген маанини туюндурат. Бул мааниде аналитика термини Аристотель тарабынан киргизилген. Грамматикадагы анын мазмуну – эки же бир нече сөздүн туруктуу тизмегинин бир лексика-семантикалык мааниде колдонулуу жөндөмдүүлүгү [Классикалык эмгектер, 2017, 427].

Сөздөр сүйлөм тизмегинде өз ара байланышуу эрежелеринин негизинде тизмектешип белгилүү бир түшүнүктү, маанини атоо үчүн колдонулат. Дериватологияда бул ыкманы сөз жасоонун синтаксистик (б.а. тизмектин ортосунда ажырым болгондуктан) жолу деп аташат [Жапаров А., 20].

Академик Б. Орузбаева да сөздөрдүн түзүлүшүнүн экинчи бир ыкмасын синтаксистик же аналитикалык ыкма деп атап, анын мазмунун төмөнкүчө түшүндүрөт: эки же бир нече сөздүн туруктуу айкашынын бир лексика-семантикалык мааниде колдонула алуу жөндөмдүүлүгү (*ат кулак, калем сап, .. кемпир-кесек,.. ашкана, .. үстөмөн*). Мындай сөздөр, адатта, татаал сөздөр, же болбосо мектеп грамматикаларында кош, кошмок, бириккен сөздөр деген терминдер менен аталып келет [Орузбаева Б., 2000, 208-б.].

Ал эми татаал сөздөр боюнча атайын изилдөө ишин жүргүзгөн Д. Шүкүров сөз жасоонун үчүнчү түрүн синтаксистик же аналитикалык ык деп атайт. Сөздүн бул түрү сөз айкаштарынан пайда болгондугу менен мүнөздөлөт [Шүкүров Д., 7] дейт.

А.А. Ибраимова түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде аналитикалык жол менен көптөгөн татаал сөздөр жасалат дейт [Ибраимова А., 168].

Тилдеги эки же андан ашык сөздөрдү синтаксистик жактан айкалыштырып, бир бүтүндүккө келтирүү аркылуу кийинки (башка лексикалык маанидеги) туунду маанидеги сөздөрдү жасоо сөз жасоонун синтаксистик (аналитикалык) жолу деп аталат. Сөз жасоонун бул ыкмасынын “синтаксистик жол” деп аталышы сөздүк курамдык бир топ сөздөр бири экинчиси менен синтаксистик байланышта түзүлгөндүгү, “аналитикалык” деген терминдин кошулуп айтылышы, аларды өз ара ажыратып жиберүүгө мүмкүн болгон эки же андан көп сөздөрдөн жасалгандыгы менен түшүндүрүлөт [Жороев И., 45].

Бирок биздин изилдөөбүздүн максатына ылайык салыштыруу маанисиндеги сөздөрдүн татаал сөз же сөз айкашы болушу шарт эмес. Тактап айтканда, эки же андан артык сөздөрдүн айкашы же катар келиши, татаал сөздөр, сөз тизмектери, туруктуу айкалыштар, же маани берүүчү сөздөр менен кызматчы сөздөрдүн жанашып келиши аркылуу да салыштыруу мааниси берилет.

Маселен, туунду *теңтуш* сөзү өз ара *тең* жана *туш* морфемаларынын синтаксистик айкалышы аркылуу пайда болуп, өз алдынча туруп эле эки жактын

(адамдардын) жаштары боюнча тең же жашташ, бирдей жаштагы экендигин билдирет.

Бул *тең* сөзүнө байланыштуу келип чыккан *теңтуш, теңчамалаш* (Х. Карасаевде *тең туш*) сыяктуу эки уңгунун биригүүсүнөн келип чыккан “бирге өскөн, бир жашташ курбу ” [Кыргыз тилинин сөздүгү, 600], “бирдей”, “окшош”, “бирдей убактагы”, “бирдей курактагы”, “жашы боюнча тең”, “жашташ” деген маанилерди берүүчү сөздөр аналитикалык ык менен жасалган сөздөр болуп эсептелет.

Ошондой эле *тең* сөзү да көбүнчө барыш жөндөмөдөгү сөздөр менен айкашып, «кайсы бир затка, түшүнүккө ж.б. барабар» маанисин берет. Мисалы, *атага тең уул* деген айкаш «ата менен бирдей», «атага барабар», «атага тең келе турган» салыштырма маанини берет. Ушул *тең* сөзүнө синонимдик катыштагы *тең келүүчү, тең катар, бир, бирдей, жараша, жарыша, ылайык, ылайыктуу, татыктуу* деген сөздөр да салыштыруу маанисинде. Тескерисинче, кепте ушул сөздөрдүн карама-каршылыктуу салыштыруу маанисиндеги түгөйлөрү да учурайт: *татыксыз, татыбаган, тең эмес, кемсинген* ж.б.

Берген маанилери боюнча -*дай* аффикси жана «тең» сөзүнүн түбү бир: -*дай* **deng* «тең» (равный) баба уңгусунун заманбап рефлекси болушу мүмкүн. Анткени бул салыштырма маанилүү баба уңгу Евразия тилдик уясындагы тилдердин бир катарында учурайт. Бул уңгу байыркы мезгилде сын атоочтук маанини билдирген. Өзүнүн өнүгүү процессинде **deng* «тең» (равный) баба уңгусу формасы жана мааниси боюнча түрдүү өзгөрүүлөргө учураган. Аталган уңгу салыштырылган тилдерде төмөнкүдөй трансформаларга ээ болот: *дең/дәң/ тең/ тиң/ тың/ тәнг/ тәң/ тоң/ дүң/ туң/ тан/ денк/ тек/ тиг/ тег/ дек/ төөй/ төй// děng/ tóng/ dai // диг/ дыг/дий/ дый/ тый/ теки/ тики/ дей/ тей/ дай/ тай/ дой/ дөй.*

Байыркы мезгилде **deng* «тең» (равный) уңгусу сын атоочтук мааниде гана колдонулса, функционалдык жана семантикалык жактан мааниси кеңейип, субстантивдик (бирдейлик, байланыш, тараза), кошумча адъективдик (бирдей,

бирдей баадагы), адвербиалдык (бирдей өлчөмдө, тең, туура) жана салыштырмалуу (сыяктуу, сыяктуу эле) маанилерине ээ болду.

**Deng* «тең» архетиби биздин күнгө чейин түрдүү рефлекстерде жана конкреттүү варианттарда келип жетти. Маселен, түрк тилдеринде төмөнкүдөй трансформаларды белгилөөгө болот: 1) тув., түрк, түркм. *деӊ*; 2) өзб. диал., уйг.диал. *дәӊ*; 3) алт., б-кы уйг., каз., караг., кырг., койб., кумык, сары-уйгур, темут, шор *теӊ*; 4) татар диал. *тиӊ*; 5) уйг.диал. *тәнг*; 6) уйгур диал., лобнор *тәӊ*; 7) телеут *туӊ*; 8) караим, чуваш *тан*; 9) гагауз, түрк, *денк;* 10) алт. диал. *тек/ тиг/ тег*; 11) түрк диал. *дек*; 12) алт. диал., хакас *төөй/төй* ж.б. [Караңыз: 7, Севортян Э.В. Этимологический словарь.-М., 1980. С.191-192; Большой русско-турецкий словарь.- М., 2006. С.470]. Бул номинанттардын варианттары евразиялык тилдерде сөз же мүчө башында (д/г), ортосунда (е/ə/ а/ и/ ө/о) жана акырында (ӊ/ ӊг/ нк/ н/ к/ г/ й) салыштыруу бирдиктери аркылуу туюндурулгандыгын байкоого болот.

**Deng* рефлекси төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) сын атоочтук жана тактоочтук кызматтардагы «барабар», «тең» (аз., алт., гаг., кум., лобнор, сары-уйгур, тува, түрк, түркм., тофалар, чув.);

2) «тең», «жарышта тең» (түркм.);

3) адъективдик жана адвербиалдык функциядагы «бирдей», «сыяктуу» (алт. диал., кум., тува, түрк, тофалар, өзб. диал., чув.);

4) «тең укуктуу», «тең даражада» (кум., түркм.);

5) «барабар», «бирдей баадагы», «тең баада», «эквивалентүү» (гаг.), «бирдей аянт», «бирдей чоңдукта», «тең чоңдукта» (чув.);

6) «барабар», «тең», «теңтуш» (түркм., чув., кум.) [Караңыз: 7, Языки народов СССР. М., 1966, Том 3.- 285, 243]. Бул маанилердин дээрлик баары бири-бирине байланыштуу жана бири-бирин колдоп, толуктап турушат. Болгону субстантивдик маанилери баштапкы маанилеринен бир топ алыстаганы көрүнүп турат. Берилген мисалдар сын атоочтук, зат атоочтук жана тактоочтук кызматтарды аткарып турушат. Жалпы түрк тилдерине тиешелүү *děng* уңгусунун айрым рефлекстери салыштыруу манисиндеги жандооч катары да

кызмат аткарышат: 1) *дек* (түрк., уйг.); 2) *дег* (карагас); 3) *дей* (алтай, карагас. түркм., оозеки); 4) *тег* (сары-уйгур); 5) *тей* (түркм. диал.); 6) *дай* (түрк диал.); 7) *тек* (түркм.диал.); 8) *диг /дыг/дий/ дый/ тый* (алт. диал.); 9) *теки/ тики* (түрк диал.); 10) *дейин/тейин* (түркм. ооз. диал); 11) *дайын* (крым тат.) ж.б. Бул мүчөлөр: 1) «катары», «кейпинде», «так ошондой» (бардык тилдерде); 2) «сыяктуу», «так ошол сыяктуу» (чув., түрк диал.), «кантип», «кандай болгондо», «сыяктуу эле» (б-кы түрк) маанилеринде колдонулгандыгын сөздүктөн көрүүгө болот [Караңыз: 7, Севортян Э.В. Этимологический словарь.-М., 1980. С.184-185]. Берилген жандооч мүчөлөрдүн *deng* уңгусу менен формалык жана семантикалык жактан окшоштугу байкалып турат.

Салыштырылып жаткан тилдерде *teng/ deng/ te* уңгулары субстантивдик, адъективдүү, адвербиалдык жана жандоочтук кызматтарда эле эмес, этиштик негизде да колдонулат:

1) *таң-* (алт., бар., казак, каракалп., лобнор, тел., сары-уйг.диал., як.), даң- (түркм.), таң- (сары-уйг.), танк- (б-кы түрк), тең-/ деңг- (чаг.) «байлоо», «байланыштыруу», «кайра байлоо» маанилеринде [Караңыз: 7, Севортян Э.В. Этимологический словарь. – М., 1980. С.145].

2) *таң-* (кырг.) а) түштүктөгү үйлөнүү тоюндагы салт, б) элдик медицинадагы «байлоо», «таңуу» маанисинде [Караңыз: 7, Юдахин К.К. «Киргизско-русский словарь. – Ф., 1965, Кн.II. С.203].

Ошондой эле бул сөз «теңе, теңел, теңдөө, теңдел/ теңделүү/ теңдетүү» деген этиштердин курамында да кездешет [Караңыз: 7, Юдахин К.К. «Киргизско-русский словарь – Ф., 1965, Кн.II. С.225]. Аталган этиштик негиз кыргыз тилиндеги *тең, тең ата, тең укуктуу* сыяктуу атрибутивдик-субстантивдик сөздөрү менен байланышта.

Түрк тилдеринде *dĕng* баба уңгусу сөздүн аффиксалдык бөлүктөрүнөн да жолуктурууга болот: 1) *-дек/ -дай* (өзб); 2) *-таг/-даг* (сары-уйг.); 3) *-дай/ -дей* (крым тат.) [Караңыз: 7, Хабичев М.А. «Именное словообразование и формообразование кумынских языках.- М., 1989. С.184]; 4) *-дый,-дуй, -тый, -тий, -туй, -дуй* (алт.); 5) *-дай, -дөй, -тай, -тей* (каракалп.) [Караңыз: 7, Баскаков

Н.А. Каракалпакский язык. - М., 1952. С. 198]; 6) *-дай, -дей, -дой, -дөй, -тай, -тей, -той, -төй* (кырг.) [68, 65-66]; 7) *-дай, -дей, -лай, -лей* (кумык) [Караңыз: 7, Хабичев М.А. «Именное словообразование и формообразование кумынских языках.- М., 1989. С.184] ж.б. Бул аффикстерде жогоруда келтирилген түрк тилиндеги сөздөр жана сөз түркүмдөрү менен формалык жана семантикалык дал келүүчүлүк бар. Бирок тилдин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу түрдүү варианттарда өзгөрүшөт. Маселен, бул аффикс өзбек тилинде 2 гана вариантта өзгөрсө, кыргыз тилинде 8 вариантта айтылгандыгы жогорудагы мисалдардан көрүнөт.

А.В. Севортян бул сөздүн этимологиясы боюнча окумуштуулардын пикирлерин мындайча түшүндүрөт:

1) Көпчүлүк түркологдор (А. Фон Габен, К. Менгес, Г. Дёрфер, М. Рясенен ж.б.) аны кытай тилинен кирген деп эсептешет.

2) Накта түрк тилине тиешелүү жана «тең» маанисинде колдонулат (А.М. Щербак).

3) Айрым окумуштуулар түрк тилиндеги *дең/ тең* сөзү тууралуу анын өзгөчө персиялык өтмүшүн баса белгилешет жана кытайча *teng /deng* сөзү менен байланышы бар экенин танышпайт. Персиялык «жарым таңгак, боо, тутам, түйүн, баштык, кап» маанисин туюнтуучу *dang* уңгусу кытайча «жүк, таңгак, пикуль (салмак бирдиги)» маанилеринде колдонулган *dan* уңгусу менен салыштырылат (Дж. Клосон) [Караңыз: 7. Севортян Э.В. Этимологический словарь.- М., 1980. С. 193; 68, 63-64].

Ошентип, *тең/ дең* сөзүнүн келип чыгышы тууралуу 3 түрдүү көз караш түрк, кытай же иран-кытай тилдерине тиешелүү экендигин көрсөтөт. Биз болсо муну этнос аралык түштүк-чыгыш тилдеринде кеңири тараган тилдердин ностратикалык макросемьясы деп эсептейбиз.

Ыраа сөзү да *көр* этишинин оң (ыраа көрүү), терс формалары (ыраа көрбөө) менен айкашып, “бир нерсени бирөөгө ылайык деп табуу, ыйгаруу” [98, 824], эки затты теңдөө, айырмалоо, салыштыруу семантикасын бере алат.

Окшош деген сөз жана анын туунду чакчыл, атоочтук формалары – барыш жөндөмөлүү атооч сөздөр менен жанаша келип, экинчи затты биринчи затка окшоштуруу, салыштыруу маанисин берүүчү аналитикалык өнүмдүү каражат. Мисалы: *канатын жулган чымчыкка окшоп*, *мурду жок букага окшогон*, *мага окшош* ж.б. Мындай учурда *окшоп, окшогон*, *окшош* формаларынын белгилери өзүнөн мурунку барыш жөндөмөлүү сөз (*чымчыкка, букага, мага*) менен салыштырылат. Мисалдардан көрүнгөндөй, *окшош, окшогон* формасында келгенде атооч сөздөр менен, ал эми чакчылдын *-ып* формасы аркылуу туюндурулса (***окшоп***) – кыймыл-аракет менен салыштырылат.

Окшош сөзү кепте *түспөлдөш, кейпинде, кейпин кийген* ж.б. сөздөрү менен синонимдик катышта.

Берилген сөздөр келтирилген сүйлөмдөрдө чакчыл формада, атоочтук формада, *окшош* туунду формаларында катышты, бирок бардык учурунда барыш жөндөмөлүү сөздү жандап келе тургандыгы көрүнүп турат.

Чыгыштын *-дан* мүчөсү уланган сөздөргө сын атоочтор, тактооч сөздөр уланып, аларды башка атооч сөздөрдөн сын-сыпаттык, орундук, кээде мезгилдик жактан айырмалуу белгилерин аныктап көрсөтөт: *менден кичүү, сенден улуумун, мектептен жогору*, *оорудан жаман иш*, *текейден арзан. баладан кымбат, баладан таттуу* ж.б.

Тилдеги *-дай* мүчөсү менен аяктаган бир нече сөздүн ажырагыс биримдиги да аналитикалуу салыштыруу маанисин туюнтат: *ит талаган тооктун жөжөсүндөй*, *оозунан алдырган бөрүдөй*, *кесеси колунан түшкөндөй* ж.б. Мисалдардагы салыштыруу түрүндөгү *тооктун жөжөсүндөй, бөрүдөй, түшкөндөй* деген сөз формаларын *ит талаган, оозунан алдырган, кесеси колунан* деген атоочтук түрмөктөрдөн ажыратып кароого болбойт.

Мындай ыкма кыргыз тилинде көп учурайт. Ушундай эле формага кээде *-ган, -гыс* мүчөлүү атоочтуктар да кошулуп келет: *түгөнбөс кенчке жолуккандай болгон, сөз менен айтып түгөткүс* ж.б. Мындай атоочтук түрмөктөрдүн компоненттерин бөлүп колдонууга болбойт. Алар ажырагыс биримдикте.

Фразеологизм сөздөрдө салыштыруу маани берилсе да, аны аналитикалык жол аркылуу салыштыруу деп эсептейбиз. Мисалы, *кулак-мурунду кескендей, эт менен челдей, көрдү жарга кыстагандай* ж.б.

Болуп чакчыл этиши да атооч жөндөмөлүү жандуу жана жансыз заттар менен келип, “окшош”, “окшошуп” маанисин берет: *от болуп күйүү; куш болуп учуу, тууган болуп көрүнүү, күн болуп ачылуу* ж.б. Аналитикалык формадагы мындай салыштыруулар өтмө мааниде болушат.

Аталган этишке маанилеш *өңдөн* (жаныбыз бир өңдөнөт)*, сыяктан* (пил териси сыяктанып)*, көр* (жамгырды көр – чокту көр)*, эске сал* (эске салат ... балдарым деп жүрүп кеткен апаны)*, теңе* (жайкы таңга теңеймин)*, сезил* (сезилет көл үстүндө бараткандай)*, туюл* (жайылбаган дасторкондой туюлат), *көрүн* (өз баламдан ысыгыраак көрүнөт) [Момуналиев К., 69-74] этиштери да салыштыруу семантикасында колдонулат.

Айрым жандоочтор жанашып айтылган сөздөрдө да салыштыруу мааниси камтылат. Өзү жандап келген сөздөрдү атооч жөндөмөсүндө башкарган *сыяктуу, өңдүү, шекилдүү, сымал, сымак, чалыш* жандоочтору зат атооч, ат атооч, -*ган* формасындагы атоочтук жана кыймыл атоочтор менен тизмектешип, окшошуу, окшотуу маанилерин билдирет [Азыркы кыргыз тили, 2015, 368]. Бул жагынан -*дай* мүчөсүнө семантикалык жактан окшош [ДавлетовС., 222]. Мисалы, *бейиш сыяктуу*, *өкмөт чалыш*, *кыргыз өңдүү*, *төө сымал* ж.б.

К.С. Момуналиев бул топко функциясы жагына окшош келген *сындуу* (ак марал сындуу), *мисал* (бул мисал куюлган акка), *түспөл* (кыз түспөл сулуу жергем), *ирең* (көл ирең киргили жок) жандоочторун да кошот [Момуналиев К., 62-63]. Бирок кээ бир учурда *сыяктуу* сөзү окшоштуруу маанисинде эмес, божомолдоо маанисинде да колдонулуп калат: *Айтымына караганда, ал бир үйдүн көзгө басар* ***эркеси сыяктуу***.

Ушул эле *окшош, чалыш* сөздөрүнө синоним катары кепте сейрек колдонулуучу *сөрөй, теке* жандоочтору да өзү жандап келген сөз менен бирге салыштырмалуулук маанини берет: *эркек сөрөй* – “эркек эле аты бар адам, эркек мүнөздүү, эркек сыпаттуу, эркекке окшогон кыз”; ал эми *кыз теке* деген

айкалыш, тескерисинче, “кыз пейилдүү, “кыялы кызга окшош эркек” маанисин берет. Бирок *кыз теке* деген сөз “эки жыныстуу” маанисинде да келет. *Эр сөрөй* деп колдонулган учурда какшык мааниси жатат. Анткени бул сөз үйдүн кожоюнуна тиешелүү озуйпаны аткара албаган, бирок куру эрдемсинген, же эптеп эле эр аталган, эр сымал күйөөгө карата колдонулат.

Катары жандоочу да атооч жөндөмөсүндө турган сөздөргө уланып келип, “тең”, “бирдей”, “бирдей даражада” деген маанилерде колдонулат. Мисалы, *эл катары, биз катары, белек катары* ж.б.

Караганда жандоочу барыш жөндөмөлүү бардык атооч сөздөргө, кыймыл атоочко жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, бир нерсени экинчи бир нерсе менен өлчөм, сапат, убакыт, орун ж.б. белгилери боюнча салыштыруу маанисин билдирет: *мурдагыга караганда өзгөргөн, ташка караганда катуу, агасына караганда тың* ж.б. Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу *башка, көрө, башкача, бетер, бешбетер* жандоочтору да салыштыруу маанисин туюндурат.

Башка, башкача жандоочтору зат атооч, жамдама сан атооч, ат атооч, кыймыл атооч жана *-ган* формасындагы атоочтуктар менен тизмектешип, алар аркылуу туюндурулган нерсени кыймыл-аракетке кошпоо, аралаштырбоо, айырмалоо, өзгөчөлөө маанисинде колдонулат. Маселен, *демейдегиден бир башкача, көрсөтүлгөндөн башка, аялынан башка жан киши, сенден башка адам* ж.б.

Бетер жандоочу зат атооч, ат атоочтор менен айкашып, алардын баштапкы маанисине салыштырылган күчөтүү жана кандайдыр сапатты арттыруу маанисин билдирет. *Бешбетер* жандоочу жандап келген чыгыш жөндөмөлүү сөз жогорудагыга караганда да кескин (“беш эсе”) айырмалуулук маанини камтыйт, *бетер* жандоочуна салыштырмалуу андан да күчөтүү мааниси бар: *эне жытын сагынган эликтин чаарчыгынан бетер, менден бешбетер* ж.б.

Тышкары, бөлөк жандоочтору да өзү жандап келген сөздөрдү чыгыш жөндөмөдө башкарып, *башка, айырмалуу, өзгөчө*, кээде баштапкы маанисине салыштырылган күчөтүү маанилеринде келет: *адаттан тышкары сулуу, нандан башка эчтеке, сенден бөлөк эч кимим* ж.б.

Көрө жандоочу атооч сөздөр, кыймыл атоочтор жана -*ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, кандайдыр карама-каршылыктуу салыштырууну билдирет. Аталган жандооч катышкан сүйлөмдөрдүн тутумуна ал айкашкан сөздүн сыпатына каршы келген *артык, жакшы, дурус, аз, көп* ж.б. сөздөр катышып келет. *Андай ынтымаксыз табышып, бирге* ***жашагандан көрө*** *баягы табышпаган бойдон бөлөк жашаган* ***жакшы*** *болор.*

Бөлүкчөлөр да өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маниге ээ болбогону менен, кайсы бир сөз менен бирге аналитикалык формага келип, салыштыруу маанисин да туюнта алат. Салыштырма бөлүкчө бир нерсени экинчи бир нерсеге окшоштуруу маанисин кошумчалайт. Буга *куду, кадим* деген сөздөр кирет. Булар жеке, өзүнчө айтылса да, сөзсүз окшоштурулуучу маанини билгизген сөздөр менен айкаша колдонулары белгилүү болуп турат [Давлетов С., 226]. *Өзү* ат атоочу *нак, так* бөлүкчөлөрүнө же илик жөндөмөлүү сөзгө да кошулуп (*нак өзү, так эле өзү, атасынын өзү* ж.б.), “өтө окшош” деген маанини туюнта алат же окшоштуруу маанисин күчөтөт: *куду атасына окшош, куду эле өзү* ж.б.

Да аныктагыч-тактагыч бөлүкчөсү чыгыш жөндөмөлүү сөздөргө уланып, заттын мурдагы абалына салыштырылган күчөтүү маанисин билдирет. *Да* бөлүкчөсүнүн мындай кызматы *караганда* жандоочунун күчөтүлгөн формасына окшош: *Өңү* ***жанакыдан да кубарып*** *чыкты.*

С. Ибрагимов: “Фразеологизмдер салыштырма, окшоштурма ж.б. мүнөзүндөгү мааниси толук ачыла элек сүйлөм мүчөсүнө окшошуп кетет”, – деп, фразеологизмдерди макал-лакаптардан айырмалап көрсөтүү менен, алардын аналитикалык формада келип, салыштыруу маанисин берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ экендигин баса белгилейт [Ибрагимов С., 2000, 146]. Маселен, *ит жандуу, көзгө сайса көрүнгүс, таш боор, сиркеси суу көтөрбөө, сары майдай сактоо* деген сыяктуу аналитикалык формалуу фразеологизмдерде да салыштыруу, окшоштуруу, өтмө маанилери бар.

Аналитикалык ыкмада салыштыруу маанисинин туюнтулушунун мындан башка да формалары болушу мүмкүн. Аларды табуу, сыпаттоо – алдыда турган милдет.

2.5. Салыштыруу синтаксистик түрмөктөрдө

Кыргыз тилинде салыштыруу маанисин бир нече сөз менен, б.а., синтаксистик түрмөктөр аркылуу берүү салыштыруу иретиндеги ойдун бир топ элестүүлүгүн, көрктүүлүгүн күчөтөт.

Чакчыл түрмөктүн маанилик түрлөрүнүн ичинен салыштырма чакчыл түрмөктөрдө жана айрым сыпат чакчыл түрмөктөрдө салыштыруу, окшоштуруу мааниси камтылат.

Чакчыл конструкциялардын ичинен эң эле кеңири таралган түрү салыштырма түрмөк болуп саналат. Ал грамматикалык жактан бүтүндөй сүйлөмгө же белгилүү бир сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп, андагы кыймыл-аракетке карата салыштыруу маанисин билдирет.

Жалпы тил илиминде салыштыруу мааниси салыштырма конструкция деген ат менен анализге алынат да, ага салыштырма багыныңкы сүйлөм кошулат. Салыштыруу жалпы лингвистикалык аспектиден алганда, **жөнөкөй жана татаал салыштырууга** бөлүнөт. Жөнөкөй салыштырууга аффикстер аркылуу салыштыруу, татаал салыштырууга сөздөрдүн айкашы аркылуу салыштыруу мааниси киргизилет [Черемисина М., 12-13].

Л.Н. Тыбыкова алтай тилиндеги салыштырма конструкцияларды атоочтук жана этиштик түрлөргө бөлүп, кайра алардын ар бирин синтетикалык, аналитикалык салыштырма конструкцияларга бөлүштүргөн [Тыбыкова Л., 18].

Кыргыз тилиндеги салыштырма конструкциялардын ичинен чакчыл конструкциялар өзүнчө орунга ээ. Профессор А. Турсунов салыштырма чакчыл конструкцияларды салыштырма багыныңкы кошмо сүйлөмдөр менен чаташтырууга болбостугун тиешелүү фактылар менен айырмалаган [Караңыз: Азыркы кыргыз адабий тили, 625]. Салыштырма чакчыл түрмөктө чакчыл түрмөк туюндурган иш-аракет сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракет

менен салыштырылып берилип, алардын бири-бири менен айырмасы, артыкчылыгы көрсөтүлөт. Чакчыл түрмөктүн бул түрү да тилибизде өтө сейрек учурайт (Караңыз: Азыркы кыргыз адабий тили, 624).

Салыштырма чакчыл түрмөк да баяндоочу *-ганча, -гыча* формаларындагы (негизги формасы *-дай*) салыштырма багыныңкы сүйлөм менен *кандай?, эмне болгончо?, эмне кылганча?* деген суроолорго жооп бериши, түзүлүшү боюнча окшошуп кетет. Бул экөөн чаташтырбоо керек: салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн ээси болсо, салыштырма чакчыл түрмөк сүйлөмдө бирдиктүү формада туруп тутумдаш сыпат бышыктоочтук кызмат аткарат. Мисалы, салыштырыңыз: 1. *Эмнеси болсо да, «Букарда пулу бардын көңүлү ток» дегендей,* ***жок болгончо****, бар болуп турсунчу карагым* (чакчыл түрмөк). 2. ***Самолёт конгончо****, биз да аэропортко жетип барабыз* (салыштырма багыныңкы сүйлөм). Биринчи сүйлөмдөгү белгиленген сөздөр биргеликте *эмне болгончо?* деген суроого жооп болуп, кыймыл-аракеттин кырдаалын билдирсе, экинчисинде *самолёт – эмне?*- ээ, кыймыл-аракеттин аткаруучусу; *конгончо – эмне болгончо?* – багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кызматын аткарат.

Кыргыз тилиндеги кайсы гана фактылык материалга таянбайлы, *-ганча, -гыча* формаларындагы чакчылдар салыштырма конструкцияларды уюштурууда негизги орунда турбайт. Аны түзүүчү өзгөчө грамматикалык каражаттар бар.

Т. Нуруев да салыштырма конструкцияларды а) *-ганча, -гыча*; б) *-ып*; в) сын атоочтун *-дай* мүчөлөрү уюштурат дейт [Нуруев Т., 2015, 67-68]. Бирок окумуштуу, негедир, *-гансып* формалуу конструкцияларды сыпат чакчыл түрмөк (***Кармашка түшө тургансып****, Бектурган бел курчоосуна чейин чечинди да, багалегин өйдө түрдү.* А.Т.) [Нуруев Т., 2015, 59-б.] да, салыштырма чакчыл түрмөк катары (*Натурщик,* ***катырып койгонсуп****, бир калыптан козголбой жалдырай берди.* А.Т.) [Нуруев Т., 2006, 68-б.] да карап койгон. Кандай болгондо да, сыпат чакчыл түрмөктөрдүн *-гансып (-ган-сы-п)* мүчөсү менен аяктаган формасы кыймыл-аракеттин аткарылышын экинчи бир кыймыл-аракетке окшоштуруу маанисин да туюндурат. *Көздөрү бажырайып экөө тең,* ***Толкунбектин оозу-мурдунан түшкөнсүп****, өзү.* ***От ала келгенсип****, кетебиз*

деген сөз да сөз болобу. Чакчыл түрмөктөрдүн багыныңкы сүйлөмдөрдөн дагы бир айырмасы– алардын интонациялык жактан бөтөнчөлөнүп айтылышы жана жазылышы, б.а., белгиленген чакчыл түрмөктөр сүйлөмдүн курамында үтүр белгиси менен бөлүнүп жазылып, обочолонгон интонация менен айтылат.

Ушундай эле салыштыруу маани *де-ген-си-п* формасындагы чакчыл түрүндө келип да, «дегенге окшоп», «айтканга окшоп», «дегендей болуп» маанилерин билгизет. Маселен, *Кына кудагыйына карап* ***эмне айтар экен дегенсип*** *сынай сүйлөдү...*

Кепте *-гансып* формалуу чакчыл түрмөктөр бир өңчөй мүчө формасында да катышат: *Дагы бетим чымырабай****, кыйратып салгансып, Жайнагүлгө туу болуп бере тургансып,*** *Үсөнгө ээ болуп төрүндө отурам*.

Чакчыл түрмөктөр -ып түрүндө келип, кээде атооч сөздөргө айкашып, кыймыл-аракетти экинчи бир кыймылга окшоштуруу маанисинде катышат. Мисалы, *Жайнагүл көзүнөн жаш чыгарбаганы менен ичи* ***от болуп*** *өрттөнүп,* ***жүрөгүнөн кан чыгып*** *сыздап турду.*

Салыштырма маанилүү сыпат чакчыл түрмөктөр да баяндоочу -гансып мүчөсү менен аяктаган сыпат багыныңкы сүйлөмдөргө формасы жана мааниси боюнча окшошуп кетет. *Кермекаш булардын* ***эч эчтеке болбогонсуп****, унчукпай жайылып отургандарына таң калып отуруп чайдын кандай ичилип бүткөнүн да билбей калды.* Бирок буларды да жогорудагыдай эле айырмалоого болот.

Атоочтук түрмөктөрдүн айрым формалары да салыштыруу, окшоштуруу маанисин туюндуруу жөндөмүнө ээ.

Маселен, *-гыс* мүчөсү уланган сөздөр «тең эмес», «тең келбей турган» маанилерин билдирет. *Атка* ***бергис*** *кунан бар, кызга* ***бергис*** *жубан бар.* Келтирилген сүйлөмдө аталган мүчөнүн жардамы менен «атка тең келбей турган кунан», «кыздан мыкты жубан» маанилериндеги атоочтук түрмөктөр жасалды.

Ошондой эле атоочтуктун *-ган, -оочу(-чу) -гы, -а/ -й элек* формаларына салыштыруу, окшоштуруу маанисин билдирген *-дай* мүчөсү өнүмдүү түрдө уланып, атоочтук түрмөктөрдү жасайт. Айрым тилдик адабияттарда атоочтуктун *-оочу* мүчөсү менен параллель түрдө *-уучу* мүчөсүн да кошулуп берилип жүрөт

[Караңыз: Нуруев Т., 2015, 448, 94, 427]. Бирок *-өөчү, -үүчү* мүчөлөрү сыяктуу эле *-уучу* мүчөсү да *-оочу* мүчөсүнүн сингармонизм законунун негизинде тыбыштык өзгөрүүгө учураган варианты. Ошондуктан биз ишибизде ыңгайлуулук үчүн атоочтукту уюштуруучу мүчө катары *-оочу* негизги вариантын гана алдык. Алар кайсы бир чакка тиешелүү салыштырылган, окшоштурулган жана кайсы бир деңгээлде арсар маанини аныктап, субъектинин же кыймыл-аракеттин белгисин жана сыпатын башка бир затка, кыймыл-аракетке салыштыра көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай атоочтук түрмөктөр *кандай?, кандайча?, кантип?* сыяктуу суролоорго жооп беришет. *Жаман кишиге айла жок тура, мен кетсем эле бүтүндөй курулуш уюму астым-үстүм түшүп* ***токтоп калуучудай*** *ойлогон турбаймбы*. Мында *токтоп калуучудай* деген атоочтук түрмөк заттын ал-абал менен болгон байланышын сүрөттөп, курулуштун астым-үстүм түшүп, келер чактагы «токтоп калганына» окшоштуруп көрсөтүп жатат. Бул *-гандай* татаал мүчөсү (*-ган+дай*) менен аяктаган учурда да салыштыруу маанисиндеги атоочтук түрмөктөр жасалат: *Ал терезеден түшүп турган шооланы кирпик какпай тиктеп, ичи* ***туз куйгандай*** *ачышып, көңүлү уйгу-туйгу.*

Н.А. Баскаков *-гандай* мүчөсүн «экинчи даражалуу учур-келер чактагы окшоштуруу атоочтук формасы» (Баскаков Н., 434, 437) деп белгилейт. Туунду жана тубаса этиш сөздөргө *-ган, -ар, -бас, -оочу, -а элек* аффикстеринин жалганып келиши аркылуу түзүлгөн биринчи даражалуу атоочтук формаларынан айырмаланып, экинчи даражалуу атоочтуктар этиштин биринчи даражалуу атоочтук формаларын уюштуруучу аффикстерге окшоштуруу, салыштыруу маанисин билдирген *-дай* аффиксинин жалганышы аркылуу түзүлөт [Баскаков Н., 434]. Бирок, биздин оюбузча, *-гандай* аффикси, негизинен, семантикасы боюнча өткөн чактагы атоочтук түрмөктөрдү жасайт. Мисал келтирсек, *бир эненин курсагынан чыккандай, оозунан түшкөндөй* ж.б. Атоочтуктун *-гандай* формасы субъектинин кыймыл-аракетинин аткаруучусу болуп келген учурда салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кызматын аткарып калат. Мисалы, *Балким,* ***өзү айткандай****, таанышыдыр.*

Муну салыштырма атоочтук түрмөк менен чаташтырууга болбойт, анткени келтирилген сүйлөмдө субъект (өзү) катышкан. Ал эми *-а//й/-ып жат, тур, отур, жүр* ж.б. + *-гандай* формаларында уюшулган учурларда учур-келер чактагы этиштерге тиешелүү болгон кыймыл-аракеттик белгини билдирет: *кубанычына кубаныч кошуп жаткандай, көңүлүнө канат бүткөндөй* ж.б.

Мындай *-гандай* мүчөлүү атоочтук түрмөктөрдө атоочтук этиштерден айырмаланып, салыштырылган, окшоштурулган, божомолдонгон кыймыл-аракет, ал-абал камтылат. Эгер *-гандай* мүчөлүү атоочтук түрмөктү *-ган* формасында берсек, аткарылган кыймыл-аракет салыштырмалуу так, анык көрсөтүлөт. *Ал сени сүйгөндүгү үчүн, сен үчүн* ***өзүнүн бактысын курмандыкка чалган*** *аял да.*

Атоочтуктун *-ган* формалуу түрмөктөрдөн кийин *сыяктуу, шекилдүү, сымал* жандоочтору айкашып жана *-ган+га окшогон, -ган+сы+ган* формаларында да окшоштуруу, салыштыруу маанисиндеги атоочтук түрмөктөр пайда болот: *Мына ушул* ***мага окшогон*** *адамдардын жашоо-турмушун аргасыз турмуш деп айтса болот го дейм. Анын көз алдында* ***Жайнагүл эмес эле Зыйнат тургансыган*** *бир элес тартыла түшүп жок болду.*

Атоочтуктун *-гыдай* формасы менен бүткөн атоочтук түрмөк да *аткарылчуга окшогон, аткарылчудай, иштелчүдөй, иштеле тургандай* кыймыл-аракетти салыштыра көрсөтөт; *-гидей/ -гудай/ -гүдөй/ -кыдай/ -кидей/ -күдөй* варианттарында өзгөрөт. Сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтук, баяндоочтук кызмат аткарышат. Бул *-гыдай* формасы фольклордук чыгармаларда көп кездешет: *Көзү көлдүн быткылдай,* ***көрүнгөндү жуткудай*** («Манас»). Атоочтуктун бул мүчөсү *-а+турган, -чудай* формалары менен синонимдик катышта келет, чагы боюнча да келер чакта. Атоочтук түрмөктү уюштуруучу *-гыдай* формасы менен атооч сөздөргө улануучу *-гы+-дай* куранды мүчөлөрү – эки башка мүчөлөр: *Интернаттын ичи-тышы* ***майрам күндөрүндөгүдөй*** *бака-шака.* Белгиленген сөздөрдү атоочтук түрмөк катары кароого болбойт, анда атоочтук (сын атоочтук) гана белги болуп, тутумдаш аныктоочтук кызмат аткарганы менен, атоочтук түрмөктөрдөгүдөй этиштик касиет. *Анын оюнда ушул*

кичинекей наристенин тагдыры жөнүдөгү сыр түйүнү ушул бойдон түбөлүккө билинбей ***жиксиз калуучудай***. Сөз болуп жаткан эки мүчө тең этиштин терс түрү -*ба* жана суроолуу түрү -*бы* менен өзгөрөт (көрүнгөндү жуткудай – жутпагыдай – жуткудайбы; жиксиз калуучудай – калбачудай – калуучудайбы). А *майрам күндөрүндөгүдөй* деген сөз айкашы терс -*ба* мүчөсүн кабыл албайт. Бирок -*а турган* формасында салыштыруу мааниси байкалбайт: *Шаарга кел****е турган*** *оюбуз деле жок болчу.*

Кыргыз тилинде мындан башка да -*ар+-дай, -бас+-дай, -а элек+-дай* формаларында салыштыруу маанисиндеги атоочтук түрмөктөр жасалат: *оор жоготуу болордой, кайра келбестей, төрөлө электей* ж.б. Мындай формадагы атоочтук түрмөктөр арсар келер чак формасында болот.

Жогоруда келтирилгендерден -*гандай* формасы – түрк тилдеринде жана анын ичинде кыргыз тилинде башка атоочтук мүчөлөргө салыштырып караганда кепте эң эле көп колдонулуучу түрү.

Атоочтук түрмөктөрдүн -*дай* формасы менен аяктаган түрү сын атоочторго өтө жакындашып кетишет, сүйлөмдө да затты окшоштуруу иретинде катышса, тутумдаш аныктоочтук; кыймыл-аракет, ал-абалды салыштырып келсе, тутумдаш сыпат бышыктоочтук жана баяндоочтук кызматты аркалашат. Жыйынтыктап айтканда, атоочтуктардын тигил же бул чактагы кыймыл-аракетке байланыштуу болгон окшоштуруу, салыштыруу, божомолдоо маанисиндеги өзгөчө тобу атоочтуктар деп өзүнчө бөлүп каралат [Хидирова Ч., 61]. Мындай атоочтуктар синтетикалык (-*гандай, –чудай, - а электей, -ардай, -бастай*), синтетикалык-аналитикалык (-*ган+га окшош, окшогон*) жана аналитикалык (-*ган сыяктуу, сымал, сымак, шекилдүү, өңдүү, түрдө, таризде* ж.б.) ыктар менен жасалат.

Сыяктуу, сымал, сыңары жандоочтору атооч сөздөр менен айкашып келгенде, атоочтук түрмөк субъектиге же негизги иш-аракетке карата салыштырма маанидеги кыймыл-аракетти билдирет [Нуруев Т., 2015, 84]. Мисалы: *Зыйнат да Толкунбекти биротоло көңүлүнөн* ***өчүрүп салган сыяктуу***

ыҥ-жыҥсыз жок болду. Сүйлөмдө ***сыяктуу*** жандоочу менен аяктаган атоочтук түрмөк *ыҥ-жыҥсыз жок болгон* кыймыл-аракетке салыштырылып берилди.

Кыймыл атоочтордун да синтаксистик конструкцияларды түзүү мүмкүндүгү профессор А. Жапаров тарабынан алгач ирет белгиленген. Окумуштуунун пикирине караганда, кыймыл атоочтор көмөкчү сөздөр менен айкашып келип гана синтаксистик түрмөк түзө алат. Ошондуктан аларды кыймыл атоочтук каршылама түрмөк деп атаган [Жапар Абдыкул, 127]. Мындай түрмөктөрдүн сүйлөмдөн обочолонуп, ажырагыс бир бүтүндүк болуп келиши алардын синтаксистик түрмөк экендигин аныктайт. Кыймыл атоочтук каршылама түрмөктөрдү уюштуруучу сөздөрдүн ичинен *ордуна, көрө, эмес, тургай, турмак, түгүл* жандоочтору менен аяктаган түрмөктөрдө салыштыруу мааниси да берилет. Маселен, *Ал мени* ***күнөөлөштүн ордуна*** *менин тарткан сүрөттөрүмө суктанып күлүмсүрөп турганын өз көзүм менен көрдүм.*

Салыштыруу маанисинин мындайча татаал синтаксистик конструкциялар аркылуу берилиши сүрөттөлүп жаткан заттын, түшүнүктүн, кыймыл-аракеттин, абалдын маанисин бир топ жеткиликтүү, кенен, анык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болмокчу.

2.6. Салыштыруунун татаал сүйлөмдөр аркылуу берилиши

Белгилүү болгондой, татаал сүйлөмдөр багынычсыз татаал сүйлөм жана багынычтуу татаал сүйлөм деген эки чоң топко бөлүнөт. Бул сүйлөмдөрдөгү салыштыруу маанилерин ирети менен анализдейбиз.

Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ичинен салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө салыштыруу мааниси анык берилет.

Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бирине тең даражада катышып, маанилик жактан өз ара салыштырылып айтылса, салыштырма тең байланыштыгы татаал сүйлөм деп аталат [Токтоналиев К., 232]. Салыштырма маанилүү татаал сүйлөмдөрдө анын тутумунда катышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү ойлор өз ара салыштыруу иретинде берилет.

Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөр көбүнчө кепте макал-лакап формасында кездешет. Татаал сүйлөм формасындагы макал-лакаптарда айрым сөздөр эки сүйлөмдө тең кайталанып келе берет, же бирдей грамматикалык формада, окшош грамматикалык функцияда катышып, салыштыруу маанисин билдирет. Салыштыруу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн параллелдүүлүгүндө, алардын окшоштук жана контрасттык мазмундарынын биримдигинде берилет. Мындай кайталоолор сүйлөмгө экспрессивдик мүнөз берип турат.

Мисалы, *Мүнүшкөр мыкты шумкар үчүн жашайт,*

Саяпкер мыкты тулпар үчүн жашайт (С.Р.). Ырда эки объекттин артыкчылыгы, мээнетинин натыйжалуулугу барабар кош сүйлөмдө чагылдырылып турат.

Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочтору төмөнкүдөй формаларда болот:

1. Оң жана терс учур келер чак этиштерден: *Айбандын көңүлүн чөп жибитет, адамдын көңүлүн сөз жибитет* (С.Р.). *Ырыс бербес жер болбойт, ынтымак болбой, эл болбойт* (Нурмолдо).

2. Баяндоочтору арсар келер чактагы этиштерден болот: *Эл үмүтүн жер актаар, жер үмүтүн эр актаар* (Нурмолдо). *Ызааты бар кор болбос, ачуу кылган чоң болбос* (Молдо Кылыч).

3. Баяндоочтору шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү жана *-чы* каалоо-суроо уландыларынын биригүүсүнөн түзүлөт: *Ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу* (Т.).

4. Баяндоочтору сын атоочтордон болот: *Сыйлашарга жат жакшы, ыйлашарга өз жакшы* (Нурмолдо).

5. Баяндоочторунун милдетин *бар, жок* деген сөздөр аткарат:

Туягы бүтүн тулпар жок ,

Тумшугу бүтүн шумкар жок (Б. Солт.).

Элинен нечен азган бар,

Эмгектүү жолду баскан бар (К. Мамб.).

Жок деген сөз этиш сөздөр менен бирдикте баяндоочтук милдет аткарган учурда да сүйлөм ыңтайлаш болуп түзүлүшү мүмкүн. Мисалы, *Бир айдан бери Жуманы эч ким кадырлап чакырган да жок, Жума эч кимдин үйүнө басып барган да жок.*

6. -*дай* формасындагы сын атоочтор да баяндооч болуп келет:

Сыпатың көрктүү ***балбандай,***

Тырмагың болот ***канжардай*** (Т.М.).

7. Кээде компоненттеринин тутумуна салыштыруу маанисиндеги *артык, кем, жакшы, жаман, андан көрө, а көрөкчө, алда канча* + сын атооч түзүлүшүндө да уюшулат: *Жайнагүл мыкты аял, Зыйнат да* ***андан кем эмес****, деги аялдардан жолдуу экенсиң*.

К.К. Сартбаев өзү белгилегендей, “кайчылаш” деген терминге карама-каршы келген “ыңтайлаш (тең маанилеш) жөнөкөй кошмо сүйлөм” терминин “салыштыруу”, “окшоштуруу” маанисинде колдонот.

Ыңтайлаш багынычсыз сүйлөм маани жактан ар түрдүү болот. Андагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жактан кубулушту, окуяны, кыймыл-аракетти түрдүүчө (окшоштуруп, салыштырып) байланыштырат. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочунун милдетин этиш сөздөр аткарбастан, башка сөз түркүмдөрү (зат, сын атооч ж.б.) аткарган учурда, бир кубулуш менен экинчи кубулуштун, же бир окуя менен экинчи окуянын ыңтайлаштыгы түрдүү жактан салыштыруу, окшоштуруу түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдө кыйыр жөндөмөдөгү атоочтор бандоочтук милдет аткарган учурда, сүйлөмдүн ыңтайлаш мааниси салыштыруу, теңештирүү, же окшоштуруу түрүндө даана байкалат.

Мисалдар: 1) жатыш жөндөмө менен:

Тотунун көркү жүнүдө,

Булбулдун көркү үнүндө (санат ырлар);

2) *менен* катышып:

Жакшы эли менен, жер кени менен.

Тоту жүнү менен, булбул үнү менен.

3) -*дай* мүчөсү катышып:

Аттаган жери атандай,

Баскан жери бармактай (Табышмак). Багынычсыз сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочтон туруп, салыштырылып, окшоштурулуп, теңештирилип ыңтайлаш мааниде колдонулат. Маселен, *Акыл - тозбоочу тон, илим – жоголбоочу кен.* Мындай ыңтайлаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдө кээде баяндооч мүчө кайталанып айтылып да кезигет: *Өтүрүк сөз – өлгөн сөз, жалган айткан – жаман сөз* (“Манас”). Багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин сын атооч ж.б. атооч сөздөр аткарып, кубулуш, окуя салыштырылып, теңештирилип ыңтайлаш мааниде колдонулат. Андай багынычсыз татаал сүйлөмдөгү баяндооч мүчөлөр кээде кайталанып айтылат.

Мисалы, *Аттын сыры ээсине маалым,*

Кыздын сыры төркүнүнө маалым. Келтирилген сүйлөмдөрдө баяндоочтук кызмат аткарган *сөз* зат атоочу жана *маалым* сын атоочтору кайталанып катышты. Көрүнүп тургандай, К.Сартбаев салыштырма байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн бул формадагы уюшулушун жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун кайталанып келиши деп карайт [Сартбаев К., 45].

Баяндоочтун милдетин зат, сын ж.б. атоочтор аткарып, ал сөздөргө *бол* деген сыяктуу көмөкчү этиштер кошо айтылган учурда да, жөнөкөй сүйлөм ыңтайлаш мааниде колдонулушу мүмкүн:

Өзөн башы ***ашуу болот****,*

Жардын башы ***кечүү болот*** [Сапарбаев А., 1997, 45-б.].

Кээ бир ыңтайлаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр эки түрдүү мааниде айтылат. Бул учурда биринчи сүйлөмдөгү айтылган ойго экинчи сүйлөмдөгү ой кандайдыр тетири салыштыруу иретинде колдонулат.

Мисалы, *Жакшы уул элине* ***баш болот****,*

Жаман уул элине ***кас болот***, – деген жөнөкөй кошмо сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири менен бири интонация менен тутумдашкан. Ал интонациядан башка бул эки сүйлөмдү өз ара тутумдаштырып турган грамматикалык формаларындагы жана маани жактан эки сүйлөмдөгү ой тескери теңештирүү аркылуу берилген.

Мына ошентип, бул өңдүү ыңтайлаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдө бир кубулуш менен экинчи кубулушту жалпы салыштыруу, теңештирүү, же окшоштурууда бир сүйлөмдөгү ой менен экинчи сүйлөмдөгү ой эки түрдүү болуп айтылышы мүмкүн. Эки түркүн мааниде салыштыруу, теңештирүү, же окшоштурууну билдирген байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөм кайчылаш жөнөкөй кошмо сүйлөмгө жакын мааниде болот [Сапарбаев А., 1997, 46].

А. Жапаров: “Бири-бирине карай тең салмак коюлган салыштыруу мүнөзүндөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан турган тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр салмакташ сүйлөмдөр деп аталат” [Жапаров А., 299] – деп, салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн өзүнчө бир түрүн бөлүп көрсөткөнү менен, экөөнүн айырмачылыгын ачык көрсөтпөйт. Тескерисинче, салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн аныктамасын да окшош эле берип койгондугун байкоого болот: “Өз ара салыштыруу иретинде, же тең салмак коюу маанисинде турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан турган тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр салыштырма сүйлөм деп аталат” [Жапаров А., 298]. Ошондуктан “салмакташ тең байланыштагы татаал сүйлөм” деген терминди колдонбой эле койгон оң. Ал эми Ж. Элчиев мындай татаал сүйлөмдөрдү “салыштырып маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр” [Элчиев Ж., 2012, 83-б.] деген жаңы термин менен атайт. Бул терминди бирдиктүү түрдө салыштырма багынычсыз татаал сүйлөм деп колдонуу илимдеги жана окутуу ишиндеги чаржайыттуулукту жоймок.

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча бири-бирине кайчы айтылса, каршылаш же карама-каршы маанилеш сүйлөмдөр болушат. Мындай сүйлөмдөр төмөнкүдөй жолдор аркылуу уюшулат:

1. Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдө антонимдер катышат: *Экөө мурункудай эзилиип* ***таттуу*** *боло алышпады, көңүл калтырар катуу сөз айтып* ***ачуу*** *да боло алышпады.*

2. Баяндоочтору биринчи жөнөкөй сүйлөмдө оң формада, экинчи сүйлөмдө терс формада, же тескерисинче катышат: *Үйдү бир аял* ***толтурат****, кырк эркек* ***толтура албайт*** (Макал).

3. Татаал сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору атооч сөздөрдөн болсо, биринчи компонентинин баяндоочуна *эмес* тангыч сөзү айкашып айтылып, каршы маанини берет: *Энеден ажыраган* ***жетим эмес****, эне тилден ажыраган анык* ***жетим*** (С.Р.).

4. Татаал сүйлөмдүн биринчи компонентинин баяндоочу оң мааниде айтылып, экинчи компонентинин баяндоочунун милдетин *жок* сөзү аткарат: *Танабай оозуна келген бирдемелерди* ***күбүрөй берди****, Гүлсары бирин да* ***уккан жок*** (Ч.А.). Бул көрсөтүлгөн кайчылаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтук милдетин аткарган этиш сөздөр кайталанып айтылуу аркылуу берилген жана баары эле бир формада. Этиш сөздөн турган баяндоочтун кайчылаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдө кайталанып айтылышы милдеттүү эмес. Мисалы, *Турна тумшугу менен тамакты так-так эттирип* ***чокуду****, тумшугуна эч нерсе* ***илинбеди*** (жомоктон) [Сартбаев К., 47].

5. Кээ бир учурларда компоненттерде каршы маанини туюндуруучу каражаттар катышпай туруп эле семантикасы боюнча карама-каршы мааниде катышышат: *Булар Толкунбекти күтүп түшкү оокатын ичише элек болучу, жигит мынтип бат эле саат эки болуп калганын ойлогон эмес*. Мында контрасттык аракет убакытка карата белгиленет.

Сүйлөмдүн бул түрү каршы маанилеш деп аталганы менен, салыштыруу мааниси да байкалат. Бул тууралуу “Азыркы кыргыз адабий тилинде” да “...өз ара карама-каршы планда салыштырылып көрсөтүлөт” [Аз. кырг. ад. тили, 2009, 696] деп белгиленет.

Профессор А. Иманов болсо: “Каршы маанилеш кошмо сүйлөмдүн синтаксистик түгөйлөрүндө айтылып жаткан зат, окуя, кубулуштар белгилүү даражада антитезалык ыкма боюнча салыштырылып, теңештирилип, же карама-каршы айырмаланып (ошондо да теңештирүү, салыштыруу мааниси сакталат) берилет”. “Каршы маанилеш кошмо сүйлөмдүн негизги мааниси – карама-каршы маани, ал эми салыштыруу, теңештирүү маанилери кошумча берилген жамдама маани болуп эсептелет” дейт [Иманов А., 2009, 357-б.]. Бул тууралуу К.К. Сартбаев да “байламтасыз кайчылаш жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдөгү зат, кубулуш, сапат, сын, кыймыл-аракет жөнүндөгү ой антитезалык жол менен салыштырылат да, антонимдик мааниде колдонулуу сөздөрдүн лексикалык мааниси сүйлөмдүн кайчылаш мааниде экендигин даана көрсөтөт” [Сартбаев К., 47],– деп баса белгилейт.

Байламталар байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштыруу менен бирге, алардын ортосундагы маанилик катышты да даана көрсөтүү үчүн кызмат кылат. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө салыштыруу мааниси жогорудагыдай ачык туюнтулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, каршылагыч байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө гана андай маани аздыр-көптүр байкалат. Карама-каршы багынычсыз байламталуу сүйлөмдөрдүн биринчи компонентиндеги ойго экинчи компонентиндеги ой кайчы коюлат. Ал эми *бирок, а, ал эми, ошондой болсо да, ошондой болгону менен, ошенткени менен, бирок да, антсе да, кантсе да, бирок ошондо да, бирок ошентсе да* ж.б. байламталары сүйлөмдөрдүн ортосундагы карама-каршылыкты дагы да бекемдеп, күчөтүп турат. Бирок карама-каршы байламталардын бардыгында эле каршылык маани болбойт. *Бирок, ал эми* байламталарында салыштыруу мүнөзүндөгү карама-каршылык байкалса, калган байламталар байланыштырган жөнөкөй сүйлөмдөрдө кайчылаш маани, кырдаал берилет. Мисалы: *Толкунбектин эгиз уулун мен* ***төрөткөнмүн****, бирок чындыгы ал балдарды өз колум менен* ***кабыл алган эмесмин*** *дейт*. Татаал сүйлөмдүн бул түрү, жогорудагы маалыматтардан көрүнгөндөй, кайчылаш, карама-каршы,

каршылаш, каршылагыч тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр катары белгиленсе, Ж. Элчиев мунун байламталуусун да, байламтасыз түрүн да каршылаш маалымдоо маанисиндеги татаал сүйлөмдөр [Элчиев, 2012, 257] катары карайт.

Кээде ыр түрүндө берилген татаал түзүлүштөгү сүйлөмдүн ар бир жөнөкөй сүйлөмүнүн тутумунда салыштыруу мааниси камтылып, ошол эле учурда ал жөнөкөй сүйлөмдөр да өз ара салыштырылып берилип калат.

Маселен, ***Сен бир бакча*** *мөмөмөлөрү келишкен,*

Мен жүргүнчү *ооз тийген жемиштен* (А.О.).

Мен – булбул *таңда таңшыган,*

Сен – бир гүл *тоодо аңкыган* (Н.Б.). Мындай өзгөчөлүктө келген салыштыруу маанилерин профессор Ж. Элчиев “кабатташ салыштыруу” деп көрсөтөт [Элчиев Ж., 2012, 258-б.]. Анткени бул учурда сөздөр арасындагы салыштыруу да, сүйлөмдөр арасындагы салыштыруу мааниси да бар.

Салыштыруу мааниси тең байланыштагы татаал сүйлөмгө караганда багыныңкы татаал сүйлөмдөрдө арбын жолугат. Албетте, мындай маани салыштырма багыныңкы сүйлөм деп конкреттүү аталган түрүндө берилет.

Салыштырма багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө бир окуя менен экинчи бир окуя, бир ой менен экинчи бир ой-пикир өз ара салыштырылып айтылып, алардын ортосундагы окшоштук белгилери же айырмачылыгы жөнүндө кабар берилет. Адатта, салыштырылуучу иш-аракет, окуя, кубулуш же зат багыныңкы сүйлөмдө берилет да, анан баш сүйлөмдөгү ойго анын канчалык туура келерлиги же туура келбестиги салыштырылып көрсөтүлөт [Аз. кырг. ад. тили, 729].

Мисалы, *Куштар качып алыс жакка кеткенсип,*

Асманда булут гана кылаалаган (М.Аб.). Бул ырда экинчи жөнөкөй сүйлөм формасындагы *асманда булут гана кылаалаган* сабындагы маани биринчи сүйлөмдөгү *куштар алыс жакка качып кеткенсип турган* абалга, кырдаалга салыштырылып берилип жатат. Мында *-си* мүчөсүндөгү “окшошсунуу” мааниси да салыштырууну күчөтүп турат.

Салыштырма багыныңкылуу сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмдөгү зат, ой, кыймыл-аракет, окуя баш сүйлөмдөгү ой менен салыштырылып, баш сүйлөмдүн маанисин аныктап, тактап, дааналап турат. Башкача айтканда, мындай сүйлөмдөрдө багыныңкы жана баш сүйлөмдөгү ойлор өз ара салыштырылып, алардын ортосундагы окшоштук, дал келүүчүлүк же айырмачылык ачык көрсөтүлөт. Салыштырма багыныңкы татаал сүйлөмдө бир кыймыл-аракет менен экинчи кыймыл-аракеттин, бир окуя менен экинчи бир окуянын тектеш же окшош белгилери салыштырылганда, салыштырылуучу окуя, кыймыл-аракет, же кубулуш багыныңкы бөлүгүндө болот да, баш сүйлөмдөгү айтылуучу ойго анын канчалык туура же туура эмес келгендиги айтылат.

Салыштырма багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен төмөнкүдөй формаларда байланышат:

1. Багыныңкы сүйлөмгө *кандай, кантип*, ал эми баш сүйлөмдүн тутумуна *ошондой, ошентип* деген байламталык милдет аткаруучу ат атоочту бүтүндүктү түзүүчү жупташ сөздөр катышып айтылат. Ал эми багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын *-са* формасында болот. Бул мүчөдөн кийин жак уландылары уланып да айтылат. Бул сөздөр салыштырылуучу окуянын, кубулуштун, же кыймыл-аракеттин бирдейлигин, окшоштугун көрсөтөт. Маселен, *Асан менен Үсөн Жанат үчөө силерге* ***кандай*** *керек болсо, абышка экөөбүзгө сен али* ***ошондой*** *эле наристе көрүнөсүң*. Бир кубулуш менен экинчи кубулушту, затты, кыймыл-аракетти, же окуяны сапат жагынан салыштырууда салыштырма багыныңкы сүйлөмдөгү баяндоочтук милдет аткаруучу сөз баш сүйлөмдө да кайталанып, бирдей окшоштук көрсөтүлүшү мүмкүн. Салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдөгү салыштырылуучу сапатка кишинин ою айрыкча бурулгандай болот.

Кээде баш сүйлөмдөгү *ошондой, ошентип* деген сөздөрдөн мурун *так, нак, как, дал, куду, кадим, өзү* сыяктуу бөлүкчөлөр кошулуп айтылып, салыштыруу мааниси күчөтүлөт. Мисалы, *Толкунбектин көзүнө көзү окшош болгону менен, адамды кыя карагандагы көз карашы, каш-кирпиги* ***кадим эле*** *Зыйнаттын* ***өзү****. Энелик сезим адамда* ***кандай*** *болсо, канаттууда да* ***так***

ошондой. Мисалдан көрүнгөндөй, мындай түзүлүштөгү салыштырма багыныңкылуу сүйлөмдөрдү уюштурууда *-са, -ганы* формалары көбүнчө *бол* этишине уланып келет.

2. Баяндоочу *-ганча/-гыча* формасындагы чакчылдардан болгон багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен байланышып, салыштырма багыныңкы сүйлөмдү уюштуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай жол менен жасалган салыштырма багыныңкы татаал сүйлөмдөр оозеки, жазма кепте, макал-лакаптарда колдонулуп, эки сүйлөмдөгү ой өз ара ашык-кем, жакшы-жаман, оң-терс маанилери боюнча салыштырылып көрсөтүлөт: *Ичте балээ* ***болгончо****, тышта талаа* ***болсун*** (Макал).

3. Салыштырма багыныңкы татаал сүйлөм багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын *-са* формасында келүүсү менен да түзүлөт. Бул учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келген сөз баш сүйлөмдүн да баяндоочу болуп кайталанат да, эки сүйлөмдөгү ой, кыймыл-аракет салыштырылат, теңештирилет же окшоштурулат. Мисалы, *Үсөн сүрөт* ***тартса****, Асан да кошо бирдемелерди* ***тартат***.

4. Көпчүлүк учурда салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна

-дай, атоочтуктун *-ган* жана ага *-дай* мүчөсүнүн уланышы менен да жасалат. Мисалы*: ...Кер жоргонун колтугунда басмайылдын тагын****дай***

Өткөн сүйүү элестери өчпөй жүрөт жадымда... (Ч.А.)

Сейрек болсо да *-гандай* формасы, негизинен, баш сүйлөмдөгү ойдун сыпатын билдирип, сыпат багыныңкы сүйлөмдү да уюштурганы менен, анда салыштыруу мааниси да байкалат. Мисалы, *Чындыгында эле* ***адам кызыккандай****, мазмуну терең картина экен деп ойлоду Жайнагүл*. Мында мурунку сүйлөмдөгүдөй салыштыруу мааниси ачык берилбейт, анткен менен ал *адам кызыкканга окшогон* семантикасын туюнтат.

5. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна *дегендей* көмөкчү этиши тутумдашып айтылып да салыштырма багыныңкы татаал сүйлөм жасалат. Мындай багыныңкы сүйлөмдө макал-лакап, учкул сөздөр айтылып, ага жогорудагы *дегендей* сөзү катар келип, баш сүйлөмдө болсо, ошол ой реалдуу

ой, иш-аракет менен далилденет: *“Ата-эненин кадырын балалуу болгондо билерсиң, агайындын кадырын жалаалуу болгондо билерсиң”* ***дегендей****, өзүң да эне-атанын кадырын түшүнүп калгандырсың*.

6. Айрым учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу *-ган* формалуу атоочтуктан болуп, ага *сыяктуу, сыңары, шекилдүү, өңдүү* деген жандоочтордун тизмектеле келүүсү аркылуу да баш сүйлөмдөгү ой, кыймыл-аракет менен салыштыруу, окшоштуруу маанилери берилет. Мисалы, *Көрсө, дайранын башы булак бол****гон сыяктуу****, ошол он беш союздук республика бүтүндөй өлкөнүн экономикасын туш-туштан толуктап турган экен да*.

Тилчи С. Оторбаева өзүнүн “Э. Ибраевдин чыгармаларындагы салыштыруулардын морфологиялык жол менен жасалышы” деген макаласында “Ар кандай эле сөздөр салыштыруунун образын жасоочу мүчөлөрдү кабыл ала бербейт. Мисалы, тууранды сөздөр, сырдык сөздөр, кызматчы сөздөр (байламталар, жандоочтор, бөлүкчөлөр), модалдык сөздөр ж.б. окшоштуруу маанисин туюнта албагандыктан, салыштыруунун образынын жасалышына уютку боло албайт” [Оторбаева С., 60], – дейт. Бирок жогоруда биз сөз кылган *сыяктуу* жандоочу тууралуу илимий адабияттарда: “...атооч жөндөмөдөгү атооч жана *-ган* формасындагы атоочтук сөздү жандап, аларга салыштыруу, окшоштуруу, болжолдоп теңдөө маанини берет... *сыяктуу* жандоочунун салыштырма маанисине синонимдеш катары *өңдүү, сыңары, сыңарындай* кызматчы сөздөрү колдонулат” [Аз. кырг. ад. тили, 480, 481], – деп айтылат. Ошондой эле *кандай, канча, канчалык, ошондой, ошончо, ошончолук* деген сөздөр салыштырма байламта [Аз. кырг. адаб. тили, 494] деген термин менен аталат. Ал эми *дал, нак, как, так, куду* деген бөлүкчөлөр да “өзүндөй”, “өтө окшош” деген сыяктуу кошумча грамматикалык маанилерди берүү менен салыштыруу маанисин күчөтөт.

7. Кээ бир учурларда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган *-ган* формалуу атоочтуктан болуп, ага *көрө, көрөкчө* деген жандооч тизмектешип айтылып, баш сүйлөмдөгү аракет, ой-пикир менен салыштырылат. Мааниси боюнча багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет,

кубулушка караганда баш сүйлөмдөгү ой белгилүү даражада артыгыраак, пайдалуураак, жакшыраак, же тескерисинче, начарыраак экендиги аныкталып көрсөтүлөт. Мисалы: *Калп айтып пайда* ***тапкандан көрө****, чын айтып зыян тарт*.

Салыштырма багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм татаал сүйлөмдүн, башкача айтканда, бир бүтүн татаал конструкциянын ажырагыс биримдиктеги синтаксистик эки түгөйү болгондуктан, салыштыруу мааниси жалаң эле багыныңкы түгөйүндө гана эмес, баш сүйлөмдө деле бериле берет. Айрым учурларда салыштыруу мааниси бул эки түгөйдүн (баш жана багыныңкы түгөйдүн) маанилеринин бирге алынган суммасынан гана байкалат [Иманов А., 1990, 293-б.].

Салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр да бир өңчөй формада келип, баш сүйлөмгө карай көп багыныңкылуу сүйлөмдөр катары катышат.

Мисалы, *Ар бир жазда жер* ***көгөргөн сыяктуу****,*

Ар бир таңда Күн ***көрүнгөн сыяктуу****,*

Жаңыланып жашай билгин, жан курбум,

Жакшы жагын баалап келген куракты (А.Жак.).

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн салыштырмалуулук касиетин билдирүүчү салыштырма багыныңкы татаал сүйлөмдөр тилде өтө көп учурайт.

Өлчөм багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойду көлөм, өлчөм, даража же сан жагынан билдирүү үчүн колдонулат, эки түрдүү кыймыл-аракеттин сан же даража жагынан болгон айырмасы (бирдейлиги же бирдей эместиги) айтылат. Көбүнчө бир кыймыл-аракеттин экинчи бир кыймыл-аракеттен кем же ашык болгон даражасы көрсөтүлөт. Өлчөм багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу да ар дайым шарттуу ыңгайдын *-са* формасында келип, багыныңкы жана баш сүйлөмдөрдүн *канча – ошончо, канчалык – ошончолук, канча – ошончолук, канчадан – ошончо, канча – андан артык/ андан көп /андан да көп, көп – ошончолук, артык – кем* сыяктуу байламталык милдет аткаруучу сөздөр жана тактоочтор кошулуп айтылат. Пикирибизге далил келтиребиз: *Ал эми бул*

каттын дагы бир жакшы жагы сүрөткер аялдын талантынын бийиктиги ***канчалык*** *көркөм,* ***канчалык*** *жогору болсо, анын адамгерчилигин, акылдуулугун, ички дүйнөсүнүн кенендигин* ***ошончолук*** *айгинелеп турган ажайып дүйнө болду*. Сүйлөмдө аялдын таланты менен көрөңгөсүнүн өлчөм-даражасы салыштырыла көрсөтүлгөн.

Өлчөм багыныңкы сүйлөмдөгү ой кандай даражада айтылган болсо, баш сүйлөмдөгү ой да ошондой даражада сыяктуу айтылат [Сартбаев К., 133].

Кээ бир тилчилер өлчөм багыныңкы сүйлөмдүн негизги мааниси баш сүйлөмдөгү ойду сан жагынан салыштырууда деп карашат. Демек, өлчөм багыныңкы сүйлөмдө салыштыруу белгиси бар. Бирок сүйлөмдүн бул түрү кепте сейрек кездешет.

Ал эми сыпат, карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдө берилген маанилер башка болгону менен, алардын да айрым позицияларында салыштыруу маанилери кошо байкалат. Маселен, сыпат багыныңкылуу сүйлөмдүн *-гансып (-ган+-сы+-п)* формасы аркылуу да “кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткаргандай” же “аткарганга окшоп” маанилери туюндурулат, башкача айтканда, окшоштуруу, салыштыруу маанилери берилет. Мисалы: *Эми жанагы жайдары меймандос мүнөздөрүн бирөө* ***уурдап кеткенсип****, дароо өзгөрүштү*. Келтирилген багыныңкы сүйлөм “эми жанагы жайдары меймандос мүнөздөрүн бирөө уурдап кеткенге окшоп” маанисин берди. Мындай *-гансып (-ган+сы+ып)* формадагы баяндоочтуу багыныңкы сүйлөмдү К.К. Сартбаев амал бышыктооч багыныңкы сүйлөм [Сартбаев К., 140] деп эсептейт.

Салыштырма маанилүү *-гансып* формалуу сыпат багыныңкы сүйлөм да бир өңчөй багыныңкылуу формада келет. Мисалы, *Тумар күйөө баласынын абалын түшүндүбү, эстүү аял эч нерсе* ***укпагансып****, эч нерсе* ***билбегенсип,*** *балдар менен өзүнчө бирдемелерди сүйлөгөн болуп олтуруп калды*.

Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдө карама-каршы багынычсыз байламтасыз татаал сүйлөмдөрдөгүдөй деңгээлде салыштыруу мааниси берилбейт. Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин тутумунда антоним сөздөр, оң жана терс формалуу этиш сөздөр катышып, ал эми багыныңкы

сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын *-са* формасында келген учурда эки сүйлөмдөгү ой бири-бирине карама-каршы тартипте салыштырылат.

2.7. Макал-лакаптардагы салыштыруулар

Кыргыз сөз маданиятынын принциптери, стилистикалык туткасын түзгөн өзөктүү маселелер жөнүндө ой-пикирлер, көз караштар, мыкты тажрыйбалар көп мезгил мурда эле иштелип чыккан. Ошол тажрыйбалар, элдик кеменгерликтин туундусу болгон табылгалар биздин эпосторго, жомокторго, макал-лакаптарга сиңирилген. Кыргыз тил илиминин негизи да дал ошол элдик оозеки чыгармаларда камтылып турат, – деп окумуштуу Т.Маразыков кепти, тилди өнүктүрүүдөгү элдик оозеки чыгармалардын ролун баса белгилейт [Маразыков Т., Кыргыз тилиндеги текстти интегрциялоочу каражаттар, 54].

Аталган элдик оозеки чыгармалардын ичинен эң баалуу үлгүлөрүнүн бири – макал-лакаптар. Макал менен лакапта турмушта таразаланып калган тажрыйбалар таяныч болуп, турмуштук окуялардын, көрүнүштөрдүн ак-карасы, оң-тетириси сыяктуу эки жагы, же бири-бирине жакын турган эки нерсе салыштырыла, көп учурда жупташа учкул тизмектелет. Башкача айтканда, макал-лакаптарда салыштыруу, окшоштуруу, кайчы коюу маанилери өтө кенен учурайт. Маселен, лакаптар көбүнчө салыштыруу, окшоштуруу иретинде *дегендей, окшош, окшобой* деген сыяктуу сөздөрдүн жана *-ган, -дай* уландыларынын жардамы менен айтылат: *Эркайымга окшоп, Тейитканга окшобой, Бир бай өлгөн аттын такасын издеп 40 күн жер каздырыптыр дегендей* ж.б. Мындан сырткары лакаптар капыскы өткөн чактын *-ып, -ыптыр* формалары менен аяктаган учурда да салыштыруу мааниси кошо туюнтулат: *Жаман туугандан жакшы кошуна өтүптүр, Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур* ж.б. Бул лакаптарда биринчи заттын кыймыл-аракетин карата экинчисинин артыкчылыкка ээ экендиги көрүнүп турат.

Кээде адамдардын жүрүм-турум, кулк-мүнөзүндөгү, турмушта көп учураган күлкүлүү, адаттан тыш көрүнүштөр учурдагы окуя, кырдаалга салыштырылып айтылат. Бул учурда лакаптардагы айрым атооч сөздөргө

-ча, -часынан, -ган, -дай формалары уланып жана *окшоп, болуп, дегендей* сөздөрү кошулуп айтылып, салыштыруу маанисин жасайт. Мисалы, *Тейитбекче мал аяп, Аккан досторчо, Сан жылкылуу Сарыбайча, Эрке катын Эркайымчасынан* ж.б.

Мындан сырткары тарыхта жашап өткөн белгилүү адамдардын аттары, кылган иштери, өмүр таржымалдары, аларга тиешелүү буюмдар, минген аттары, куштары ж.б. лакап болуп айтылып калат да, ошол белгилүү адамдардай же аларга тиешелүү заттарга салыштырылган ой берилет. Маселен, *Толубайдай сынчы бол, Шодокондун бүркүтүндөй жулунган, Алп Төбөкчө* ж.б.

Макал-лакаптар түзүлүшү боюнча жөнөкөй же татаал сүйлөм формасында да келет.

Жөнөкөй сүйлөмдүк структурада келген макалдардын составында чыгыштын *-дан* мүчөсү жана ага *артык, кем, көп, ашык, жакшы, жаман, көрө* деген сөздөр айкашып, кээде жараша, бар, жок деген сөздөр катышып келген учурда салыштыруу мүнөзүндөгү ой берилет: ***Атадан артык*** *дөөлөт жок.* ***Эшегине жараша*** *тушагы.*

Кээде бул сөздөр түшүп калып да берилет: *Эл* ***байынан*** *– жер байы* ***(артык)****. Жамандын* ***барынан жогу*** *(жакшы).* Жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү макал-лакаптарда салыштыруу тибиндеги метафоралар да көп учурайт: *Балалуу үй – базар. Ашыктын тили – тилсиз тил. Жаштык -мастык.* Акыркы сүйлөмдө салыштыруу эллипске «жутулуп» кеткен.

Татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макалдарда салыштыруу мааниси өтө көп учурайт. Макалдардагы татаал сүйлөмдөр да багынычсыз, багынычтуу жана аралаш татаал сүйлөмдөр түрүндө болушат.

С. Ибрагимов кыргыз тилиндеги макал-лакаптардын негизги түрү кошмо сүйлөм катарында кездешерин, ал эми анын компоненттери көбүнчө өз ара тең байланыштагы татаал маанилерди туюнтары белгилейт [Ибрагимов С., 2000, 146-б.]. А салыштыруу мааниси да салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө өтө көп кезигет.

Тең байланыштагы татаал сүйлөм формасындагы макал-лакаптар да багынычсыз татаал сүйлөмдөр сыяктуу эле өз ара байламталардын жана

интонациянын жардамы менен байланышат. Алар жөнөкөй сүйлөм же татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү эки компоненттен туруп, бири-бирине жакын, окшош болгон көрүнүштөр, окуялар өз ара салыштырылып берилет. Анын негизинде көрүнүштөрдүн, окуялардын ортосундагы окшоштук, айырмачылык даана көрсөтүлүп, элестүү берилет: *Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар*. Бул сүйлөмдөрдө маани жагынан жакын көрүнүштөр өз ара салыштырылып берилүү менен, алардын мазмуну конкреттүү ачылып, ой элестүү, таасирдүү берилген. Бирок бул компонеттерин өз алдынча колдонсок, салыштыруу мааниси байкалбайт, анткени мындай маани жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыш аркылуу аныкталат. Демек, салыштырма багынычсыз татаал сүйлөм ойду элестүү, көркөм, даана айтуунун каражаты катары өзгөчөлүккө ээ. Салыштырма багынычсыз сүйлөмдүн компоненттери маани жактан жакын болсо да, бири-биринин маанисин улантып же толуктап келбейт. Тескерисинче, эки башка көрүнүш, окуя жөнүндө кабар берет, кайсы бир белгилери боюнча окшош, жалпылыкка ээ болушат.

С. Гапаров салыштырыла турган зат, сыпат же кубулуш өздөрүнүн окшоштугуна карай бири жаратылыштан, экинчиси адам турмушунан, же экөө тең жаратылыштан алынат, бирдей мааниде же бирдей формада салыштырылып, теңештирилип берилет дейт да, аларды өз ар төмөнкүдөй түрлөргө бөлөт:

А. Жаратылыштагы зат, кубулуш жана алардын сыпаты, белгиси менен адамга тиешелүү сапат, кыял-жорук салыштырылат:

Карысы болбой эл болбойт,
Тулаңы болбой жер болбойт.
Көл чайпалса көбүгү бетине чыгат,
Эл чайпалса тетиги четине чыгат.

Ырлардын биринчисинде эл менен жердин курамдык белгилери салыштырылса, экинчисинде эл чайпалып, толкугандагы натыйжасы көл чайпалгандан кийинки абалы менен салыштырлып ачыкталып атат.

Б. Эки кишиге тийиштүү болгон кыял-жорук, сапат салыштырылат: *Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак. Иштермандын иши асыл, күжүрмөндүн күчү*

асыл. Бул макалдарда ата менен эненин, иштерман менен күжүрмөндүн – эки кишинин мүмкүнчүлүктөрү, жөндөмдүүлүктөрү салыштырылды.

В. Жаратылыштагы зат, окуя, кубулуштар өз ара салыштырылат [Гапаров С., 1979, 60-б.]: *Калп адамдын сөзүн бузат, кайгы адамдын өзүн бузат. От менен ойносоң – күйөсүң, суу менен ойносоң – чөгөсүң.* Бул мисалдарда болсо жаратылыштагы окуя, кубулуштардын *(калп – кайгы, сөзү-өзү, от- суу, күйөсүң - чөгөсүң)* өзгөчөлүктөрү салыштырылып көрсөтүлдү.

Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери маани жагынан гана жакын, окшош болбостон, грамматикалык жактан да окшош келет, анткени андай сүйлөмдөр лексика-грамматикалык параллелизм негизинде уюшулат. Татаал сүйлөмдүн компоненттериндеги сөздөр маани жагынан жакын келген, бирдей сөз түркүмдөрүнөн болот, айрым сөздөр эки компонентте тең кайталанып айтылат жана сүйлөмдүн бир жеринен орун алып, бирдей грамматикалык формада, бирдей синтаксистик функцияда келет. Натыйжада татаал сүйлөмдүн компоненттери маани жактан да, синтаксистик жактан да ошол конструкцияда түзүлөт: *Эрди эр кыла турган да аял, кара жер кыла турган да аял. Өлөт деген өлгөн жок, өгүз минген калган жок.* Контекстте *эр* жана *жер, өлөт деген* жана *өгүз минген* эки кишинин биринин өлбөй, экинчисинин өлүп калган абалы салыштырылды.

Салыштырма багынычсыз сүйлөмдүн компоненттери, жогоруда көрсөтүлгөндөй, маани жагынан окшош келип, ошол белгиси боюнча салыштырылып, алардын бири аркылуу компоненттердин окшош жактары көрсөтүлсө, бири аркылуу айырмачылыгы ачылат. Мисалы, *Желге жел кошулса – жут, элге эл кошулса – кут. Эне көргөн ок бычат, ата көргөн ок жонот.* Берилген сүйлөмдөрдөгү *желге жел кошулса*, *элге эл кошулса, эне көргөн, ата көргөн* деген сөздөр өз ара окшоштукту, жалпылыкты туюндуруп турат. Ал эми *жут – кут, тон бычат – ок жонот* деген сөздөр аркылуу айырмачылык, салыштырмалуулук ачылып берилген.

Салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө да салыштырылып берилген сүйлөм мүчөлөрү гана эки башка сөз болуп, калган сөздөр көбүнчө

компоненттерде кайталанып келет. Салыштырылып берилген сөздөр көбүнчө сүйлөмдүн башында келип, айырмачылыкты көрсөткөн сөздөр болсо, логикалык басым түшүрүлүп айтылат. Логикалык басым түшүрүлгөн сөз көтөрүңкү үн менен айтылып, компоненттердин ортосундагы айырмачылыкка угуучунун көңүлүн бурдурат. Мисалы, 1. *Достун **жаны** бир, туугандын **малы** бир.* 2. *Күз – **күрөш**, жаз – **жарыш**.* 3. *"Сеники, меники" – **көңүлдүн** тардыгы, "ары жат, бери жат" – **төшөктүн** тардыгы.* 4. *Ат **аягынан** басынат, эр **тамагынан** басынат.* 5. *Конок **айтып** келбейт, өлүм **сурап** келбейт.* Макалдардын 1-синде багынычсыз татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ээлери, 2-синде баяндоочтор, 3-сүндө аныктоочтор, 4-сүндө толуктоочтор, 5-синде болсо бышыктооч мүчөлөрүнүн өзгөчөүктөрү өз ара салыштырылып, көтөрүңкү интонация менен айтылат.

Салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр компоненттери өзүнчө татаал сүйлөмдөрдөн түзүлгөн конструкцияларда көп кезигет. Макал-лакаптардагы сүйлөмдөр дагы өз алдынча эки же үч жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлүп, алар **багынычсыз же багынычтуу, же аралаш татаал сүйлөм түрүндө** да учурайт:

I. Макал-лакаптардын компоненттери багынычсыз татаал сүйлөм түзүлүшүндө келет, башкача айтканда, салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдүн ар бир компонентинде экиден жөнөкөй сүйлөм болуп, алар өз ара багынычсыз абалда байланышат. Компоненттеги жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара бир өңчөй, карама-каршы, себеп-натыйжа, шарт-натыйжа маанисинде байланышат. Демек, татаал сүйлөмдөгү салыштыруу мааниси компоненттердеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катышы аркылуу эмес, компоненттердин ортосундагы катыш аркылуу берилет. Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө да салыштыруу жана айырмачылыкты көрсөтүүчү сөздөр гана эки башка сөз болуп, калгандары кайталанып келгендиктен, компоненттердин ортосундагы окшоштук жана айырмачылык сүйлөмдүн айрым мүчөлөрү (ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктоочтор) аркылуу берилет: *Ак зооттун жакасы бар, жеңи жок; чын жакшынын ачуусу бар, кеги жок.*

II. Компоненттери тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн компоненттери өз ара багына байланышып да салыштырылып берилет. Андай багынычтуу сүйлөмдөр ар бир компонентте экиден болот. Багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен шарт, кээде мезгил, карама-каршы, салыштыруу, сыпаттык мааниде байланышат: *Отту козгосо – өчөт, коңшуну козгосо – көчөт. Жер айрылып, чөп чыгат; желин айрылып сүт чыгат.* Татаал сүйлөм түзүлүшүндө келген макалдардын биринчисиндеги компоненттерде салыштыруу мааниси шарттуу багыныңкы, кийинкисинде сыпат багыныңкы татаал сүйлөмдөр аркылуу берилди.

Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө да компоненттердин ортосундагы окшоштук багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу берилип, айырмачылык баш сүйлөмдөр аркылуу көрүнөт. Бирок татаал сүйлөмдөгү окшоштукту жана айырмачылыкты көрсөткөн сөздөр гана көбүнчө эки башка сөз болуп, калган сөздөр кайталанып келет. Демек, багыныңкы жана баш сүйлөмдөгү окшоштук жана айырмачылык айрым мүчөлөр аркылуу берилет. 1. ***Эр*** *мактанса – бир октук,* ***бай*** *мактанса – бир жуттук.* 2. ***Жаранын*** *оозу ачылса – ырбайт,* ***ырчынын*** *оозу ачылса – ырдайт*. 3. ***Мал баксаң*** *– чөп чап;* ***жан баксаң*** *– көп тап*. Компоненттүү тең байланыштагы татаал сүйлөм структурасында келген макалдардын бгыныңкы бөлүктөрүндөгү белгиленген ээ (1), аныктооч (2), толуктооч, баяндооч (3) мүчөлөр окоштукту түзүп, ал эми баш сүйлөмдөрдөгү *октук-жуттук* (1), *ырбайт – ырдайт* (2), *чап-тап* (3) баяндооч мүчөлөрү салыштырылып көрсөтүлдү, башка мүчөлөр кайталанып катышкандыгына күбө болдук.

III. Компоненттери аралаш татаал сүйлөмдөрдөн болгон салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөр да эки компоненттен туруп, компоненттер жарым аралаш татаал сүйлөм структурасында түзүлөт, башкача айтканда, ар бир компонентте үчтөн жөнөкөй сүйлөм болуп, алар өз ара багынычсыз жана багынычтуу абалда байланышат. Эки жөнөкөй сүйлөм компоненттин бир бөлүгүн, бир жөнөкөй сүйлөм бир бөлүгүн түзөт. Татаал сүйлөмдү компонеттеринин түзүлүшүн төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

А. Компоненттеринин бир бөлүгү багынычтуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү багынычсыз татаал сүйлөмдүн бир бөлүгү болуп түзүлөт: *Мал баксаң, кой бак – каймак кетпейт чараңдан; ит баксаң, сырттан бак – кой алдырбайт корооңдон.*

Б. Компоненттеринин биринчи бөлүгү багынычсыз татаал сүйлөмдүн бир бөлүгү, экинчи бөлүгү багынычтуу татаал сүйлөм болуп түзүлөт: *Алышыңды бек байла: жардап кетсе, суу бербейт; жарыкта малың көздөп ал: караңгы кирсе, көз жетпейт.*

Тилчи С. Гапаров салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдөн айыргыч маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдөрдү айырмалап көрсөтөт. Айыргыч маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери өз ара интонация аркылуу жана *же* деген ажыраткыч байламта аркылуу байланышат. Бирок кандай байланышса да, татаал сүйлөмдүн компоненттеринде айыруу, ажыратуу мааниси болот. Компоненттердеги окуялардын кайсынысынын ишке ашышы берилбегендиктен, татаал сүйлөмдө божомолдоо мааниси да болот. Айыргыч маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттеринде көп учурда кайчы, карама-каршы маанидеги сөздөр болот, бирок компоненттер өз ара карама-каршылык, кайчы мааниде келбейт. Ошол карама-каршы, кайчы көрүнүштөрдүн бирөө гана ишке ашышы мүмкүн болуп, ой божомол мааниде берилет [Гапаров С.,1979, 67-б.]. Мисалы, *Жакшы адам жайлоодогу* ***гүлдөй****, же тийип турган* ***күндөй****. Коёндун кош кабыргасын* ***барда*** *аяйынбы,* ***жокто*** *аяйынбы?* Мисалдардан көрүнгөндөй, же ошондой эле С. Гапаров белгилегендей, айыргыч маанидеги татаал сүйлөмдөрдө карама-каршы маани жок, тескерисинче, салыштыруу мааниси байкалат.

Карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр макал-лакаптарда эң көп кезиккен сүйлөмдүн тиби болуп саналат. Мындай көрүнүш алардын ички табиятынан, көркөмдүк өзгөчөлүгүнөн, дидактикалык мүнөзүнөн келип чыккан. Бул жөнүндө С.Г. Лазутин мындай дейт: «Ачык-айкын таасирдүүлүккө умтулуу менен катар макалдар эки буюмду же эки көрүнүштү салыштырууга бат-бат кайрылып турат (параллелизм, салыштыруу, окшоштуруу, карама-каршы коюу),

мунун өзү да сүрөттөөнүн эки мүчөлүү формада болушун талап кылат» [Лазутин С., 138].

Карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө да эки түрдүү оң жана терс көрүнүштөр өз ара карама-каршы мааниде салыштырылып көрсөтүлүү менен, ой конкреттүү жана көркөм берилет. Көрүнүштөрдүн ортосундагы айырма кескин түрдө даана көрсөтүлүп, оңунан үлгү алууга, терс көрүнүштөрдөн качууга үндөйт.

Оозеки жана жазма формадагы башка карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр сыяктуу эле макал-лакаптардагы карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр өздөрүнүн маанилик өзгөчөлүктөрүнө ылайык эки компоненттен туруп, андагы ойлор өз ара карама-каршылыктуу, кайчы мааниде салыштырылып көрсөтүлөт. Бирок лексикалык курамы, көркөмдүк-структуралык өзгөчөлүгү боюнча белгилүү бөтөнчөлүккө ээ болот:

1. Макал-лакаптардагы карама-каршы багынычсыз сүйлөмдөр биринчи иретте лексикалык составы боюнча айырмаланат. Алардын составында лексикалык, грамматикалык, контексттик антонимдер көп кездешет. Аталган тилдик бирдиктер сүйлөмдүн бардык кызматтарын аткаруу менен, татаал сүйлөмдүн компоненттеринин ортосундагы карама-каршы маанини берүүчү негизги каражат катары кызмат кылат*: **Акылдуу** отту карайт, **акмак** казанды карайт. Таяк жарасы **айыгат**, сөз жарасы **айыкпайт**.*

2. Ошондой эле макал-лакаптардагы башка багынычсыз сүйлөмдөрдөй эле синтаксистик параллелизм, компоненттердеги айрым сөздөрдүн кайталанышы, сүйлөмдүн кээ бир мүчөлөрүнүн түшүп айтылышы, айрым мүчөлөрдүн эки компонентке да орток болушу, баяндоочтордун бирдей чак, бирдей жакта турушу карама-каршы тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө да мүнөздүү. Мисал келтирсек: *Байдын малы **кымбат**, кембагалдын баласы **кымбат**. Көргөн көргөнүн, көсөө түрткөнүн **кылат**. Молдонун айтканын **кыл**, кылганын **кылба**.* Келтирилген макалдардагы *кымбат* деген сөз кайталанып келди, *кылат, молдонун* деген сөздөр эки сүйлөмгө орток айтылса, *кыл, кылба*

этиштери экөө тең келер чакта айтылуу менен, бирдей II жакта келип, карама-каршылыктуу салыштырууну туюндурду.

3. Мындай сүйлөмдөрдүн компоненттери жамдама, туюк, жаксыз бир тутумдуу сүйлөм структурасында болушу мүнөздүү: *Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен тааныйт* (туюк жактуу бир тутумдуу сүйлөм). *Кыз сактаба, кызыл үй сакта* (жамдама жактуу). *Сүйлөй-сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот* (туюк жактуу). *Кошконго үйүр эмес, сүйгөнгө үйүр* (жаксыз бир тутумдуу сүйлөм).

4. Карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөм түрүндөгү макал-лакаптардын компоненттери дагы өз ара татаал структурада келет: *Баш көбөйсө – ырыс, кас көбөйсө – уруш. Жакшыга айтсаң – билет, жаманга айтсаң – күлөт.* Бул макалдардын компоненттери да ар бири багынычтуу татаал сүйлөм формасында.

Макал-лакап тибиндеги карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн

компоненттеринин ортосундагы карама-каршы, кайчы маани 3 түрдүү жол менен берилет:

1. **Лексикалык жол менен**, башкача айтканда, татаал сүйлөмдүн компоненттеринин ортосундагы карама-каршылыкты туюндуруучу каражаттар антонимдер болушат. Компоненттеринин ар биринде кеминде 2-3төн антоним сөздөр катышат. Ал антонимдердин бири аркылуу компоненттердеги эки түрдүү кубулуш, сапат карама-каршы түрдө салыштырылып берилет да, экинчиси аркылуу алардын ортосундагы айырмачылык ачылат. Айырмачылыкты көрсөтүүчү антоним мүчө логикалык басым менен айтылат. Салыштырылып берилген антоним мүчө сүйлөмдүн башында келет: ***Туура*** *бийде* ***тууган*** *жок,* ***туугандуу*** *бийде* ***ыйман*** *жок.* ***Болор*** *бала элине* ***баш*** *болот,* ***болбос*** *бала он экисинде* ***жаш*** *болот.* Бул сүйлөмдөрдө *туура-туугандуу, болор-болбос* деген антонимдер салыштырылып берилип, *тууган-ыйман баш болот – жаш болот* деген антонимдер аркылуу алардын айырмасы ачылып берилип жатат. Карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы антонимдер сүйлөмдүн ар кайсы мүчөсүнүн функциясында келе берет. Өтө сейрек учурда макалдардагы

карама-каршылык маани каратма сөздөр аркылуу да берилет: ***Чобур минген**, ары тур; **жорго минген**, бери тур*. Мындай сүйлөмдөрдө айырмачылыкты көрсөткөн мүчөлөр орун бышыктоочтор (*ары-бери*) болушат.

2. **Лексико-грамматикалык жол менен берилет**. Татаал сүйлөмдүн компоненттериндеги карама-каршы маани лексика-грамматикалык жол менен да берилет, башкача айтканда, анын компоненттеринде бирден, айрым учурда экиден лексикалык, контексттик антонимдер болуп, алар карама-каршы, кайчы мааниде өз ара салыштырылат да, айырмачылык баяндоочтор аркылуу грамматикалык жол менен берилет.

Баяндоочтор эки компонентте тең бир сөздүн кайталанышы менен берилет, бирок бирде оң, бирде терс формада келет, мааниси боюнча өз ара карама-каршы турат. Этиштик баяндоочтордо терс маани *-ба* мүчөсү аркылуу, атоочтук баяндоочтордо *эмес* деген сөз аркылуу берилет. Баяндоочтор бир сөздүн кайталанышы менен берилгендиктен, ээлердин бир түрдүү белгилерин көрсөтөт, бирок карама-каршы мааниде келишине байланыштуу ээлердин биринде ал белгинин бардыгы ырасталат, биринде танылат, ал белгинин жоктугу көрсөтүлөт. Аны татаал сүйлөмдүн компоненттери боюнча төмөнкүчө көрсөтөбүз:

А. Баяндооч татаал сүйлөмдүн биринчи компонентинде оң, экинчисинде терс формада келет. Натыйжада ырастоо-тануу маанисиндеги сүйлөм түзүлөт: *Күч **кетет**, билим **кетпейт**.*

Б. Тескерисинче, баяндооч кошмо сүйлөмдүн биринчи компонентинде терс, экинчисинде оң формада келет: *Айранын ичкен **тутулбайт**, аягын жалаган **тутулат**.* Эгер баяндооч атооч сөздөрдөн болсо, сүйлөмдө терс маани *эмес* сөзү аркылуу берилет: *Келинди келгенде **эмес**, келерге сына. Эмес* сөзү сүйлөмдө этиштин - *ба* мүчөсүнүн (“сына-ба”) кызматын аркалады.

3. **Карама-каршы маани татаал сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн мааниси аркылуу берилет.**

Мындай структурадагы карама-каршы багынычсыз сүйлөмдөрдүн компоненттеринде этиштин оң-терс формалары же антоним сөздөр болбойт.

Жөнөкөй сүйлөмдөр мындай каражаттардын катышуусуз эле карама-каршы мааниде болушат: *Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат. Өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко салам айт.* Мындай сүйлөмдөр салыштырма маанилүү сүйлөмдөргө өтө окшош келет. Бирок сүйлөмдөгү айрым мүчөлөрдүн маанисинин бирине караганда экинчисинде күчөтүлүп же азайтылып берилиши аркылуу аларды айырмалоого болот. Мисалы, *Ашык ойногон азар, топ ойногон тозор. Айран уюта албаган иритет, тери ашата албаган чиритет.* Мисалдардагы *азар-тозор, иритет-чиритет* деген сөздөр антоним болбогону менен, карама-каршы маанини туюнтууда роль ойногон сөздөрдүн экинчилеринде биринчилерине караганда маани басым жасалып, күчөтүлүп берилген. Мындан улам буларды салыштырма маанилүү сүйлөм дегенге болбойт.

Мындай карама-каршылыктуу ой өз ара татаал сүйлөмдүн тутумундагы жай жана суроолуу сүйлөмдөрдүн маанилик катыштары аркылуу да берилет: *Жанга күйгөн жандай дос, жанга күйбөс кандай дос? Тишиң барда – таш чайна, тишиң жокто аш кайда?* Көрсөтүлгөн типтеги сүйлөмдөрдө сурама ат атоочтор жана сүйлөмдөрдүн баяндоочтору аркылуу карама-каршылыктуу маани туюлат.

Ошондой эле айрым багынычсыз татаал сүйлөм формасындагы макал-лакаптардын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр кайчылаштык мааниде да катышат: *Эл үмүтүн эр актаар, эр атагын эр сактаар*.

Макал-лакаптардагы карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн дагы бир өзгөчөлүгү – алардын компоненттеринин татаал сүйлөм түрүндө келиши. Мындай түзүлүштө келген карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө 3 же 4 көрүнүш, окуя өз ара карама-каршы мааниде салыштырылып берилүү менен, ой кенен, элестүү баяндалат; айтылышы жагынан да поэтикалуулугу, интонациялуулугу артат. Бул жөнүндө С.Г. Лазутин: «Бул ыргактуулук көп мүчөлүү макалдарда ого бетер күчөйт [Лазутин С., 139]», – дейт. Бирок татаал сүйлөм түрүндөгү макал-лакаптардын түзүлүшү жөнөкөй сүйлөмдүн эсебинен канчалык кеңиген сайын, андагы жөнөкөй сүйлөмдөр составы жагынан ошончолук кыскара берет. Айрым сүйлөм мүчөлөрү түшүрүлүп, айрым сүйлөм

мүчөлөрүнүн калган жөнөкөй сүйлөмдөр үчүн да орток болуу учурлары көп кездешет, же бир составдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн көп катышуусу да дал мына ушуга байланыштуу болуусу мүмкүн [Кайымова Ф., 2019, 220-б.] Мисалы, *Барса – базар, келсе – кербен. Бай мактанса – табылат, жок мактанса – чабылат.*

Мындай компоненттердеги татаал сүйлөмдөр өз ара багынычсыз жана багынычтуу маанилик катыштарда келе берет.

А. Татаал сүйлөмдөр эки компоненттен туруп, андагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара тең даражада катышса – компоненттери багынычсыз татаал сүйлөмдөрдөн түзүлгөн карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр болушат: *Уулду төрөйт – уятын кошо төрөбөйт, кызды төрөйт – кыялын кошо төрөбөйт*. Сүйлөмдүн бул түрү кепте өтө сейрек учурайт.

Багынычсыз татаал сүйлөм структурасында уюшулган карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр компоненттеринин составы боюнча эки түрдүү түзүлүштө келет:

1) эки компоненти тең татаал сүйлөмдөрдөн болот. Мисалы, *Бир жакшы бар журттун камын жейт, бир «жакшы» бар журттун малын жейт;*

2) биринчи компоненти татаал сүйлөм, экинчи компоненти жөнөкөй сүйлөм болот: *Жакшы Ай менен Күндөй, жакшылыгы ар кимге бирдей – жаман караңгы түндөй. Жамандан жазган, иттен иймен – элиңди сүй*. Келтирилген макалдарда “жаман караңгы түндөй”, “элиңди сүй” деген компоненттер жөнөкөй түзүлүштө, ал эми биринчилери татаал сүйлөмдөрдөн болушуп, маанилери боюнча карама-каршы катышта.

Б. Эки багынычтуу татаал сүйлөмдөр өз ара бир компонентке биригип, эки компонент карама-каршы катышта, багынычсыз абалда байланышат. Мындай компоненттүү макал-лакаптар кепте өтө көп учурайт: *Карамыктын даны болгуча, ак буудайдын саманы бол; жаман элдин жакшысы болгуча, жакшы элдин жаманы бол. Жакшы мал бакса – торугун семиртет; жалкоо мал бакса – сөөгүн итке кемиртет*. Бул макалдардын биринчисинде карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөмдөр, кийинкисинде болсо шарттуу багыныңкы багыныңкы сүйлөмдөр өз ара карама-каршы багынычсыз байланышта турат.

Мындай компоненттүү түзүлүштө келген карама-каршы багынычсыз сүйлөмдөрдүн да биринчи компоненти жөнөкөй сүйлөм формасында, экинчи компоненти багынычтуу татаал сүйлөм формасында же тескерисинче болуп кепте учурайт: *Жолоочунун жолдогусу жакшы; жолдо болбосо – үйдөгүсү жакшы. Жыгач кессең – узун кес, кыскартышы кеп бекен?* Жогорудагы компоненттүү татаал сүйлөмдөрдүн мурункусунда биринчи компоненти жөнөкөй түзүлүштө, кийинкисинде экинчи компоненти карама-каршылыктуу жөнөкөй формада турат.

Багынычтуу татаал сүйлөмдөр макал-лакаптарда багынычсыз татаал сүйлөмдөргө караганда аз кезигет. Алардын семантика-структуралык өзгөчөлүгүнө ылайык багынычсыз татаал сүйлөмдөргө мүнөздүү болгон көркөмдүк-структуралык каражаттардын көбү мында колдонулбайт. Багынычтуу татаал сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөр маанилик, грамматикалык жактан өз ара тең болбой, багыныңкы абалда байланышкандыктан, алардын синтаксистик параллелизм негизинде түзүлүшү дайыма зарыл боло бербейт. Өздөрүнүн семантика-структуралык өзгөчөлүктөрүнө карай салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн жана жарым-жартылай түрдө карама-каршы багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн компоненттери гана синтаксистик параллезим негизинде түзүлөт. Демек, багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн ушул эки түрүндөгү компоненттеринин ортосунда салыштыруу мааниси да көрсөтүлөт. Макал-лакаптардагы салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө да багыныңкы сүйлөмдөгү бир зат, кубулуш жана анын белгиси менен баш сүйлөмдөгү экинчи бир зат жана анын белгиси салыштырылып берилет да, алардын ортосундагы окшоштук, айырмачылык көрсөтүлөт: *Жамандын жакшысы болгуча, жакшынын жаманы бол. Кан менен каныша урушта болсо, кул менен күң куймакта.* Макалдарда заттын эки башка белгилери салыштырылып, биринчи жөнөкөй сүйлөмгө караганда экинчисинин артыкчылыгы белгиленип көрсөтүлөт. Мындай макал-лакап формасындагы салыштырма багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору кара сөз түрүндөгү, карапайым салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочторунан

(*-гандан көрө, -гандан көрөкчө, -ган сыяктуу, -гандай*) айырмаланып, чакчылдын *-гыча* жана шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү аркылуу уюшулат.

Баяндоочу *-гыча* мүчөсү менен уюшулган салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдө багыныңкы сүйлөмдөгү зат жана анын белгиси баш сүйлөмдөгү зат жана анын белгисине карама-каршы түрдө салыштырылып берилет да, багыныңкы сүйлөмдөгү окуянын сапат жагынан төмөндүгү, терстиги, баш сүйлөмдөгү окуянын артыкчылыгы көрсөтүлөт. Салыштырма маанини туюнтууда сүйлөмдүн баяндоочу артыкчылыкка ээ.

Баяндоочко уланган *-гыча* мүчөсү *көрө* жандоочунун функциясын аткарат. Мындай формалуу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу терс мааниде, баш сүйлөмдүн баяндоочу оң мааниде салыштырылат жана сапат жагынан жогору болот. Маселен, *Ичте балээ болгончо (ичте балээ болгондон көрө), тышта талаа болсун.*

Баяндоочу *-гыча/ -ганча* формалуу салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр эки составдуу (*Күлүккө күн салгыча, байталга бак берсин*) да, бир составдуу (*Жамандын жанын сактаганча, жакшынын арын сакта*) да структураларда боло берет.

Баяндоочу *-са* мүчөсү менен уюшулган салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө бир мезгилде болгон эки түрдүү окуя баяндалып, алар өз ара тең мааниде келет. Алар маани жагынан гана эмес, грамматикалык жагынан да окшош уюшулушат, башкача айтканда, жөнөкөй сүйлөмдөр синтаксистик параллелизм негизинде түзүлөт. Маанилик жана грамматикалык жагынан тең болгон татаал сүйлөмдүн компоненттери салыштырылып берилет: *Иттин ээси болсо, карышкырдын Кудайы бар. Бирөө кечерге кечүү таппай жүрсө, бирөө ичерге суу таппайт*. Салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмүнө караганда баш сүйлөмүндөгү белги сапат жагынан пайдалууракак, артыгыраак болот. Мындай сүйлөмдөр составына *кандай, ошондой* сөздөрүнүн катышуусу менен да түзүлөт: *Энелик мээрим адамда кандай болсо, макулукта да ошондой.*

Карама-каршы багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмдөгү окуя баш сүйлөмдөгү окуяга мааниси боюнча карама-каршы келет. Башкача айтканда, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдөгү окуялардын өз ара карама-каршылыктуу тараптары салыштырылат. Мындай сүйлөмдөр да синтаксистик параллелизм негизинде түзүлөт.

Мааниси жагынан макал-лакаптардагы карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр өзүнчө бөтөнчөлүккө ээ эмес, бирок структурасы чектелүү түрдө болот; кыска түзүлүштө, көбүнчө бир составдуу структурада келет. Анын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – сүйлөмдүн составына лексикалык, контексттик антонимдер, терс *-ба* формасындагы этиштер катышып, карама-каршы маани, негизинен, ошол каражаттардын жардамы менен туюндурулат: *Кайда бар**саң да** – Мамайдын көрү. Жакшынын өзү өл**сө да**, сөзү өлбөйт*.

Салыштыруу маанисин кошо камтыган карама-каршы сүйлөмдүн баяндоочу жогорку мисалдардан көрүнгөндөй, *-са + -да* формасында өтө көп учурайт.

Ошондой эле татаал сүйлөмдүн составындагы баш жана багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтору сейрек учурда оң жана терс формада келип салыштырылат: *Берерге бешөө чык**па**са, аларга алтоо чыгат*.

Кээде карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -бай формасында да болот: *Катын ал**бай**, кайын ал.Чөл жакала**бай**, көл жакалап кон.*

Чакчылдын *-ып* формасы менен да уюшулат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн составына антонимдер катышат, компоненттер мында да көбүнчө бир составдуу болушат: *Азаматтын жакшысы азыраак сүйлө**п**, көп тыңшайт. Үйдүн тууруна күт**үп**, уузуна күтпөптүр* ж.б.

Макал-лакаптарда сейрек болсо да, өлчөм багыныңкылуу татаал сүйлөм кезигет. Аларда да багыныңкы жана баш сүйлөмдөгү ой саны, өлчөмү боюнча салыштырылат: *Досуң **канча** болсо, душманың **ошончо***.

Макал-лакаптар аралаш татаал сүйлөм конструкциясында да жолугат жана татаал сүйлөмдүн компоненттери салыштыруу, карама-каршылыктуу салыштыруу маанилеринде да байланышат. Мисалы, *Жазда магдырасаң күздө*

жалдырайсың, кышта дабдырайсың. Сүйлөмдүн экинчи, үчүнчү компоненттери өз ара тең байланыштагы татаал сүйлөмдү түздү, ал эми биринчи компоненти багыныңкы сүйлөм катары келип, аралаш татаал сүйлөмдү түздү. Аны мааниси боюнча багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун *-са* формасында турушуна карап шарттуу багыныңкы татаал сүйлөм дегенге болбойт. Семантикалык жактан багыныңкы сүйлөм "жазда магдырай турчу болсоң" деген маанини туюндуруп, кийинки эки сүйлөмдө жаздагы абал күздөгү, кыштагы абал менен салыштырылып жатат. *Калемпир туз болбойт, катын кыңшылап, кыз болбойт* деген макалда биринчи сүйлөмгө кийинки багынычтуу татаал сүйлөм өз ара салыштыруу иретинде берилди. *Көп суур ийин казбайт, ийин казса да – кең казбайт* деген макал да мааниси боюнча составында карама-каршы багыныңкы сүйлөм катышкан аралаш татаал сүйлөм.

Окшойт, окшош сөздөрү да окшоштуруу, теңдөө, барабар коюу маанилерин туюндуруп, макалдагы жөнөкөй редифтик уйкаштыкты да түзүп, салыштыруу маанисиндеги аралаш татаал сүйлөмдү түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот: *Жакшы болсо алганың –*

Жаркылдаган ***кушка окшойт****,*

Атыр жыттуу ***гүлгө окшойт****. Окшойт* сөздөрү аралаш татаал сүйлөм структурасындагы макалдын 2 багынычсыз жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору болуп келүү менен, багыныңкы сүйлөмдөгү "жакшы аялды" *кушка, гүлгө* салыштыруу функциясында катышты.

Салыштыруу маанисинин туюндурулуш ыкмаларын жана каражаттарын чагылдырган синтаксистик моделдер тиркемеде берилет.

Экинчи баптан алынган тыянактар

Экинчи баптан мындайча тыянактарды келтирүүгө болот:

1. Салыштыруу категориясы функционалдык грамматиканын алкагында функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ), функционалдык принцип, функционалдык система терминдери менен айкалышта иликтенет.

2. Изилдөө ишин жүргүзүүдө бир катар эмпирикалык (лексикографиялаштыруу; топтоо, саноо; системалаштыруу, интерпретациялоо, котормо, байкоо жүргүзүү, трансформациялоо) жана теориялык (системалык, салыштыруу, сыпаттоо; формалдаштыруу, моделдештирүү; анализдөө, синтездөө; индуктивдик, дедуктивдик; жалпылоо) метод-ыкмаларын пайдаландык.

3. Изилдөөнүн материалы катары тилдеги салыштыруу талаасы жана аны уюштуруучу каражаттары тандалып алынды. ФСТ лексикалык, семантикалык, морфема-морфологиялык (синтетикалык), синтаксистик (аналитикалык) ыкмалары аркылуу уюштурулат.

4. Салыштыруу мааниси сүйлөм тутумунда кездешүүчү маанилердин өзгөчө түрү катары каралып, көркөм адабиятта көп кезигерин байкадык, ал адабият теориясында троптун жөнөкөй түрүнө кирет. Салыштыруунун белгилүү негизги 4 элементи (окшош нерсе, окшотулган нерсе окшош белги, окшоштукка кошумча каражаттар) толук сакталганда гана сүйлөмдө салыштыруу мааниси ачык көрүнөт.

5. Сүйлөм курамында камтылган салыштырууларда жогорудагы талаптар көбүнчө толук сакталса, кээде баары эле толук көңүлгө алына бербейт. Бирок мындай сүйлөмдөрдө салыштыруу мааниси солгундабайт. Салыштыруунун мындай ыкмасында нерсе, түшүнүк жашыруун салыштырылып, тилде **метафора** деген термин менен аталат.

6. Салыштыруу маанисин синтетикалык (морфологиялык) жол менен жасалышынын эң өнүмдүү каражат болуп *-дай* мүчөсү болуп эсептелет. Аны колдонулуу алкагы боюнча **лексика-семантикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча төмөнкүдөй учурларын бөлүп көрсөтүүгө жана классификациялоого** болот.

I. Мындай туунду сөздөр көбүнчө атооч, этиш сөздөр менен айкашып келет. Ошол тизмектин семантикалык мааниси боюнча: *-дай* мүчөлүү туунду сөздүн берген **семантикалык маанисине жана аныктоочу менен аныкталуучусунун семантикалык катышына** карай төмөнкүчө бөлүштүрдүк.

А. **Туунду сөздөрдүн** (*-дай* мүчөсү уланган) **берген маанилери боюнча:** 1) салыштыруу; 2) окшоштуруу; 3) божомолдоо; 4) өтмө;5) күчөтүү; 6) фразеологиялык;7) маалымдоо, аныктоо маанилерин берет; 8) кээде салыштыруу маанисин бербейт (*Аккуладай ат минген)*.

Б. **Аныкталуучусуна карап, б.а., аныкталгычтын сапаты заттын белгилерине салыштырылат**: 1) аныкталгычтын көлөмү, өлчөмү, чоңдук белгилери; 2) сыпаты, баасы; 3) формасы;4) түзүлүшү, курамы; 5) салмагы; 6) мүнөзү, шыгы; 7) абалы; 8) мамиле, жакындыгы; 9) орду, аралыгы; 10) убакыт, ылдамдыгы ж.б.

В. **Төмөнкүдөй семантикалуу аныктоочтордун сапаттык белгилери аныкталгычтар менен салыштырылат**: 1)адамдардын, жаш курагынын; 2)адамдын дене мүчөсүнүн; 3) кырдаал, кишинин психологиялык-эмоциялык абалынын; 4) кишинин кыймыл-аракетинин, абалынын; 5)жаныбар, жандыктардын; 6) заттардын; 7) унаа, курал-жабдыктардын; 8) гүл, өсүмдүктөрдүн; 9) мөмө-жемиштердин, даамдардын; 10) абстрактуу түшүнүктөрдүн; 11) асман телолору; 12) жаратылыш байлыктары, кубулуштарынын; 13) убак, мезгилдин; 14) орун-турактын белгилери аныкталгыч менен салыштырылып көрсөтүлөт ж.б.

II. **Грамматикалык белгилери боюнча.** Мында -дай мүчөсүнүн колдонулуу мүмкүнчүлүгүн морфологиялык жана синтаксистик планда аныктадык. Б.а., андай сөздөрдүн аныкталгычка салыштырылуу, сөздөргө улануу, мүчөлөрдү кабыл алуу жана синтаксистик кызматтары боюнча түрлөргө топтоштурулду.

А. **Мындай *-дай* мүчөлүү сөздөр төмөнкүдөй сөз түркүмүндөгү аныкталгычтарга салыштырылып**, аларды шөкөттөп көрсөтүшөт; сыпаттык, сандык, өлчөмдүк ж.б. белгилерин конкреттештирип, элестүү көрсөтүү үчүн кызмат кылышат: 1) заттарга; 2) сын атоочторго; 3) сан атоочторго; 4) ат атоочторго; 5) этиш сөздөргө; 6) тактоочторго; 7) кыймыл атоочторго; 8) атоочтуктарга; 9) чакчылдарга салыштырылат.

Б. **Сөздөргө жалгануу мүмкүнчүлүгүнө карап** *-дай* аффикси:

1) зат атоочторго*;* 2) сын атоочторго*;* 3) сан атоочторго*;*4) ат атоочторго*;* 5) тактоочторго*;* 6) атоочтуктарга; 7) жардамчы атоочторго*;* 8) айрым элестүү этиш сөздөргө жалганат ж.б.

В. **Жалгануучу сөз формаларына карай:**

1) баштапкы формада*;* 2) уңгу сөздөргө уланып*;* 3) сөз жасоочу мүчөлөрдөн, 4) -лар мүчөсүнөн, 5) таандык мүчөлөрдөн жана 6) атоочтуктун мүчөлөрүнөн кийин уланат*;* 7) сөздүн ажырагыс тутумунда келет ж.б.

Г. **Салыштырма *-дай* мүчөлүү сөздөрдүн мүчөлөрдү кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө карай,** б.а., бул мүчөдөн кийин:

1) суроо уланды *-бы* мүчөсү (*Бою сен**дейби**?);* 2) көптүктү уюштуруучу *-лар* мүчөсү (*Ан**дайлар** менен достошпо*); 3) жөндөмө мүчөлөрү (*мен**дейдин**, ан**дайга);*** 4) таандык мүчө+жөндөмө мүчөлөрү уланып келет (*сен**дейимде).***

Д. **Бул *-дай* мүчөсү уланган сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган синтаксистик милдеттерине карай 3 чоң топко бөлүү керек:**

1) аныктоочтук милдеттеги; 2) бышыктоочтук милдеттеги*;*3) баяндоочтук милдеттеги; 4) толуктоочтук милдеттеги; 5) киринди сөздүк кызматтагы.

7. Ошондой эле *-дай* мүчөсүн, көпчүлүк тилдик адабияттарда көрсөтүлгөндөй, сөз жасоочу эмес, сөз өзгөртүүчү көмөкчү морфема катары далилдөөгө аракет жасагандыгыбыз иликтөөбүздүн өзгөчөлүгүн түздү.

8. Жогоруда аныкталган *-дай* мүчөсү менен катар ***-ча*** аффикси да көбүнчө ага синонимдик мааниде колдонулуп, салыштыруу маанисин туюндурууда активдүү катышарын изилдөөлөр көрсөттү. Бул мүчө жалганган сөздөрдүн семантикалык-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карап бир нече критерийлер боюнча бөлүштүрүүгө болот.

I. **Туюндурган мааниси боюнча:** 1) сыпаттык, улуттук, жергиликтүүлүк белгини, 2) салыштыруу маанисин, 3) окшоштуруу, 4) чамалоо**,** 5)теңдештирүү, өлчөмдүк, көлөмдүк*;* 6) айтылган пикирди божомолдоо же тастыктоо, жыйынтыктоо, маалыматка таянуу маанилерин ж.б.

II. **Аныкталгыч менен бирге келип, анын төмөнкүдөй белгилери**

боюнча аныктооч менен салыштырылат: 1) аныкталгычтын сыпаты, мүнөзү; 2) аныкталгычтын көлөмү, өлчөмү, чоңдук белгилери; 3) мамиле, жакындыгы; 4) салмагы; 5) убакыт, ылдамдыгы; 6) орду, аралыгы; 7)кыймыл-аракетинин мүнөзү, сыпаты боюнча ж.б.

III. **Төмөнкүдөй маанидеги сөздөргө улануу менен, аныктооч болуп келип, аныкталгыч менен салыштырылып көрсөтүлөт:** 1) заттардын сапаттык белгилерин көрсөтүүчү; 2) адамдардын, анын жаш курагынын, акыл-дараметинин сапаттык белгилерин туюндуруучу; 3) тилдик, улуттук, жердик өзгөчөлүк, ага таандык салт-санаа, кыймыл-аракеттерди билдирүүчү; 4) куш, курт-кумурска, мал-жандыктардын аттарына; 5) убакытты билдирүүчү; 6) аралыкты билдирүүчү; 7) көлөм-чоңдукту туюндуруучу; 8)дарак, мөмө-жемиштердин аттарына уланып, аныкталгыч менен өлчөмдүк, көлөмдүк, дарамет-жөндөмдүүлүк, аралык, убакыт, сапаттык ж.б. белгилери боюнча салыштырылат.

IV. **Ал эми -ча аффикси төмөнкү сөз түркүмдөрүнө уланат:**

1) зат атоочторго, 2) ат атоочторго, 3) модалдык сөздөргө.

IV. Аткарган милдети боюнча муну да:

1) аныктоочтук; 2) бышыктоочтук; 3) баяндоочтук; 4) толуктоочтук; 5) киринди сөздүк кызматты аткаруучу -ча мүчөлүү сөздөр деп ажыратсак болот.

Мындан сырткары салыштыруу маанисинин синтетикалык ыкма менен берилиши *-чалык, -часынан, -чылап, -лык, -сы, -ыраак, -лата, -мыш, -максан, -гыс, -лан* мүчөлөрүнүн жардамында ишке ашат.

9. Ал эми толук маанилүү эки же андан артык сөздөрдүн маанилик, орун тартиби боюнча байланышы, айрым составында *тең* деген уңгу сөз бар бириккен сөздөр; ошондой эле маани берүүчү бир же бир нече сөз менен айрым кызматчы сөздөрдүн (*сыяктуу, өңдүү, шекилдүү, сымал, сымак, сындуу, чалыш, сөрөй, теке, катары, караганда, башка, башкача, көрө, көрөкчө, бетер, бешбетер, айырмалуу* ж.б. жандоочтордун; *куду, кадим, нак, так, как, өзү, эмес, да* бөлүкчөлөрүнүн; *болуп, окшоп, сезил, туюл, сыяктан, көр, көрүн, өңдөн* сыяктуу этиштердин) жанаша келишин – аналитикалык; ошондой эле чыгыш жана барыш

жөндөмөлүү сөздөр менен сын атооч, тактооч сөздөрдүн айкашы аркылуу да (*кушка окшош, сүттөн ак, кумдан көп*) салыштыруу маанисинин жасалышын синтетика-аналитикалык ык аркылуу жасалган салыштыруу катары эсептесек болот.

10. Мындан сырткары *-гандай, -гыдай, -ардай, -бастай, -чудай/ -уучудай, -гансыган, -ган сыяктуу/ сымал/ сымак/ шекилдүү/өңдүү* формалары менен аяктаган атоочтук түрмөктөр; *-ып, -ганча, -гыча, -гансып* формалары менен аяктаган чакчыл түрмөктөр; *-ыш, -уу, -мак* мүчөлүү кыймыл атоочторго *ордуна, көрө, эмес, тургай, турмак, турсун, түгүл* жандоочтору айкашкан кыймыл атоочтук түрмөктөр да салыштырма маанилүү конструкцияларды түзөт.

11. Татаал сүйлөмдөр татаал ойду билдирген жөнөкөй сүйлөмдөрдүн суммасы болгондуктан, буларда салыштыруу мааниси да кенен камтылат. Салыштыруу катышы салыштырма, карама-каршы тең байланыштагы жана салыштырма, карама-каршы, өлчөм, сыпат багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр аркылуу анык көрүнөт. Демек, татаал сүйлөмдөрдө салыштыруу мааниси салыштыруу термини менен аталбаган түрлөрүндө да, семантикалык жактан экинчи планда катылганын, башкача айтканда, көп кырдуу тилдик көрүнүш экендигине ынанууга болот.

12. Кыргыз жана өзбек тилдеринде салыштыруу маанисин жасоочу синтетикалык каражаттар бир топ жакын.

13. Макал-лакаптарда салыштыруу мааниси курч берилет. Макал-лакап формасындагы сүйлөмдөр структурасы боюнча ар түрдүүчө келип, көпчүлүгүндө салыштыруу мааниси берилиши мүмкүн.

Салыштыруу семантикасынын синтаксистик каражаттар аркылуу уюшуларын иликтөө көбүнчө лакап формасындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдө; багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө жана багынычсыз татаал сүйлөм структурасындагы макалдарда өтө көп кезигерине ынанууга алып келди.

14. Жогоруда аталган формалар аркылуу салыштыруу маанисинин берилишинин каражаттары, ыкмаларынын үлгүлөрү мисалдар, зарыл учурда сүйлөмдөр аркылуу далилдеп, салыштыруу каражаттарынын синтаксистик

моделдерин түзүү маалымат-катышты ыкчам, элестүү кабыл алууга ыңгайлуу болмокчу.

III бап. ЗУУРА СООРОНБАЕВАНЫН “ЧООЧУН КИШИ” РОМАНЫНДАГЫ САЛЫШТЫРУУ КАРАЖАТТАРЫНЫН ИДЕЯ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ОБРАЗ ТҮЗҮҮЧҮ КЫЗМАТЫН ИЛИКТӨӨНҮН НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАРЫ

Белгилүү жазуучу Зуура Сооронбаева өзүнүн көптөгөн чыгармалары менен окурмандарды кайдыгер калтырбай келет. Анын жараткан чыгармалары 70-90-жылдарга туш келсе да, азырга дейре өз окурмандарын жоготкон жок. Анткени Зуура Сооронбаева – бардык чыгармаларында адамзаттын түркүн тагдыры жана анын көп кырдуу турмушу жөнүндө реалдуу жазган жазуучу.

Биз сөз кылып жаткан «Чоочун киши» романындагы үй-бүлө проблемасы– азыркы коомдун көйгөйү. Ошондой эле көркөм чыгарма сейрек окулуп калган азыркыдай учурда жандуу кеп аркылуу коомчулукка таасир этүүнүн мааниси чоң.

З. Сооронбаева 85 жаштан өтүп калган кезинде журналистке: «Билинбегени менен Толкунбектей эркектин азабын тарткан аялдардын саны арбын болчу. Мен ал чыгармамда аялдын сүйүүсү, көз жашы, эңсөөсү, анан күчтүүлүгү, сабырдуулугу, энелик жүрөгүн турмушта кандай болсо, ошондой кылып жасалмасыз жазганга аракет кылгам. Анын бүгүнкү күнгө чейин колдон-колго өтүп, окулуп атканы мени кубандырат. Тагдырыма, ушул чыгармаларыма ыраазымын. Китептерим, чыгармаларым аркылуу эл кадырына татыдым”, – дептир. Ошого улай: – “Жаш күнүмдөн оорукчан болдум. Тагдырым да кыйчалыш, оош-кыйыш татаал келди. “Чоочун киши” романым мени дагы бир жолу элге жаңырта көрсөттү, көп ооруганыма карабай көп иштедим. Окурмандардын талабы өмүрүмө өмүр улап койду окшойт,” – деп маек курганы бар [Сооронбаева З., 3].

Бул тууралуу К.Абакиров да: “Астра гүлү” повести менен “Чоочун киши” романын Ай деп атасак, калгандары аны айланып жүргөн жылдыздар” [Абакиров К., “Эркин-Тоо”, 12.12.2014], – деп баа берет.

Жазуучу “Чоочун киши” романында бейпил турмушта жашаган адамдардын бүгүнкү күндөгү жашоого болгон бийик, жаңыча ойлорун, туу

туткан адамгерчилигин, гумандуулугун чагылдырган [Калдыбаева Э., 60]. Ар бир инсанды моралдык-нравалык тазалыкка, үй-бүлөлүк ынтымакка үндөп, аруу махабатты, тилекти көркөм тилдин кудурети аркылуу өтө түшүнүктүү, ачык берген.

З. Сооронбаеванын 70-жылдардагы прозалык чыгармалары чоң адабиятка кошула албаса да, китепкөйлөр тарабынан кызуу кабыл алынды. Себеби жазуучу чыгармаларында негизинен үй-бүлө, сүйүү, эл достугу маселесине кенен орун берип, турмуштун тигил же бул жагдайында кандай аракет жасоо керектигин көркөм эскерткендей.

З. Сооронбаеванын “Чоочун киши” романынында Ошто курулуш инженери болуп иштеп жүргөн Толкунбекке үй-бүлөсү барып, анын бейтааныш аял менен келе жатканын көрүп калат. Ушундай кысталыш кезинде автор каармандарынын абалын кылдат баамдап, серептейт, психологиялык жактан ишенимдүү сүрөттөйт. Жайнагүлдүн жан-дүйнөсү чакчелекей түшүп, күтүлбөгөн абалга туш болот. Автор мына ушундай ыңгайлуу шартты пролог катары пайдаланып, каармандардын тек-жайына, өмүр жолдоруна кайрылат. Мунун баары Толкунбектин аялы Жайнагүлдүн эскерүүлөрү аркылуу бир кыйла жыйнактуу жана логикалуу баяндалган. Автор каармандардын кийинки тагдыры тууралуу окурмандарды кызыктырган күдүк ойлорго жооп катары романдын уландысын 2002-жылы жарыкка чыгарды.

Чыгарманын идеясы адамгерчиликти баалоо, кишинин кадырын билүү, аялдык-энелик сезимдин күчүн даңазалоо, аялдын түйшүгүн баалоо, ата-энени сыйлоо, бийик ишенимди уратпоо, сүйүүнү ыйык тутуу, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү кадырлоо, балдарга татыктуу тарбия берүү, чыдамкайлыкка жана туруктуулукка үндөө болуп эсептелет.

"Чоочун кишиге” дейре ондогон мыкты аңгеме, повесттердин автору болгон З. Сооронбаеванын бул чыгармасынын композициялык курулушу тыкан, сюжеттик сызыктардын өнүгүшү динамикалуу, каармандардын көтөргөн жүгү салмактуу, ишенимдүү. Өзүнө таандык стили, сөз куруму, образ түзүү, кейипкердин ич дүйнөсүн туюу ыкмасы бар. Анын сүрөткердик талантынын

өзгөчө касиети баяндалып жаткан окуянын, адам мүнөзүнүн, табиятынын талуу жерин кармап, логикалуу, жыйнактуу өнүктүрө алгандыгында. Чыгарманын жеткилең иштелген образдар системасы, көркөм концепциясы, көздөгөн мүдөө-максаты көп жагы менен окурмандардын кызыгуусун арттырат.

Зуура Сооронбаеванын “Чоочун киши” романында окшоштуруу, теңдөө, барабар коюу маанилерин туюндурган тилдик каражаттар өтө арбын кездешет. Бул өзгөчө чыгарманын башкы каарманы Толкунбектин эки аялы – Жайнагүл жана Зыйнаттын балдары Асан менен Үсөндүн бир күндө төрөлүшкөндүгү, экөөнүн өтө окшоштугу, экөөнүн тең куду эле Толкунбектин оозунан түшкөндөй ага окшоштуктары; кала берсе Зыйнаттын бакма кызы кичинекей Айгеримдин да чыпалагынын Асан, Үсөн, Толкунбектердикине окшоп бүкүр экендиги, ошол эле учурда Үсөндүн көздөрүнүн жана мүнөзүнүн апасы Зыйнаттыкына да окшоштугу; Асан болсо ак көңүлдүгү жана баёолугу жагынан өзүнүн апасы Жайнагүлгө тарткандыгы; бул окуялардын жана энелердин мээрими (Жайнагүлдүн) жана мээримсиздиги (Зыйнаттын) да башка жаныбар, канаттууларга окшоштурулуп берилгендиги ж.б. менен чыгарма өнүгөт. Негизги сюжеттин өнүгүшү үчүн жардамчы болгон эпизоддук окуяларда да окшоштуруу маанилерин туюндурган сөздөр өтө кеңири колдонулган. Натыйжада чыгарманын идеясы түзүлөт. Романдын аталышы “бөтөн, окшош эмес, жат, чоочун киши” маанилерин туюндурары да мазмунунда “окшош, окшош эмес” маанисиндеги сөздөрдүн көп колдонулушу менен шайкеш келет.

Чыгармадагы мына ошол салыштыруу маанисин туюндурган сөздөрдүн кандай формаларда жана кайсы лексикалык-семантикалык, грамматикалык каражаттардын негизинде берилгендигин бөлүп көрсөтүүгө болот.

Төмөндө окшоштуруу маанисин чагылдыруунун каражаттарын анализдөө менен, чыгармадан алынган мисалдар менен оюбузду, жогоруда аныкталган теориялар, ык-жоболорубузду далилдегенге аракет кылабыз.

Демек, бул бап ишибиздеги негизги бап болуп эсептелип, буга чейинки баптардагы изилдөөлөрүбүз «Чоочун киши» романынан алынган мисалдардын

негизинде идеялык-көркөмдүк жактан да, илимий-теориялык жактан да практикаланат, мисалдарды эсепке алуу иштери жүргүзүлөт. Буга чейин илимде сөз болбогон **окшоштук, окшоштуруу** терминдеринин маанисин ачуу, чечмелөө, аны кепте пайдалануу аң-сезимди, кабыл алууну конкреттештирмекчи.

3.1. **Романдагы салыштыруу, окшоштуруу, теңдөө маанилеринин берилишинин семантика-грамматикалык жолдору**

Окшоштуруу, теңдөө, барабар коюу маанилери ар кандай формада, бир нече каражаттардын жардамы менен туюндурушу жөнүндө жогоруда сөз кылганбыз.

Романда -*дай* мүчөсү – салыштыруу маанисин туюндуруунун эң өнүмдүү каражаты. Мисалы, *Асан менен Үсөн болсо чыныгы эле* ***эгиз балдардай*** *болгон немелер. Саламатсызбы, эне? – деди эки бети* ***чоктой*** *албырып. Зоболоң көтөрүлүп, турмушуң ушул* ***дасторкондой*** *ар дайым ырыскыга толуп, берекең төгүлүп турсун.*

Кээде стилдик максатка ылайык салыштыруу баштапкы формада, б.а., мүчөсүз эле формада берилет жана муну жазуучу бир топ чеберчилик, көркөм ык менен ишке ашыра алган: 1. *Оо, менин мезгилсиз кеткен* ***алтын*** (алтындай) *апам...* 2. *Тамеки эмес, тезек жыттанып турса да, жалынып "жытың сонун жытыңды сагындым" деп* ***чарк көпөлөк*** (көпөлөктөй) *айланып турганын ойлоду.* 3. *Сиз ушул күнгө чейин Толкунбек экөөбүздүн өмүрүбүздү бири-бирине бириктирип турган* ***алтын түркүгүбүз*** (алтын түркүгүбүздөй) *болдуңуз.* 4. *Тирүү жүрсө, артымдан өнөрүмдү өлтүрбөй уланта турган* ***туягым*** (туягымдай адамым – «балам» маанисинде) *бар турбайбы.* Мисалдарда автор Зыйнаттын апасынын асылдыгын, кызматын, баасын *алтынга* (1), Толкунбектин Жайнагүлгө жалынып-жалбарган, жанынан алыс чыга албаган абалын *чарк көпөлөккө* (2), Кынанын уул-келининин арасында туруп, алардын турмушун сактап калууга болгон аракетин *алтын түркүккө* (3), ошондой эле Зыйнаттын Үсөндү өзүнүн өнөрүн улай турган *туягына* (4) салыштырышы -*дай*

мүчөсүз берилген. Бирок алар -*дай* мүчөсү уланган туунду формалары менен бирдей эле маанини берет. Мындай ыкманы сөздөрдүн көп маанилүүлүгүн пайда кылуунун метафоралык жолу деп кабылдоого болот. *«Тили, Кудай салбасын, тим эле буудай куурат»* деген сүйлөмдө болсо, баланын тилинин тактыгын, тили эрте, даана чыккандыгын *буудай кууругандай* кыймыл менен салыштырып, ал эми *тим эле* күчөткүч бөлүкчөсү аркылуу ал көрүнүштү салыштырууну дагы да күчөтүп берген.

Бул мүчө сын атооч (*укмуштай, былтыркыдай*), ат атооч (*сиздей, андай, мындай*), атоочтук (*жасалгандай, көрбөгөндөй*) сөздөргө да уланып катыша берет жана муну чыгармадан кенен жолуктурууга болот. 1. *Бала деген балакет* ***ушундай*** *таттуу,* ***ушундай*** *ысык неме беле, ыя тажеңе.* 2. ***Мурункудай*** *батынып аралашып кеталбай, пендечилик башына түшүп турган кези мунун.* 3. *Катыныҥ чала-була* ***байкап калгандай*** *болду эле.* Мында салыштырма -*дай* мүчөсү ат атооч (1), сын атооч (2), атоочтуктарга (3) уланып катышты. Бирок *ушундай* сөзүндө салыштыруу мааниси абстраттуу түрдө берилип, күчөткүч бөлүкчөлүк функцияда келди. Ал эми *байкап калгандай* сөзүндө божомол, арсардык маани да бар.

Чыгармада -*дай* мүчөсүнүн ат атоочторго уланып келүүсү өтө кенен учурайт. Бирок *ошол* шилтеме ат атоочуна уланып, салыштырма багыныҥкы сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламталык милдет да аткарат. Бул учурда салыштырма багыныҥкы сүйлөм сыяктуу эле *кандай* сөзү менен бирге колдонулган: *Сенин бутуҥда* ***кандай*** *тузак турса, менде да* ***ошондой*** *тузак бар.* Сүйлөмдө белгиленген сөздөр салыштыруу маанисин туюнтуу менен катар байламталык милдет аткарып турушат. Мындан сырткары багыныҥкы сүйлөмдө да, баш сүйлөмдө да кездешкен *тузак* сөзү Толкунбек менен Зыйнаттын Үсөндү «балам» деп ачык айтууга айласы да, акысы да жоктугун, ага абийири жол бербегендигин туюндуруучу метафора катары колдонулган.

Бул -*дай* мүчөсү менен жасалган айрым сын атоочтордун ичинен өтмө мааниде колдонулгандары да бар. Мисалы, *Вай, вай, байкуш кишинин арыгы ай,*

ыргайдай *болуп. Үсөн менен Асанды Жайнагүл* ***мөндөлөйдөй*** *кызыл эт кезинен күндүзү саат экиден төрткө чейин уктоого көндүргөн.* Мисалдардагы *ыргайдай* деген сөз кишинин ичке, арык сымбатын өтмө мааниде сүрөттөсө, Үсөн менен Асандын өтө кичинекейлиги өтмө мааниде *мөндөлөйдөй кызыл эт кези* деген түрмөк менен салыштырыла көрсөтүлдү. Буга мындан башка да *кыпындай, кумурскадай, дөөдөй, бакандай* ж.б. сөздөрдү келтирүүгө болот. *Өз күнөөсүн сезбей, кайра өзүн коркутуп, дуңкуюп терс карап жаткан Толкунбекке таарынган Жайнагүлдүн* ***өпкөсү казандай, өтү табактай***. Мисалдагы белгиленген сөздө болсо, салыштыруу семантикасы туруктуу сөз айкашы, б.а., фразеологизм катары берилип, “өтө катуу таарынган” маанисин берет. Дегеле, чыгармадан ушул фразеологизмдин өтө көп колдонулгандыгын көрүүгө болот. Б.а., автор мындай туруктуу айкашты Зыйнаттын Толкунбекке капаланып-ызаланган абалын салыштыруу үчүн да колдонот.

Бул мүчөнүн колдонулуу алкагы чыгармада өтө көп кырдуу, ал *бар, жок, аз, көп, эмес, элек* сыяктуу жардамчы сөздөргө, кызматчы сөздөргө, атоочтуктарга уланып, киринди сөз катарында келип да салыштыруу маанисин туюнтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот:1. *Анын көзүнө үйдө толтура киши* ***бардай*** *көрүндү.* 2. *Зыйнат ушул саамда афишаны да карабай, өткөн-кеткенге да назар салбай, тээ экинчи кабатта эки баланы эки колу менен имере кучактап, экөөн алмак-салмак жыттап коюп, дүйнөсү түгөл тартып, бул ааламда* ***өзүнөн бактылуу аял жоктой*** *жүзүндө кубаныч ойноп, жадырап-жайнап турган Жайнагүлдөн көз албай жалдырап тиктеп туруп: “Бактылуу неме экен”, – деп ойлоду ичинен.* 3. *Бирок анда жазылган кабар андай* ***эместей*** *туюлду.* 4. *Туура, энеке,* ***өзүң айткандай****, эч качан согуш деген болбойт.* 5. *Жалгыз Жайнаке эмес,* ***өзүң айткандай,*** *балдарынын баары мыкты.* Пикирди далилдөө үчүн алынган сүйлөмдөрдө *-дай* мүчөсү *бар* (1), *жок* (2), *эмес* (3) сөздөрүнө улануу менен салыштыруу, окшоштуруу, “барга/ жокко/ эмеске окшош/ окшоп” маанилерин берди. Ал эми 4-5-сүйлөмдөрдө атоочтук түрмөктөргө (*өзүң айткан*) уланып, сүйлөмдө киринди сөздүк функцияны аткаруу менен, “өзүң айтканга окшоп, өзүң

айтканга барабар, өзүң айтканыңчалык” салыштыруу семантикасын берүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ болуп турат.

Салыштыруу маанисин туюнтуучу -*дай* аффикси чыгармада -*гандай* формасында колдонулуу алкагы өтө кенен. *Анткени бая түнү келгендеги* ***ийне түшсө көрүнгөндөй*** *короонун ичи азыр эмнегедир караңгыланып турган болучу*. Мындай форма чыгармада дагы 95 ирет кезигет. Өнүмдүү –*дай* мүчөсүнөн айырмаланып, -*гандай* формасы этиш сөздөргө уланат да, өткөн чактагы кыймыл-аракетти экинчи бир учур чактык кыймыл-аракетке, абалга салыштыруу кызматын аркалайт.

Салыштыруу маанисин -*дай* мүчөсү менен аяктаган бир нече сөздүн ажырагыс биримдиги аркылуу берүү менен автор салыштырылган заттын элестүүлүгүн, көркөмдүүлүгүн арттыра бере алган: *Мойну* ***куудай*** *койкойгон, жал-куйругу төгүлгөн гүлдүү бадам ак боз атты мингенде, бала* ***туурга конгон барчындай*** *болуп, мурдагыдан да сынына чыгып келишими арта түшүптүр.* Мындагы *барчындай* деген сөздү *туурга конгон* деген аныктооч катары келген атоочтук түрмөктөн ажыратып кароого болбойт.

Мындай ыкма чыгармада көп учурайт. Ушундай эле формага кээде -*ган* мүчөлүү атоочтуктар да кошулуп келет. *Ак жуумал, субагай жүзүнө жазы маңдайыны, бажырайган отту кара көздөрү жарашып, кырдач мурду* ***кол менен жасагандай*** *куюлган, каш-кирпиги жаңыдан түк байлап келаткан көөдөй кара муруту, жигиттин көркүнө көрк кошуп, чырайына чыгарып туруучу экен.* Автор романында -*дай* мүчөсүн бир нече сөздөрдүн тизмегинде катыштырып, алардан мурда *тим эле* күчөткүч бөлүкчөсүн катыштырып, салыштыруу маанисин күчөтүп берүүсү да анын стилине жатат. *Анан калса экөө* ***тим эле бир атанын балдарындай***, ***бир эненин курсагынан чыккандай*** *болушуп, бири-бирине окшоп баратканына таң калат. Тырмактарың* ***тим эле кол менен жасап койгондой*** *болчу.* Аталган -*гандай* формалуу салыштыруу маанисин дагы да конкреттүү берүү үчүн автор кээде аны башка салыштыруу маанисиндеги сөздөр менен жарыша да колдонгон*: Асан менен Үсөндү билгиң келсе****, биринин кебин бирине кийгизип койгондой окшош.***

Чыгармада -*дай* мүчөсү *болгон* сөзү менен айкашып да келген: ***чолпондой болгон*** *балдар,* ***айнектей болгон*** *колукту* ж.б.

Көркөм чыгармадан жазуучунун көркөм табити жогорулугун гана эмес, кыргыз элинин каада-салттарын, ырым-жырымдарын, элдик чыгармаларын, макал-лакаптарын мыкты билген сүрөткер экендигин байкоого болот. Ал чыгармасында окуянын түрдүү кырдаалдарына карата аябай туура келе турган макал-лакаптардан өтө жыш келтирет да, *деген+-дей* окшоштуруу маанисиндеги атоочтукту келтирүү стилин бөлүп көрсөтүүгө арзыйт. Төмөнкү мисалдардан көрүңүз: *«Желип келген жеңе жок, басып келген балдыз жок»* ***дегендей****, бул чыны менен эле менден да, балдардан да кечкен экен деп ойлоду*. *«Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет»* ***дегендей****, айтпасам да эртедир-кечтир баары бир угушуң ыктымал. Анткени менен "Жыгылган күрөшкөнгө тойбойт"* ***дегендей,*** *үмүтүм үзүлдөй, акыл-эсимдин баарын карта деген балекет ээлеп алды.* З. Сооронбаева макалдарды колдонууда *дегендей* атооч сөзүн *деген, деген ушул, деген ошол, ошол тура* сыяктуу формаларда да колдонот*: "Өлгөн үстүнө көмгөн"* ***деген ушул*** *экен.* "*Ат айланып мамысын табат"* ***деген ошол***. Бирок мындай учурда деле бул сөз *дегендей* салыштыруу маанисинин функциясын аткарат.

Жазуучу оюн ырастоо үчүн макал-лакаптарды мындан башка формаларда да келтирүү жөндөмүнө эгедер: 1. ***«Жиндиге сот жок» болгон сыяктуу*** *сүйүүгө да, сүйүшкөндөрдү да соттоо эч бир мыйзамда жок да.* 2. *Көрсө,* ***дайранын башы булак болгон сыяктуу****, ошол он беш союздук республика бүтүндөй өлкөнүн экономикасын туш-туштан толуктап турган экен да.* 3. *«Эр жигиттин* ***уялганы – өлгөнү»*** ***экенин*** *мен кантип түшүнбөйүн.* Мисалдардагы макалдардын *болгон сыяктуу, экенин* сөздөрү аркылуу берилишинен автордун салыштыруу каражаттарын орунсуз кайталоодон качып, ыктуу, стилдик нормада колдонгонун көрүүгө болот. Т.а., жогорудагы сөздөр *дегендей* сөзүнүн ордун алмаштырып, биринчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө салыштыруу мүнөзүндөгү макалдар тике, экинчи сүйлөмдө кыйыр сөз формаларында берилген.

Ошондой эле -*дай* мүчөсү чыгармада татаал аффикстин составында -*чудай* формасында да кезигет. *Бул нандан жеп, алардын даамын таткан башка тамак-ашка анчалык* ***көңүл бөлбөөчүдөй*** *сезилет. -Толкунбек байке,- деди Зыйнат,* ***ыйлап жиберчүдөй*** *ызалуу үн менен,- ал барса да сен барбачы, тилимди алчы. Биринин артынан бири* ***жетпей калчудай,*** *зымырык куштай кош канатын сабап, күндүн артынан күндөр өтүп жатты. Кыз жигитти тээ бир оокумга чейин үнсүз тиктеп туруп,* ***жүрөгү кабынан чыга каччудай*** *атып кетти.*

Жогоруда сөз болуп жаткан мүчөнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор, негизинен – сапаттык, көлөм, форма, чоңдук, кыймыл-аракеттин иштелиш ж.б. окшоштуктарын туюндуруу кызматын аткарышкандыгын, көбүнчө тутумдаш бышыктооч түзүлүшүндө келгендигин жана кыйыр түрдө арсар, аткарыла элек чактагы (*ыйлап жибере тургандай, жетпей кала тургандай, жүрөгүнөн кабы чыгып кете тургандай*) кыймыл-аракетке окшоштуруу бар экендигин белгилөөгө болот. Деген менен кепте мындай формалуу салыштырма сөздөр сейрек учурда жөнөкөй сөз түрүндө да келет: ***Ырдачудай*** (ырдай тургандай) *түрү бар*. Бул сүйлөмдөгү белгиленген сөз атоочтук белгиге ээ болуп, сүйлөмдө жөнөкөй аныктоочтук кызматты аткарат.

З. Сооронбаева -*ча* мүчөсү аркылуу да салыштыруу маанисин өтө көп ирет ыктуу колдонгон. Бул мүчө эки түшүнүктү, негизинен, сыпат маанисинде салыштыра алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Мисалы, 1. *Толкунбек өз үйүнө* ***уруларча*** *түн жамынып барып, дарбазадан ары дит багып өтө албай, дарбазаны чала-була ачып таштай качкан баланы ойлогондо, муундары калтырап, өзүнөн-өзү онтоп жиберди.* 2. *Экөө босогодо* ***бири-бирин тааныбаган адамдарча*** *тиктешип токтоду.* 3. *Ал энесин кучактап алып, бети-башынан туш келди өпкүлөп, көкүрөгүн аймалап****, төөчө боздоп****, ыйлап жатты.* 4. *Эмне үчүн жок дегенде* ***адатынча эркелетип*** *ал-жайды, айылдагы турмуш-абалды сурабайт?* Сүйлөмдөрдө катышкан -*ча* мүчөсү -*дай*/-*га окшоп* маанисине жакын: 1-сүйлөмдө Толкубектин өз үйүнө түндө келип баланы тайташ качкан абалы – *уруларга (уурулардай/ уруларга окшоп)*, 2-синде Толкунбектин айыбын кеч

түшүнүп үйүнө кайтып келгендеги аялы Жайнагүл менен учурашуусу *бири-бирин тааныбаган адамдарга (бири-бирин тааныбаган адамдардай/ бири-бирин тааныбаган адамдарга окшоп),* 3-сүйлөмдө Зыйнаттын энеси Аккыз өлгөндөгү ыйлап боздогону – *төөнүн боздогонуна (төөдөй / төөгө окшоп)*, акыркы сүйлөмдө болсо Толкунбек тууралуу айтылган *адатынча* сөзү *адатындагыдай/ адатындагыга окшоп* маанилерин туюндурду.

Ушул эле -*ча* аффикси эки түрдүү заттын, кыймыл-аракеттин өлчөмдөрү боюнча салыштыруу маанисин билдирген учурлары сейрек болсо да китепте бар. ***Үнүмдүн бардыгынча*** *айгайлап жиберипмин* деген сүйлөмдө үндүн, кыйкырыктын бийиктиги *үнүмдүн бардыгынча* (үнүмдүн жетишинче / үнүмдүн бар өлчөмүнө тең / барабар, үнүмдүн бүт өлчөмүнчө/ үнүмдүн бар болушунча) өлчөмүнө салыштырылып берилген.

Ал эми *Мистелүү-Булакка жетишке дагы* ***элүү чакырымча*** *бар* деген сүйлөмдө аралык боюнча салыштыруу семантикасы берилген. Ошондой эле бул мисал аркылуу -*ча* мүчөсүнүн сан атоочторго уланган учурда чамалоо, салыштыруу маанилерин туюнтарын баамдоого болот.

Аталган мүчө атоочтуктарга жалганып, өтмө мааниде – фразеологизм катарында да колдонулгандыгы 33 ирет жолуктурууга болот: *Толкунбек менен бирге жашап, бирге өткөргөн мезгилдери күн эмес, секундча көрүнбөй,* ***ачып көздү жумганча*** *өттү да кетти.*

Ошондой эле -*ча* мүчөсү да -*дай* мүчөсү сыяктуу эле атооч сөздөргө уланып, киринди сөздөрдү уюштуруу менен, *менин оюмча/ менимче* “менин оюма тең/ менин оюм менен салыштырганда”, *анын айтышынча* “анын айтканы менен салыштырганда”, *адатынча* “ар дайымкы адатына окшоп, адаттагыдай” ж.б. формаларда салыштыруу семантикасын берген. ***Менин билишимче*** *күйөөңүз сизди теңсинбесе керек. Сенин* ***оюңча****, бардык күнөө сенде эмес, менде турбайбы?* Сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөр да “менин билишиме салыштырганда/ мен билген маалыматтын өлчөмүнө салыштырганда”, “сенин оюңа тең/ сенин оюңа салыштырганда” семантикасын бергенин туюуга болот.

Жогорудагы -*ча* мүчөсүнө -*лык* мүчөсү биригип татаал -*чалык* мүчөсү уюушулат, бул мүчө да зат атооч, ат атооч, атоочтук этиштерге жалганып, эки заттын белгилеринин өлчөмүн салыштыруу кызматын аркалай алган: *"Бирөөнүн кулагын кессе,* ***бирөөгө кийиз кескенчелик көрүнбөйт****" дегендей, жан башка болгондон кийин кимдин ким үчүн күйүп, ким үчүн жапа тартып жашап жүргөнү, башка адамдын сезимине жетпейт тура.* ***Мынчалык*** *эмнеге менин артымдан түшөт? «Ии, мен мен айткандай бекен»* ***дегенчелик*** *кылып, эне кыздарына карап койду*. Мисалдардагы *кийиз кескенчелик* деген сөз «кийиз кескендей / кийиз кескенге тең / кийиз кескен менен барабар»; *мынчалык* – жалпы маанидеги өлчөмдүк салыштырууну; *дегенчелик* – «дегендей / дегенге тең» маанилерин түшүндүрүп турат. Жогоруда сөз болгон -*ча* мүчөсү айрым зат атооч жана атоочтуктарга уланып, мына ушул -*чалык* жана -*чылык* мүчөлөрүнө синонимдик келет. Бирок канткен менен мезгил жагынан салыштыруу маанисин туюндуруп, сүйлөмдө мезгил бышыктоочтук кызмат аткарышат. 1. *«Казахстан» мейманканасында жаткан эстен кеткис эки түн менен эки күн* ***эки саатча*** *көрүнбөй өтүп кетти.* 2. *Анан кыйналганын* ***бир мүнөтчөлүк*** *көрүнбөй калат.* 3. *Бири Екатерина Ивановна экен, бири* ***күнчүлүк*** *жерден таанымал Сергей Сергеевичтин күлкүсү*. Мында *эки саат****ча*** сөзүндөгү (“эки саатчалык/ эки саатка гана тең/ эки сааттай”) белгиленген мүчө -*чалык* мүчөсүнө маанилеш болсо, тескерисинче, *бир мүнөтчөлүк* деген сөздүн курамындагы (“бир мүнөтчө/ бир мүнөткө тең/ бир мүнөттөй”) -*чалык* мүчөсү -*ча* аффиксине синоним. Ал эми үчүнчү сүйлөмдөгү *күнчүлүк жер* деген айтым “бир күндүк убакыт сарпталуучу жер, аралык” семантикасында колдонулат. А контекстте бул сөз *Сергей Сергеевичтин күлкүсүнүн* өтө таанымал, өзгөчө экендигин өтмө мааниде, образдуу чагылдыруу үчүн колдонулган.

Кепте сөз жасоочу -*лык* мүчөсү уланган зат атооч сөздөр да айрым учурда -*чалык* мүчөсү менен маанилеш функцияны аткарып, сөзгө салыштыруу маанисин киргизип калган учурлары кездешип калат: *А мына бул чоктой кызыл шуру да энемден калган, бир түндүк* (бир түнчөлүк, бир түнгө туруштук бере алгыдай) *деп айтчу эле. Менден эч качан кат күтпөгөн сизге, бул каттын*

барышы ***таң каларлык*** *(*таң кала тургандай/ таң калгыдай/ таң калганга тең*) окуядай эле болор. А кээде көмүскөдө калып да келет: чыпалак (*чыпалакчалык*) басым, татым (*татымчалык*) туз.*

Романда сөз жасоого *-ча* мүчөсүнө маанилеш семантикада катышкан *-чылап* мүчөсү уланган сөз да окшоштуруу маанисинде катышат: *Мен аны сүйгөнүм менен, ал мени* ***менчилеп*** *сүйө албады.* Демек, «менчилеп» сөзү «мага окшоп» семантикасында.

Көпчүлүк учурда *-сы* жана чакчылдын *-й*, андан кийин этиштин жак мүчөлөрүнүн биригүүсүнөн жасалган *-сыйт, -сыйм, -сыйсың//-сыйсыз* мүчөлөрүнүн курамында келип, шартты жана андан башка бир нерсеге окшошууну, самоону да билдирүү маанисиндеги сөздөрдү жасап, бир кыйла сөздөрдүн курамынан жиктелип ажыратылып, айрым сөздөрдүн уңгулары менен ажыралгыс бирдикте сенек түзүлүштөргө да айланып калган. Мындай мүчө «Чоочун киши» романында сейрек болсо да учурайт. Мисалы, *Айрыкча жалаң ынак сүт менен каймакка жууруп жасаган боорсок менен дандырга жапкан "нан" көзгө бир бөтөнчө көрүнүп, башка* ***тамак-аштан бөлүнүп тургансыйт.*** *Билбейм эмне үчүн экенин, ага өзүм таарынганым менен, жүрөгүм дагы эле Толкунбек деп* ***согуп тургансыйт***. Бул сүйлөмдөрдө *-сыйт* мүчөсү окшоштуруу, жасалмалуулук маанисин берген. Аталган мүчө уланган сөздөр жакты эле эмес, чакты да көрсөтө алат: *Мансуровдун машинасын түндө цемент тартып баратып жолдон көрүп, жалган таанык болуп, көңүлүндө сестенип калган жигит* ***чочулап тургансыды*** *тынчы кетип* (*чочулап тургансыды* – III жакта, учур чактагы этиш).

Чыгармада ушул эле жасалмалуу салыштырууну билдирген *-сы* мүчөсүнө чакчылдын *-ып* формасы уланып да заттын кыймыл-аракетинин аткарылуу мүмүкүнчүлүгү жок же аз кыймыл-аракетине салыштырылат: *Көпчүлүктү көздөрүнө илбей, ээн талаада* ***жүрүшкөнсүп*** (жүрүшкөндөй/ жүрүшкөнгө окшоп) *, колдорун кармашып алган тура, адашып кетишчүдөн бетер.*

Мындай *-сы-п* формалуу этиштер көбүнчө татаал түзүлүштө келип, окшоштуруу, салыштыруу семантикасынан сырткары күчөтүү, шылдыңдоо,

өтмө маанини да камтыгандыгын байкоого болот: *Балдар болсо жаз алды менен дүркүрөп өскөн* ***жоогазындан бетер биринен бири бой талашкансып****, чоңойгондон чоңоюп, уламдан-улам көзгө көрүнө беришти.* Мисалга тартылган сөз реалдуу эмес «жоогазынга окшоп бири-биринен бой талашкандай», «бой талашканга окшоп» маанилеринде катышты. *Кабагың түшүп, өңүң өчүп, көздөрүңдө кандайдыр кусалыктын учкуну түнөп, күрөө тамырларыңдын адаттан тышкары балкылдап согушу гана* ***тирүүлүгүңдү айгинелеп тургансып*** (тирүүлүгүңдү айгинелеп турганга окшоп) *көрүндү менин көзүмө.*

Ошондой эле ушул -*сы* мүчөсүнөн кийин атоочтуктун -*ган*, этиштин терс формасын уюштуруучу -*ба* жана чакчыл -*й* мүчөлөрү да уланып келген учурлары кездешет: *Буга бир чети кубанса, бир чети* ***барса келбес жолго кетип жаткансыган*** *бир салмактуу ой төбөсүнөн ылдый басып тургандай болду.* ***От ала келгенсибей*** *ошентсеңер шашпай.* Белгиленген сөздөр «барса келбес жолго кетип атканга окшогон», терс «от ала келгенге окшобой» маанилеринде.

Чыгармада салыштыруу маанисин билдирген -*дай* жана -*сып* мүчөлөрү уланган сөздөр сүйлөмдө катарлашып келишин да көрүүгө болот: *Адегенде көзүнө үй толо адам* ***бардай болгонсуп*** *кетти. "Жалап карыса сопу болот"* ***дегендей, тим эле "святой" болгонсуп*** *момун болуп калыптыр.* Мындай учур чыгармада өтө сейрек, тактап айтканда, *бардай болгонсуп* – 1 жолу, *святой болгонсуп* деген сөз 2 ирет гана колдонулуп, берилген эки сөздө тең жарыша божомолдоп салыштыруу мааниси бар.

Бир заттагы белги экинчи бир заттагы белги менен салыштырылып, экинчисиндеги белги биринчисине караганда бир аз көп же азыраак экендигин түшүндүрүүчү салыштырма -*ыраак* мүчөсү уланып келген сын атооч же тактооч сөздөрдө да өлчөмү көбүрөөк же азыраак белгилер салыштырылып берилгендигин төмөнкү сүйлөмдөрдөн көрүүгө болот: ***Эркектен амалдуураак*** *кырк бир эсе. Бирок Зыйнаттын күлүмсүрөөсү, ага тим гана ага-карындаш катары эрмектешип, сүйлөшүп олтуруудан башка***,** *кандайдыр андан алда канча* ***бийигирээк*** *бирдемеден үмүттөнүп тургандай***,** *шойкомдуу болуп туюлду. Менден* ***мурдараак*** *куттуктоочу адамыңыз – ошол сиздин күйөөңүз.* Берилген

сөздөр «эркекке салыштырмалуу амалдуу», «азыркы убакка салыштырмалуу мурун» маанилеринде. Салыштырма -*ыраак* мүчөлүү атооч сөздөр, дайыма -*дан* мүчөлүү сөздөрдөн кийин келет.

Колдонулуу алкагы чектелүү -*мыш* мүчөсү да да чыгармада сейрек катышып, өзү уланып келген этиш сөздү кыймыл-аракеттин аткарылышына ниеттенүү, жасаган сыяктанып көрүнүү семантикасына өткөрүп бергендей: *Эмил* ***айткандай, чоёктомуш*** *болгону менен Жайнагүл ичинен өкүнгөн жок.*

Байкуш балам, "куру намыс баш жарат" ***дегендей, калп эле мант берип, намыстанымыш болгондун*** *эмне кереги бар. Сереңдеп* ***үй жыйнамыш болот, чыны жуумуш*** *болот.*

Сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөздөр «чоёктогонго окшоп, чоёктогон сыяктуу, чоёктогондой» жана «намыстанганга окшоп, намыстанган сыяктуу, намыстангандай», «үй жыйнаганга окшош, идиш жууганга окшош» сыяктуу салыштыруу маанилеринде. Бул мүчөнүн келип чыгышы *имиш* сөзүнө байланыштуу болушу да мүмкүн: *Кана, олтуруңуздар, ат арытып алыстан келген меймандар менен саламдашпай койсок, не болор деп, үстүңүзгө руксатсыз кирип калдык, мырза, айып көрбөңүз, – деп Салтанат ак жибектей созулуп курбу кыздары менен жүктүн бурчуна салынган атлас төшөктүн үстүнө барып* ***олтуруп калган имиш****...* (калганга окшойт). *Эриңиз бул катынды* ***сүйөт имиш****...*(сүйгөнгө окшойт).

Бул мүчөнүн ордуна жасалмалуулукту, окшоштук кыймыл-аракетти туюндуруучу -*максан* мүчөсү да учурайт: *Бул кезде Жайнагүл Толкунбектин жанына жакын келип токтогонун билсе да,* ***билмексен болуп,*** *эч нерсе сезбеген терең уйкуда жаткан адамдан бетер дым тартпай калды.*

Окшо этиши да чыгармада эгиздер Асан менен Үсөнгө карата жыш колдонулат. Бул этишке сөз жасоочу -*ыш*, атоочтуктун -*ган*, чакчылдын -*ып*, -*й* же -*ыш*+-*ган* формалары уланган сын атооч, атоочтук, чакчыл этиштер да синтетикалык ык аркылуу салыштыруу маанисин пайда кылышат: 1. *Кээ бир ремонту али баштала элек бөлмөлөрдө жашап жаткан* ***жумушчулар бар окшойт***. 2. *Ак гүлдөй үлбүрөгөн сулуу келинчегин, бири-бирине* ***жылдыздай***

окшош *эки уулун көрбөгөндөргө көрсөтүп, билбегендерге билдирип, мактангысы келет.* 3. ***“Окшошкон*** *кара башыңды жуткан өлүгүңдү көрөйүндөр десе”, – деп өзүнчө сүйлөнүп, келинин жалгыз чыгам дегенине болбой, Жайнагүлдүн артынан баратты.* 4. *Мен мыктынын мыктысымын деген эчен-эчен* ***өзүңөргө окшогон*** *жигиттер келип, Салтанаттын купулуна толбой, боз ала болуп кайра кетишкен...* 5. *Капырай,* ***экөө бир тооктун жумурткасына окшоп*** *баратканбы дейм.* Мындай учурда *окшош, окшоп* формаларынын белгилери өзүнөн мурунку барыш жөндөмөлүү сөз (*бири-бирине, өзүңөргө, бир токтун жумурткасына*) менен салыштырылат. Биринчи сүйлөмдөгү *окшойт* деген сөз – *жумушчулар барга*, экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө эки эгиз уулунун – *бири-бирине*, төртүнчүсүндө жигиттердин – *өзүңөргө*, бешинчи сүйлөмдө болсо кайра эле эгиздердин *бир тооктун жумурткасына* окшоштуктары жарыша салыштырылып көрсөтүлдү. Мисалдардан көрүнгөндөй, *окшош, окшошкон* формасында келгенде атооч сөздөр менен, ал эми чакчылдын -*ып* формасы аркылуу туюндурулса (*окшоп*) – кыймыл-аракет менен теңештирилип көрсөтүлгөн. Чыгармада да *окшошуп* сөзү *өңдүү, өңдөнүп, түспөлдөш, кейпинде, кейпин кийген* сөздөрү менен маанилеш колдонулат: *Анткени кыз атасы: “Мен* ***эл өңдөнүп*** *(элге окшоп) кызымдын сөөгүн сыздатып, өзү каалабаган жерге барып, көз жашын аркалай албайм. Улам өсүп чоңойгон сайын* ***Зыйнатка түспөлдөшүп*** *баратат бул бала.* Контекстте *окшош* сөзүнүн өзү эле 235, ал эми бул сөзгө маанилеш жогорудагыдай сөздөрдү кошкондо жалпы 249 ирет кезиктирүүгө болот.

Ошондой эле *деген ушул, деген ошол* сөз тизмектерин да өтө көп кезиктирүүгө болот. *“Жакшылыкка жамандык”* ***деген ушул*** *экен да... “Эки күн ээси бербейт, үч күндөн өгүз өлбөйт”* ***деген ошол***. *Тактап айтканда,* мындай түзүлүштөгү салыштыруу *деген ушул* формасында 32*, деген ошол* болуп 18, *деген ошондой* түрүндө 1*, деген ошол тура* түзүлүшүндөгү сүйлөм 1ирет катышат.

Тең, теңдүү, теңчамалаш сөздөрүн контекстте бир канча маанилик типте жолуктурууга болот. 1. Т*октолуп калган врач өзү менен* ***теңчамалаш*** *аялга*

карап көзүн күлүңдөтүп, суроо берди. 2. ***Сенин боюң менен тең*** *кар жааса, балакет болду го*. 3. *Башка күйөө балдарыңыз бир* ***тең****, Толкунбегиңиз бир* ***тең*** *эмес беле.* 4. *Ии, карындашым Салтанат өзүмө* ***тең келүүчү жигит*** *кыргыз жергесинде жок деп эсептейт.* 5. *Мен сага жетпей калгандан кийин өз жолумду таап,* ***өзүм теңдүү*** *жигитке күйөөгө чыктым.* Мисалдардын биринчисинде белгиленген сөз “жашташ”, “бирдей курактагы”, “жашы боюнча теңдей” маанилеринде колдонулган. С*енин боюң менен тең* түрмөгү (2) жааган кардын бийиктигин кишинин боюнун узундугу менен салыштырып көрсөтөт. Үчүнчү татаал сүйлөмдө *тең* сөзү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн экөөндө да колдонулуп, ал аркылуу бир күйөө бала менен калган бардык күйөө балдардын баасы, кайын энеге карата жакындыгы, сый-урматы теңештирилет. Ага б*ир* (бир тең) сөзү жанаша келүү менен теңдештирүү мааниси күчөтүлгөн. Бул айкаш оозеки кетпе да өтмө мааниде колдонулуп жүрөт. Ал эми 4-5-сүйлөмдөрдөгү белгиленген сөз айкаштарында “адамдын бедели, даражасы, социалдык абалына дал келген” (5) же “тең эмес” (4) маанилери берилди. Демек, 1-2-сүйлөмдөрдө *тең* сөзү оң мааниде келсе, башкаларында өтмө мааниде катышкандыгын байкоо кыйын эмес. Сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшү боюнча *теңдүү* атооч жөндөмөдөгү атооч сөздөр менен (1), ал эми *тең, тең келген, теңчамалаш* же буга маанилеш сөздөр барыш жөндөмөлүү сөздөр (4) же *менен* жандоочу менен (1,2) катарлаш келет.

Ушул эле *тең* сөзүнө байланыштуу келип чыккан “теңтуш”, «теңдөө, жашы тең, жашы боюнча барабар» маанилерин берүүчү туунду *теңтуш* сөзү өз ара ***тең*** жана ***туш*** уңгу морфемалардын синтаксистик айкалышы аркылуу пайда болуп, өз алдынча туруп эле эки жактын (адамдардын) жаштары боюнча тең же жашташ, бирдей жаштагы экендигин билдирген сөздөр чыгармада 8 жерде кездешет: Ө*зүңө күйүмдүү****, теңтуш****, татынакай күйөөң бар. Карынын кары, жаштын жаш* ***теңтушу*** *бар.* Автор *тең* сөзүнүн ордуна ага жакын маанидеги *тең катар, жарыша, жараша, бир, бирдей, барабар, ыраа көрүү, ылайык, ылайыктуу, татыктуу, татуу* деген сөздөрдү да алмаштырып колдонот: *“Баланын ырайына карап ат кой”* ***дегендей, түзүңө жараша*** *түптүү элдин туу*

тутуучу Акылкарачачы турбайсыңбы? Ушул аял мага жуп болууга ***ылайыктуу****. Ага мен* ***татыктуумун.*** *Он күн жок болгонуң* ***он жылга татып кетти****. Тообо,* ***атагына жараша заты бар, сын-сыпаты келишкен айдай болгон*** *келин турбайбы.* Мындай салыштыруу каражаттары контекстте жалпысы – 107.

Жайнагүлдүн башын аттаганым өз бактымды аттаганым да. Бул сүйлөмдө болсо, жазуучу эч кандай грамматикалык каражаттарды колдонбостон туруп эле Толкунбектин «*Жайнагүлдүн башын аттаганын*» анын «*өз бактысын аттаганы*» менен барабар коюп, *да* бөлүкчөсүнүн жардамы менен ал маанини дагы да аныктап берет, бул фраза аркылуу теңдөө, барабар коюу маанисин өтө ыктуу колдонгонун байкоого болот. ***Мунун баары сага болгон ашыктыктын күчү*** *болсо керек.* Мында да Зыйнаттын Толкунбекти өзүнө тартып алууга кылган аракетинин баары *ашыктыктын күчү* менен салыштырылат.

Тең сөзү чыгармада терс формада *тең эмес, теңсинбөө тең келбөө,* ошондой эле ага каршы маанилеш *татыбоо, кемсинет, өтөрү жок* ж.б. түрүндө да кездешет: ***Менин билишимче*** *күйөөңүз сизди* ***теңсинбесе*** *керек.* ***Аялын теңсинбеген эркек*** *аялынан коркпойт эмеспи. Эриңизге* ***тең боло албаган*** *салбар болсоңуз, анда өзүңүз билиңиз. "Тебетейлүүгө* ***теңдеш жок****" деп ата-бабаларыбыз бекер айтыптырбы?*

Чыгармада кездешкен *ыраа* сөзү да романда эки ирет терс *көр-бө* формасындагы этиш менен айкашып, "тең көрбөө", "ылайык көрбөө", "кыйбоо" семантикаларын берет. *Бул ажайып түштү Толкунбектен башкага жоругусу да келбеди,* ***ыраа да көрбөдү****. Да* бөлүкчөсү мында да белгиленген айкашка тактык, аныктык киргизип турат.

Тилдеги метафоранын окшоштуруу, кейиптештирүү, салыштыруу маанилерине жакын түшүнүк экени белгилүү. Сөздүн маанисинин кеңейиши, метафораланышы аркылуу салыштыруу мааниси берилсе, лексика-семантикалык жол аркылуу жасалган болот. Айрым учурларда адамзатындагы мүнөз, сапат, сырткы келбет жаныбарларга, кушка, өсүмдүккө жана башкаларга да салыштырылат. Мындай ыкма жазуучунун чыгармасында өтө образдуу берилген. *Үсөндү анын убал-сообуна карабай жулуп кетишим да бул күнөөсүз*

бечара үчүн ***тозок*** *болбодубу... Эне байкуш жеңилди жерден, оорду колдон алган жүк көтөргүч* ***нар*** *болот тура... Секет кетейин сексейген* ***кызыл гүлүм, күнүм,*** *тунум****, тукумум, туурум...*** Биринчи сүйлөмдө каарман Зыйнаттын өзү төрөп, бирок эмчек сүтүн эмизип, мээрин бербеген Үсөндү жулуп алышын баккан мамасы Жайнагүл үчүн *тозок* болоруна окшоштурганы, экинчисинде болсо эне *жүк көтөргүч нарга*; үчүнчүсүндө кыз *кызыл гүл, күн, тукум, туурга* теңештирилип берилди. Буларда эч кандай салыштыруу каражаттары жок, демек муну метафора дегенге болот.

Дегеле, эки же андан артык түшүнүктү, нерсени, буюмду ж.б. окшоштуруу, теңдештирип көрсөтүү аркылуу элестүү, образдуу түшүнүктү берүү жөндөмдүүлүгү З.Сооронбаевада өтө жогору. ***Иттен илгери, кишиден кийин*** *деген – ушул.* ***Ботосу өлгөн ингенден жаман*** *боздотту го энелерди. Жайнагүлдөй жаркын аялдын көңүлүн калтыруу, же андан ажыроо Толкунбек үчүн* ***өлүмдөн жаман иш*** *болучу. Бирок анын "мен үчүн жер жүзүндө* ***сенден артык эч нерсе жок****" деген сөзү эсине кайра-кайра түшүп туруп алды.* Бул мисалдарда, маселен, чыгыштын -*дан* мүчөсү сын атоочтор жана тактооч сөздөр уланып, аны башка атооч сөздөн сын-сыпаттык, орундук, кээде мезгилдик жактан айырмалуу белгилерин аныктап көрсөтүүдө салыштырылуучу экинчи сөздү өтө орундуу, элестүү, өзүнө тең, жакын түшүнүктөрдү таба алгандыгын байкоого болот. Тактап айтканда, мисалдарда баланын (ой көмүскөдө) - *иттен илгери, кишиден кийин* экендиги; энелердин боздогону – *ботосу өлгөн ингенден жамандыгы*; Жайнагүлдөн ажыроо Толкунбек үчүн *өлүмдөн жаман иш* экендиги, акыркы сүйлөмдө болсо Зыйнат үчүн *Толкунбектен артык эч нерсе* жок экендиги ж.б**.** аныкталып берилген.

Ушул эле формага *да* бөлүкчөсүн кошуп айтуу менен автор окшоштуруу маанисин күчөтүп, аныктап, тактап, баса белгилеп көрсөтөт: *Анан калса бул жигиттин сүйүүсү* ***мурдагыдан да алоолоп, мурдагыдан да махабаты ашып-ташып*** *бараткандай. "****Мурдагыдан да татынакай, мурдагыдан да сулуу*** *болуп кеткен экен",– деп ойлоп, ичи элжирей түшүп жатты. Да* аныктагыч-тактагыч бөлүкчөсү чыгыш жөндөмөлүү сөздөргө уланып, заттын мурдагы абалына

салыштырылган күчөтүү маанисин билдирет, *караганда* жандоочунун күчөтүлгөн формасына да окшош.

Болуп чакчыл этиши да атооч жөндөмөлүү жандуу жана жансыз заттар менен келип, “окшош”, “окшошуп” маанисин берет: *от болуп күйүү*; *куш болуп учуу, күн болуп ачылуу* ж.б. Мисалы, *Ушул ойду ойлогондо жүрөгү* ***от болуп*** *күйүп жатты. “Ошондо гана силер эрдин да, элдин да, ата менен эненин кадырлоосуна ээ боло аласыңар,” – деп кыздарына айткан эненин насаат сөздөрү Жайнагүлдүн кулагына* ***алтын сырга болуп*** *тагылып калгандай, эсинен кетпей турду.* Сүйлөмдөгү белгиленген сөздөр да “отко окшоп күйүп”, “алтын сыргага окшоп тагылып” маанисин берди. Аналитикалык формадагы мындай салыштыруулар өтмө мааниде болушат.

Романда жандоочтор жанашып айтылган сөздөрдө да салыштыруу мааниси камтылат. Өзү жандап келген сөздөрдү атооч жөндөмөсүндө башкарган *сыяктуу, сыяктанып, өңдүү, шекилдүү, кейиптенген, сымал, сымак, чалыш* жандоочтору зат атооч, ат атооч, *-ган* формасындагы атоочтук жана кыймыл атоочтор менен тизмектешип, окшошуу, окшотуу маанилерин билдирет. Бул жагынан алганда функциясы боюнча алар *-дай* мүчөсүнө окшош. *“Төтөп шыңгырама” күү эмес эле, максатына жетпей арманда өткөн* ***кыз-жигиттин трагедиясы сыяктуу*** (кыз-жигиттин трагедиясына окшош) *көңүлүнүн түпкүрүндө кыттай уюп калган.* ***Сары-Челек, Кара-Алма, Арсланбап сыяктуу*** (Сары-Челек, Кара-Алма, Арсланбапка окшош) *жерлерди көрсөңүз тим эле укмуш да. Анын көзүнө бул үй үй эмес эле* ***сүрөт көргөзмөсү сыяктанып*** *көрүндү.* Кээ бир учурда *сыяктуу* сөзү окшоштуруу маанисинде эмес, божомолдоо маанисинде да колдонулуп калат: *Зыйнат да Толкунбекти биротоло* ***көңүлүнөн өчүрүп салган сыяктуу*** (көңүлүнөн өчүрүп салганга окшойт). *Кээ бир* ***өкмөт чалыш*** *жерден келин алгандардын абалын көрүп эле жүрбөйбүзбү.* Автор *чалыш* жандоочун чыгармада бир эле ирет пайдаланган.

Катары жандоочу да атооч жөндөмөсүндө турган сөздөргө уланып келип, “сыяктуу”, “тең”, “бирдей”, “бирдей даражада” деген маанилерде колдонулган. *Зыйнаттын күйөөсү менен ажырашып кеткенин угушуп, келинди* ***бузуку***

катары *жек көрүп келишкен. Ошон үчүн өзүн Толкунбектин алдында* ***күнөөлүү да, милдеттүү да адам катарында*** *сезчү.*

Караганда жандоочу барыш жөндөмөлүү бардык атооч сөздөргө, кыймыл атоочко жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, өлчөмдүн ашык-кемин, бир нерсени экинчи бир нерсе менен салыштыруу маанисин билдирет. 1. ***Ага караганда*** *мен мерез экемин деп ойлоп коём.* 2. ***Ташка караганда*** *мен адаммын го.* Мында "салыштырмалуу" мааниси берилип, Толкунбек менен Жайнагүлдүн мүнөзү (мерездиги боюнча) (1) жана таш менен Жайнагүл (2) өз учурунда сыпаты боюнча өлчөмдүк жактан салыштырылды.

Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу *башка, көрө, башкача* жандоочтору да айырмалоо маанилерин туюндурат. *Башка, башкача* жандоочтору зат атооч, жамдама сан атооч, ат атооч, кыймыл атооч жана *-ган* формасындагы атоочтуктар менен тизмектешип, алар аркылуу туюндурулган нерсени кыймыл-аракетке кошпоо, аралаштырбоо, айырмалоо, өзгөчөлөө маанисинде колдонулат. *Кээде анын ушундай кылык-жоругунан эненин ичи тарып, аман жүрсө экен, деги* ***баладан башкача*** *болуп баратат деп ойлочу. А Зыйнат болсо,* ***жаратылышынан башкача*** *жаралган өзгөчөлүгү күчтүү келин болучу. Баладан башкача* айкашы "баладан өзгөчө", "балага окшобогон", "баладан айырмаланган" маанисин берсе, *жаратылышынан башкача* сөз тизмегин "төрөлгөндөн эле башкаларга окшобогон", "тубаса өзгөчө" катары түшүнүүгө болот, ал сүйлөмдөгү *өзгөчөлүгү күчтүү* сөз тимеги менен синоним да болот.

Тышкары, бөлөк жандоочтору да өзү жандап келген сөздөрдү чыгыш жөндөмөдө башкарып, "башка, айырмалуу, өзгөчө", кээде баштапкы маанисине окшоштурулган күчөтүү маанилеринде келет. *Кабагың түшүп, өңүң өчүп, көздөрүңдө кандайдыр кусалыктын учкуну түнөп, күрөө тамырларыңдын* ***адаттан тышкары балкылдап*** *согушу гана тирүүлүгүңдү айгинелеп тургансып көрүндү менин көзүмө.* Бул жерде *тышкары* жандоочу чыгыш жөндөмөдө турган *адаттан* сөзү менен биргеликте *аябай, аябагандай, абдан, өтө* күчөткүч бөлүкчө менен маанилеш келип, тамырлардын балкылдап

согушун демейдегиден өтө өзгөчө экендигин туюндуруучу грамматикалык каражат болду.

З. Сооронбаева “Чоочун киши” романында грамматикалык жактан окшоштуруу, айырмалоо, өзгөчөлөө маанилерин туюндуруучу жандоочторго караганда *бетер* жандоочун эң көп (120) пайдаланган. *Жайнагүл колдорун кармалап,* ***күнөөлүү адамдан бетер*** *жер тиктеген калыбында күңк этти. Ай, кагылайын, бул кызды эшиктин алдына тургузуп алып,* ***тергөөчүдөн бетер*** *сурайсың да.* Бул жандооч чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атооч, ат атооч, атоочтуктар менен айкашып, алардын баштапкы маанисине салыштырылган күчөтүү жана кандайдыр сапатты арттыруу маанисин билдирет. Бул жандооч “окшоп” маанисине жакын: *күнөөлүү адамдан бетер* – “күнөөлүү адамга окшоп”, *тергөөчүдөн бетер* – “тергөөчүгө окшоп”, *душмандан бешбетер* – “нагыз душманга окшоп” (душмандан да өтүп) ж.б.

Ошондой эле сейрек колдонулса да, ***бешбетер*** жандоочу жандап келген чыгыш жөндөмөлүү сөз жогорудагыга караганда да айырмалуулук маанини камтыйт, ***бетер*** жандоочуна салыштырмалу андан да эселеп күчөтүү мааниси бар. *Алар бири-бирин көргүсү келбеген* ***душмандан бешбетер*** *терс карашып турушту.*

Бешбетер жандоочунун синоними катары келген *ого бетер, андан бетер, андан бешбетер* күчөткүч бөлүкчөлөрүн да чыгармада кезиктирүүгө болот: *Тим эле ак куудай мойну койкоюп, ансыз деле ак жибектей үлбүрөгөн неме,* ***ого бетер үлбүрөп****, ак жибек көйнөгү жарашып, нуруна чыгып, бир башкача көрөшөм болуп калыптыр. Күйөөңүз болсо,* ***андан бетер жылдызы төгүлгөн сүйкүмдүү*** *жигит. Ал эми Жайнагүл болсо* ***андан бешбетер****, Толкунбексиз күнү жок.* Белгиленген жандоочтордун жардамында белгилик касиет нормалдуу абалына караганда өтө эле айырмалуу, жогорку даражада көрсөтүлөт.

Бөлүкчөлөр да өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маниге ээ болбогону менен, кайсы бир сөз менен бирге аналитикалык формага келип, салыштыруу маанисин да туюнта алат. Салыштырма бөлүкчө бир нерсени экинчи бир нерсеге окшоштуруу маанисин кошумчалайт. Буга *куду, кадим* деген

сөздөр кирет. Булар жеке, өзүнчө айтылса да, сөзсүз окшоштурулуучу маанини билгизген сөздөр менен айкаша колдонулары тексттен белгилүү болуп турат. *Асан экөө* ***куду эле*** *бир ата, бир энеден туулгандай болуп баратканынан өз ичинде эч кимге айтпай, чийки май жегендей болуп жүрдү.*

Өзү ат атоочу *да нак, так* бөлүкчөлөрүнө же илик жөндөмөлүү сөзгө да кошулуп (*нак өзү, так эле өзү, атасынын өзү* ж.б.), “өтө окшош” деген маанини туюнта алат: *Анан калса үнү менен күлкүсү, адамга жугумдуу жароокер мүнөзү: Айганыш айткандай,* ***Зыйнаттын эле нак өзү*** *болуп турбайбы.* Жогорудагы сүйлөмдөрдө *куду эле* бөлүкчөсү *бир ата, бир энеден туулгандай* айкашы менен, *нак* бөлүкчөсү *өзү* деген сөз менен айкашып, бир заттагы белгинин эки ирет кайталанышы, көчүрмөсү маанисинде катышты.

Мындан сырткары ***эмес*** бөлүкчөсүн салыштыруу иретинде колдонуу да З. Сооронбаеванын стилине жатат: *Бул жүзү каранын боюндагы баласы бала* ***эмес****, Манас болсо дагы үйүмө* ***эмес****, короомо дагы жакын жолотпойм.* Мындай салыштыруу ушул эле сүйлөмдө экөө: *бала эмес Манас болсо да, үйүмө эмес короомо да*.

Жазуучу чыгармада салыштырууну лексика-семантикалык, морфологиялык, синтаксистик ыкмалар аркылуу гана эмес, синтаксистик татаал түрмөктөр аркылуу да бергендигин белгилөөгө арзыйт. Ошондой эле чакчыл түрмөктөрдүн сүйлөмдөгү орун алуу позицияларын да грамматикалык жактан туура белгилеген. Мисалы, *Алар****, ушул тонду кийгендей болгончо****, качан деп жүрбөймүнбү?* Мисалдагы чакчыл түрмөк, бир караганда мезгилдик маанини туюндурган менен окшоштуруу семантикасына да ээ: азыркы жашы менен «ушул тонду кийгендей» абалы, жашы салыштырылып көрсөтүлгөнүн баамдоого болот. Сүйлөмдүн ортосунан орун алган себептүү, эки жагынан үтүр белгиси менен ажыратылып жазылган.

Салыштырма чакчыл түрмөк да баяндоочу *-ганча, -гыча* формаларындагы (негизги формасы *-дай*) салыштырма багыныңкы сүйлөм менен *кандай?, эмне болгончо?, эмне кылганча?* деген суроолорго жооп бериши, түзүлүшү боюнча окшошуп кетет. Чыгармада мындай тилдик түзүлүштүн экөө тең орун алган.

Мисалы, салыштырыңыз: *Үсөн артына кылчаңдап,* ***карегине кан толгончо,*** *караганы менен калдайган караңгылык чүмкөгөн калың айыл бир заматта көрүнбөй калды* (чакчыл түрмөк). ***Атаңар өлгөнчө,*** *мен өлүп калсам эмне* (салыштырма багыныңкы сүйлөм). Бирок келтирилген мисалдарда окшоштуруу маанисине караганда айырмалоо мааниси басымдуу.

Ушундай эле аныктаманы *-гансып (-ган-сы-ып)* мүчөлөрү менен аяктаган формаларга карата да айтууга туура келет. Мындай мүчөлөр кыймыл-аракеттин аткарылышын экинчи бир кыймыл-аракетке окшоштуруу маанисин туюндурарын чыгармадан алынган төмөнкүдөй сүйлөмдөрдөн аныктоого болот: 1. *Толкунбек бир кезде* ***оюна бирдеме түшкөнсүп,*** *чөнтөктөрүн сыйпалап, жанынан «Астра» деген сигареттин үбөлөнүп, жарым-жартылайы күбүлүп калган бир талын алып оозуна салып, ширеңке тартты.* 2. *Сан көздүн баары эле сени карап, сага имерилишет да, – деген сөзүн угуп,* ***уйкудан жаңы ойгонгонсуп****, жеңесин убайымдуу көз караш менен жалт карады.* 3. *Бирок, Жайнагүл бүгүн эмне үчүндүр өзүн күндөгүдөн оор сезип, ичи-башы* ***ооругансып****, өңү талмоорсуңку.* 4. *Шумдук,* ***асмандан түшкөнсүп****, кызык иш го бул?* 2, 4-сүйлөмдөрдө белгиленген сөздөр – сыпат чакчыл түрмөктүн, ал эми 1, 3-сүйлөмдөрдөгү кара тамга менен берилген сөздөр сыпат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарат. Чакчыл түрмөктөрдүн багыныңкы сүйлөмдөрдөн дагы бир айырмасы – алардын интонациялык жактан бөтөнчөлөнүп айтылышы жана жазылышы экендиги жогорудагы сүйлөмдөрдө да туура.

Китепте *-гансып* формалуу чакчыл түрмөктөр бир нече ирет бир өңчөй мүчө формаларында да катышат: *Ошол саамда* ***кимдир бирөө жыга койгонсуп,*** *бети менен жер кучактай жыгылган Зыйнатты көргөн Толкунбек* ***ушуну эле күтүп тургансып*** *ордунан учуп турду.*

Ушундай эле салыштыруу маани *де-ген-си-п* формасындагы чакчыл түрмөк түрүндө келип да, «дегенге окшоп», «айтканга окшоп», «дегендей болуп» маанилерин билгизген: 1. *Ал “****сен айт****” дегенсип* (сен айт дегендей / дегенге окшоп), *күйөөсүн алдырттан карап, күлүмсүрөп койду.* 2. *Кокус айылдын ачык-*

айрым оозу шок аялдарынан болсо, дагы ***эмне деп айтып жиберер экен дегенсип*** (эмне деп айтып жиберер экен дегендей / дегенге окшоп) *тик кароодон айбыгып, иймене түшкөн Жайнагүл үлбүрөй басып чыгып, эки колун бооруна алып ийиле тартып жүгүнүп койду.* 3. *Бээ эмчектей болгон шыңгыл жүзүмдөр жалбырактын арасынан* ***мени көрдүңбү дегенсип*** (мени көрдүңбү дегендей / дегенге окшоп)*, атайын эле топ-топ кылып, кынабы менен жипке тизип койгонсуп, сабагынан үзүлүп түшүүчүдөй мөлтүрөйт.* Көрүнүп тургандай, автор негедир окшош формада келип, окшош интонация менен айтыла турган чакчыл түрмөктөрдү жогорудагы 3 сүйлөмдө 3 түрдүүчө тыныш белги менен белгилеген. Т.а., биринчи сүйлөмдө тике сөздү тырмакча менен бөлүп көрсөтөт да, чакчыл түрмөктөн кийин үтүр белгисин коёт, экинчиде ушундай эле чакчыл түрмөккө карата эч кандай тыныш белгиси коюлбаган, үчүнчү сүйлөмдө болсо чакчыл түрмөктөн кийин үтүр турат. Буларды грамматикалык эрежеге толук дал келбегени менен автордук тыныш белгиси катары кабылдоого болот. Биздин баамыбызда, жазуучу башка адамга карата ой жүзүндө айтылган ишараны тырмакчага алып (1), өзүнүн айтылбаган оюн (2) жана өтмө маанилүү чакчыл түрмөктү кыйыр сөз формасында бергендей. Ошондой эле 1,3-сүйлөмдөрдөгү чакчыл түрмөктөрдү бир өңчөй түзүлүштө келгендиги үчүн үтүр белгиси менен ажыратып, 2-сүйлөмдөгү белгиленген чакчыл түрмөктү *айбыгып* этишинин сыпатын аныктап көрсөткөн бышыктооч катары эсептеп үтүр койбогон болушу ыктымал. Булардагы жалпылык *дегенсип* сөзү менен аяктаган чакчыл түрмөктөр айтылбаган, ой түрүндөгү (1,2) жана айтууга мүмкүн болбогон (3) кыймыл-аракетке окшоштуруу функциясында боло тургандыгын келтирген мисалдарыбыз тастыктап турат.

«Чоочун кишиде» *-ып* түрүндөгү чакчыл түрмөктөр көбүнчө атооч сөздөргө айкашып, кыймыл-аракетти кайсы бир затка окшоштуруу маанисинде катышат. Мисалы, К*атын-баласынан ажыраган шору аз келгенсип, атып салам деп мылтыгын октоп, үйүнөн ажалы жогунан өлбөй аман качып чыкканын эстегенде, тим эле* ***жүрөгүнөн кан тамчылап****, эмне кыларын билбей кайыгып жүрдү.*

Атоочтук түрмөктүн *-гандай* формасындагы варианттары да чыгармада туптуура 100 жолу кездешет. *Бирок Жайнагүл* ***ойлогондой*** *Толкунбек уктап жаткан эмес. Баса, – деди Толкунбек* ***эсин жыйгандай****, – Жакин, бул келин менен таанышып кой.* Мындай салыштыруу логикалык жактан өткөн чактагы татаал кыймыл-аракетти туюндурат.

Атоочтук түрмөктүн *-ган* формасынан кийин *сыяктуу, шекилдүү, сымал* жандоочтору айкашып жана *-ган+га окшогон, -ган+сы+ган* формаларындагы окшоштуруу, теңдештирүү маанисиндеги атоочтук түрмөктөр да чыгармада кезигет. *Мындай ийгилик Жайнагүлдү бул жере биротоло кеткис кылып* ***бекитип салган сыяктуу*** *болду да калды. Бирок* ***капка шибеге катылбаган сыяктуу****, ошол балакеттүү туюк жара көөдөнүмдү тээп чыгып, ушул ак баракты бетине, өзүнүн кара баскан кандуу изин калтырганы олтурат. Анын Буга бир чети кубанса, бир чети* ***барса келбес жолго кетип жаткансыган*** *бир салмактуу ой төбөсүнөн басып тургандай болду.* Бул формалардын ичинен *-ган сыяктуу* кыймыл-аракеттин белгисин экинчи этиш менен салыштырса, калган формалары эки заттын белгилерин салыштырып көрсөтүү үчүн колдонулган.

Романда атоочтуктун *–гы-дай, -уучу-дай/ -чу-дай* формасы менен бүткөн атоочтук түрмөк да келер чактагы «аткарылчуга окшогон», «иштелчүдөй», «иштеле тургандай» кыймыл-аракетти окшоштура көрсөтөт. *Кыз жигитти тээ бир оокумга чейин үнсүз тиктеп туруп,* ***жүрөгү кабынан чыга каччудай*** *атып кетти. Ал ушул тапта жандуудан да, жансыздан да уялып,* ***жүрөгү жарылып кетүүчүдөй*** *зыпылдап жатты. Ошондой кылсак* ***туура болгудай*** *экен.*

Чыгармада атоочтук түрмөктөрдүн жогорудагыдай учурларынан башка да келер чактагы *-ар+-дай, -бас+-тай, -а элек+-тей* формаларындагы салыштыруу маанисиндеги түрлөрү бир жолудан гана жолугат. *Үсөндөн ажыроо жалгыз эле Жайнагүл үчүн эмес, баарыбыз үчүн* ***оор жоготуу болордой*** *сезилип калды. Шаардын борборунан окчунураак, сууга жакыныраак жердеги бак-шактуу үйлөрдүн ортосундагы аянтчадан орун алган бул участканы билбеген киши* ***оңойлук менен таба албастай*** *болуп көрүндү келгендерге. Ага бул дүйнөдө*

Толкунбектен артык, Толкунбектен сүйкүмдүү *адам али жарал**а электей** сезилет.*

Салыштыруу мааниси айрым сөздөргө, жөнөкөй сүйлөмдөргө караганда татаал сүйлөмдөрдө бир топ айкын, кенен берилери жөнүндө кеп кылганбыз. Салыштыруу семантикасы романда татаал сүйлөмдүн төмөнкү түрлөрү аркылуу туюндурулуп берилген:

1. Салыштырма тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр: *Ата-эненин кадырын балалуу болгондо билерсиң, ага-ининин кадырын жалаалуу болгондо билерсиң.* Дегеле, чыгармада автордун элдик оозеки чыгармачылыктан ыктуу пайдалана алуу жөндөмүн белгилөөгө болот. Бул даяр кепте *ата-эне* менен *ага-ининин кадыры* билинүүчү кырдаалдар салыштырылып, структурасы жана жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катышы боюнча багынычсыз татаал сүйлөм болуп эсептелет. *Толкунбектен ажыраганда мынчалык болгон эмес эле, ал эми Үсөндөн ажыраган күнү ажалдан мурда баласынын күйүтүн көтөрө албай өлүп кетчүдөй болуп жүрөт.* А мында биринчи багынычыз сүйлөмдөгү *Толкунбектен ажыраганда* сөз тизмеги *Үсөндөн ажыраган күнү* менен*, мынчалык болгон эмес* деген сөз айкашы болсо, *ажалдан мурда баласынын күйүтүн көтөрө албай өлүп кетчүдөй болуп жүрөт* деген сүйлөмдүн калган бөлүгү менен салыштырыла көрсөтүлдү. Идеялык жактан да аял-автор эне үчүн күйөөсүнө краганда да баласынын алда канча жакын экендигин, экөөнүн жакындык өлчөм-даражасын элестүү салыштырып көрсөтүп берет.

2. Карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөмдөр: *Экөө мурункудай эзилип **таттуу** боло алышпады, көңүл калтырар катуу сөз айтып **ачуу** да боло алышпады. Тоба-а, кудурет, **баласы жакшы, аны тапкан, баккан ата-энеси жаман ээ”.** “Жанга күйгөн **жандай** дос, жаныма күйбөс **кандай** дос”,– дептир бирөө.* Сүйлөмдөрдөгү карама-каршылык салыштырууну *таттуу-ачуу, жакшы-жаман, жанга күйгөн- жаныма күйбөс* деген нагыз жана *эзилип-катуу сөз айтып, жандай - кандай* деген контексттик антонимдер уюштурганы көрүнүп турат. Мындан сырткары акыркы татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгүндө

маалымат берилип, экинчисинде риторикалык суроонун коюлушу да кайчылаш маанини ого бетер күчөтүп турат.

3. Салыштырма багыныңкы татаал сүйлөмдөр: 1. *Энелик сезим адамда* ***кандай*** *болсо, канаттууда да так* ***ошондой.*** 2. ***Көргөн көздөрүнө ишенбегендей****, көздөрү алая түштү.* 3.*“****Боз жоргодо чайпалып,*** *сен да өтөсүң дүйнөдөн,* ***илкий-илкий жөө басып,*** *мен да өтөрмүн дүйнөдөн”, – деп бир бечара арман кылып, дөөгүрсүгөн бир манапка сөз ыргыткан экен.* Салыштырма маани контекстте *кандай- так ошондой, -ген-дей* формалары, белгиленген чакчыл түрмөктөр аркылуу салыштырылган. Текстте татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы салыштыруу семантикасын көрсөтүү үчүн автор дал мына ушул түрдөгү сүйлөмдү эң көп пайдаланганын (343) эсепке алуу жумушу көрсөттү.

4. Карама-каршы багыныңкы татаал сүйлөмдөр: 1. *Толкунбектин көзүнө көзү окшош* ***болгону менен****, адамды кыя карагандагы көз карашы, каш-кирпиги кадим эле Зыйнаттын өзү.* 2. *Кокустан билинген күндө да, менден никесиз, арамдан туулган баланы* ***алмак турсун****, үчөө чогулуп туруп көчөгө ыргытмак.* 3. *Бирок жигит, жигиттин гүлү болмоктон,* ***күндүн күкүмү болсо да****, адамды адам көрбөй туруп, башка бирөөлөрдүн айтуусу боюнча сүйүп жибермек беле.*

Көрүнүп тургандай, *-ганы менен, -мак турсун, -са да* мүчөлөрүнүн жардамы менен берилди. Үчүнчү сүйлөмдө 3 жөнөкөй сүйлөм акыркы баш сүйлөмгө багынып, көп багыныңкылуу сүйлөмгө биригишет. Маанилик катышы боюнча караганда да биринчи жана экинчи жөнөкөй сүйлөмдөр салыштырылып жатса, экинчи жана үчүнчү, үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдөрдө кайчылаш ой туюлат. 3-4-сүйлөмдөрдөгү карама-каршы ойду *көрбөй туруп – бирөөлөрдүн айтуусу боюнча* сөздөрү ачыктаса, *сүйүп жибермек беле* сөзү ал маанини дагы да аныктап, басым жасап көрсөтүүдө. Мына ушундайча З. Сооронбаева кайчылаш багынычтуу татаал сүйлөмдү мындан башка да бир топ каражаттардын жардамы менен берген.

5. Өлчөм багыныңкы татаал сүйлөмдөр: *Ал эми Толкунбек болсо Зыйнатты Жайнагүлдү* ***сүйгөнчөлүк*** *бир да жолу ал каалагандай, бактылуу кыла*

албагандыгы көңүлүнө кылт эте түшүп жатты. Ал эми бул каттын дагы бир жакшы жагы сүрөткер аялдын талантынын бийиктиги ***канчалык көркөм, канчалык жогору*** *болсо, анын адамгерчилигин, акылдуулугун, ички дүйнөсүнүн кенендигин* ***ошончолук*** *айгинелеп турган ажайып дүйнө болду.* Сүйлөмдөрдүн адепкисинде багыныңкы сүйлөмдөгү -*чалык* мүчөсү менен катар *ал каалагандай* сөзү бактылуу кылуунун өлчөм, даражасына салыштыруу кызматын аткарды. Кийинкисинде болсо *канчалык, ошончолук* деген байламталык функциядагы сөздөр негизги каражат болуп турушат. Өлчөм багыныңкы сүйлөмдөр кепте аз колдонулары белгилүү. Биз талдоого алып жаткан чыгармада да өлчөмдүк салыштыруу маанисиндеги сүйлөмдөр – 14.

6. Сыпат багыныңкы татаал сүйлөмдөр. Салыштырма маанилүү сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтордун чыгармада -*ып, -сып, -гансып* формаларында “окшоп” маанисин түшүндүрүп келип баш сүйлөм менен салыштырыла көрсөтүлөт. *Толкунбектин фамилиясын берүүнү самап турса да,* ***«Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт» болуп,*** *кеткен эрине айтып, сүйүнчүлөгөндөн намыс кылып турду. Анан калса экөө тим эле* ***бир атанын балдарындай, бир эненин курсагынан чыккандай болушуп****, бири-бирине окшоп баратканына таң калат.* ***От ала келгенсип****, кетебиз деген сөз да сөз болобу. Бардыгы жарданышып, командирден команда күткөн* ***жоокерлерге окшоп,*** *энесинин жанына келип туруп калышты.*

7. Аралаш татаал сүйлөм. Бир нече жөнөкөй сүйлөмдү бир эле татаал сүйлөмгө бириктирип түзүү, сөзсүз түрдө автордун чыгармачылыгы, кебинин байлыгы менен мүнөздөлүүгө тийиш. Текстте да экиден көп жөнөкөй сүйлөмдөрдүн катышынан куралган аралаш татаал сүйлөмдөр кезигет. *Ушул айтылган сөз Эмилге* ***кандай*** *таасир бергенин билбейм, менин жүрөгүмдөн чыккан жагымсыз толкун мээме барып урулуп, анан эки чыкыйым кысылып чыкты.* Мында татаал сүйлөм багынычсыз, багыныңкы, багынычсыз 3 жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөн, буларды туташтыруучу эч кандай салыштыруу каражаты жок, логикалык жактан гана салыштыруу байкалат. *Кандай, ошондой* сөздөрү салыштырма багыныңкы сүйлөмдү уюштурууда негизги ролго ээ болгону менен,

бул багынычсыз сүйлөмдө андай функцияны аткарбайт. *Кандай* сөзү жөн гана аралаш татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринчисинде катышып, *айтылган сөздүн таасиринин* өлчөмү экинчи жана үчүнчү жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү өлчөмү менен салыштырылды.

8. Компоненттүү татаал сүйлөмдөр. Жогоруда белгилегенибиздей, З.Сооронбаева текстте оюн бекемдөө, таасирин арттыруу, көркөмдөө ж.б. максатында макалдарды өтө жыш колдонгон. Салыштыруу маанисиндеги компоненттүү татаал сүйлөмдөрдү да дал ошол макалдардан гана кезиктиребиз: *Аркырап шамал бек болсо,*

Алманын шагы кайрылат,

Арада душман көп болсо,

Алышкан жардан айрылат. Макалдар түзүлүшү боюнча татаал, маанилик катышы боюнча тең байланыштагы татаал сүйлөм болуп эсептелет. Анын тутумундагы багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери өз ара багынычтуу татаал сүйлөм болуу менен, 1,3- багыныңкы сүйлөмдөр жана 2, 4-компоненттердин маанилери салыштырылып көрсөтүлгөн.

Жаккан от өчсө – жанат, а көңүлдүн оту өчсө – жанбайт. Бул сүйлөм да түзүлүшү боюнча жогорудагы эле сүйлөмгө окшош, мааниси боюнча да салыштырылып көрсөтүлөт. Болгону татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү макал мезгилдин өтүшү менен структуралык жактан өтө кыскарып кеткен. Мындай салыштырма маанилүү, компоненттүү, макалдар кептен даяр материал катары гана алынып колдонулган, буга автордун тиешеси жок.

Кээде татаал сүйлөмдүн компоненттеринин тутумуна салыштыруу маанисиндеги *артык, кем, жакшы, жаман, андан көрө, а көрөкчө, алда канча+сын атооч* түзүлүшүндө да уюшулат: *Арбактын алганы* ***жаман****, бергени* ***жакшы*** *экенин билсеңиз керек. Эки жылга эрим командировкага кетсе, анан ошонун ортосунда ойноштук, бойдок жүрүп* ***бала төрөштөн көрө уу ичип өлгөнүм артык болуп*** *турат. Билсең, мен сени, Жайнагүлдөн* ***эки эсе артык сүйбөсөм, кем сүйбөйм****.*

З.Сооронбаева “Чоочун киши” романында салыштыруу маанилерин тиешелүү каражаттардын жардамында ыктуу да, көркөм, элестүү да бере алган, анын негизги учурларын мисалдар менен бердик.

3.2. **Романдагы салыштыруу каражаттарынын идея берүүчү жана образ түзүүчү орду**

Салыштыруу каражаттары чыгарманын көркөмдүүлүгүн, элестүүлүгүн арттыруу менен, каармандардын да образдарын, сырткы көрүнүшүн, психологиясын, ал-абалын, ошондой эле чыгарманын идеясын таасын, жеткиликтүү ачып берүүчү да кызматка ээ.

Текстеги салыштыруулар контексттеги ойду таамай жана ачык, элестүү туюнтуунун каражаты боло алган. Салыштыруучу нерсе, түшүнүк, абал, кырдаал катары жазуучу окурмандарга мурдатан тааныш болгон зат, жаныбар, куш, өсүмдүк, кубулуш, жаратылыш кубулуштары ж.б. ишенимдүү, ыктуу, орундуу, образдуу түрдө колдонгон. Турмуштук тажрыйбадан кылдат тандалып алынган автордун салыштыруулары окурманга жакшы таасир калтырып, чыгарманын да көркөмдүүлүгүн арттырат. Жазуучунун колдонгон көркөм сөз каражаттары – салыштыруулар, метафоралар, гипербола, литоталар.

З.Сооронбаеванын бул чыгармасында салыштыруулар каармандардын мүнөздөрүнө жараша тандалып алынгандыгын баамдоого болот. Алар каармандын кылык-жорук, көз карашы, ой-пикири, кебете-кешпирин ж.б. таасын көрсөтүү үчүн кызмат кылган.

Төмөндө чыгарманын башкы каармандарына карата келтирилген салыштыруу каражаттарынын маанисине, ордуна көңүл буруп көрөлү.

Чыгарманын башкы каарманы Толкунбектин сырткы көрүнүшү, ак никелүү, ата-энесин бөркүндөй сыйлап, анын үч баласын багып, анан кала берсе үйдөгү бүтүндөй түйшүктү мойнуна алып, кылдыратып отурган аялына кыянаттык кылган, Жайнагүлдүн кирсиз таза сүйүүсүнүн алдында бети чиркөөлөнүп, ууруларча жүргөн абалына карата пайдаланылган салыштыруу, окшоштуруу каражаттары: *“**Уят-өлүмдөн катуу**” **дегендей**, ушул тапта **өз канын өзү ичип,***

***өз жүрөгүн өзү эзип**, өзөгү **өрттөй** жанып, кирпик какпай, санаасы сандап, бөгүп жаткан болучу. Толкунбек мындай **жапайы көрүнүштөн чочулагандай**, өзүнөн өзү **коркконсуп жамандыктан жыт алган немедей**, эмнегедир тынчсыздана баштады. Жигит кокус жаздым басып алып, **кирсе чыккыс чуңкурга түшүп кетүүчүдөн бетер,** алды-артын абайлап, туш-тарабына көз чаптырып, босогону аттап кирген жеринде кыймылсыз туруп калды.* Кыларын кылып алып, туура эмес кадамдарына өкүнүп, аны кайра оңдогонго болбой, уятынан жерге кире албай, эркек боло туруп бою титиреп, не кыларын билбей, өзүн эч бир нерсеге жараксыз алсыз сезип турган Толкунбектин абалын автор белгиленген салыштыруу каражаттары аркылуу мына ушундайча элестүү бере алган.

Ал эми Жайнагүлдүн сулуулугу, көрөшөмдүгү, сымбаттуулугу чыгармадагы ***“Айдын кетигиндей болгон алтыным**, мен сенин кимдигиңди билем. Келиндин эки бети тамылжып, көздөрү жайнап, сымбатына жарашып, **ак куудай** койкойгон жумуру мойнунда өзүнөн өзү **төгүлүп кетүүчүдөй** кубулуп, тынымсыз мөлтүлдөп турган алтын медальондун ташына суктана караган Кына өз ичинен уулуна ыраазы* деген сыяктуу сүйлөмдөрдө элестүү берилген. Мында кайын эне келининин сулуулугун Айдын кетигине, баасын алтынга теңеп жатканы. *Кош бешикти эки жагына коюп, терметип олтурган Жайнагүл бир кездеги жомокто айтылуучу эгиз баланын энеси, **хандын аялы Канышайымга окшоп кетерин** эне келинине айткан.* Бул сүйлөмдө да эне Жайнагүлдүн эгиз балдар салынган *кош бешиктин* ортосунда отурушун жана көзгө толумдуу, толукшуган кебетесин ханыша *Канышайымга окшотот. Кош* деген сөздө да окшоштук, бирдейлик түшүнүгү бар.

Жайнагүлдөгү туруктуу, сабырдуу, сарамжал, улууну сыйлай билген, ар нерсеге жөндөмдүү сапатты ачып берүүдө автор Толкунбек убагында анчалык баалабай, Зыйнатка кетип калгандан кийин түшүнүп жеткендиги тууралуу айткан сүйлөмдөрүндө келтирет: *Жайнагүлдү эстеп, анын кыял- жоругун элестетип жатып уктап, эстеп жатып ойгонорун: эч кимде **Жайнагүлдөй** аял жоктугун айтып каттар жазат. Сен **аялзаттын асылысың, сендей** жарга*

туш болгон бактылуу жигит экенмин. Ал эми бул ойду берүүдө белгиленген каражаттар маанилүү орунга ээ.

Келиндин бүйрө, сарамжал экенин, азыркыдай жөндөмдүүлүгү менен эле чектелип калбай дагы тынымсыз аракеттенгендиги *Анда* ***мындан да тыңыйсың, мындан да сарамжалдуу, эмгекчил*** *болосуң* деген ал эми акыл-парасатуу***лугу,*** адамгерчилиги ***Алтындай болгон акылың,*** *асыл адамгерчилигиң өзүңдөн балдарыңа, балдарыңдан небере-чөбөрөңө, укумдан-тукумуңа нуска болсун, кагылайын каралдым* деген кайненеси Кынанын баасы, батасы менен маалым болот.

Жигиттин жүрөгү Жайнагүлдүн жанагы сөзүнөн кийин ***чийки май жегендей*** *болду да калды.* Бул сүйлөмдөгү салыштыруу каармандын жалгыз бой жашап жүргөн мезгилинде ага туура эмес ойдо тийиштик кылууну ниет кылган кесиптешинин күйөөсүнүн абалына карата келтирилет. Муну менен Жайнагүлдүн өзүнүн эрктүүлүгү, таамай сүйлөй алгандыгы, амалкөйлүгү кыйыр белгилүү.

Чыгармадагы бардык окуя ушул башкы каарман Жайнагүлдүн тегерегинде өтөт. Ушундайча элестүү салыштыруулар менен төрт тарабы төп келишкен: көркөмдүү, сымбаттуу, бойлуу, адептүү өскөн, тектүү жердин кызы, үй-бүлөдө да жароокер жар, камбыл келин, чөйрөсүндөгүлөрдүн арасында да акылдуу, абройлуу, жумушунда болсо кесипкөй дарыгер, жетекчи, укмуштуудай жөндөм менен өлүм алдындагы кишини адистигине туура келбесе да операция жасап айыктырган чечкиндүү, эптүү кадр, ошол эле учурда балдары үчүн бардык нерсеге даяр мээримдүү эне, туруктуу, амалкөй да, кала берсе бактысын уурдаган күндөшүнө да бир ооз катуу сүйлөбөгөн, тескерисинче, анын талантына таазим кылып өнөрдү баалаган аял катары сүрөттөлөт, аны баары (кала берсе күндөшү да) жакшы көрүшөт. Окурман автордун мындай ашыра баасына эрксизден жетеленип, Жайнагүлдү өтө жактырат, кирсиз, аруу каарманын Толкунбекке ыраа көргүсү келбейт, аны бардык башка каармандардан өйдө көрүп, анын таламын талашканга даяр болот.

Сүймөнчүктүү каарман чыгармада турмуштун сыноолоруна да кабылат. Анын өзүнө ишенгендей ишенген сүйгөн жарынын эки жүздүүлүгүнө карата абалы төмөнкүдөй салыштыруу аркылуу чагылдырылат*: Өз күнөөсүн сезбей, кайра өзүн коркутуп, дуңкуюп терс карап жаткан Толкунбекке таарынган Жайнагүлдүн* ***өпкөсү казандай, өтү табактай***. Дегеле, автор каармандарынын өкүнүчтүү, капалуу, бирөөгө катуу таарынган абалына карата жогорудагы *өпкөсү казандай, өтү табактай* айтымын көп колдонгонун байкоого болот. *Баякы* ***эч нерсеге теңдешсиз****, бийиктеги өзү сүйгөн Толкунбек Жайнагүл үчүн кадыр-баркы жок жөнөкөй эле* ***башы кара, буту айры, көптүн бири сыяктуу*** *эле бир адам болду да калды* деген сүйлөмдө Жайнагүл үчүн Толкунбектин баштапкы *эч нерсеге теңдешсиз* баасы көңүл калгандан кийинки *башы кара, буту айры, көптүн бири сыяктуу* деген ага карама-каршы баага алмаштырылып салыштырылат.

Ал эми үчүнчү каарман Зыйнат менен окурманды башында эле жагымсыз кырдаалда учураштырат. Биринчи китепте жашыруун, кол жетпес сүйүүсү, бузукучулук жол менен тапкан баласына ээ боло албай жүргөн абалын, туура эмес кадамдарына өкүнгөндүгүн автор төмөнкүчө элестетет: *Зыйнат эмелеки ушул көрүнүштөн кийин өзүнүн энелик мээриминин* ***торгойчолук*** *болбой, карындан чыккан баласын ак кар, көк муз баскан бороондуу түндө Мансурдун эшигинин алдына таштай качкан өзүнүн* ***таш боордугун*** *өзү соттоп, өзүн-өзү каргап, өзүн-өзү тилдеп, эми өз баласы өзүнө* ***өгөй болуп****, тил табыша албай турганына бушайман болуп ой басып келатып, машинанын сигналынан селт этти.* Мында белгиленген сөздөр аркылуу Зыйнаттын энелик мээриминин торгойго да жетпегендиги, баласын таштай качканы *таш боор* деген метафорага, өз баласынын ага үйүр албай атканы *өгөйдөй болгон* көрүнүшкө көркөм салыштырылып атат.

Бул акыбалды Толкунбектин көзү менен караганда *Толкунбек Зыйнатты караса, көздөрү* ***жашылдангансып,*** *шилекейин жутуп, сунган колун тарта албай, салафан конвертке салынган костюмду кармаган бойдон* ***катып калган сөлөкөткө окшоп*** *турганы аянычтуу көрүнүп кетти.*

Дагы бир *Анан башка олтургандарды бир сыйра сыдыра тиктеп алып, эмелеки сумсайып:* ***тоңо түшкөн жүзү, ачык тийген күндүн аптабына туруштук бере албай эрип бараткан муздай болуп****, аздап өз өңүнө кирип баратты* деген сүйлөмдө анын ыңгайсыз, кыжаалат болгон, начар абалы *тоңо түшкөн жүзгө* салыштырылса, *ачык тийген күндүн аптабына туруштук бере албай эрип бараткан муздай болуп* деген салыштырма айкаш аркылуу аялдын жашоого үмүт артып, өзүнүн бактысы болбосо да таланты бийик экендигин эстеп, өңүнө жылуулук кире баштаган абалы көз алдыга таасын чагылдырылат.

Бирок чыгарманын экинчи бөлүгүндө автор, негедир, өз бактысы үчүн аракеттенген аялга карата окурмандын пикирин оң жакка бурууга аракеттенгендиги байкалат. *Маңдайында өңүнө да, боюна да жарашыктуу кийинип чачын асемдете жасатып, ажары ачылып өзүнөн көз албай кумарлуу тиктеп олтурган Зыйнат Толкунбектин көзүнө уламдан-улам ысык көрүнүп, адам эмес эле асмандан түшкөн* ***перинин кызына окшоп****, ага суктануусу улам артып өзүн кармай албай, эрки бошоп баратты.* ***“Мурдагыдан да татынакай, мурдагыдан да сулуу болуп кеткен экен”,*** *– деп ойлоп, ичи элжирей түшүп жатты.* Буга чейин Жайнагүл ханышайымга салыштырылса, Зыйнаттын Жайнагүлдөн ашса ашып түшчүдөй сулуулугу бул сүйлөмдөрдө *перинин кызына окшоп* тутуму менен көркөм сүрөттөлөт. Автор *мурдагыдан да татынакай, мурдагыдан да сулуу* деген айкаштардагы *да* бөлүкчөсүн өзү жандап келген чыгыш жөндөмөлүү атооч сөздөргө логикалык басым жасап, андан да артыкчалыктуу белгисин көрсөтүүчү кошумча грамматикалык маанини киргизүү үчүн колдонгону көрүнүп турат.

Ал эми өз айыбын кеч болсо да түшүнүп, өлдү деген баласын ак жууп-тарап чоңойтуп койгон күндөшүнө ыраазы болуп, ар талапка кайыл сезимин салыштырууну *Зыйнат ушул саамда “Жайнагүлдүн аягына жыгылып, кечирим сура” деген бирөө болсо,* ***кайра тартпачудай болуп*** *көңүлү жибип кетти* сүйлөмүндөгү *-чу-дай* формалуу келер чактагы белгиленген кыймыл менен көрсөткөн.

*«Төркүнгө да **төрөдөй** болгон кыз батат» **дегендей**, төрөлүгү болбосо, инилери **ошончо** жерден машина айдап келеби?- деп байбиченин **бири ойлосо, экинчиси «Бирөөнүн тоогун жесең каз байла» дегендей**, булар биз жакка барып калса **ушулар өңдөнүп** дүр-дүйнөнү жайнатып коюп, булар кылган сыйды биз кылар бекенбиз?* Бул татаал сүйлөмдөгү салыштыруулар болсо Зыйнаттын тууган-тааныштарынын арасында кадыр-баркы жогору экендигинен, ашкере меймандостугунан кабар берет. *Төрөдөй* сөзү Зыйнатты төрөчөлүк даража-сыйга ээ экендигине салыштырылса, *ушулар өңдөнүп* сөздөрү меймандарды инилерине окшоштуруу үчүн, *ошончо* деген сөз "ошончолук алыс жер" маанисинде колдонулду ж.б.

1.*"Күйүттүү катын кошокчу" дегендей, өз көйгөйүнөн жаралган таза чыгарма.* 2. *"Бекер киши таз болбойт" **дегендей**, акылы жок адам **ушунчалык** даража-даңкка жетеби.* Зыйнаттын сүйүүсү да, күйүтү да чыгармачылыгына таасир бериши *күйүттүү катындын кошокчу* болгонундай эле (1). Ал эми анын акыл-эстүүлүгү *"Бекер киши таз болбойт" дегендей* түрүндө, *ушунчалык* деген сөз каармандын даража-даңкынын жогору өлчөмү менен салыштырылат (2).

Толкунбектин эки аялынан бир күндө туулган эки уулунун – Асан менен Үсөндүн бири-бирине жана Толкунбекке окшоп чыга келишкендиктери да чыгармада колдонулган салыштыруу каражаттардын негизин түзөт дегенге болот: *Үсөндүн **бөтөндүгүн** билсе да, бир жолу да, Асан экөө **бир туган эгиздей** болуп бараткандыгы жөнүндө, эгерим ооз ачып да койбоду. **Кадим эле** экөө **бирдей** Толкунбектин **өзү**. Уулуңуз да кичинесинде так эле **ушулардай** болучу көздөрү алайып. **Мынчалык** таң калып, **тарс жыгылгандай, окшош** балдарды көрө элек белең. Эки баланын **бири-бирине окшоп,** Толкунбектин **оозу-мурдунан түшкөндөй** болуп каларын Жайнагүл кайдан билди. Экөө **бирдей** Толкунбектин **оозу-мурдунан түшө калгансып, кашын-кашына, көзүн-көзүнө, мурдун-мурдуна, оозун-оозуна алып барып чаптап койгонсуп, маңдайлары жазы келип,** чачтары да **Толкунбектикиндей типтик болуп** кайраттуу ж.б.*

Текстте жогорудагыдай окшоштуктарды көрсөтүү үчүн 235 ирет колдонулган салыштыруулар Толкунбек менен Зыйнаттын отосундагы

жашыруун сырды ачып берүүдө чыгармадагы баш каармандар үчүн да, окурмандар үчүн да ачкыч болот. Эки баланын окшоштугу жогорудагыдай каражаттардын жардамында берилүүсү менен окуя да чиеленишип отуруп, акыры кульминациясына жетет. Демек, баарын кыжаалат, бүдөмүк ойго салган кебетесиндеги окшоштуктун негизи Асан менен Үсөндүн бир атанын балдары экендиги болуп чыгат. Ал эми мүнөздөрү боюнча эки бала өз апаларына окшошот. Балдарга мындайча ысымдын коюлушунда да окшоштук семантикасы шарттуу түрдө туюнтулат. Анткени көбүнчө эгиздерге 1 же 2 тамгасынан гана айырмаланган же окшош муундуу ысымдар коюлат. Экөөнө карата колдонулган *эгиз* сөзүнүн өзүндө да “экөө”, “жуп”, “бир энеден бирдей убакытта төрөлгөн”, “окшош” семантикалары жатат.

Жогорудагыдай жана мындан сырткары да *чала көргөн түштөй, салган төшөктөй, акталбаган айыптай, ийсинген бээдей, чатышкан жиптей, ок жеген аркардай, ириген сүттөй, чөккөн нардай, бир тамчы сымаптай, бир калыптан чыккан кирпичтей, жаңы туулган ботонун көздөрүндөй, жапан куштун көзүндөй, бөрү чыккан немедей, оозунан алдырган бөрүдөй, кинонун тасмасындай, каткан ширидей, уюткан коргошундай, сокодон чыккан аттай, кирген буурадай, бээ эмчектей, кирген буурадай, жамандыктан жыт алган немедей, ийне түшсө көрүнгөндөй, жылдыздай окшош, биринин кебин бирине кийгизип койгондой, канын сүлүктөй сорот* ж.б. авторго гана таандык көркөм, элестүү салыштыруулар чыгармада синтетикалык, аналитикалык жолдор, синтаксистик татаал түрмөктөр, татаал сүйлөмдөр жана макал-лакаптар аркылуу:

1) портретти, кебете-кешпирди;

2) жүрүм-турумду, кыймыл-аракетти;

3) акыл-ойду, эсти;

4) кулк-мүнөздү;

5) мамиле-алаканы;

6) сезимди, абалды;

7) көрүнүштү ж.б. сүрөттөө үчүн колдонулганын белгилөөгө болот.

3.3. Романдагы салыштыруу ыкмаларынын колдонуу жыштыгы

З.Сооронбаеванын “Чоочун киши” романында салыштыруу, окшоштуруу, кейиптештирүү маанилери өтө көп колдонулган жана алардын өз ара катышы да көп кырдуу. Төмөндө алардын ар бирине токтолобуз.

1) адаттан тышкары –2
2) адатынча – 2
3) айрыкча – 1
4) айырмалуу – 15
5) андан бетер – 10
6) андан бешбетер – 1
7) -ар – 1
8) -ардай – 3
9) –а элек-тей – 1
10) барабар – 1
11) -бастай – 1
12) башка – 38
13) башкача –10
14) бетер –120
15) бешбетер – 3
16) бир – 8
17) бирдей – 3
18) бири тура –1
19) болуп – 58
20) бөтөн – 19
21) бөтөнчө – 2
22) -гандай – 559 жолу
23) -ганча – 36
24) -гыдай – 33
25) -гыс – 9

26) -дай – 2476 ирет

27) -дай мүчөсүнүн түшүрүлүп калышы аркылуу – 59

28) -дан көрө – 5

29) -дан көрөкчө – 3

30) -дан +сын атооч, -дан да, артык, ашык, кем, башка, башкача – 280

31) -дан өтөрү жок – 1

32) дегендей – 116

33) деген менмин – 1

34) деген ошол – 18

35) деген ошондой – 1

36) деген ушул – 32

37) жараша – 8

38) жарашпайт – 1

39) жарыша – 2

40) зат жана анын түшүндүрмөсү түрүндө – 39

41) имиш – 7

42) караганда – 35

43) карама- каршы багыныңкы татаал сүйлөм – 74

44) карама-каршы багынычсыз татаал сүйлөм – 76

45) катары/ катарында – 17

46) кейпинде – 1

47) кемсинип жүрүүчү –1

48) куду – 2

49) кылып – 2

50) -лап (катуулап) – 1

51) -лык – 4

52) -максан – 8

53) метафоралык жол аркылуу салыштыруу – 28

54) -мыш – 18

55) ого бетер – 5

56) окшо, окшош, окшобойбу – 235
57) ордуна – 4
58) ордунда – 3
59) ошол тура – 1
60) өзгөчө – 4
61) өзү – 10
62) өзүңдү тартып – 1
63) өңгөчө – 1
64) өңдөнүп – 8
65) өлчөм багыныңкы татаал сүйлөм – 14
66) өтмө мааниде – 33
67) салыштырма багыныңкы татаал сүйлөм – 343
68) салыштырма багынычсыз татаал сүйлөм – 105
69) салыштырмалуу – 3
70) сыпат багыныңкы татаал сүйлөм–11
71) -сы+ -бай – 1
72) -сыган – 4
73) сын атоочтор кайталанат (асылдын асылы) – 5
74) -сып/ -гансып – 145
75) -сыды – 4
76) -сыйт – 5
77) -сыра – 1
78) сыяктуу / сыяктанат – 89
79) татуу – 1
80) татыбоо –2
81) так ушул – 1
82) татыктуу – 1
83) тең/теңдүү – 69
84) тең катар – 1
85) теңтуш – 8

86) теңчамалаш – 2
87) тең эмес/ тең боло албайт/ тең келбейт – 11
88) түспөлдөш – 2
89) -ча – 93
90) -чалык – 279
91) -чалык мүчөсүнүн көмүскөдө калышы аркылуу – 5
92) чалыш – 1
93) -чудай – 142
94) -чылап – 3
95) -чылык – 1
96) ылайыктуу – 2
97) ыраа көрбөө – 2
98) -ыраак – 17

3.4. Романды изилдөөдөн алынган натыйжалар

Белгилүү жазуучу З. Сооронбаеванын “Чоочун киши” романындагы салыштыруу каражаттарынын идея берүүчү жана образ түзүүчү кызматын иликтөө төмөнкүдөй натыйжаларды алууга жана аргументтөөгө негиз болду:

1. “Чоочун киши” романынын автору З. Сооронбаеванын өмүр таржымалы, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө, тилине, стилине кыскача сереп жүргүзүлдү;

2. Мазмуну, тили иштин темасына шайкеш келген үчүн “Чоочун киши” романы изилдөөнүн предмети катары тандалып алынды;

3. Чыгармадагы салыштыруучу тилдик каражаттардын арбын пайдаланылышы 2-бапта чагылдырылган теориялык жоболорду аныктоого, тастыктоого пайдаланылды.

4. Романдын 2 китебин толук талдап, анын идеялык-тематикалык, менталдык-тилдик мамунуна жалпы мүнөздөмө жүргүзүлдү; иштин темасына тиешелүү факты-материалдар иргелип алынды.

5. Чыгармадагы салыштыруу каражаттары жыйналып, карточкага өткөрүлүп, системалаштырылып, бөлүштүрүлдү, ишке тиркеме катары берилди.

6. Салыштыруу түшүнүгү грамматикалык, функционалдык-семантикалык категория экендиги романдагы салыштыруу бирдиктеринин негизинде далилденди; мунун азыркы кыргыз тил илиминде чоң орду бар экендиги ырасталды; ФСТнын өзөгү, жакабели жана чекебели аныкталды (1-тиркеме).

7. Салыштыруу каражаттарынын чыгарманын көркүүлүгүн, элестүүлүгүн жогорулатуу милдетин аркалоо менен, андагы кейипкерлердин да образдарын, кебете-кешпирлерин, психикалык абалын жана да романдын идеясын ачып берүүдөгү кызматы аныкталды; аталган тилдик бирдиктердин бул чыгармадагы башкы каармандардын бейнелерин, кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун, иш-аракетин сүрөттөөдөгү функциялары кенен сыпатталып берилди.

8. Салыштыруу маанилерин туюнтуунун каражаттары толук тизмеленди, талданды, муну менен төмөнкүлөргө жетишилди:

а) З.Сооронбаеванын көркөм чыгармачылык табити жогорулугу гана эмес, кыргыз элинин каада-салттарын, оозеки чыгармачылыгын, ырым-жырым, макал-лакаптарын да мыкты биле тургандыгы көрсөтүлдү;

б) текстте салыштыруу маанисиндеги “макал-лакап + *дегендей/ деген ошол/ деген ошондой/ деген ушул/ деген менмин*” формаларын жана *бетер, оозунан түшө калгансып, биринин кебин бирине кийгизип койгондой, өпкөсү казандай, өтү табактай, ок жеген аркардай, торгойчо, уйча, от ала келгенсип, перинин кызына окшоп* ж.б. сөздөрдү жыш колдонуу да автордун стилине таандык түрмөк катары далилденди;

в) чыгармадагы салыштыруу каражаттары эсепке алынып, саналып, алфавит тартибинде тизмеленип берилди;

г) романда салыштырууну туюндуруу синтетикалык-аналитикалык жолдор, синтаксистик татаал түрмөктөр, татаал сүйлөмдөр, макал-лакаптар, айрым учурларда жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу көп берилгендиги аныкталды;

д) салыштыруунун эң өнүмдүү синтетикалык каражаты *-дай* мүчөсү, ошондой эле макал-лакап, татаал сүйлөмдөр экендигин эсепке алуу иштеринин жыйынтыгы көрсөттү;

